**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.10.16.525 Диссертациялык кеңеш**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 398.221 (575.2) (040.3)**

# “МАНАС” ЭПОПЕЯСЫНДАГЫ СЮЖЕТТИН КӨРӨҢГӨЛҮҮ САЛТЫ ЖАНА АНЫН ИЙКЕМДҮҮ УЛАНЫП ӨНҮГҮҮСҮ

Адистиги:10.01.09-фольклористика

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**диссертация**

**Илимий кеңешчи:**

**КРУИАнын мүчө-корреспонденти,ф.и.д.,**

**Р.З.Кыдырбаева**

**Бишкек – 2017**

**МАЗМУНУ**

Киришүү.....3

Эпикалык сюжеттин окуя курулушундагы теориялык маселелери.....7

1-БӨЛҮМ. “Манас” эпосундагы сюжеттик фабуланын сакталышы, толукталышы. Эпостун сюжетинин экспозициясы, чиелениши..... 35

1.1. Манастын теги, төрөлүшү, түш көрүү, балага ат коюу салттары.....35
1.2. Манастын алгачкы эрдиктери.....95
1.3. Манастын Каныкейге үйлөнүшү.....120
1.4. Көзкамандар окуясы.....129
Корутунду.....137

2-БӨЛҮМ. Эпостогу сюжеттик конфликтинин жаралышы жана чыңалышы.....141

2.1. Көкөтөйдүн керээзи, Бокмурундун кеңеши.....141
2.2. Көкөтөйдүн ашындагы улуттук каада-салттардын берилиши.....150
Корутунду.....161

3-БӨЛҮМ. “Манас” эпосунун сюжетиндеги окуялардын кульминациялык чеги (“Чоң казат”).....163

3.1. Алты кандын чатагы..... 163
3.2. Алманбеттин окуясы.....197
3.3. Коңурбай менен Манастын чатагы, кырк чоронун өлүмү.....214
Корутунду.....224
4-БӨЛҮМ. Эпостогу конфликттин чечилиши.....229
4.1. Манас баатырдын керээзи.....229
4.2. Каныкейдин арманы, күмбөз салдыруу.....235
Корутунду.....243
ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ.....244
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.....248

# КИРИШҮҮ

Теманын актуалдуулугу. “Манас” эпосу кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын ж.б. камтыган көп кырдуу көркөм эстелик. Ал өзүнүн өнүгүшүндө мифтен тартып, классикалык баатырдык эпостун деңгээлине чейин өнүгүп-өсүп келген чыгарма. Эпосто байыркы мифтер, ири тарыхый окуялар, фольклор кеңири чагылдырылган. “Манас” эпосунун варианттарынын сюжеттик, композициялык өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу изилдөө азыркы мезгилдин негизги талабы. Кыргыз элинин оозеки сакталган адабий жанрларынын ичинен “Манас” эпосунун айырмасы, биринчи иретте, анын бүт улуттук чыгарма катары жаралып өнүккөнүндө турат.

“Манас” эпосунун генезисин, өнүгүшүн төмөнкү окумуштуулар ар тараптуу иликтөөгө алышкан: П. Фалев, П. Берков, В.М.Жирмунский, В.Валиханов, М.Ауэзов, А.Маргулан, А.Бернштам, С.М.Абрамзон, К.Асаналиев, Р.З.Кыдырбаева, Р.Бердибаев, К.Жумалиев, И.Ш.Ибраев, Т.Какишев, К.С.Матыжанов, Т.Байжиев, Ж.Таштемиров, Ө.Жакшиев, А.Акматалиев, М.Борбугулов, М.Мамыров, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, О.Сооронов, Р.Сарыпбеков, Мамбеттурду Мамбетакун ж.б.

В.Я. Пропп «Эпос мифологияны, динди өз ичине камтыйт. Бул процесс бүткүл элдердин эпосторунун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүү көрүнүш», - деп жазган [П.Я.315-б.]. Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларындай эле кыргыз эпостору да ушул эволюциялык жолду басып өткөн. Бул жөнүндө К. Асаналиев: «Эпостун өнүгүшүнө мифтен башка тарыхый турмуш чындыгы, коомдук түзүлүштүн карым-катышы, аң-сезимдин формалары, чыгармачылыктын ийкемдүү күчү чоң таасир тийгизген” - деп белгилеген [А.К.-13.б.]. Кыргыз фольклористикасында «Манас» эпосунун сюжетин, композициялык түзүлүшүн жана өзгөчөлүктөрүн В. Жирмунский, В. Радловдор изилдешкен [В.Жирмунский «Введение в изучение эпоса «Манас»; «Тюркский героический эпос». Л., 1974. 33–54-бб.]. Белгилүү казак жазуучусу М.О. Ауэзов эпостогу каармандардын образдарын ар тараптуу

ачып берген [М.О. Ауэзов. «Манас» эпосунун айтуучулары жана угуучу аудитория» // Отан тарыхы. 2002. 2-январь]. П. Фалев эпостогу диалог, монологдорду өзгөчө талдоого алат [П. Фалев. Как строится кара-киргизская былина. В.сб: “Манас” героический эпос киргизского народа. Фрунзе. 1958.].

К.Рахматуллин эпостун варианттарын салыштыруу аркылуу сюжеттин өнүгүү жолдорун иликтеген. Ал Сагынбай менен Саякбайдын варианттарынын сюжеттик тутумун өз ара салыштырма ыкмасы аркылуу анализдеп, андагы сюжеттик-композициялык өзгөчөлүктөрдү таап чыккан. Андан сырткары эпостун ар бир вариантындагы мифологиялык мотивдердин кайсы сюжет менен кандай байланышканын талдоого алган.

Кыргыз элинин руханий байлыгы, тарыхы, үрп-адаттары, дүйнө таанымын терең изилдөө азыркы учурдун негизги талабы. Аталган маселе кыргыз фольклористикасында негизги орунда турат. Манасчылардын варианттарындагы жалпылыктар, айырмачылыктар, аны илимий-теориялык жактан таанып-билүү, сюжеттик окуялардагы образдар жана алардын түрлөрү, эпостогу көркөм поэтиканын ордун аңдап-түшүнүү улуттук маданияттын башаттарын аныктоого шарт түзөт.

Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланыштары. Диссертациялык иш жекече демилге менен аткарылып, жалпы илимий изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

Изилдөөнүн объектиси жана предмети катары “Манас” эпосунун варианттарынын өзгөчөлүктөрү, өнүгүү этаптары, алардын сюжетиндеги мифологиялык мотивдер эсептелинет.

Изилдөөнүн максаты манасчылардын фундаменталдуу эмгектерин тарыхый-маданий өңүттө комплекстүү түрдө иликтөөгө алуу. Алардагы сюжеттердин ордун, маанисин аныктоо, булактарын, диний, мифологиялык мотивдерин салыштырып чыгуу. Манасчылыктын генезисин, эволюциясын жана алардын өзгөчөлүктөрүн талдоо.

Коюлган максат төмөнкү негизги милдеттерди аныктайт: “Манас” эпосунун жаралышы жана өнүгүүсүндөгү сюжеттик мотивдердин өзгөчөлүктөрүн изилдөө, эпостун варианттарынын жалпылыктарын аныктоо, эпостогу тарыхый образдарды, мотивдерди, сюжеттерди ж.б. талдоо жана алардын мифологиялык, диний түшүнүктөр менен байланышын ачып берүү.

Иштин методологиялык жана теориялык негизин ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын (тарыхчы, этнограф, философ жана адабият таануучулардын) фольклордун теориясы жана методологиясы боюнча изилдөөлөрү түзөт.

Изилдөөнүн методикасы. Эмгекте салыштырмалуу-типологиялык, адабий-теориялык, илимий-аналитикалык, адабият таануу илиминдеги тарыхый-обзордук методдор колдонулду.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Диссертацияда “Манас”эпосунун оозеки жана жазма варианттарындагы салттуу сюжеттердин өзгөчөлүктөрү иликтенди. Андан сырткары эпостун түзүлүшү, аны баяндоодо манасчылардын ролуна жана ордуна өзгөчө басым жасалды. “Манас” эпосунун варианттарындагы негизги мотивдер, андагы окуялардын өнүгүшүнө тиешелүү маселелердин системалуу, концептуалдуу түрдө алгачкы жолу каралышы эмгектин жаңычылдыгын көргөзөт.

Оозеки чыгармаларга теориялык жактан баа берилди, кыргыз эпосу чет элдик фольклордогу эпикалык сюжеттер менен салыштырылып, андагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр аныкталды.

Диссертациядагы коргоого коюлган негизги жоболор:

- “Манас” эпосунун варианттарында жалпылыктар бар;
- эпостогу сюжеттердин өнүгүшүнө манасчылар жашаган мезгилдеги тарыхый кырдаал таасир тийгизген;
- “Манас” эпосунун чет элдик, анын ичинде түрк тилдүү, алтай жана славян элдеринин фольклору менен жалпылыгы бар;

- эпостун варианттары манасчылардын дүйнөтаанымы, табигый шыгы, дүйнөгө болгон көз карашы жана ошол мезгилдеги саясий-экономикалык кырдаалдан көз каранды болгон;
- манасчылар сюжет куруу чеберчилигинде бир катар өзгөчөлүктөргө ээ;
- манасчылык өнөрдүн стилдик багыттары тарыхый кырдаалдын өзгөрүшүнөн улам өсүп-өнүгүп турган.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. “Манас” эпосунун табиятын, өсүп өнүгүү, калыптануу процессин, фольклордогу ордун анализдөө, анын башка элдердин эпикалык чыгармалары менен окшоштуктарын аныктоо, андагы салттуу сюжеттердин өзгөчөлүктөрүнүн жана жалпылыктарынын комплекстүү изилдөөгө алынышы изденүүчүнүн жеке салымы катары кароого болот.

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси. Илимий иштеги жыйынтыктарды, тыянактарды манастаануу, фольклористика боюнча фундаменталдуу эмгектерди жазууда, андан сырткары жогорку окуу жайларында атайын курстарды, семинарларды өтүүдө пайдаланса болот.

Диссертациянын натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо). Изилдөөнүн негизги мазмуну мезгилдүү басылмаларда жана илимий жыйнактарда жарыяланган макалаларда, ошондой эле республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда (Казакстан, Түркия, Россия Федерациясы) окулган баяндамаларда чагылдырылды. Диссертациялык эмгек КР УИАсынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан коргоого сунушталган.

Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 1 монография, 60 илимий макала КР ЖАКнын тизмесине кирген басылмаларда жарык көргөн.

Диссертациянын түзүлүшү. Изилдөө киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# 1. ЭПИКАЛЫК СЮЖЕТТИН ОКУЯ КУРУЛУШУНДАГЫ ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

Эпикалык чыгармалар дүйнө элдеринин үрп-адатын, каада-салтын, этнографиясын көп кырдуу чагылдырып турат. Ар бир элдин өзүнүн кайталангыс тарыхы, маданияты бар. Мына ушул мурастар аркылуу ар бир улут өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашын, дүйнө таанымын эпикалык чыгармаларда өзүнчө ыкмалар менен чагылдырган. Эпос грек сөзүнөн алганда баяндоо дегенди билдирет. Эпостун тар жана кең мааниси бар.Тар мааниси окуяларды баяндоо, ал эми кең мааниси поэзиядагы үч тектин (эпос, лирика, драма) бири [Литературный энциклопедический словарь. М., 1987. С.513; Квятковский Б.А. Поэтический словарь. М., 1966. 361-б.; Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Фрунзе., 1987. 114-б.]. «Эпос» термини кыргыз элинде жомок түшүнүгүн берет. Ырдап аткарылуучу эпикалык чыгармалар дүйнө элдеринин тилдик туюнтмаларында ар түрдүү аталат. Маселен «орустарда – былиналар, украиндерде – думалар, карелофиндерде – рундар, болгар менен сербдерде – юналык ырлар, якуттарда – олонхо, казактарда – баатыр жыры, буряттарда - улиггер» [Танаев Т. Эпикалык жанрлар. Ош, 1999. 169-б.].

Эпикалык чыгармалардын жаралышы тууралуу фольклорист окумуштуулар бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. В.Я. Пропп «Калевала» эпосу тууралуу жазган эмгегинде «Эпос мифологиялык тамырлардан өсүп чыкканы менен, ал динди, мифологияны басып өтөт. Бул процесс бүткүл элдердин эпосторунун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ар бир эпос бул жолду өз алдынча басып өтөт», - деп белгилейт [П.Я. 315-б.].

Алгач кыргыз эпостору жанрдык жактан баатырдык жана турмуштук болуп бөлүнгөн, кийин изилдөөчү К. Кудайбергенов «Кожожаш», «Эр-Төштүк» эпосторунун мазмунуна таянып, «жомоктук эпосу» деп үчүнчү түрдү сунуштаган [Кудайбергенов К. Эл дастандары жана акын. Фрунзе, 1970. 21-б.].

Элдик оозеки чыгармачылык – элдин руханий тарыхынын негизин түзөт, ал өз мезгилинде коомдогу жүрүп турган окуялар менен тең өнүккөн. Эгерде тарых коомдо болуп жаткан окуялардын тизмегин факты аркылуу чагылдырса, ал эми элдик оозеки чыгармачылыкта бул окуялар элдин көркөм түрдө кабылдоосу аркылуу берилет.

Ар бир элдин оозеки чыгармачылыгында байыркы ишенимдер жана диний көз караштар жатат. Анда элдердин турмушу, маданияты, социалдык-экономикалык, коомдук, саясий ж. б. көрүнүштөрү камтылган. Элдик оозеки чыгармалардан биз бир эле кыргыз эли эле эмес, ага жанаша жаткан башка түркий элдердин жашоосу, алардын дүйнөгө болгон көз карашы ж.б. жөнүндө баалуу материалдарды ала алабыз.

Фольклордун өзгөчөлүгү элдин кеңири катмарынын чыныгы ойлору – алардын табигый дүйнө-таанымы, дүйнөнү түздөн-түз практикалык жактан өздөштүрүүсү калыптанып, өзүнчө бир формада чагылдырылгандыгында. Эл фольклордо өзүнүн дүйнө-таанымын – окуяларды, көрүнүштөрдү, мүнөздөрдү, адамдардын мамилелерин оозеки-поэтикалык жол менен аңдыйт [1.17, 772-б.].

Кыргыздардын бай оозеки поэтикалык чыгармачылыгы аларды Борбордук Азиядагы тектеш элдерден айырмаланып турат. Бул тууралуу академик В.В.Радлов «Манас» эпосу жөнүндө мындай чоң эпос – кыргыздарда жана хакастарда гана кездешет, ал эми башка элдерде жок деп жазган [1.136, 27-б.]. Кыргыздардын оозеки поэтикалык чыгармачылыгынын маданий жана тарыхый жактан чоң мааниге ээ экендигин С.М.Абрамзон да: «Элдик оозеки чыгармачылык кыргыздардын маданиятында ири ролду ойногон. Анда көп кырдуу жана ачык формада элдин өзүнчө тарыхый тагдыры, анын өзүнчө байыркы маданияты, эмгек турмушу, үмүттөрү жана тилектери, табияты, поэтикалык кабылдоосу чагылдырылган», – деп жазган [1.17, 773-б.].

Элдик оозеки чыгармачылык өзүнө эпосторду «Манасты», кичи эпосторду, элдик поэмаларды, мифтерди, уламыштарды, жомокторду; салтык ырларды: арман, мурас, макал-лакаптарды ж. б. камтып турат. Фольклор

муундан-муунга оозеки түрүндө берилип, улам толукталып, байып олтурган. Анын калыптануу мезгили байыркы доорго барып такалат. Ал мезгилде жазуу болбогондуктан элдик оозеки чыгармачылык элдин руханий байлыгын муундан-муунга жеткирүүдө жападан-жалгыз булак катары кызмат кылган.

Эпикалык аң-сезимдин калыптанышында мифтер генезис катары эсептелинип, алар менен эпостордун ортосунда маданий-тарыхый байланыштар сакталган. Эпостор дайыма өзүнө мифтин өзгөчө белгилерин алып жүрөт. Аларда элдин кеңири катмарынын психологиясы камтылат. Мунун негизинде ар бир элдин эпосу өз өзгөчөлүгүнө ээ. Эпостордо элдик психологиянын улуттук өзгөчөлүктөрү эле эмес, жалпы адамзаттык рухий баалуулуктар камтылган. Мисалы, Манас, Курманбек ж.б. баатырлар аркылуу кыргыз эли дайыма жогору бааланып келинген сапаттарды – каармандык, туруктуулук, коркпостук, акылдуулук, эмгекти сүйүү, чынчылдык, патриоттуулукту даңазалашкан.

Кыргыз эпикалык чыгармаларынын ичинде кенже эпостук чыгармалар негизги орунда турат. Бул чыгармалар уруулук абалды чагылдырып, мааниси боюнча ар бир уруунун өзүнчө эпостору болуп саналат. Мисалы, «Эр Табылды» чыгармасында Кара-Тоо, Ат-Башы жана Нарында көчүп жүрүшкөн катаган уруусунун баатыры жөнүндө баян айтылат. Ал эми «Саринжи-Бөкөй» чыгармасында мундуз, «Кожожашта» кытай, «Жаңыл Мырзада» нойгут урууларынын жашоосу, тарыхы, көчүп-конгон жерлери тууралуу окуялар чагылдырылган.

Кыргыздардагы кыпчак уруусуна бир катар багыттардагы чыгармалар тиешелүү. Бул – баарыдан мурда, «Эр Төштүк» чыгармасы. Анда кыргыз-кыпчак баатыры Эр Төштүктүн жер астындагы падышаачылыктагы эрдиги, баатырдын сүйүүсү жана анын жер астындагы падышанын кызы Күлайымага үйлөнүшү айтылат. Мунун баарына карабастан бул поэма «Манас» эпосунун бир варианты болуп саналат, анда Эр Төштүк легендарлуу Манастын жан жөкөрлөрүнүн бири болуп саналат [1.59. 82-б.].

«Курманбек» баатыр эпосунда кыргыз элинин жунгарларга каршы күрөшү, алардын Борбордук Азиянын чектерине болгон экспансиясы сүрөттөлөт. Жунгарларга каршы күрөштү кыргыз-кыпчак баатыры Теит хандын уулу Курманбек жетектеген. Ал душмандарга чоң сокку уруп ири жеңиштерге жетишет жана өлкөнүн түштүгүндө болгон салгылашууда курман болот. Мында Жунгар баскынчылыгынын тарыхынын изи жатат.

«Эр Солтоной», «Шырдакбек» ж.б. чыгармаларда тарыхый окуялар кенен айтылат. Мындай чыгармалар айтуучу-жаратуучулардын маанайын чагылдырып, ал ички абал, тарбиялык-идеялык каражат катары колдонулган. Алар ар кандай мезгилдердеги элибиздин алдыңкы ойлорун үлгү көрсөтүп, коомдогу терс көрүнүштөргө каршы күрөшүүгө үндөп келген. Фольклордук чыгармалардын, анын ичинде эпостордун тарыхый баалуулугу тигил же бул элдердин жазма тарыхы жок учурда чоң тарыхый каражат болуп санала тургандыгында. Мисалы, «Манас», «Кожожаш» ж.б. эпостордо кыргыз элинин дүйнө таанымы, нравалык жана эстетикалык ой жүгүртүүлөрү, коомдук идеалдары чагылдырылган [1.127, 63-б.].

Эпикалык жанрга дагы жөө жомоктор кирет. Кыргыз элинин кээ бир жомоктору өздөрүнүн баатырлары жана сюжети боюнча башка түрк элдеринин жомокторуна окшош келет. Мисалы, Алдаркөсө, Апенди, Жейрен-чечен. Жөө жомокторду жаратуучулар жана таркатуучулар жалпы эл. Бирок бул ар бир жөө жомоктун жаралышында таланттуу, сөмөр жомокчулардын болгондугун жокко чыгарбайт.

XIX к. орто чени ири илимий ачылыштар менен коштолгон: чыгыш таануучу-окумуштуу жана агартуучу Ч. Валиханов кыргыздарда айтылган баатырдык улуу триологияны кагазга түшүргөн. Анда Манас, анын уулу Семетей жана небереси Сейтектин эрдиктери даңазаланат. Бирок Ч.Валиханов тарабынан табылган «Манас» эпосу ошол учурдагы окумуштуулардын арасында байкалбай кала берген. 1889-ж. гана В.В.Радлов «Манасты» кыргыз тилинен немец тилине которот жана «Жолой хан», «Эр Төштүк» чыгармаларын бастырып чыгарат. Ал 1869–1882-жж. Тянь-Шань

кыргыздарынын арасында болуп, «Манасты» жазып алган. Кыргыз элинин эпикалык чыгармасынын баалуу жетишкенидиги болуп эсептелинген «Манас» эпосу орус элинин гана эмес, дүйнөлүк илимге белгилүү болгонуна карабай, дагы эле көз жаздымда кала берген. 1885-ж. кийин элдик триологияны изилдеп, жаңыдан жазуу үчүн эч кандай аракеттер жасалган эмес.

1922–1926-жж. совет мезгилинде «Манас» эпопеясы таланттуу манасчы, акын жана төкмө Сагымбай Орозбаковдун вариантында кагазга түшүрүлүп, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бул эстелиги кайрадан жаңыча карала баштаган. Сагымбайдан бир топ убакыт өткөн соң ири манасчы Саякбай Каралаевдин варианты жазылган.

ЫбырайымАбдрахманов 1922–1960-жж. аралыгында чыгармачылык ишмердүүлүгүн бүтүндөй кыргыз фольклоруна, анын ичинде “Манас” эпосуна арнайт. Анын элдик мурасты жыйноого киришүүсү улуу манасчы Сагынбай Орозбак уулунун айтуусундагы “Манас” эпосун кагаз бетине түшүрүү менен башталган. Бул иштин демилгечиси жыйноочу-фольклорист Каюм Мифтаков болгон. Бирок ал бир аз жазып топтогондон кийин ЫбырайымАбдрахманов анын демилгесин улантып, Сагынбай Орозбак уулунун оозунан 1922-1926-жылдары “Манас” эпосунун эң көркөм вариаттарынын бири толук жазылып алынган. ЫбырайымАбдрахманов 1935-1960-жылдары Саякбай Карала уулунан “Манас” үчилтигинин бөлүктөрүнүн айрым эпизоддорун кагазга түшүргөн. Ошондой эле эпостун варианттары боюнча белгилүү эпизоддорду басмага даярдап, пропагандалоонун үстүндө иштеген. “Манас” сериялар деген ат менен Сагынбай Орозбак уулунун варианттарынан “Манастын балалык чагы” (1949), “Алооке кан” (1941), “Макел дөө”(1941), “Биринчи казат”(1944), манасчы Саякбай Карала уулунун варианттарынан “Каныкейдин жомогу” (1941), Акмат Рысменде уулунан “Үргөнч”(1941), Тоголок Молдодон “Семетейдин Букардан Таласка келиши”(1941) деген эпизоддорду түзүп, басмага даярдап китепче кылып чыгарган.

Ыбырайым Абдрахманов “Манасты” жыйноочу, анын айрым эпизоддорун басмага даярдаган түзүүчү-редактор, үчилтиктин негизги варианттарын кара сөзгө айландырып жазып чыккан тажрыйбалуу фольклорист катары эле эмес эпостун мыкты айтуучу-жаратуучуларынын бири да болгон. Анын өз алдынча жогорку деңгээлдеги варианты бар. Анын айтуусундагы “Манас” бөлүгү - 26456, “Семетей” - 23584,”Сейтек” - 7839 сап ырдан турат. Бардыгы биригип - 57878 сап. ”Семетей” жана “Сейтек” бөлүктөрүн 1947-1948-жж., ал эми “Манас” бөлүгүн 1951-1952-жж. өзү жазып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунда тапшырган.

Эпостун байыркы экендигин тарыхый булактар да тастыктап турат. Алардын ичинен XVI к. жазуу эстелиги болгон «Мажму-ат-таварихте» «Манас» эпосу жөнүндө маалымат камтылган. Изилдөөчүлөрдүн арасында эпостун кайсыл мезгилде жаралгандыгы тууралуу бирдиктүү пикир жок. М.Ауэзов жана А.Н.Бернштамдар анын жаралуу түпкүрүн VII–IX кк. көрүшсө, ал эми академик Б.М.Юнусалиев X–XI кк. түзүлө баштаган деп эсептейт. Ал эми кээбирлери эпостун сюжетинин негизи XVII–XVIII кк. кыргыз элинин Жунгар хандыгы менен күрөшүп, өзүнүн эркиндигин сактап калууга болгон аракети менен байланыштырат. Бирок, бардык окумуштуулар эпостун көп катмардуу экендиги менен макул болушуп, анда кыргыз элинин байыркы замандан баштап XVIII к. чейинки турмушунун негизги этаптары чагылдырылгандыгын айтышкан.

Башка элдердин көпчүлүк эпосторунан айырмаланып «Манас» башынан аягына чейин ыр түрүндө түзүлгөн. Элдик манасчылардын күчү менен ал улам кеңейип, өзүнө көптөгөн тарыхый окуяларды, мезгилдерди камтып, татаалданып кете берген. «Манастын» азыркы варианттары көптөгөн таланттуу манасчылардын аракети менен түзүлгөн чыгарма болуп саналат.

Эпосто Манастын жетекчилиги астындагы душмандарга каршы бир катар аскердик жортуулдар көркөм түрүндө сүрөттөлөт. Мунун баары кыргыз

элинин оозеки чыгармалары анын аскердик мурунку тарыхы менен тыгыз байланышканын көргөзөт.

Эпикалык чыгармада кыргыз элинин урууларынын татаал, өткөөл тарыхынын кээ бир этаптары чагылдырылган. Андан тышкары, анда элдин маданий турмушунун түрдүү багыттары жана кыргыздардын Батыш жана Чыгыш элдери, уруулары менен болгон маданий өз ара карым-катнаштары берилген. Эпосту изилдөө менен кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк алабыз.

А.Н.Бернштамдын пикиринде эпостун сюжетинин калыптанышында тарых негизги ролду ойнойт [1.5, 34-б.]. Анткени анда бир катар тарыхый маалыматтар камтылган. А.Н.Бернштамдын схемасы боюнча «Манастын» башаты башка эпикалык эстеликтерде кездешүүчү жомок-мифологиялык сюжеттерде жатат. «Манастын» кийинки катмарлары төрт топтон турат. 1. Алтай-Миңсуу уламыштары; 2. Огуз-каган жөнүндөгү уламыштын кыргызча версиясы; 3. Борбордук Азиянын уламыштарынын өзгөртүлгөн варианты; 4. «Шах-Намеде» алынган образдар жана мотивдер түзөт. Ошондой эле, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, кыргыздардын уйгурларга каршы күрөшү (IX к.), Сибирь-монгол, Борбордук Азия болгон жортуулдары чагылдырылган.

«Манас» эпосу – чыныгы эпикалык чыгарма, ал элдин тарыхын, анын турмушунун бардык жактарын – этникалык курамын, чарбасын, каада-салтын, адеп-ахлагын, эстетикалык сезимдерин, диний түшүнүктөрүн, медициналык, географиялык билимдерин камтыган. Анда кыргыз элинин поэтикасы кенен чагылдырылган. Ошондуктан «Манас» эпосун «кыргыз элинин жашоосунун энциклопедиясы» деп аташкан.

Эпос тарыхчылардын, этнографтардын жана фольклор таануучулардын көңүлүн өзүнө бурган. А.К.Бернштам, С.М.Абрамзон, кийинчерээк, И.Молдобаев эпос боюнча элдин тарыхын, анын каада-салтын, дүйнө таанымын, башка элдер менен алакаларын, этногенетикалык калыптануусун изилдешкен.

«Манас» элдик чыгармачылыктын эң чоң баалуу байлыгы болуу менен адабий жактан гана эмес, тарыхый жактан да чоң мааниге ээ. Анткени андан кыргыз элинин саясий жана аскердик тарыхын, бай этнографиялык булактарды учуратабыз. Ч.Валихановдун пикиринде, «Манас» эпосу кыргыз элинин бүт мифтерин, жомокторун, уламыштарын өзүнө камтыган, аны баатыр Манас аркылуу туюнткан энциклопедиялык топтом болуп саналат. В.В.Радлов кыргыз элинин эпикалык чыгармаларын изилдеген биринчи окумуштуу катары «Манас» эпосу элдин руханий турмушун жана анын адеп-ахлагын, аскердик жортуулдарын, оюндарын, той-тамашаларын ж.б. чагылдырган чыгарма экендигин айткан [1.113, 45-б.].

Эпосто социалдык-турмуштук материалдар – той-тамашалар, аза күтүү, элдик оюндар жана көңүл ачуулар, турмуш-тиричилик ж.б. кеңири орун алган.

Мындай баалуу, кенен этнографиялык маалыматтарды эпостун «Манастын төрөлүшү жана балалыгы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашында», «Манастын өлүмү жана аны көмүү» ж.б. эпизоддордо мол кездешет.

Этнографиялык сюжеттерде социалдык мамилелер жөнүндөгү маалыматтар (коомдун катмарларга бөлүнүшү, аскердик-демократиялык түзүлүштүн элементтери, өнүккөн аскердик система), байыркы үй-бүлөлүк-уруктук институттар, аза күтүү салттары, магиялык-анимисттик ой жүгүртүүлөр, шамандык сыйынуу, этнонимика ж.б. камтылган.

С.Орозбаковдун вариантында Манастын теги жөнүндө маалыматта айтылат, анда ата-бабаларынын тизмелери келтирилет, анын байыркы кыргыз уруусуна тиешелүүлүгү көрсөтүлөт. В.Радловдун пикири боюнча, Манас сары ой уругунан чыккан.

Этнографиялык мүнөздөгү түрдүү элементтердин ичинен биз «Манас» эпосунда көптөгөн баатырлар, топонимикалык жана этнонимикалык маалыматтарды ала алабыз.

«Манас» эпосундагы баатырлардын аттарын кыргыз этнонимикасы менен салыштырганда, кээ бир этнонимдер эпостун негизги каармандары менен дал келет. Бул деген сөз эпостогу каармандар чынында эле тарыхый инсандар болушкандыгынан кабар берет. Чыгармадагы баатырлар уруулардын, уруктардын жетекчилери болушкан. Эпос тарыхый окуяларды гана баяндабастан түрдүү дооорлордо жашашкан конкреттүү тарыхый инсандар жөнүндө баяндайт. Бир нече баатырлардын тарыхы бир эпосто чогултулган деп тыянак чыгарса болот. Мисалы, Манас черик-саяк уруусунун, Чубак – чоро уруусунун, аскер башчыларынын бири Кошой солот уруусунун, Манастын таякеси Эштек солто уруусунун, Манаска союздаш хан Көкчө – баргы уруусунун, Манастын ата тарабынан эки бир туугандары Көкчөкөз мундуз уруусунун жетекчилери болушкан.

«Манас» эпосунун бай фольклордук жана этнографиялык булак катары эсептелиниши андагы түрдүү маалыматтардын элдик маданий мурас жөнүндөгү билимдерибизди байытышында турат.

Кыргыздардын байыркы саясий тарыхын, хандардын, бийлердин жана баатырлардын ролдорун калыбына келтирүү, алардын коңшу элдер жана мамлекеттер менен болгон мамилелерине баа берүү ата мекендик окумуштуулардын алдындагы чоң милдет болуп саналат. Мында оозеки булактар негизги орунда турат, анткени андан өткөн мезгил жөнүндө маалыматтар, биздин ата бабаларыбыз жөнүндө, үй тиричилиги, кийими, курал-жарактары жөнүндө маалымат берет.

Кыргыз элинин элдик чыгармачылыгы – локалдуу көрүнүш эмес. Ал өзүнө түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгынын идеалдарын сиңирип алган.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгын изилдөө көргөзгөндөй, алар гуманисттик, этикалык идеяларга бай келет. Кыргыз эпосторунда, жомокторунда, макал-лакаптарында элдин адеп-ахлак жөнүндөгү баалуу ойлору, идеалдары, жашоонун маанилүү проблемаларына карата мамилелери кеңири чагылдырылган.

Жогоруда айтылгандар боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: кыргыз эли ушул күнгө чейин элдик чыгармачылыктын түрдүү жанрындагы эң мыкты чыгармаларды сактап келди. Мында маданий баалуу мурастар катары уламыштар, дастандар ж.б. түрдүү оозеки чыгармалар эсептелинет. Аларда элдин табиятка көз карашы, тарыхый ой жүгүртүүсү, турмуштук тажрыйбасы, психологиясы, нравалык идеалдары, социалдык үмүттөрү жана чыгармачылык фантазиясы чагылдырылган. Фольклор маданий гана эмес, мурунку замандын тарыхый-социалдык реалдуулугу сыңары каралат. Бул мааниде ал бирдиктүү тарыхый-маданий булак катары колдонулушу керек. Фольклорду окуп-үйрөнүү жана изилдөө элдин тарыхый аң-сезимин, анын руханий баалуулуктарын жана улуттук салттарын сактап калууга, улуттук өзүн-өзү аңдоосун жогорулатууга көмөк көргөзөт. Элдик оозеки чыгармалар кыргыздардын этникалык жана тилдик жалпылыктарынын калыптанышынын кээ бир жагдайларын, маданиятынын жана турмушунун түрдүү багыттарын ачып берет. Негизи, уламыштарда, баяндарда элдин тарыхы жөнүндө түшүнүгү берилет, бирок тарыхтын өзү чагылдырылбайт. Алардын маалыматтык милдеттери эстетика ойлом менен түздөн-түз байланышкан. Мындай жагдай элдин тарыхын, маданиятын изилдөөдө буларды материал катары пайдалануунун татаалдыгын көрсөтөт. Тарыхтагы чындык уламыштарда кийинки фольклордук апыртмалар менен чырмалышып кеткен, андагы чыныгы тарыхый материалды таап чыгуу салыштырмалуу-тарыхый анализдин негизинде гана ишке ашат.

“Манас” эпосун иликтөөдөн мурун башка элдердин фольклоруна байкоо жүргүзүү зарыл. Анткени, элдик оозеки чыгармачылыктын тамыры тереңдикте жатат жана бири-бири менен тыгыз байланышта. Мисалы, орус элинин фольклорунда эпикалык жанрлар баатырдык, балладалык, новеллалык, ал эми өзбек фольклорунда – баатырдык, тарыхый, романдык, дастан ж.б. бир катар түрлөргө бөлүнөт. Эпосторду классификациялоодо элдин басып өткөн тарыхый жолу, социалдык турмуштук жагдайы, улуттук каада-салттары негизги фактор катары каралат. Орус былиналарынын

негизин турмуштагы реалдуу окуялар түзөт. Мисалы, Илья Муромец XII к. Киевдик орустардын тарыхы, ал эми Добрынин Никитичтин Дунай менен болгон согуштук чыныгы тарыхый окуялар менен байланышкан.

Тажик-перс, өзбек фольклорундагы «Фархад менен Ширин», «Лайли менен Мажнун», «Тахир менен Зухра» дастандарынын тарыхта жашаган авторлору бар.

Орустарда эпос ыр жана кара сөз, көбүнчө былина түрүндө жашаган. Негизи орус элинде эпосту “героический”, “богатырский”, “исторический” деп үчкө бөлүп карашат. “Баатыр” деген сөз байыркы грек мифологиясында Кудайдын тукуму деп берилет. Байыркы грек эпосу “Илиада” менен “Одиссеяда” баатырлар кудайдын урпагы деп берилет.

Орустардагы “героический” эпостордо башкы каармандар мифтик күчтөр эмес, чыныгы адамдар болуп саналат. Орус былиналарында “герой” сөзү колдонулбайт. Мында негизинен жалаң баатыр түшүнүгү көп кезигет. Былина деген сөздү фольклор жыйноочу И.П.Сахаров алгачкы жолу “Сказание русского народа” деген эмгегинде [Г.V. СП. б., 1839-ж.] колдонгон. Ошентип былина жанр, көркөм нарк катары XIX к. тааныла баштаган.

А.А. Котлярский «эпоха полного развития русского богатырства есть одна из важнейших эпох духовной жизни русского народа, она подготовлялась исподволь и издалека, только при Владимире получила полнейшее выражение и развитие», – деп эпостордун пайда болуу булактарына токтолуу менен былиналарды «лебединая песнь народного творчества» деп атаган [К.А.А.-с. 255]. Л.Н.Майков да, эпикалык чыгармалардын пайда болуу доорлоруна өзгөчө мамиле жасап «О былинах Владимирова цикла» аттуу китебин чыгарган (СП. б., 1863). А. Котляровский аталган мезгилди былиналардын жаралуу доорунун аякташы деп белгилеген. Ал былиналардын сюжети жөнүндө: “В XIII веке территория Киевской Руси была опустошена татарами, и былины перенесены «переселенцами с юга в те места, которые впоследствии составили центр

великой Руси, и здесь уже подверглись дальнейшей разработке в постоянном устном хранений“, – деп жазган [Майков Л. Н. О былинах Владимирова цикла. С. 31–32.]. М. Халанский тарыхый булактарга таянып эпосторду төрт аймакка бөлгөн:1. Старокиевский. 2. Черниговский. 3. Суздальский. 4. Московский. Ал эми В. Ф Мюллер Галицко-Волынский эпос деп дагы бир аймакты кошкон. Орус былиналарынын пайда болуу мезгилин, анын булактарын жана жанр катары калыптанышын төмөнкү окумуштуулар изилдешкен: Лобода А.М. [Лобода А.М. Русский богатырский эпос. Киев. 1896. С. 14, 15], Плисецкий М.М. [Плицеский М. М. взаимосвязи русского и украинского героического эпоса. М. 1963. С. 422-430.], Халанский М. [Халанский М. Великорусские былины киевского цикла Варшава. 1885 с 273], Миллер В. [Миллер В. Очерки русской народной словесности. М.,1897. Т.1], Буслаев Ф. [Буслаев Ф. Исторические очерки русской народной словесности. СПб., 1861], Соколов Б.М. [Соколов Б.М. русский фольклор. М., 1929. С. 35], А.Марковдун [Марков А.В. Бытовые черты русских былин. Этнографическое обозрение. 1903. №34 (союз. Изд. М. 1904)].

А.М. Лобада өз эмгегинде («Русский богатырский эпос». Киев.14.15) Илья Муромец чыгармасы жөнүндөгү алгачкы маалымат белорус булактарынан алынганын жана анын баалуулугуна токтолгон.

Орус элинде эпикалык ырлар коомдук турмуштук окуялардын жыйындыларынан топтолуп былиналардын мазмунун түзгөн. Ушундан улам төмөндөгүдөй үч багыт пайда болгон:

- тарыхый окуялардын топтомдорунан пайда болгон сюжет;
- былиналардагы чагылдырылган окуялар, түзүлгөн абалдар улам кийинки тарыхый көп кырдуу жагдайлар аркылуу туруктуу мазмунду түзгөн сюжет;
- бир нече жанрларга тиешелүү окуялардан куралган сюжет. Былиналардын сюжетин ошол доордогу коомдук-экономикалык, социалдык өз-ара мамилелердин жыйындыларынан топтолгон көп кырдуу окуялар түзөт. Бул туурасында Н. А. Добролюбов: «Во время бедствий родной земли (при монголо-татарских нашествий) народ невольно сравнивал нынешние

события с преданиями о временах давно минувших и грустно запел по славных могучих богатырей, окружавших князя Владимира» [Д.П.-216.] - деп жазган.

А. Н. Веселовский былиналардын өнүгүү стадиясын төрткө бөлгөн:

1. лирико-эпическая кантилена, вызванная событием, которое взволновало народное воображение;

2. события отразившиеся в кантиленах, отходят в прошлое, переплетаются между собой, о них поют более спокойно, т.е. появляется собственно эпическая песня;

3. песня об одном герое или родственные тематически объединяются в циклы;

4. отдельные песни и циклы образуют цельный эпический свод типа германских «Нибелунгов, древнегреческих «Илиады» и «Одиссей». [Веселовский А.Н. Типология народного эпоса. М., 1975. С. 394–295.]. Орус былиналары ушул градациянын нугунда өнүгүп, фольклордо жанр катары өсө баштаган.

Чынында эпикалык чыгармалардын көркөм мурас катары көпкө жашашы анын сюжеттик композициялык, көркөмдүк-идеялык нарк-насилине байланыштуу. Андыктан «сюжет», «композициянын» эпикалык мурастардагы орду, алардын аткарган функциясын аныктоо зарыл.

Сюжет – (фр. предмет) адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшүн жана өз маанилерин ачып берүүчү конкреттүү окуялардын системасы. М.Горькийдин сөзү менен айтканда сюжет: «Байланыштар, карама-каршылыктар, симпатия, антипатиялар жана жалпысынан эле адамдардын өз ара мамилелерин, бул же тигил типтин, мүнөздүн түзүлүш, өнүгүш тарыхы». Кайсы, кандай чыгармада болбосун сюжет бир нече тексттердин жыйындысынан куралат. Сюжет менен композиция чыгарманын темасынын ачылышына, идеясынын чечилишине бирдей шарт түзөт.

Эпикалык чыгармалардын сюжети жана композициялык түзүлүшү орус фольклористикасында бир топ терең изилденген (Б.Н.Путилов. Героический

эпос и действительность, М., 1988., Ф.М. Селиванов. Русский эпос М., «Высшая школа», 1988., А.П.Скафтымов. Поэтика и генезис былин. М., 1924., М.О.Габель. Форма диалога в былине. Харьков, 1927., Ю.Н.Юдин Героические былины. М., 1975., В.Я.Пропп. Фольклор и действительность. М., 1976., С.Г.Лазутиндин. Поэтика русского фольклора. М. 1989.).

Түрк тилдүү элдердин эпостору орус былиналарындай комплекстүү түрдө изилденген эмес. Бул өңүттө алып караганда “Манас” эпосунун сюжеттик-композициялык курулушун иликтөө учурдун талабы. Эпостун тексттери менен байыркы түрктөрдүн жазмаларынын окшоштуктары, мазмундук, стилистикалык жалпылыктары, руханий дөөлөттөрү, тили этнопедагогикасы, генезиси, социалдык-философиялык, эпикалык-эстетикалык багыттары ар тараптуу изилденген. Бирок эпостогу сюжеттин өзгөчөлүктөрү көп кырдуу анализге алына элек. Сюжет – мотивдердин кыймылдаткыч күчү. Андыктан эпикалык чыгармалардын сюжети жана композициясы теманын идеясынын ачкычы.

Композиция – лат. түзүү, бириктирүү дегенди билдирет. Композиция көркөм чыгарманын курулушу, бардык бөлүктөрүнүн, образдарынын өз ара байланышы, алардын бир бүтүндүккө биригиши, көркөм чыгарманын идеялык-көркөмдүк бирдиги эсептелет. Мына ушул жагынан композиция сюжетке жакындап кетет.

Композиция көркөм чыгарманын маанилүү компоненти катары адабий чыгарманын көркөм формасынын бөлүктөрүн максатка ылайык жайгаштырып, аларды бир бүтүндүккө бириктирет. Композициянын бөлүктөрүнө баяндоо, диалог, монолог, лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, каармандардын түштөрү кирет. Композиция көркөм чыгарманын бардык жанрына, бардык тегине тиешелүү жана жанр менен бирдей өзгөчөлүккө ээ [Кыргыз адабияты терминдеринин сөздүгү. Б., 1994.].

XIX к. аягында В.Ф. Миллер орус фольклористикасында былиналардын композициялык түзүлүшүн, сюжеттердеги мотивдердин көп кырдуу

жактарын иликтөөгө алган [Миллер В.Ф. Очерки русской народной словесности. Т.1. ст. Русские былины, ее слагатели и исполнители].

Эпикалык чыгармалар элдик оозеки чыгармачылыктын (жомоктор, эпостор) өзгөчө жанры болуп эсептелет. Дүйнөлүк эпостордо, жомоктордо тигил же бул элдин көз карашы, дүйнө таанымы чагылдырылган.

Кандай гана жанр болбосун ал өзүнчө өзгөчөлүккө ээ болот. А.Н. Никифоров «Сказки это устные рассказы, бытующие в народе с целью развлечения, имеющие содержанием необычные в бытовом смысле события (фантастические, чудесные или житейские) и отличающиеся специальным композиционно-стилистическим построением», – деп эстетикалык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү тууралуу айткан [Никифоров А.И. Сказка, ее бытование и носители ст. К сб. Капица О.И. Русские народные сказки. М., Л., 1930. С.7.].

В.Я. Пропп «Сказка нарочитая и поэтическая функция. Она никогда не выдается за действительность», - деп жазган [Пропп В.Я. Фольклор и действительность. М., 1976. С.87.]. Бул мотив эпикалык чыгармалардын (жомоктордун, социалдык, укмуштуу, кереметтүү, баатырдык, мифологиялык ж.б.у.с.).) бардык жанрларында кездешет.

Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармалары сюжеттик, композициялык курулушу жагынан бир катар жалпылыктарга ээ. Ушундай эле көрүнүштөр орус элинин жомокторунда, былиналарында кездешет.

Дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларындагы башкы каармандын төрөлүшү, ата-эненин көпкө чейин бала көрбөй зарлап жүрүшү өндүү мотивдер кеңири салттык түрдө айтылганы белгилүү. Ошондуктан, ал чыгармаларда фантастикалык, мифтик жана апыртмалуу мотивдер кеңири берилгенин көрөбүз.

Мындай апыртмалуу сюжеттик курулмалар Батыш Сибирдеги татарлардын «Йиртюшлюк», казактардын «Эр төстик» эпосторунун сюжеттик композициялык өнүгүшүндө да көп кезигет. В.М. Гацак чыгыш герман эпосторунда сюжеттик-композициялык нук жөнүндө төмөнкүдөй

жазган: «На ранних этапах сочитается с элементами мифологий и фантастики» [Гацак В.М. Восточно Германский героический эпос: исследование тексты. М., 1967. С. 196]. Алгачкы адамдардын көркөм ой-туюму, фантастикасы алардын мифтик түшүнүктөрүнөн улам пайда болуп, өнүгүп-өсүп келген. Кыргыздардын «Эр-Төштүк» эпосунда Чалкуйрук менен Желмогуз кемпирдин капыс туш келишинде Чалкуйруктун күлүктүгү төмөндөгүчө гиперболизацияланганын көрөбүз:

«Камчы таамай тийгенде,
Койдой эти бөлүнүп,
Казандай оозу ачылып,
Капталдан канат чачылып,
Караса көзгө илинбей,
Закып болуп жер жүзү,
Кайсы экени билинбей,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көз ирметпей бөлүнүп,
Закым болуп көрүнүп» [Сырттан Төштүк р.р. орп. Ан кирг. Сер.Инв.№18 (211). 191-б.].

Ал эми казак элинин «Эр-Төштүгүндө» ушул эле эпизод мындайча берилет: «Төстік кашып келеді, Кемпир куип келеді. Бір мезгилде тау каңбактай, тас буршактай жауады. Шал куйруктун куйрыгына казандай кара тас урала кетеді. Шалкуйруктун шапкан салмагына шыдамай, кара жер как айрылады. Шалкуйрук мен Er Төctik жер астында tucip ketedi» [[1] Er toctik ертегіси оркр цнб АН каз ССР, К – 75. Л.10.].

Мисалдардан көрүнгөндөй мында бүтүндөй фантастикалык сюжет гиперболизацияланган. Батыш сибирдик татарлардын «Йиртюшлик» эпосунда болсо башынан аягына чейин конфликт, драматизм жокко эсе. Каармандардын иш-аракеттери эч кандай чыр-чатаксыз эле чечилип отургандай көрүнөт. Мисалы, “ Барып, барып йигит йыланга йитти. Йылан

юлда ятыпты. Йигит эйтте: “Болсаң  иң, ютаты болсаң ют!” Йылан эйтте: “Йыртүшлүк, юткалы цагырганым юк, инкол цагырганым юк. Буйирдэ ятканым йитти йыл булды, йитти олым килинем бар үйөмдэ. Өс ыхтыры белэн турмаймын шул йирдэ. Бир падыша пиберепте мине, Йиртүшлүк шу килер, тип эйите, килсесин аны алып кил! Тиде. Кан ярлыгы күн булганда миң мында сакладым. Йыланларнын күңлүзү минмен, йыланларнын цицэнэ минмен, йылаңларның кезе өткере минмен. Миниң суңыңа син иэрмин сине шул падышага аппарармын”. Мында «Эр-Төштүк» менен жыландын сөздөрү өз ара түшүнүүчүлүк маанайдагы диалог катары берилет. Мисалдардан көрүнүп тургандай, ар бир эпикалык чыгармалардын сюжеттик-композициялык курулушу бири-бирине окшобогон кайталангыс жолдор менен өнүгүп-өсүп турат. Апыртмалуу жомоктордун (эпостордун) сюжеттик өзгөчөлүгүн – көп окуялуулуктан, көп кырдуу мотивдердин курамынан турганынан көрүүгө болот. Эпикалык каармандар жеңилбес, өлбөс күчкө эгедер болушат. Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларынын сюжеттик-композициялык курулушунда, өсүп чыңалуусунда кандайдыр бир деңгээлде жалпылыктар бар. Эпикалык чыгармалардын бардык жанрларынын (жомоктор, эпостор) сюжетинен турмуштук чындык менен мифтик апыртуулардын жыш кезиккенин байкоого болот. Андыктан, сюжеттик-конпозициялык нук идеялык көркөмдүк функциясы боюнча эпикалык жанрларда өзгөчөлөнүп турат.

Сюжеттик-композициялык компоненттердин өз функциясын так аткаруусу былиналардын жанрдык өзгөчөлүгүн түзөт. Кээде былиналардагы салттуу башталыш экспозициянын ролун аткарып калганын көрөбүз. Мисал катары Т.Г.Рябининанын аткаруусундагы “ Илья Муромец и Калин-царь” аттуу былинасын алып көрөлү:

“Как Владимир князь да столне-киевской

Порозчиевался на старого казака Илья Муромца,

Засадил его погреб ,во холодный

Да на три-то году поры времени”. Мында экспозиция окуянын чечилишиндеги драматизмди күчөтүп, князь Владимирдин образын тереңдетип жатат.

Жомоктордогу салттуу башталыш дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда жалпы окшоштуктарга ээ. Бул өңүттө алып караганда жомок башы орус былиналарындагы сюжеттин өнүгүшүндөгү окуянын чечилишин шарттайт. Маселен, Т.Г.Рябининанын жазып алуусундагы «Добрыня и Василий Казимиров» былинасы мындайча башталат:

“А Владимир князь да столне-киевской,
Заводил почестен пир да пированице
На многих князей да на всех бояров,
На всех сильный русский могучих на богатырей,
А на славных поляниц да удалы их”. (Гильфердинг. Т. 2. С.68.) [Гильфердинг А.Ф. Олонецкая губерния и ее народные рапсоды Онежские былины, записанные А.Ф. Гильфердингом летом 1871 года, 4-е изд. М.: Л., 1949. Т. 2. С. 18.].

Былиналардагы жомоктук негиздер Илья Муромецтин Киевге, Добрыня Никитичтин Рязанга, Дюк Степановичтин Галичке кетиши жөнүндөгү сюжеттерде кенен берилген. Орустардын «Изгнание Батыя» былинасында орус жерине кол салган душмандар жомоктук окуялардын негизинде баяндалган:

«Из-за моря синего,
Из-за синего моря, из-за черного
Подымался Батый – царь, сын Батыевич,
Со своим сыном с Таракашкоми
Подошел собака под стольний Киев – Град”, – деп берилет [Песни, собрания П.И.Киреевским. М., 1862. С.38.]. Жомоктук негиздер орус эпосторунда жана былиналарында кезигип, алдыдагы боло турган окуяны чагылдырып турат. В.Я. Пропптун «События классической былины происходят всегда на Руси. События сказки могут локолизоваться «в

некотором царстве», «в некотором государстве» [Пропп В.Я. Русский героический эпос. Л.1955. С.248.] – деп жазганы орус былиналарындагы жомоктук негиздердин ордун бекемдейт. Айрыкча, былиналардагы жомоктук негиздер чыгармадагы сюжеттик-композициялык курулуштун мазмунун жана тарыхый тактыгын аныктайт. В.Я. Пропп Добрыня менен жыландын күрөшү жөнүндөгү былинанын сюжеттик күчүн төмөнкүдөй берген: «Родина Добрыни – Рязань. Обычное в этих случаях звучит так:

До селева Рязань, она селом слыла,

А ныне Рязань слывает городом.

Это значит, во-первых, что события, воспеваемые в былине, относятся народом к глубокой древности, когда Рязань была еще не городом, а селом. Во-вторых, точная локализация указывает на то, что события этой песни трактуются как действительно имевщие место» [Пропп В.Я. Русский героический эпос. Л. 1955. С.175].

Орус былиналарынын сюжетинде башкы каармандардын (баатырлардын) орду жана аткарган функциясы чоң. Ошондуктан, Д.С. Лихачёв: «Былина развивается по принципу наибольшего выделения главного героя и поэтому действие былины концентрируется вокруг богатыря, его судьбы», – деп жазган [Лихачөв Д.С. Поэтика древнерусской литературы Л. 1967. С.237.]. Чындыгында баатырлардын образдары кандайдыр бир деңгээлде өзгөчөлүктөргө ээ. Окуя жомоктобу, былинадабы, сөзсүз башкы каармандын тегерегинде өнүгөт. Былиналардын сюжети өзүнүн мазмундук маанисине карай ар түрдүү болуп көрүнөт. Маселен бир пландуу, бир жактуу ж.б. Башкы каармандын (баатырдын) образын ачып берүү менен былинадагы бир сюжеттик көрүнүш толук жыйынтыкталат. Мисалы, Т.Г.Рябинина жазып алган «Илья Муромец» жана «Соловей-разбойник» былиналарынын сюжеттик багыттарын белгилөөгө болот.

Былиналардын кульминациясын башкы каармандын жеңишке жетиши же катуу салгылашуунун жүрүшүнөн көрөбүз. Эгерде жомоктордо башкы каармандын жеңишине жардамчы күчтөр чоң роль ойносо, былиналарда

башкы каарман жеңишке өзүнүн эрдиги аркылуу жетет. Негизги, орус элинин былиналарынын сюжеттик жана композициялык түзүлүшү өзүнчө бир жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Бул өзгөчөлүк былиналардын идеялык-көркөмдүк түзүлүшүнүн бай, өз алдынчалыкка ээ экендигин аныктайт.

Ушул өңүттөн алып караганда, эпикалык түрдүн келип чыгышы жөнүндөгү А.Н.Веселовскийдин көз карашы бир топ талаш-тартышты жаратат.

Байыркы жомоктор, баатырдык ырлар, поэмалар мифологиялык мазмунга, мүнөзгө ээ. А.Н.Веселовский салттуу сюжеттик схемалардын келип чыгышы, тематикалык жана композициялык формулалардын түзүлүшү сыяктуу проблемаларды иликтеген. Адабий архетиптерди жана реминсценциянын поэтикасын изилдөө менен А.Н.Веселовский XX к. маданият таануу жана адабият теориясына чоң салым кошкон.

А.Н.Веселовский: “... в памяти народа отложились образы, сюжет и типы... где, то в глухой области нашего сознания”, – деп эпостордун жаралыш тарыхы, булактары байыркы элдердин аң-сезиминде уюп, жашап, кылымдардан бери улам толукталып, сюжеттик курулуштары өсүп-өнүгүп, байып келгендигин айткан.

Тарыхый поэтика көркөм өнүгүштүн конкреттүү реалдуулугун таанып-билүү үчүн тарыхтын ар кандай фактысы, ар кандай көрүнүштүн, мейли ал айрым чыгармабы, жазуучунун чыгармачылыгыбы, алар калтырган көп сандаган линияларды иликтеп, таанып-аңдап билишке милдеттүү. Тарыхый поэтика жөн эле айрым фактыны көрүнүштү, чыгарманы, жанрды ж.б. жекече изилдеп чектелбейт, ал ошону менен бирге булардын өз ара байланыштарын поэтиканын деңгээлинде чечет.

А.Н.Веселовскийдин “Тарыхый поэтикасы” индивидуалдуу жекече чыгармачылык, авторитардык, иерархиялык жанрдын принциптерине, мезгилдин стилдерине жана канондук традицияларга бекем баш ийдирилген фольклор орто кылымдын адабияты, байыркы орус адабияты сыяктуу стабилдүү, туруктуу системаларды изилдөөдө эффективдүү жыйынтыктарды

берет. А.Н.Веселовский сюжетти татаал схема катары карап, анын көркөм тутумунда адамдын турмушунда болгон ар түрдүү ири окуялардын чыгармада бириктирилген түрү катары түшүндүрүлөт. Ал эми мотив болсо окумуштуунун түшүнүгүндө ал дагы схемага жатканы менен, бирок ал бир түрдүү гана окуянын көрүнүшүн түзөт. Сюжет болсо ар түрдүү майда мотивдерди өзүнүн тутумуна жайгаштырат деген ойду бекемдейт.

Сюжет проблемасын, тарыхый поэтиканын көз карашынан изилдеген А.Н.Веселовский «Сюжеттердин поэтикасы» деген эмгегинде окуялардын жүрүшүн, кыймылын – сюжет деп белгилеген. [А.Н.Веселовский «Сюжеттердин поэтика» Москва. “Высшая школа” 1989. 304-305-б.]

А.Н.Веселовский искусствонун түрлөрү (музыка, бий, поэзия), поэзиянын түрлөрү (эпос, лирика, драма) байыркы синкретизмден чыккан болсо, синкретизмдин “бешигин каада салт”, түзөт деп жазат [Веселовский А.Н. Историческая поэтика. Москва. Высшая школа. 1989. 307-311-б.]. Окумуштуунун көз карашы боюнча синкретизмдин эң маанилүү элементи болуп ритм эсептелинет. Ыр тексти кырдаалга карата импровизацияланат (төкмө түрүндө жаралат). Элдик каада-салттан ыр бөлүнүп чыккандан соң адабий түр жиктелет (дифференцияланат), адегенде эпос, андан соң лирика жана драма.

А.Н.Веселовскийдин теориясы боюнча лиро-эпикалык, “кантиленадан” баатырдык эпос келип жаралган (Кантилена – Батыш Европада эпикалык темадагы орто кылымдык элдик ыр). Ал эми лирика жазында өткөрүлчү элдик каада-салт оюндарында ырдалган хор жана ар түркүн мазмундагы кыскача формулалардан бөлүнүп отуруп жаралат. Драманын жаралышы элдик каада-салттын өнүккөн диндик деңгээлине байланыштуу. Эпостун генезиси маселесинде А.Н.Веселовский мифтин аткарган “кызматына” анча маани бербейт. Дегеле, байыркы синкретизмден келип чыккан поэзиянын өнүгүшүндө көркөм тексттин ролу экинчи баскычтагы көрүнүш түрүндө мүнөздөлөт. Окумуштуунун көз карашы боюнча эпикалык түрдүн сюжети архаикалык каада-салттарды жана институттарды (экзоголия, тотемизм,

матриархат, патриархат ж.б.). Ошондой эле тарыхый окуяларды өз ичине камтыган соңку элемент болуп эсептелет (көрүнүш). Мына ошондуктан окумуштуу баатырдык эпостун сюжеттик жаралышында биринчи планга тарыхый окуяларды көтөрүп чыгат. “Сюжеттер поэтикасында” А.Н. Веселовский мотив менен сюжетти кескин айырмалайт. Мотив – бул баяндоо түрүнүн эң жөнөкөй көрүнүшү, сюжет болсо, бул мотивдердин сериясы, схемалардын татаал түрү, адам турмушунун жана психикасынын жалпылаштырылган көрүнүшү. Ушундан улам сюжеттик окшоштуктарды тарыхый миграция менен түшүндүргөн.

Тарыхый синкретизм теориясы бүгүн да өз күчүндө, себеби ал өзүнүн илимий негизин азыр да короткон жок. Ырас ал замандын корректировкаларына, оңдоолоруна, толуктоолоруна зарыл экени талашсыз. Элдик каада-салтты искусствонун жана поэзиянын ар түрдүү түрлөрүнүн бешиги катарында мүнөздөө менен А.Н.Веселовский XX к. пайда болгон жана өтө кеңири тараган ритуализм теориясын алдын ала аныктап, белгилеп койгон. Ошондуктан ушул багытты жактагандар жана улантканлар байыркы маданияттын бүтүндөй түрлөрүнүн жаралышын ритуалдык негиз менен түшүндүрүшкөн. Бирок, А.Н.Веселовский элдик каада-салт менен диндик сыйынуучулукту кескин ажыратып караган. Ал диндик сыйынуучулуктан бир гана драманы алып чыгат. Ритуалисттер болсо, бардык ритуалды (каада-салтты, диндик каада салтты) А.Н.Веселовскийге окшоп ар тараптуу талдоого алып, бирок искусствонун бардык түрлөрүн, жанрларын, ошондой эле байыркы акылмандыктын мифологиядан тартып, философияга чейин алардын жаралышын бүтүндөй бойдон ошол эле ритуалдан, анын ичинде диний ритуалдан алып чыгат.

Тагыраак айтканда, А.Н.Веселовский байыркы синкретизмдин теориясын жаратуу менен чектелип, бир орчундуу маселени – диндин, искусствонун, таанып-билүүнүн ар түрдүү башталмаларынын бөлүнбөс бирдикте жашаган идеологиялык синкретизмин көмүскөдө калтырып койгонун өзгөчө баса белгилеп кетүүгө болот. Анткени, ошол эле байыркы

синкретизмдин жана байыркы рух маданиятынын дүйнөнү таанып билүүдөгү негизи (доминанты) миф болуп саналат.

Албетте, А.Н.Веселовский байыркы каада-салтта жана байыркы поэзияда ритмдик-овондук башталманын маанилүү экенине туура басым жасалган, бирок ошол эле учурда тексттик элементти кокустук, нейтралдык көрүнүш катарында мүнөздөө – бул сөзсүз аша чапкандык. Себеби, кийинки мезгилде жыйналган, системалаштырылган материалдар ар кандай “кокустуктан” жаралган импровизация – “төкмө ырлар” өздөрүнүн канондоруна ээ экенин далилдеп турат. Байыркы ырдоонун магиялык белгилери поэзиянын каада-салт менен болгон байланышын гана эмес, ошондой эле каада-салттагы тексттик компоненттин өтө маанилүү экенин аныктайт.

Кыргыз эпосунун сюжеттик жана композициялык курулушу өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Кыргыз эпосу бул көчмөн элдин көркөм ой туюму менен терең байланышкан чыгарма. Анын өзүнө гана тийиштүү сюжет куруу, окуяларды жайгаштыруу, портреттерди мүнөздөө, композициялык ыкмалары бар.

В. Жирмунский кыргыз эпосунун сюжетине жана композициясына терең илимий-теориялык анализ жана аныктама берген [В.Жирмунский. «Тюркский героический эпос». Л., 1974. 33–54-бб.]. Ал «Манас» эпосунун композициялык түзүлүшү, өзгөчөлүгүн изилдеп, эпосту генеологиялык тизмек менен байланыштырат. Бул тизмек Манастын образы аркылуу тереңдеп өнүккөнүн ачып берет. В.Жирмунский Манастын эпикалык биографиясынан төмөнкү эпизоддорду белгилеп кетет: Баатырдын төрөлүшү жана балалык чагы, үйлөнүшү, кыргыз хандары менен чоролордун өз ара пикир келишпестиктери, чыр-чатактары. Көкөтөйдүн ашы – той аштардын сүрөттөлүшү. Манастын жоортулдары жана өлүмү.

Эпикалык чыгармалардын сюжети эпостогу окуяларды өрчүткөн эң бир маанилүү каражат болуп эсептелет. Сюжет айтуучунун оюн жыйынтыктап, персонаждардын бири-бири менен болгон байланыштарын ачып берүүгө

мүмкүнчүлүк түзөт. Сюжет – чыгарманын эң маанилүү формасы, стили. Чыгарманын сюжетин, окуясын айтып берүү композициясы – бул анын фабуласына жатат [бул терминдин мазмунун окумуштуулар ар түрдүү түшүндүрөт. Айрым окумуштуулар сюжет менен фабуланы бирдей окшош маанидеги түшүнүктөр катары карашат]. Ошондуктан, сюжет менен фабула чыгармалардагы конфликттерди көп кырдуу ачып берүүдөгү негизги көркөм каражат болгондуктан, чыгармадагы айтылып жаткан окуянын эстетикалык тутумун, мазмунун көркөм чагылдырат.

Эпостун сюжетинде түзүлгөн бир жетектөөчү конфликт бүтүндөй чыгарманын тулку боюнан кызыл жип болуп өтүп, ал чыгарманын чиеленишин, кульминациясын жана окуянын чечилишин шарттайт. Сюжеттин ичиндеги анализ – анын функционалдык фабуласын ачууга мүмкүнчүлүк түзөт. Фабула – эпостогу композициянын жүрүшүн ачып берип, жетектөөчү милдетти аткарат. Мисалы: ал каармандардын портретин ачат, эпикалык чыгармалардагы айтуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө жардамдашат жана монолог-диологдордун түрлөрүн түзүүчү ыкмага жатат.

Советтик акын С.Наровчатов сюжетти – өзөк, ал эми фабуланы – бутактар жана жалбыректар катары сүрөттөгөн. Анын пикири боюнча сюжетти таанып-билүү үчүн бирден-бир жол бул – фабула. Сюжет проблемасын тарыхый поэтиканын көз карашынан изилдеген А.Н.Веселовский окуялардын жүрүшүн, кыймылын – сюжет деп атаган. [Веселовский А.Н. Историческая поэтика. М., 1989. 304–305-бб.]. Ал сюжетти татаал схема катары карап, анын көркөм тутумунда адамдын турмушунда болгон ар түрдүү негизги окуялардын чыгармадагы бириктирилген түрү катары түшүндүрөт. Ал эми мотив болсо (жогоруда белгиленген фабула) схемага жатканы менен, бирок, ал бир түрдүү гана окуянын көрүнүшүн түзөт, ал эми сюжет ар түрдүү майда моделдерди өзүнүн тутумуна жайгаштырат.

М.О. Ауэзов бул маселе боюнча төмөнкүдөй жазган: «Весьма возможно, что первоначально вся героическая былина состояла только из одного цикла с небольшим числом песен. А затем слушательская среда как из народа, так из манапства в лице постоянной аудитории увеличивая свои запросы, давала необходимые толчки для аэдов расширять, разнообразить основную, всем известному фабулу, придумывать второстепенные сцены, основанные уже на данных ситуациях и соединять их со сценами первоначальными. Итак, только постоянная аудитория требует обновления, расширения сюжета» [М.О. Ауэзов. «Манас» эпосунун айтуучулары жана угуучу аудитория // Отан тарыхы. 2002. 2-январь]. Ал “Манас” эпосунун мазмуну менен формасынын негизги өзгөчөлүктөрүнө тактоо киргизүү менен бирге, эпостун композициясына тиешелүү каармандардын образдарын, көркөм сөз каражаттарын көп кырдуу, ар тараптуу мүнөздөмөлөр менен ачып берген.

“Манас” эпосунун сюжетинин түзүлүшү боюнча окумуштуу В.В. Радлов: “Главным центром, около которого группирует все народная поэзия, служит идеальное изображение героя-предводителя мусульман Эр Манаса, сына Якуп-кана из рода сары Ногой. Он сильнейший из воинов, странствующий в сопровождений своих сорока товарищей (40 чоро) по всему миру и всюду побеждающий своих врагов... Рассказы и песни как бы вследствий силы притяжения присоединяются к эпическому центру и при всем своем раздроблений делаются частями объемистой общей картины, в которой отражаются все мысли и стремление народа, одним словам, не какой-то чудесный и страшный сказочный мир, напротив, он воспевает в них свою собственную жизнь, свои собственные чувства и стремления, те идеалы, которые живут в каждом отдельном члене общества” - деп жазган [Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Л., 1989.].

П.Фалев орхон-энесай тексттериндеги Кул-Тегиндин аскерлери, анын колу 17 адамдан турганын, кийин 70ке жеткенин, анан 700дөн ашкандыгы жөнүндөгү гиперболалык кайталоону “Манас” эпосу менен салыштырып,

руникалык жазуулардын башатын элдин оозеки өнөрдөн издөө керек деген оюн айтат. Ал кыргыз эпосунун жаралышында, өнүгүшүндө диалог, монологдордун жыш кезиккендигин өзгөчө талдоого алат. [Фалев П. Как строится кара-киргизская былина. В сб.: “Манас” героический эпос киргизского народа. Фрунзе, 1958.].

К.Рахматуллин “Манас” эпосунун варианттарын салыштыруу аркылуу сюжеттин өнүгүү жолдорун ачып берүүгө аракеттенген. Ал Сагынбай менен Саякбайдын варианттарынын сюжеттик тутумун өз ара салыштырма методологиясы аркылуу анализ жүргүзүп, сюжеттик-композициялык өзгөрүүлөрдү иликтөөгө, майда деталдарга чейин салыштырып, индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө токтолгон. Окумуштуу эпостогу мифологиялык-фантастикалык мотивдердин ар бир вариантта кайсы сюжет менен кандай байланышып өскөнүн, андагы жомоктук негиздерди аргументтештирип талдоого алганын байкоого болот. Ал ар бир варианттын тематикалык түзүлүшүн схема катары салыштырып, алардагы окшош сюжеттерди, мотивдерди таап чыккан. Ал сюжеттерге тарыхый катмарлардын чагылышын, баатырлардын сүрөттөлүшүн, согуштук аракеттерди, турмуш-тиричиликтин чагылдырылышы жана жетектөөчү каармандардын сүрөттөлүштөрүн киргизет. Мындан башка да бир топ өзгөчөлүктөрдү К.Рахматуллин негиздүү ачып берет. Мисалы, Сагынбайда Манас жаш чагында эле кыргыздардын жетекчиси болуп шайланса, Саякбайда чоң казаттын алдында гана шайланганын айтат. Ал мындан башка да Чубак менен Алмамбеттин эпостогу орду экөөнүн бири-биринен болгон баатырдык айырмачылыктарына (чоролук) да токтолот. Ал сюжетти манасчылардын хронологияда кара сөз менен айтып берүүгө аракеттенет.

Эпостун сюжетинин өнүгүүсүндө эң бир жетектөөчү өзгөчөлүк, бул анын салттуулук көрүнүшү. Эпостун жаралышынын өзгөчөлүктөрү, анын өнүгүүсүндөгү болгон туруктуу салттуулук менен тыгыз байланышат, ошонун ичинде өнүгүп, өзгөрүүлөр менен чыгарманын эстетикасын жана мейкиндик көз карашын ачып берүү бул туруктуу ыкмага жатат. Ал эпостун

жашашына көмөк түзгөн өзүнчө салттуу чөйрө, алар социалдык тарыхый маданий чөйрө жана этностун салттуу калыптанган жашоо чөйрөсү.

Салттуулук – бул өзүнчө бир калыптанып калган муундарды байланыштырган ыкма. Элдин жашоо шарты, маданияты, социалдык жашоосу ар дайым эле бир өлчөмдө жылбай катып турбайт, салттуулуктун ичинде өзүнчө өнүгүп, өскөн татаал процесстер да кезигүүгө мүмкүн. Ошондуктан салттуулук бул өзүнчө ар бир элдин эпосторунун өнүгүшүндө жолуккан спецификалык түрү.

Б.Н.Путиловдун бул маселе боюнча төмөнкүдөй пикирин билдирген: “Можно говорить о нескольких типах фольклорного процесса по отношению к традиции. В одних случаях фольклорные новообразования – новые жанры или жанровые разновидности, циклы, сюжеты, возникая в результате трансформации традиции, будучи по отношении к ней в позиции известного противостояния, при всей новизне не отменяют существующих художественных систем, но поглощают их, не ломают, но становятся рядом с ними, как бы включаются в общую систему фольклора, оказываются продолжением традиции” [Путилов Б.Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора. Л., 1976. С.184.].

Окумуштуу Альберт Лорд Балкан жарым аралындагы элдердин эпос айтуучулардын чыгармачылыктарын кеңири изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: “Все сказители используют традиционный материал традиционным образом, однако не существует двух сказителей, которые использовали бы обсолютно идентичный материал, и притом совершенно одинаково. Традиция не кроится по одному и тому же шаблону. В эпической технике устного стихосложения можно различить индивидуальные стили. Значение этого обстоятельства для изучения песен Гомера очевидно. Нет сомнения в том, что правильно применяя знания при анализе югославского материала, мы сумеем когда-нибудь, с большой или меньшей степенью вероятности установить, принадлежат ли “Илиада” и “Одессея одному и тому же певцу”.

Кыргыз элинин фольлорунда коомдук турмуш, адеп-ахлак, тарыхый инсандардын ишмердиги, кылык-жоруктары, рухий баалуулуктары камтылган.

Фольклор кыргыз элинин тарыхын, руханий маданиятын иликтөөдө маанилүү бай тарыхый-этнографиялык булак болуп эсептелет. Аны окуп-үйрөнүү аркылуу тарыхый чындыкты калыбына келтирүүгө жана ал боюнча илимий жыйынтыктарды тереңдетүүгө шарт түзөт.

# 1-БӨЛҮМ. “Манас” эпосундагы сюжеттик фабуланын сакталышы жана толукталышы. Эпостун сюжетинин чиелениши (экспозициясы)

## 1.1 . Манастын теги, түш көрүү, төрөлүшү, балага ат коюу салттары

Кыргыз эли Борбордук Азиядагы байыркы элдерден болуп саналат жана ал өзүнүн узакка созулган тарыхый жашоосунда кайталангыс материалдык жана руханий маданиятты жарата алды. Дүйнө элдери өздөрүнүн маданиятын скульптура, театр, сүрөт искусствосунда чагылдырса, кыргыз эли өзүнүн маданиятын, философиясын, тарыхын, үрп-адатын, этика, эстетикасын, этнопедагогикасын, каада-салттарын улуу “Манас” эпосунда сактап калды. Белгилүү жазуучу Ч.Айтматов: “Манас” эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар көп кырдуу чагылганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү бир тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок, “Манас” тарыхый санжыра эмес. Бул баарыдан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам жатталып, тазарып артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, керектүү, зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма” – деп белгилеген [О.С. 8-б.].

Отурукташкан цивилизациялардан айырмаланып көчмөн маданият талаада пайда болгон. Евразиянын көпчүлүк бөлүгүн талаа түзөт, талаа – бул түрк элдеринин жашаган жери.

Байыркы мезгилден баштап жаңы мезгилге чейин Улуу талаа мейкиндигинде көчмөндөрдүн түрдүү туруксуз бирикмелери түзүлүп турган. Көчмөндөрдүн мындай туруксуз бирикмелери убакыттын өтүшү менен талкаланып, тарыхый майдандан кете баштаган. Натыйжада ошол уруулук бирикмелердин негизин түзгөн эл жоголбостон, алардын тарыхый аталышы, бирикмелери жоголгон. Мындай бирикмелердин жоюлушунан кийин көчмөндөр өздөрүнүн мурдагы аттары менен жашай беришкен (уруулук аттарды алып жүргөн уруулар). Алардын бир бөлүгү басып алынган

жерлерде калып, жаңы башкаруучу династияларды түзүшүп, ал жакта түбөлүк калып калышкан. Өзгөчө көчмөн уруулардын жетекчилери биринчилерден болуп отурукташкан элдер менен аралашып, сиңишип, мезгилдин өтүшү менен түбөлүк жоюлууга дуушар болушкан. Көчмөндөрдүн башка бөлүгү, убактылуу «тынч» жашоонун негизинде мурдагы жетекчилик деңгээлге кайра жетишет. Тарых кайрадан кайталана баштаган, көчмөн элдердин аталыштары гана өзгөрүп, эми башкача жаңы бирикмелер тарыхый майданга келет. Алар эми өздөрүн отурукташып калышкан мурунку жетекчилерине каршы күрөшкө чыгышкан. Отурукташкан көчмөндөр жаңы шартка, жашоо турмушка көнүшүп, мурунку жашоосун өзгөртүшкөн болот. Жалпысынан мурда Евразия элдеринин көпчүлүгүнүн тарыхы ушундай нукта өнүккөн.

Көчмөн элдер өздөрүнүн мурунку жашоо мүнөзүн өзгөртүшкөн жана убакыттын өтүшү менен өздөрүнүн тегин, келип чыгышын жана «талаа» менен байланышын унута башташкан. Бирок талаада калган уруулар, эч качан өздөрүнүн тегин унутушкан эмес жана көчмөндөр менен туугандык байланышын сактап калышкан. Көчмөн уруулардагы тегин билүү салтынын натыйжасында, мурунку көчмөн элдердин муундарын аныктоого мүмкүндүк алышкан.

«Баары тууган» деп аталган мыйзамга ылайык көчмөн элдердин түрдүү бирикмелери калыптанган, анда бөтөн элдерге орун болгон эмес. Алардын баары бирдей жашоо мүнөзүн башынан кечиришип, асман кудайы «Теңирге» ишенишкен. Көчмөндөрдүн баары өздөрүнүн ата-бабасы катары Алаш (Алач, Алгач) ханды эсептешкен. Көчмөндөрдүн тегин жакшы билген окумуштуулардын пикиринде, Алаш хандын муундары – «алты алашты» түзгөн алты элди пайда кылган. Алардын арасына мурунку көчмөндөр: казак, кыргыз, каракалпак, татар, уйгур жана түркмөндөр кирген.

Биздин эрдан миң жыл мурун Евразиянын талааларында чарбанын көчмөн мал чарбачылык түрү пайда болгон. Ал азыркы күнгө чейин сакталып келет, анткени ал талаадагы жашоонун эң ыңгайлуу ыкмасы болуп саналат.

Жайыттардын баары уруулардын ортосунда бөлүнүп алынган. Уруктардын негизинде элдердин бөлүнүшү бир катар артыкчылыктарга алып келген: аймакты кармап туруу, жеңил чарба жүргүзүү.

Көчмөн мал чарбачылык шартында бир мамлекеттүүлүктүн курамдык негизи катары урук турган. Ар бир адамдын мүлктүк жана социалдык абалы анын урук ичиндеги абалы менен аныкталган. Согуш учурларында ар бир урук белгилүү бир санда жоокер берген. Уруктун ичиндеги бүт иштерди уруктун башчысы чечкен. Чоң уруктар кичи уруктарга, уруктар өз кезегинде урук союздарына биригишкен. Мамлекет башчысы (каган же хан) мамлекетти башкаруу боюнча маселелерди уруулардын жана алардын союздарынын – бирикмелеринин жетекчилери менен чечкен. Бул түзүлүш жүздөгөн жылдар бою өзгөрүлгүс бойдон жашап келген. Ошондуктан ар бир адам үчүн өзүнүн урууга тиешелүүлүгүн билүү өтө зарыл болгон. Уруусун билбеген киши коомдук турмуштун сыртында калган.

Көчмөн элдердеги уруулук түзүлүштүн сакталышы маалыматтарды жана жеке менчикти өткөрүп берүүнүн өзгөчө жыйындысы катары туюндурулат. Ошондуктан маалымат, билим, жеке менчик, бийлик жана каражаттар укумдан-тукумга генеологиялык нук, туугандык байланыш аркылуу атадан балага, баладан небереге өтүү ырааты сакталган. Көчмөн элдерде коомдун социалдык уюштурулушунун уруулук системасы болгон. Өзүнүн келип чыгышы боюнча ар бир киши уруулук түзүлүштүн белгилүү бир бөлүгүнө кошула алган. Көчмөн кишинин уруулук жактан келип чыгышына байланыштуу анын социалдык макамы, башка элдер менен байланыштары, анын кадыр-баркы, белектери ж.б. аныкталган. Ошондуктан көчмөндөрдүн талаадагы бири-бирин сүрүштүрүүсү, кайсыл уруудан, ата-бабалары ким деген суроолор менен коштолгон. Мындай шартта жолугушкан кишилер дароо бири-бири менен мамилесин аныктап, бири-биринин генеологиялык туугандыгын аныкташып, байланыша алышкан.

Көчмөн элдерде ар бир уруу көптөгөн тепкичтүү этникалык топторго жана бир топ майда бөлүкчөлөргө бөлүнүшкөн, алар бири-бири менен татаал

коомдук мамиледе болушкан. Анын натыйжасында уруу, уруулук түзүлүштүн ар бир тизмеги өзүнүн татаал генеологиялык санжыраларына ээ болгон, анда ар бир уруу өзүнүн тегин кайсыл бир баатырга, көбүнчө ойдон чыгарылган маалыматтарга такаган. Бирдиктүү генеологиялык «дараkта» жаңы этникалык топторду өздөрүнүн генеологиялык салттарына кошушкан. Ошондуктан көчмөн элдердин генеологиясы алгачкы, төмөнкү баскычтарында гана чын болуп, ал эми жогорку баскычы уламыштык-мифологиялык мүнөзгө өткөн.

Казактар, кыргыздар, башкырлар, түркмөндөр ж.б. көчмөн мал-чарбачылык менен күн көргөн элдердин фольклорлору окшоштуктарга ээ. Байыркы жана орто кылымдардын тарыхында элдик оозеки чыгармачылык тигил же бул урууну же этникалык топтун жашоосундагы белгилүү бир окуяларды өзүндө чагылдырган.

Элдик оозеки чыгармачылык көптөгөн көчмөн элдерде, урууларда атадан балага, муундан-муунга оозеки айтылып келингенине байланыштуу, анда фольклордук көркөмдөөлөр, күчөтүүлөр, өркүндөтүүлөр ж.б. көп кездешет. Бирок аларда толугу менен фольклордук чыгармачылыктын негизиндеги тарыхый чындык орун алып, тарыхый окуялардын негизинде катмарланган. Ошондой болсо да андагы айрым окуялар мифтик, уламыштык мүнөзгө өтө баштагандыгы байкалат. Кыргыз фольклору этнография илиминде маанилүү булак болуп саналат. Фольклор баштапкы мезгилде оозеки жашап келсе, жазма маданият жаралган дооpлордо айрым элдердин өкүлдөрү тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн. Эпостордо урук, уруу, эл жөнүндөгү түшүнүктөр камтылган. Мунун өзү жазуусу, чиймеси жок же жоголгон элдерде учурайт чоң мааниге ээ.

Түрк элдеринин фольклору байыркы мезгилдерге барып такалат. Бул жөнүндө казактардын, кыргыздардын, башкырлардын, түркмөндөрдүн, ногойлордун элдик оозеки чыгармалары, түрк элдеринин фольклорундагы мифлогиялык, жарым мифологиялык эпостордун, тарыхтардын болушу тастыктайт. Мисалы «Урал батыр» (башкырларда), «Огуз наме»

(түркмөндөрдө, азербайжандарда, түрктөрдө), «Манас» (кыргыздарда) ж.б. оозеки булактарда тигил же бул элдердин тарыхый же мифологиялык маалыматтар менен жабдылган.

Түрк элдериндеги фольклор  алгач оозеки мүнөзгө ээ болгон. Бирок ооздон-оозго өтүп олтуруп ата-бабалардын келип чыгышы 30–40 муунду өзүнө камтып, алар баатырдык тарыхтарда, ата-бабалардын жасаган иштери жөнүндөгү уламыштарда сакталып калган. Түрк фольклорунун эң байыркысы катары эсептелинген жазма версиясы «Жами-ат-таварих» – «Тарыхтардын жыйындысы» деп аталып, XIV к. жашаган, орто кылымдык мусулман тарыхчы Фазлаллах Рашид-ад Динге тиешелүү болгон. Жыйнакта түрк элдеринин тарыхы генеологиялык маалыматтар менен берилет.

Анда огуздардын тарыхы алгач ирет, дүйнөлүк тарыхтын таризинде каралган, бул деген автордун мезгилинде огуз уруулары Алдыңкы Чыгыштагы исламдашкан түрктөрдүн ата теги катары каралып, ага чоң маани берилгендигин түшүндүрөт. Огуздардын тарыхы же огуздардын жана алардын ата тегинин тарыхы, андан сырткары, султандардын жана түрктөрдүн ээликтери жөнүндөгү бул эмгектин өзгөчөлүгү анын жазма булактарга эмес, элдик оозеки чыгармаларга таянгандыгында турат. Анда уламыштар жана чындык бири-бири менен терең жуурулушуп кеткен. Мындай өзгөчөлүк аталган булакка өзгөчө мамиле кылууну талап кылат, аны фольклорго тиешелүү тарыхый эстелик катары гана эмес, маанилүү тарыхый булак катары кабыл алууну талап кылат.

Огуздардын легендалык тарыхы түрк элдеринин адабий эстелиги катары, көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденген. Эң көп изилденгени «Огуз-наменин» ыр түрүндөгү варианты эсептелет. Эпостун өзгөчөлөнгөн мүнөзү, анын тилдик байлыгы жана поэтикалык түзүлүшү бул эстеликтин пайда болгонунан баштап эле изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бура баштаган.

Белгилүү болгондой, «Жами ат-таварихтин» толук көлөмү бизге жетип келген жок. Анын айрым бир бөлүктөрү, үзүндүлөрү (басылып чыккан же кол жазма түрүндө) гана белгилүү болуп, өзүнө баа жеткис материалдарды

камтып турат. Ал эмгек көптөгөн элдердин өкүлдөрүнүн кажыбас эмгектеринин натыйжасында жаралган. Эстеликтин пайда болушуна Жакынкы Чыгыштагы саясий кырдаал да белгилүү бир деңгээлде түрткү берген. Анда И.П.Петрушевскийдин аныктамасы боюнча, «түрк династиялары XI кылымдан баштап эле тарыхый эмгектердин пайда болушун колдоого алышкан, алар түрк элдеринин тарыхын, салттарын эске алуунун негизинде жазылган».

Огуздар башка көптөгөн көчмөн элдерге окшоп эле, уруунун же уруктун түзүлүшүнө, анын келип чыгуу тарыхына чоң көңүл бурушкан, андай маалыматтардын баары оозеки түрдө сакталып келген. 24 огуз урууларынын аталыштары ортоңку иран жазууларында да белгилүү болуп, алардын аталыштары өз-өзүнчө Кашкарлык Махмуддун XI к. жазылган эмгегинде да аталып кеткен. Рашид ад-Диндин эмгегинде огуздардын фольклору так жана туруктуу мүнөзгө жеткен.

«Жами ат-таварихтин» биз сөз кылып жаткан бөлүгү илимий чөйрөдө «Огуз наме» деген ат менен белгилүү, ал Стамбул китепканасында сакталып турат. Эпосту Рашид ад-Дин биринчилерден болуп кагаз бетине түшүргөн, бирок ал ага чейин эле жаралган. Кээ бир окумуштуулар бул эпос Жети-Суу же Кашкарда карлык урууларынын тарабынан түзүлгөн деп эсептешет. Эпостун негизги каарманы – Огуз каган касиеттүү күчкө ээ. Поэмада Огуз кагандын балалыгы, анын каармандыгы, бир көздүү дөө Киятты жеңиши, анын үйлөнүшү жана уулдарынын төрөлүшү (балдары Күн, Ай, Жылдыз, Асман, Тоо, Деңиз антропонимдерин аттарын алып жүрүшөт) баян этилет. Огуз уйгур элинин жетекчиси болуу коңшу алтын (Кытай) жана урум (Рум-Византия) элдери менен согуш жүргүзгөн. Эпосто славяндардын Урусбек-оглы Саклабдан, карлыктардын Кагарлык бектен, кангарлардын Биллик Кангалуктан, кыпчактардын Улыг Орду бек Кыпчактан келип чыгышы жөнүндө айтылат.

«Огуз намеде» берилген маалыматтар фольклористтер үчүн өтө чоң мааниге ээ. Анткени анда түрк-огуздардын Түндүк Кытай, Түркстан, Тибет,

Индиянын бир катар жерлерин, андан сырткары, Урал Тоо кыркаларынын эки тарабын тең, Эмба, Урал, Волганын төмөнкү агымдарын, Түндүк Кавказды, Иранды, Анатолияны, Иракты, Сирияны, Египетти басып алуу боюнча баалуу фактылар бар. «Огуз намеде» Огуз жөнүндөгү уламыштардын кылымдар бою чогултулган версиясы камтылып, анда бүт материалдар жалпылаштырылган. Эбегейсиз чоң мейкиндик жана көптөгөн өлкөлөр камтылган, ал өлкөлөрдүн баарында Огуз каган жөнүндө уламыш жайылтылган, ал элдерде эпос жөнүндө маалыматтын болушу эпостун көптөгөн түрдүү элдердин оозеки чыгармачылыгынын жемиши болуп саналгандыгын тастыктап турат. Ошентип, «Огуз наме» бир эле элдин чыгармачылыгынын жыйындысы болуп саналбайт. Бул баалуу булакта тарыхый чындык чагылдырылган жана ал көптөгөн элдер менен, биринчи кезекте, албетте, түрк элдери менен байланышкан.

Эпосто көчмөн элдердин байыркы тарыхынан баштап мол материалдар жана маалыматтар бар. Огуз кагандын легендардык версиясы көптөгөн кылымдар бою синхрондук мүнөздө модернизацияланып, өзүнө огуз уруулларынын, сельжуктардын, хорезмшахтарынын жана Чынгызхандын жетекчилигиндеги монголдордун жортуулдарын камтыган. Анда уламыштар жана реалдуу фактылар жуурулушуп кеткен, «Огуз наме» түрк элдеринин эле эмес, огуз уруулары басып кирген өлкөлөрдүн, аймактардын элдеринин тарыхы боюнча баалуу тарыхый материал болуп берет.

Эпосто чагылдырылган башкы окуялар Огуз хандын жана онунчу хан Иналсыр Явкуянын башкарган мезгилине туура келет. Бул убакыт б.з.ч. VII к. башталып, узак мезгилди өз ичине алат. XIV к. жашаган Рашид ад-Диндин маалыматы боюнча, бул мезгил Огуз хандан баштап эки миң жылдыкты өзүнө камтыйт. Автор иудей салттарын жакшы билгендиктен, байыркы түрктөрдүн тарыхын б.з.ч. VII к., тагыраак айтканда, орто азиялык уруулардын батышка карай жылуу мезгилинен баштаган.

Байыркы элдердин фольклору боюнча маалымат камтылган «Огуз наме» эпосу – тигил же бул элдердин руханий маданиятын аныктоодо өтө чоң

баалуу материал. Эпосто бул маалыматтар өтө так берилген. Мында төмөндөгүдөй маалыматтар бар. «Огуз улуу падыша болгон жана ал дүйнөнү башкарууну өз колуна алган, ал эбегейсиз чоң байлыкты жана сансыз малдарды өз колуна топтогон. Мунун баары азыр сизге тиешелүү. Сиздер алты бир туугансыздар жана сиздердин төрттөн уулдарыңыздар бар, баары биригип сиздердин 24 муундарыңыз бар. Бири-бириңиздердин ортоңуздарда согуш болуп кетүүдөн кудай сактасын. Сиздердин балдарыңыздардын ар бири өз орундарын, рангдарын, жумушун, аттарын, андан сырткары, уруулук белгилерин билиши керек. Мунун баары мамлекеттин туруктуулугун сактоо жана сиздердин урууларыңыздардын жакшы аттарын сактап калуу үчүн керек» [1.62, 249-б.].

Мындай сөздөр башка түрк эстелигинде – Абулгази Бахадир хандын (XVII к.) «Түрктөрдүн келип чыгыш тарыхы» аттуу эмгегинде кенен берилген да, ал түрк урууларынын негизги тарыхы болуп саналат.

Көчмөн коомдун салттуу тарыхый аң-сезими фольклордун алкагында калыптанган. Ал көчмөндөрдүн тарыхый билиминин түзүлүшүндөгү негизги түркүк болуп саналып, андан теориялык жана турмуштук маанилер бөлүнүп чыга баштаган. Бул бутакчалар фольклордо тарыхый билимди пайда кылат. Ал биринчиден, чыныгы генеологиядан, экинчиден, ирреалдуу, ойдон чыгарылган генеологиядан, үчүнчүдөн, тарыхый мифологиядан, байыркы элдердин үнүнөн турат. Андан тышкары тарыхый уламыштардан, эпикалык баяндамалардан маалыматтар алынат.

Көчмөн коомчулукта тарыхтын маанисин жана ордун түшүнүү башка цивилизациялардан жана элдерден айырмаланып турат. Мисалы, христиан дүйнөсүндө тарыхый мааламатты чогултуу системасында негизги принцип катары тарыхый мезгил категориясы турса, ал эми көчмөндөрдө ал тарыхый инсан категориясы менен алмашылган.

Окумуштуу В.Юдиндин изилдөөсүндө талаа элдеринин тарыхы, маданияты белгилүү оозеки булактарда чагылдырылган, алардагы маалыматтар тарыхтын так фактылары менен дал келет, андагы көпчүлүк

окуялар, инсандар, чынында эле, тарыхый мүнөзгө ээ экендигине басым жасаган. Ошондуктан булардын баары элдин өткөн турмушун жана инсандар жөнүндөгү чындыкты калыбына келтирүүдө чоң күч болуп саналат.

Фольклордук материалдар атадан балага жана неберелерге, муундан муунга өтүү менен санжыра уруунун же уруктун жазылбаган тарыхына айлана баштаган. Бул тарыхта ошол уруунун теги, андагы уруулардын ортосундагы мамиле жана  күрөш менен байланышкан окуялар, уруулук ак сөөктөрдүн генеологиясы ж.б. жөнүндө түшүнүктөрү чагылдырылган.

Эпостордо тарыхый уламыштар, дастандар формасында элдин эсинде сакталып калган фактылар жана окуялар кездешет. Ошондуктан кандай гана эпос болбосун, бир топ элдин эсинде сакталып калган эски окуяларды, тарыхый фактыларды айтуудан турат. Мындай мааниде алып караганда фольклордо элдик турмуштун чыныгы окуялары чагылдырылганын байкайбыз.

Эпостор белгилүү бир деңгээлде энциклопедиялык мүнөзгө ээ:, аларда уруулук жана тарыхый окуялардан тышкары, тигил же бул уруунун жашаган аймактары (географиялык аталыштар), турмуш-тиричилиги, адеп-ахлагы, каада-салттары, моралдык-этикалык жана укуктук нормалары, мифологиялары, кыргыз элинин адабияты жөнүндө бай материалдар топтолгон.

Фольклордо материалдардын негизинде кыргыз элинин көчмөн жашоосунун айрым окуялары жөнүндө, кыргыз урууларынын жайгашуусу, коңшу элдер менен байланыштары, тышкы душмандар менен согуштары, уруулар аралык кагылышуулары жөнүндө маалыматтарды алса болот.

Элдик оозеки чыгармачылыкта үй-бүлөлүк никелик мамилелер, мурас укуктары, туугандык байланыштар чагылдырылган.

Кыргыздардын оозеки фольклорунда сакталып калган көптөгөн маанилүү окуялар да өз баасын жетиштүү түрдө ала элек. Мисалы, Ч.Ч. Валиханов: «...элдин (б. а. кыргыздар) өзү андан (б. а. Енисей) таптакыр баш тартса, көчүп келишин билбесе, эсинде калбаса жана өз мекенин бир

ооздон Анжиян тоолору деп эсептесе, айласыз кыргыздарды анжияндыкпы дегиң келет. Чынында эле тоолук (түп нускада «дикокаменные») кыргыздар азыркы жеринде б. а. Кашкар тоолорунан Анжиянга чейин эчактан бери жашап келген» деп, кыргыздардын Енисейден келишине күмөн санайт [1.39, 59-б.]. Буга кошумча, енисейлик кыргыз, деги эле түштүк сибирь расасынын компактуу түрдө Тянь-Шанды көздөй жылышы тууралуу фактылар кездешпейт. Эгер түз Тянь-Шанга жылса, Кытай императорунун докладында жолукмак, анткени бул маселе ал мамлекеттин коопсуздугуна байланышкан. «Хань жана тандык экспанционисттердин стратегия жана тактикасы соода жолдорун өз көзөмөлүнө алуу, ал жолдор өткөн өлкөнүн жергиликтүү калкынан өзүн-өзү коопсуздандыруу болгон» [1.109, 11-б.]. Ал эми «Юань-шинин» 63-главасында сөз 9 миң киши жөнүндө жүргөн [1.97, 59–65-бб.]., анын үстүнө кээ бир жерин ар башка мааниде чечмелөөгө болот. Негизи б. э. I миң жылдыгында Орто Азия жана Казакстан талаасы иран, угор (Уралга жакын), «алтай» урууларынын тил жана маданий байланышынын очогу болгон. Деги эле биздин эранын башындагы гунн урууларынын батышка жылышы менен Орто Азиянын талаа зонасында жалпы түрк тилдүү коом түзүлө баштаса керек [1.83, 42-б.] деген божомол бар.

Оозеки маалыматта болсо байыркы кыргыздардын мекени катары негизинен азыркы Кыргызстанга жанаша аймактар эскерилип, Алтай болсо Алооке хандын каарынан кыргыздар туулган жеринен сүрүлүп, Манастын туулушу, эр жетиши, анын кайра Таласка көчүшүнө тиешелүү окуяларга байланышкан. Ал эми Енисей жөнүндө кабар негизинен В. Бартольд менен таанышкандан (мис., Б. Солтоноев) кийин гана пайда болгон. В.В. Бартольд ою боюнча эгер кыргыздар бул аймакта байыртадан бери жашаса, анда алар Мухаммед Хайдардан мурун мусулман болмок [1.127, 219–220-бб.]. Чынында, енисейлик кыргыздар тууралуу алгачкы маалымат 1-Түрк каганатынын тушунда (VI-к. экинчи жарымы) гана кезигет. Бирок ал жерде сөз кыргыздын өзүнчө мамлекети эмес, экинчи маанидеги урулардын (курыкан, огуз-татар, кидан) бири катары белгиленген [1.60, 34-б.], б. а.

енисейлик кыргыздар VI-к Чжичжи басып алган кыргыз мамлекетиндей мамлекетти али түзө элек болгон.

Ошондуктан, «Бул элдерге (Сибирь менен Борбордук Азия) тийиштүү илимий маселелердин ичинен негизгиси – ал элдердин түзүлүшү, андан ары калыптанышы, б.а. этногенез маселеси эң жооптуу болуп эсептелет. Бул маселелерди чечүү үчүн илимий чөйрөдө мурун колдонулуп келген жана келечекте табыла турган бардык булактар менен маалыматтарды – археология, антропология, этнография илими менен бирге фольклордук, лингвистикалык, акырында жазма (тарыхый) маалыматтарды да пайдалануу зарыл» [1.60, 34-б.]. Эгер кийинки археологиялык казуулар кыргыздардын Енисейде б. з. VI-кылымдан бери гана белгилүү болгонун далилдеп жатса [1.60, 34-б.], лингвистикалык изилдөө: «...Кыргыз-алтай тилдеринде бирдей кезиккен башка, майда окшоштуктарга токтолбой, лексика тармагындагы бир фактыга көңүл буралы. Анткени, кыргыз-алтай тилинде лексика, фонетика жана морфологиядагы окшоштуктардан тышкары кыргыздын тагай, адигине уруулары колдонуп, бирок ичкиликтерде кезикпеген өзүнчө сөз тобу бар. Алар мына: «сонун», «белен», «каалга», «унаа», «керээз», «арга», ж. б. Эми, биринчиден, бул сөздөр моңгол тилине кирген бардык тилде (анын ичинде жазуу тилинде да) кезигет; экинчиден, кыргыздын жогоруда көрсөтүлгөн урууларынан башка азыркы алтай, тува, кээде хакас тилинде да жолугуп, бирок булар менен уялаш башка элде колдонулбайт. Бул эмне дегендик? Мындай сөздөрдүн жалпы ортоазиялыктарда жана батыш түрк тилинде жолукпай, моңгол тилинде гана кезигип, кыргыздар менен алтайлыктар аны моңгол тилдүү элден кабыл алышы төгүнгө чыкпай турган далил болуп эсептелет. Анда, алар аны качан, кайсы жерде кабыл алган деген жүйөлүү суроо туулат. Кыргыздар аны Орто Азияны моңголдор каратып алган мезгилде кабыл алды дешке негиз жок, эмне үчүн дегенде, ал сөздөрдү (жок дегенде кээ бирин) казак, өзбек, уйгур, тажик, түркмөн же башка элдер да кабыл алышы керек болчу. Моңголдор аларды да басып алган. Ошондуктан адигине жана тагай уруулары аталган сөздөрдү кыргыздар алтайлыктар

менен алардан мурда аралашып, саян-алтай бөксө тоолорунда жүрүп кабыл алган деген тыянак чыгат. Ал эми мындай сөздөр ичкиликтердин диалектисине кирбей калышы – ичкиликтер ал туугандарынан өтө оолакта, же кыргыз эли моңгол тилин сөзүн кабыл алып жүргөн мезгилде алар алыскы түштүк-батыш чегинде калганын далилдейт. Бул фактылар башка фактылар менен да түз байланышып турат. Фонетика, морфология жана байыркы катмардагы сөздүктүн негизги фондусуна кабыл алынып калган жалпы кыргыз-алтай тилиндеги окшоштуктар алтайлыктардын ата-бабалары ошол мезгилде кыргыз элинин этникалык уюткусун түзгөн байыркы кыргыздардын этникалык топтору (саруу, дөөлөс, мундуз, теит, кесек, бугу, саяк, багыш) менен байыртадан бери жана узак убакыт бою чогуу турушунун жыйынтыгы болуп саналат. Кыргыз элинин калыптануу тарыхына эң акыркы, б. а. кыргыз эли менен узак убакыт бою байланышкан акыркы этникалык топ алтайлыктар болду, бирок алардын кыргыздарга сиңип кетүү процесси аягына толук чыкпай, алтайлыктар болгону кыргыздардын этнографиялык турпатына жана тилдик белгилерине гана ачык таасир тийгизди. Кебетеси, кыргыздардын ичкиликке караган бөлүктөрү (теит, кесек ж. б.) кыргыздар өзүнүн улуу державасын түзгөн мезгилде алыскы түштүк-батышта, б. а. Ак-Суу, Турпан ченде туруп калып, кара-кытайлардын, же моңголдордун соккусунан улам кыргыз элинин негизги бөлүгүнөн бөлүндү болуп калса керек» [1.152, 52-б.], деген жыйынтыкка келет. Минтип, кошумча илимдер да кандайдыр бир деңгээлде моңгол чабуулу алдында кыргыздардын бир бөлүгү – бизге так белгисиз мөөнөттө – Алтай жана ага жаамататш аймакта жүргөнүн, калган бөлүгү Тянь-Шанга жакын аймакта калганын далилдеп жатат. Антропологиялык изилдөөлөр орто азиялыктардын баш сөөгү моңголоид урууларынын таасири менен гунн доорунан алда канча мурун тегерек деформацияланууга учураганын эскертет. Ал эмес, «Орто Азияга келген гунндар жергиликтүү калктан баш сөөктүн тегерек (кольцевой) деформациясына учурап, аны Орто Азия менен Казакстан гана эмес, Чыгыш жана Батыш Европага чейин

тараткан» [1.142, 179-б.]. Демек бул – кыргыздар кайсы бир мезгилде Алтайга жылса, анда антропологиялык жана тилдик белгилерин өзгөрүүсүз, мурунку бойдон сактап кала алмак эмес дегендик.

Байыркы кыргыздар тууралуу маалыматтардын ушундай так эмес, чачкын жана бир эле мезгилде бир-бирине карама-каршы келиши, б. а. үстөмдүк кыла турган маалымат жоктугуна карабай, кийинки кээ бир окумуштуулар тянь-шандык кыргыздарды автохтондуу эл деген пикирдин кээ бирин «илимий фантазия» деп эсептейт [1.197]. Мунун башкы себебинин бири – оозеки кыргыз тарыхына алиге чейин жетишээрлик көңүл бурулбай келиши деп түшүндүрүүгө болот.

Албетте, жогоруда көрсөтүлгөндөй кыргыз элинин оозеки тарыхы негизинен «Манас» эпосуна байланышып, узак мезгилди камтып жана ал анын ажырагыз бөлүгү болуп саналат. Тилекке каршы, эпостогу окуялардын кайсы кылымга тиешелүү экени тууралуу бирдей көз караш жок [1.117,19-б.]. Тарыхчылар гана эмес, «Манас» эпосун тил, этнография, ж.б. жагынан изилдеген окумуштуулар (Э. Абдылдаев, И. Молдобаев ж. б.) да кыргыздардын Алтайга сүрүлүшү жана кайра өз жерине көчүшүн, б. а. Алтайдан – Енисей (муну «Ээнсай», «Энесай» деш, илимий деңгээлибиздин канча төмөн экенин гана көрсөтөт), же мейли Тарбагатай, Иле бою, Кашкар, Каркыра, Ысык-Көл, Ат-Башы ж. б. дейли – эмне үчүн Манас аталган жерлер эмес, Таласка гана көчүп келген деген суроого жооп бере алган эмес. Мисалы, Манас, «...ата-бабасынын жери Анжыян, Алайга көчө турган болот. Айдаркан баштаган казактар Каркыра аркылуу Жылдызга карап, Сары-Аркага көчөт. Үрбү баштаган кыпчактар Баркөл, Керкөлдү басып, Чүйдүн башы Кеминге келет. Кошойдун кеңеши боюнча Манас Таласка келип конот». Эпосто кандайдыр бир кыйын абал болсун, элдин үмүт-тилеги, ой-пикири эргүү менен даңазаланган өзгөчө ажайып кооз жер кыргыздардын өлкөсү – Таласты сөзсүз түрдө киндик каны тамган жер деп айтылат. Ошондуктан Алтайда туулган Манас элин баштап Таласка келет. Атасы Манас, жери Талас экенин билген Семетей да Букардан кайтат [1.115,31-б.].

Бардык маселенин түйүнү ушул жерде. Анын үстүнө Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымга тиешелүү тарыхын изилдеген окумуштуулардын кээ бири түз мааниде карабаса да, «Манас» эпосунда айтылган окуялар Енисейде болбогонун далилдеп жатат. Мисалы, фольклорист Т. Абдыракунов «Манас» эпосундагы кээ бир окуяларды IX–XI кк. «печенек-огуздар» жана географиялык аталыштарды («Капсаңдын Кара-Тоосу», «Тарбагай» ж. б.) Сыр-Дарыя ортоңку агымы менен байланыштырган [2.193, 23-б].

Демек, оозеки айтылган тарых (мис., Манас) ойдон (жок жерден) чыгарылбаганы анык. Болгону анын бизге кандай абалда жетиши (жазуу, же оозеки жүзүндө) маанилүү.

Эпостордо окуялардын жылы так көрсөтүлбөйт жана аны башка даректер менен салыштырууда кыйынчылык жаралат. Хронологиялык жылдарын Батыш Түрк кагандыгынын алсырашы жана араб экспанциясы менен салыштыруу аркылуу тактоого болот. Калган кемчиликтери бардык эле манасчыларга тиешелүү. Мисалы, «Манас» айтуучулардын баары тең Манастын ата-бабаларын бирдей атай албайт. Бир эсептен, канча кылымдардан бери ооздон-оозго өтүп, айтылып келе жаткандыктан, алардын аты-жөнүн толук эске сактап калуу өтө кыйын. Ошондуктан кээ биринин оруну алмашып калышы мүмкүн экени эске алынышы керек.

“Манас” эпосунун бардык варианттары Манастын жети атасын атоодон башталат. Анткени кыргыз элинде өзүнүн тегин билүүгө, аны сактоого чоң көңүл бурулган.

“Манас” эпосу байыртадан эле саякатчы-изилдөөчүлөрдүн назарын өзүнө буруп келген. XVI к. башында жазылган Сайф ад-дин Аксыкентинин “Мажму-ат-Таварих” («Тарыхтар жыйнагы») эмгегинде эпос жөнүндө маалыматтар камтылган [Тагиржанов А.Т. Собрание историй “Мажму-ат-Таварих” изд. 10 ЛГУ, 1960]. 1899-ж. В.В.Бартольд бул эмгекти Фергана өрөөнүнүн (Кокон) шейхтеринин тарыхы баяндалган китеп катары мүнөздөгөн. В.А. Ромадин Сайф ад-дин Аксыкентинин эмгегин орус тилине

которгон. Ал өзүнүн “Некоторые источники по истории Ферганы и Кокандского ханства” (XVI–XIX кк.) жана “Новое о Манасе” эмгегинде кыргыз урууларынын генеологиясы жөнүндө иликтөөлөрдү жүргүзгөн [Ромодин В.А. “Некоторые источники по истории Ферганы Кокандского ханство (XVI–XIX вв.). Сов. Литературный Киргизстан. 1960. №4]. Аксыкентинин эмгегиндеги “Манас” эпосуна тиешелүү көптөгөн материалдарды башка жазма булактар аркылуу салыштыруу, аларды анализдөө, андагы генеологиялык уламыштарды тактоо маселелери окумуштуулардын алдында негизги маселеге айланган.

“Мажму ат-таварих” эмгегинин баяндоосу, лексикасы, стили, илимий-терминологиялык түшүнүктөрү албетте, азыркы учурдун талабынан бир топ башка болгон. Бирок, андагы камтылган материалдар “Манас” эпосун илимий жактан терең изилдөөгө шарт түзөт [Мамыров М. Адабият башаты. Фрунзе,1986. 6–7-бб.].

«Мажму ат-таварих» — ферганалык Сейф ад-Дин Аксыкентинин жана анын уулу Нооруз-Мухаммеддин эмгеги. Ал XVI к. башталыш чендеринде жазылган. Анда ар кыл мезгилдердеги каармандар, тарыхый окуялар аралаштырылып, уламыштар менен байланыштырылып берилген. Жалпысынан бул эмгекте көптөгөн диний, фантазиялуу уламыштар менен катар IX—XV кк. болуп өткөн тарыхый окуялар, фактылар чагылдырылган. Маселен, Манас баатырга каршы согушта, фактылар чагылдырылган калмак кол башчысы Жолойдун аскерлеринин ичинде Манжурияда жашаган солон, шивэй урууларынын болушу тарыхый фактыларды элестетет. Кытай тилиндеги эмгектердеги маалыматтар боюнча Або башчылык кылган Эне-Сай (Енисей) кыргыздарынын аскерлери 848-ж. Улуу Хинганда жашаган солон, шивэйлерге жортуул жасап, аларды жеңип кайтышкан. Бул окуя кийинчерээк «Манас» эпосунда чагылдырылган. «Мажму ат-Таварихте» кара кытайлардын Гурканы (12-к.), чагатай Дува-кан (13-к.), хорезм-шах Мухаммед (13-к.), Чыңгызкан (12 — 13-к.) анын уулу Тулуй, Алтын-Ордонун каны Токтомуш (16-к.), Моголстан мамлекетинин башкаруучусу Кысыр-

Кожо (14-к.) сыяктуу жыйырмадан ашык тарыхый адамдар эскерилет. Мындан тышкары ондогон этнонимдердин аталыштары кездешет. Ошондой кылымдагы тарыхый булактардын ичинен «Мажму ат-таварихте» Манас баатыр жөнүндө маалымат биринчи жолу жазылган. Анда Манас жана анын тарапташтары калмак баскынчыларына каршы согуштары сүрөттөлгөн. Бул окуялар Тянь-Шань, Жети-Суу жана Орто Азиянын аймагында өтөт. Жыйнакта кыргыз элинин этнографиясына тиешелүү баалуу маалыматтар, анын ичинде кыргыз уруулары жөнүндө генеологиялык таблица да бар. Жалпысынан «Мажму ат-таварих» кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана «Манас» эпосун изилдөөдө баалуу эмгек болуп эсептелет. Бул чыгармага тарых кабарлары менен катар санжыра, улама, уламыш, жомок-эпос ж. б. сыяктуу материалдар булактык милдет аткарган. Ошол булактардын ичинде «Манас» эпосунун орду да кыйла орчундуу. Буга кол жазманын негизги мазмуну кыргыз элинин, айрыкча, Манас баатырдын ишмердүүлүгүнө арналышынын өзү да күбө.

Кол жазмада «Манас» эпосу жөнүндө сөз жок, Манас баатыр, анын калмактарга каршы күрөшү, бул күрөштө кимдер ага жардам бергени жана башкалар жөнүндө айтылат. Демек, Манас көркөм чыгармада эпостун каарманы эмес, тарыхта чыныгы болгон адам катары мүнөздөлөт. Анын үстүнө Манас менен мамиледе болгон, ага жардам берген адам аттарынын басымдуу көпчүлүгү тарыхта белгилүү адамдар. Ошондой болсо да кол жазмада «Манас» эпосунун материалдары пайдаланылган. Анткени, эпостун бүгүн илимге белгилүү бардык варианттарында туруктуу кезигүүчү Манастын атасы Жакып, жердеген жери Талас, жакын жардамчылары кырк жигити, негизги душмандарынын көрүнүктүүлөрүнүн бири калмактын каны Жолой делген маалыматтар, эпостун айрым эпизоддорунун сюжеттик нугу кол жазма менен кийинки варианттарда бири-бирине окшош мүнөздө кайталанат.

Кыргыздардын түпкү тектери, урууларга бөлүнүшү, жашап турган жерлери ж. б. маалыматтарды эске албаганда «Мажму ат-таварихтеги»

түздөн-түз Манаска жана «Манас» эпосуна тиешеси бар кабарлар булар: каркыралык кыпчактарды жаш Жакып бек башкарып турганда аларга калмактардын ханы Чункча кол салып, жеңилген кыпчактар Оң хандан жардам сурашат. Анын жардамы менен Чункчаны кайра сүрүп кубалашат. Жакыптан Манас, калмак ханы Чункчадан Жолой туулат. Атасы өлгөн соң анын ордун ээлеген Жолой Оң хандын өлгөнүн угуп, Жакып бектин турагы Кара-Кыштакка кол салып кыйратып чаап, Жакыпты колго түшүрүп алат. Аны туткундан каркыралык кырк жигити менен Таластан келген 12 жаштагы Манас куткарат. Жолой Манаска каршы Таласка, андан кийин Манас эли менен көчүп кеткен Чаткалга жортуул жасайт. Кырк жигити менен жоого каршы турган Манаска Токтомуштун тууганы Аңчы төрө, Токтомуш өзү жардам берет. Токтомуш «Манас» шаарын салдырат. Токтомуш менен Жолой жарашып, уруш бүтөт. Башка элдер менен согушуп жүргөн Токтомуштун жоктугунан пайдаланып, Жолой солон-шибээлерди баштап Кара-Кыштак, Манасия шаарларына жортуул жасайт. Манас Аңги төрөнүн жардамы менен калмактарды кайра сүрөт. Жолойдун дагы бир чабуулу Токтомуштун жардамы менен токтотулат. Бул жолу да жеңилип калган Жолой Манасты уулантып өлтүрүүнү чечип, Тубай (балким Түбөй) деген чыккынчыга өз кызын алып берип, беш калмакка башчы кылып Манаска жумшайт. Ал «Туткундан качып келдим», — деп Манасты ишендирет да, ыгын келтирип уулантат. Манасты өлүмдөн ууга каршы дары берип Сейф Жалал ад-Дин аман алып калат Эки ай өткөндө Жолой Кара-Кыштакка чабуул коёт, Манаска Кара кожо, Каңбай баатыр жардамга келет. Бирок, Жолойду жеңе алышпайт. Аңги төрө жиберген анын уулу Мухаммад бек колу менен келип, чоң согушта Жолой өлөт. Согуш токтоп, Манас Кара-Кыштакка кайтат. Кол жазмадагы Манастын өзүнө тиешелүү маалыматтар ушуну менен бүтөт, анын өлүмү, тукумдары жөнүндө эч кабар айтылбайт.

«Манастын» мазмуну, окуяларынын курамы ошол тарыхый шартта бүгүнкү варианттардагынын так өзү эмес. Ошондуктан, кол жазмада баяндалган Манаска тиешелүү маалымат-кабарлардын кайсыларын автор эпостун өзүнөн

же башка булактардан алганын, эмнелерди өзү кошумчалаганын так ажыратып айтуу мүмкүн эмес. Бирок, чыгарманын түрдүү учурларда кагаз бетине түшүрүлгөн тексттерине, көптөгөн варианттарындагы кабарларга таянып болжол менен «Мажму ат-Таварихтин» автору эпостон пайдаланган материалдарга кайсылар жатарын жоромолдоого болот. Алар эң алды менен кыргыздардын калмактарга, башкача айтканда Манастын Жолойго каршы күрөшү менен байланыштуу. Буга «Манастын» өткөн кылымдын орто чендеринде кагаз бетине түшүрүлгөн тексттери күбө. Айрыкча, Радлов жазып алган вариантындагы материалдар баалуу. Бул вариант боюнча Манастын душмандары катары кыргыздарга коңшулаш жашаган уруу, элдердин кандары эскерилгени менен баатырга башкы душман делип калмак каны Жолой эсептелет. Кийинки манасчылардын дээрлик бүт баарында Манаска каршы турган негизги душман Коңурбай делсе, В. В. Радловдоанын аты аталганы менен Жолой сыяктуу биринчи планда турбайт. Варианттагы кенен сүрөттөлүп берилген согуш да Манас менен Жолойдун ортосунда жүргүзүлөт, ал согушта Жолой өлөт. Бул фактылар « Мажму ат-Таварихтеги» Манаска таандык маалыматтар менен Радлов жазып алган вариантындагы сюжеттик нуктун ортосунда байланыш бар, ал нук айрым өзгөрүү, толуктоолорго учураганы менен негизги өзөк кол жазма жазылган шарттан бери XIX к. экинчи жарымынын баш чендерине чейин өкүм сүргөн деп айтууга негиз бар.

«Манас» эпосунун илимге белгилүү варианттарындагы окуялар, кабарлар менен «Мажму ат-таварихте» берилген айрым маалыматтардын окшоштуктарын, жакын белгилерин системалуу окуялар түрүндө эмес башка көптөгөн жеке эпизоддордон, өзүнчө айтылган окуялардан да байкоого болот. Мисалы, эпостун С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин вариантында ж. б. көрүнүктүү манасчылардан жазылган тексттерде кыргыздардын башында турган белгилүү кан (С. Орозбаковдо Ногой, С. Каралаевде Каракан ж.б.) өлгөндө душмандары басып кирип мал-мүлкүн олжолоп, Ногойдун (Каракандын) балдарын туш-тушка бөлүп айдап жибергени айтылат «Мажму

ат-таварихтеги» «Манаска» таандык маалыматтар да негизинен ушуга эң жакын көрүнүштөрдү сүрөттөөдөн башталат: Жолой Оң кандын өлгөнүн угуп, Жакып бектин турагы Кара-Кыштакка жортуул жасап, чаап алып, Жакыпты колго түшүрөт. Жакыпты туткундан 40 жолдошу менен уулу Манас бошотот. Эки тексттин жазылыш аралыгында төрт жүздөн ашуун жыл убакыт өткөнүн эске алганда айрым деталдык айырмачылыктар болгону менен негизги нук эки окуяда тең бирдей. « Мажму ат-Таварихте» жогоркуга улай эле Жолойдун Манаска каршы аттанып, Таласты камаганы айтылат Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Коңурбай көп кол менен келип Таласты камаганы өзүнчө чоң эпизод. Биринде Жолой, экинчисинде Коңурбай делгени менен көп жоонун Таласты камап согушуусу бир негизден экени шексиз же окуялардын жалпы өнүгүш нугунда анча чоң мааниге ээ болбогон майда деталь мүнөздөгү кабарлардын катарына жатуучу Манастын урматына «Манасия» шаарынын салынышы кол жазмадагы мүнөзгө жакын эле эпосто да эскерилет. Болгон айырмасы «Мажму ат-таварихте» Манастын көзү тирүү кезинде эле шаарды ага арнап тарыхтагы белгилүү адамдардын бири Токтомуш кан салдырды десе, С. Орозбаковдун варианты боюнча баатырдын урматына аталган шаар экендиги гана эскерилип, ким тарабынан, качан салынганы такталып чечмеленбейт. Эки кабардын бири менен генетикалык тектештиги бар болуу мүмкүндүгү көңүл бурууга арзырлык фактылардан. Кол жазмадагы маалыматтардын ичинен «Манас» менен түздөн-түз тиешеси бар эпостун белгилүү болгон кийинки тексттеринин дээрлик бардыгында орчундуу мааниге ээ, туруктуу өзөк окуялардын бири катары орун алган чоң эпизод «Көзкамандардын окуясы». «Мажму ат-таварихте» да, «Манастын» варианттарында да маалыматтын өзөгүн түзгөн окуя Манас баатырды кастык ой менен өз тууганы уулантышы. Деталдык белгилери боюнча эки материалдын арасында бир катар айырмалар бар, бирок жалпы нук, негизги схема экөөндө тең бир жана бир булакка негизделгендигинде шек жок. Мисалы, Манасты уу берип өлтүрүп кел деп Жолой жумшаган Тубайдын өзү туткундагы адам, түбү кыргыз. С.

Каралаевдин варианты боюнча кытайдын башкы каны Карыкан Манасты өлтүрүп келгиле деп жиберген Көзкаман, Көкчөкөздүн да теги кыргыз, колго түшкөн туткундагы кулдар. Жолой Тубайга өз кызын алып берип, калмактарга баш кылып, анан жиберет. Карыкан да Көзкамандарга Манастын көзүн тазалап келсеңер «алтын таажы кийгизип, алтын такка мингизип, Чоң Бээжиндин кандыгын берем», — деп убада кылат. С. Каралаевде Көзкамандарга Карыкан кызын бергени айтылбайт, бирок наска каршы аттанган Көзкаман, Көкчөкөз, Желтийбес, Чандууаяк, Орозон бешөөнүн ар биринен тогуздан уулдары бар, демек алардын аялдары калмак, бекеринен Көзкамандарды Канукей алар калмак, калмак да тууган болмок беле деп эсептебейт. Эки материалдагы орчундуу айырмачылык — кол жазмада ууландырууну калмак Жолой, ал эми эпостун вариантында кытай каны Карыкан жибергени. Бирок, бул фактыны чоң айырма дешке да болбойт. Анткени, эпос боюнча экөө тең кыргыздардын салттуу эпикалык душмандары. Анын үстүнө «Маната» адат катары калмак менен кытайлардын арасы так ажыратылып, чек коюлбайт, аралаш айтыла берет. Буга Көзкаман, Көкчөкөздөр жөнүндө сөз жүрүп жатканда алар манжулар, кыргыздарды чапканда кара калмактардын колуна түшүп кеткен кулдар эле дегендик да күбө. Ал эми кол жазмадагы Жолойдун Карыканга, Тубайдын Көзкаманга айланып айтылуусу эпосто адаттагы көрүнүштөрдөн. Буга Манастын теги ар башка айтылуусунун өзү да күбө. Манас баатырдын ууланышы жөнүндөгү окуянын бүтүшү да эки нускада көп жагынан бири-бирине жакын: Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манасты жалгыз өз үйүнө чакырып келишкен Көзкамандар ага уу беришет. Баатырды өлүмдөн Акаярдын жардамы менен аны ала качкан Канукей Манасты сактап калып, Кайыпчынын зоосундагы үңкүргө алып барып багат. Өлүм алдындагы Манасты Багдаддан атайын алдырып келген дары менен дарылап айыктырат. Кол жазма боюнча ууланган Манасты катуу дарттан Жалал ад-Дин шейх атайын издеп барып дарылап айыктырат. Эпостун варианттарындагы касиеттүү шаарлар Мекке, Мисир, Багдаддан издетип жүрүп таап келген

дары менен айыктыруусу касиеттүү шейхтин өзү атайылап издеп келип айыктырууга үндөшүп турганы күмөнсүз.

«Мажму ат-таварихтеги» Манаска тиешелүү маалыматтар кара сөз түрүндө берилген. Бирок, айрым жерлерде ыр үлгүлөрү да учурайт. Буга караганда кол жазмага булак болгон эпостук чыгарма же жалаң ыр түрүндө же ыр менен кара сөз аралаш түзүлгөн болсо керек деген жоромолго негиз берет.

Россия империясында XIX к. орто ченинде “Манас” эпосу тууралуу эң алгачкы маалымат пайда болгон 1852-ж. “Архив общество любителей Российского искусства” журналында Батыш Сибирь генерал-губернаторунун кеңсесинен алынган билдирүүлөр жарыяланган. Негизи, бул макалалар ошол кездеги Чоң-Ордо жергиликтүү өкмөтүнүн приставы Г. Франгель майорго тиешелүү экени белгилүү [Шаповалов В.И. “Манас и Россия: взаимодействие двух культур в истории поэтического перевода. В кн.: Кыргызский национальный эпос “Манас” в международном контексте культуры. Бишкек, 1998]. Ал эми 1881-ж. жарык көргөн эмгекте (Записки императорского географического общества. СПб., 1881. Т.5. “Сведения о дикокаменных киргизах”) байыркы кыргыздардын уруу башчысы, анын балдары Тагай, Адигине, Манас, Семетейлер тууралуу сөз болот.

Кыргыздардын ислам динин кабыл алганына карабай алардын жашоосунда байыркы үрп-адат, каада-салттар сакталып кала берген.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын изилдөөдөн мурун ислам динининн таасирине байкоо жүргүзүү зарыл. Кыргызстанда ислам дини орто кылымдарда жайылтыла баштаган. Кыргызстанда Ислам динининн таралуу жана бекемделүү жараянын эки чоң доорго бөлүүгө болот. Ар бир доорду өз алдынча дагы этаптарга бөлүүгө мүмкүн. Биринчи, “Исламдын таралуу доору” VIII–XVIII кк. өз кучагына камтыйт. Кыргызстандын аймагында ислам динининн таралышынын алгачкы этабы VII–X кк. туура келет жана 966-1137-жж. мамлекеттик дин катары кабыл алынган. XII-XVI кк. саясий окуялардын таасирине байланыштуу ислам динининн таасиринин солгундоо

этабы; Ислам динининкыргыздардын арасында таралышынын күчөө этабы (XVI-XVIII кк.); XVIII к. ушул күнгө чейин созулган кийинки доорду “Исламдын бекемделүү доору” деп атоого болот.

Ислам көчмөн элдерде начар өнүккөндүгү тууралуу В.В. Бартольд баса белгилеген (Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана С. 17.). Ислам динин араб, перс соодагерлери борбордук Азиянын шаар-кыштактарында таркатышкан. Мисалы, VII-VIII кк. Кара-Буура ашуусунун жана Күмүш тоонун этегинде 10 000ге жакын соодагерлер жашаган шаарлар болгон (Талас өрөөнү).

Талып Молдо (Талып Байболот уулу) өзүнүн кыргыздар жөнүндөгү тарыхында төмөнкүлөрдү баяндаган. “Кыргыздардын батыш жагы... ислам динине мурунураак, ал эми күн чыгыш тарабында диндин таасири азыраак болгон. Арчага аластатуу, мазар басуу, жүгүнүү өңдүү бутпарас динининырым-жырымдары бар экендигин жазган. Ал кыргыздарга ислам дини 400 жыл мурун таркагандыгы жөнүндө маалымат берет. Ислам динин таркатылышынын натыйжасында кыргыз элинин илгертен берки сакталып келе жаткан диний көз-караштарына тыюу салынган. Ислам дини күч аркылуу жана жергиликтүү элге салыкты азайтуу жолу менен таркатыла баштагандан кийин бөлөк диндердин таасири жоголо баштаган.

Б. Солтоноевдин пикири боюнча “Кыргыз элинин "мусулман динин кабыл алуусу X к. башталган". Кыргыздарда ислам динининначар өнүккөндүгүн автор төмөнкү себептерден көрөт: 1) Эл көчмөн турмушта жашаган; 2) Мусулман мамлекеттери менен дайыма согушуп турган; 3) Кыргыз элинин динге салкын мамиле кылуусу; 4) Енисейден, Алтайдан келген кыргыздарда шаманчылыктын таасири күчтүү болушу.

XIX к. акырына чейин түндүк кыргыздардын ичинен бир гана Сарыбагыш уруусунан Түлкү Ныязбек уулу ажылыкка баргандыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар бар.

Көчмөндөр арасында ислам динин жайылтууда Кожо Ахмед Ясави чоң эмгек сиңирген. Чагатай тилинде сүйлөгөн түрк элдерине дервиштер аркылуу

ислам дини тараган. Кыргыздардын арасында Ислам дини Кокон хандыгынын тушунда өнүгө баштаган. Ал учурларда дааватчылар өзбек улутундагылар болуп, кокондуктар курган чептерде жашаган. Кыргызстандагы ислам динин таасири түштүк менен түндүктө кескин айырмаланып турган. Түштүктө шаар менен кыштактарда диний мекемелер көп болсо, тоолуу аймактарда өтө сейрек кездешкен.

Падышалык Россия Борбордук Азияны басып алгандан кийин ислам динин абалы россиялык бийликтин мамилесине байланыштуу өзгөрүлүп турган. Падыша өкмөтү мусулмандардын диний салтына кеңири маани берип, алардын иштерине кийлигишкен эмес. Исламдык диний кызматчыларга артыкчылыктар берилген, анткени бийликке жан тарткан молдолордун жардамы менен социалдык-саясий процессти көзөмөлгө алуу жеңил болгон. Ушул максатта орус өкмөтү чөлкөмгө Россиянын Волга боюнан татарларды көчүрүп келген. Татар молдолору тил, илим билип, аны жергиликтүү калкка үйрөткөн. Падышалык бийлик аталган аймактын элдеринин арасында россиялык идеяларды татарлар таратат деп үмүт арткан. Бирок иш жүзүндө татарлардын таасири менен аймакта жадидчилик кыймыл өнүгө баштаган, натыйжада мындай көрүнүштөн кооптонгон орус өкмөтү, аларды аймактан кууп чыккан.

Кыргыздардын арасында ислам дини тынчтык, даават жолу аркылуу тараган. Куран жалпы мусулмандардын турмуш чындыгын, жашоо мүнөзүн чагылдырган ыйык китеп болуп саналат. Р. З. Кыдырбаева өз эмгегинде: «Распространение ислама на территории населенных кыргызами, в основном, происходило мирным путем, благодаря миссионерской деятельностью служителей ислама», – деп белгилеген [Кыдырбаева Р.З. «В начале было слово». Б., 2013. 106-б.]. Ал манасчы, акындардын коомдогу ролуна көңүл буруп: «Кыргызский акын являлся носителем установленных традиций, он был проводником новых новаций, идей. Именно такое свойство импровизаторского искусства как нельзя лучше подошла для пропаганды среды населения коранических мотивов, которое искусно

вплетались в устоявщиеся художественные традиций почти во все жанры устного творчества. В некоторых жанрах, как, например, в эпосе делалось попытка обьяснения основных категорий мусульманской веры, в акынских же дидактических жанрах наряду с объяснением канонов и норм новых религий утверждалось уже устоявшаяся философско-эстетическая терминология ислама,» – деп жазат [Кыдырбаева Р. З. «В начале было слово» Б., 2013. 107-б.].

Манасчылар, өздөрү айткан «Манас» эпосунун варианттарында кыргыз урууларынын келип чыгышы, баатырлардын ата-теги тууралуу сюжеттин өнүгүшүндө кыстарып кетишет. Элдик акындар деле көптөгөн эпикалык чыгармаларында кыргыздын эски салт-санаалары исламдын калдыгы эмес, ал байыркы кыргыздардын ата-бабаларынан бери келаткан көөнөргүс салттары экенин өз чыгармаларында даңазалашкан. Буга далил катары К. Асаналиевдин төмөндөгүдөй оюн көрсөтүүгө болот: «Ярким представителем конца XIX–XX вв. манускриптной литературы кыргызов явился Молдо Нияз, творчество которого, как и творчество Молдо Кылыча замалчивалось и обьявлялось антинародным идеологами коммунизма и в первую очередь из-за присутствия в них исламских мотивов, в пропаганде мусульманской обрядности» [Об этом в работе Асаналиева К. «Шекер и космос». Бишкек, 2001].

Кыргыз элинин байыркы каада-салттары, тарыхы, генеологиясы (жети атадан таркашы) манасчылардын варианттарында талданат.

1. С.Орозбаковдун варианты боюнча: Жети кандын аталышы: Каракан, 2.Угуз кан, 3.Алача кан, 4.Байгур кан, 5.Уйгур кан, 6.Бабыр кан, 7.Түбөй кан дегендер айтылат. Бай, Байдан Жакып ушулардын тукуму, Улук болгон Каракан. Каракандан Байгур, Бабыр тараган. Бабырдун уулу Төбөйкан, Кызмат кылган канча жан, Төбөйдүн уулу Көгөйкан, Ногойдо – Ногой, Шыгайлар, Кенже ини Чыйырды деп, Бул кеткендерден калган кеп.

2. С.Каралаевдин варианты боюнча: 1.Бабыр хан, 2.Бөйөн хан, 3.Чаян хан, 4.Ногой хан, 5.Бала хан, 6.Кара хан, 7.Жакып – деп берилет. “Түп атасы

Түгөл хан, Түбүнөн Кыдыр даарыган, Башкы атасы баары хан, Башынан Кыдыр даарыган, Түп атасы Бөйөн хан, Бөйөн кандан Чаян хан. Чаян хандан Ногой хан. Атасынын батасы  Арыстандын тукуму, Ногой хандан Бала хан, Бала хандан Кара хан, Кара хандан тараган, Кара ниет Жакып хан, Жакып хандан хан Манас”.

3. Жусуп Мамайдын варианты боюнча: 1.Мамай кан, 2.Бөдөнө кан, 3.Бөйөн кан, 4.Чаян кан, 5.Кара кан, 6.Ороздукан.

4. Тоголок Молдонун варианты боюнча да жети атадан тарайт. 1.Арстан кан, 2.Төлө кан, 3.Төрө кан, 4.Бара кан, 5.Түмөн кан, 6.Бөйөн кан, 7.Жаянкан-Каракан.

Көрүнүп тургандай, бардык варианттарда салтка айланган жети деген керемет сан кандардын генеологиясы баяндалат. Бирок, кандардын аттарында бирдиктүүлүк Каракандын, Батыркандын, Бөйөнкандын, Чаянкандардын ысымдарында сакталат, калган ысымдар өзгөртүлүп берилгенин көрөбүз.

С.Орозбаковдо жогоруда айтылган аталыштарга Угузкан, Аланчакан, Уйгуркан, Байгуркан, Түбөйкан,  С. Каралаевде Ногойкан, Балакан, Бөйөнкан, Жакыптар кошулат. Тоголок Молдодо Арыстанкан Төлөкан, Төрөкан, Баракан, Түмөнкан, Жаянкан, ал эми Жусуп Мамайда болсо, Мамайкан, Бөдөнөкан, Бөйөнкан, Орозду баатырлар кошулуп айтылат.

Кан Мамайдын тарыхын Жусуп Мамай Энесайдан баштайт:

“Энесай элин башкарган,

Кал Мамат деген кан болгон.

Кан болгондо Мамайга.

“Кал” дегени жоюлуп,

Кан Мамай деп ат койгон

Кан Мамай өзү эр экен,

Айткан кеби эп экен” [Ж.М.- 4-5-б.].

Бул салтка айланган ысымдардын аталыштары ушул эле бөлүмдө төмөндөгүдөй берилет:

Бөдөнөдөн – Бөйөн,

Бөйөнкандан Чаянкан,

Чаянкандан Каракан

Каракандан уруктап.

Орозду баатыр тараган... [Манас. 1-китеп. Ташкент,1995. 25-б.].

Жусуп Мамай кыргыздардын таралышын кырк уруунун башында турган Мамайкан бириктирип, кыргыз атка кондурган дейт.

Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда башкы каармандардын көпкө чейин бала көрбөй, Кудайдан тилеп, ыйык, касиеттүү жерлерге, мазарларга сыйынып, түшүндө аян берүүсү салттуу мотив катары жашап келет. Жусуп Мамайдын вариантында Орозду баатыр о дүйнө салганда Кара кытай калмакты Алооке башкарып, анын он уулуна көптөгөн кордуктарды көрсөткөнү мындайча берилет:

Он үй берип бир казан,

Ойрон кылып кыргызды.

Калмак көзүн каратты,

“Кызыталак буруттар,

Чогуу турса болбойт”, - деп,

Ар кайсы жерге таратты [Ж.М. 7-б.].

Ошентип, бул варианттагы окуялардын сюжеттик нугунда кыргыздар Энесайда туралбай Адыбай, Көлбай, Ташбайлар Букарга көчөт. Албан, Кызый аттуу байлар, Касиет, Калкабайлар балдарына калмактын ысмын коё баштайт. Натыйжада Албан, Кызыйдан эки уруу эл тарайт. Калмак элинде атактуу бай Ногой эли Балыкарт деген жерди жердейт. Алооке Калдай менен Жакыпты Ногой байга берет. “Ногой” эли деп жүрүп, ал эл “Ногой” аталыптыр. Анда Жамгырчы, Балта дөө атактуу адамдар болгон. Балта дөөнүн элин “Ак-Чамбыр” жайлоосуна көчүрөт. Балтанын аты өчүп, “Нойгут”, - деп аталат. Сюжеттин нугунда кан Кошой катаган, каткалаң эли менен Ат башыны жердейт. Каткалаң элине (кара кыргыз аталып) Карача

кандык бийлигин жүргүзөт. Карачадан туулган кызга Сайкал деген ысым берилет.

«Манас» эпосунда кыргыз элинин ири тарыхый окуялары, руханий мурасы көркөм чагылдырылган. Эпосто үрп-адат, каада-салт, элдин дүйнө таанымы, коомго, күнүмдүк турмушка, жашоо-тиричиликке карата болгон мамилеси, түшүнүгү кеңири сүрөттөлөт. Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баян сюжет болуп айтылып, бир катар белгилүү манасчылардын варианттарында ар кандай мүнөздө баяндалат. Ал манасчылардын шыгына жараша айрымдарында кыска, схема түрүндө баяндалса, айрымдарында кеңири, өзүнчө жеке сюжет болуп айтылат. Бабалардын ататеги жөнүндө баян – жеке эле, “Манас” эпосунда эмес, жалпы эле түрк, монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири учурап, бекем салтка айланган сюжеттик мотив. Мындай сюжеттик салттык мотив – көчмөн элдердин тарыхый турмушу менен байланышкан көрүнүш, т.а., ал уруулук феодалдык доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири. Анда негизги мотив – баатырдын ата-бабаларынын ким болгондугун угуучуларга жеткирүү. Салт боюнча баатырдын ата-тегин баяндоо анын жети атасын айтуудан башталат. Эки улуу манасчыда баатырдын ата-бабаларын баян этүүдө жалпы окшоштуктар менен бирге айрым бир өзгөчөлүктөр бар экендиги байкалат. С.Орозбаков Манастын ата-бабасын жөн гана санап кетсе, С.Каралаев аларга мүнөздөмө берип, баары кереметтүү, касиеттүү адамдар, кан болушканын баян этет. «Кан» деген титулдук көркөм аныктама – «Манас» эпосунан баштап кыргыз элинин кенже эпосторунун дээрлик көпчүлүгүндө кеңири колдонулган, бекем салтка айланган, баатырдын образын идеализациялоодо кеңири колдонулган көркөм каражат, туруктуу эпитет. Бул көркөм эпитеттин, көркөм титулдун жаралыш тарыхын, эпоско кирген мезгилин окумуштуу Э.Абдылдаев төмөнкүчө түшүндүрөт: «Кан» деген титулдун, наамдын пайда болушу феодалдык мамилелердин түзүлүшүнөн алда канча мурунку доорго, башкача айтканда, тапсыз коомго таандык.

Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас» эпосун иликтеген окумуштуу Омор Сооронов мындай маалыматты билдирет: «Манастын түпкү аталарын териштирүү башка манасчыларга караганда Тоголок Молдодо алда канча күчтүрөөк. Анын вариантында Манастын отуздан ашуун түпкү аталары саналып өтүлөт. Ал гана эмес, тууган туушкандарынын таралышына чейин айтылат.

Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянда системалуу, бирдей мазмунда айтылган сюжет жок экендигин окумуштуу, манас таануучу Э.Абдылдаев минтип жазат: «Эпосто Манастын ата-бабаларын териштирүү принцибинен баштоо манасчылар үчүн адатка айланса да, туруктуу орток генеалогиялык система жок» (8, 436-б.). Манастын ата-теги жөнүндөгү баян – дайыма эле айтылып жүргөн салттуу сюжеттик мотив. Бирок Манастын ата-бабалары жөнүндө баян дээрлик бардык манасчыларда айтылганы менен, так, даана, системалуу кеңири баян жок. Себеби, «Манас» эпосу жазылып калган тарых эмес, баарынан мурда ал оозеки айтылып келген элдик мурас.

Жусуп Мамайдын айтымындагы “Манастын төрөлүшү” бөлүмүндөгү кызыктуу сюжеттик мотив – Жамгырчынын элин, Шыгайды Самарканга, Кызылтайдын элин Музтоого тажиктерге кошкону, Кызылтайдын кыпчак атка конгону. Жамгырчынын эштектердин Жамгырчы деп аталышы Жамгырчынын элин көзөмөлдөөнү Эштек калмакка жүктөлгөнүнөн улам айтылып калат. Калмак кыргызга кордук көрсөттү. Жакып бай калмакка жакшы мамиледе болот. Ногой хан Жакыпты жактырып калып, калмак менен кыргызга Хан көтөрөт.

Жамгырчынын Балта дөөсү “Ыстырлап” кызыл китепти жакшы билет. Китепте: Кыргыздан Манас чыгат – деп, Жазылып катка калыптыр, “Калмак эмес, Каңгайды, Карысы эмес Калдайды, Нар жактагы кытайды, Айлана да чаңданды, Алат деп Манас бир жайды, Айтылыптыр таң калды” – деп берилет [Ж.М. 8-б].

Окуянын жүрүшүндө Калмактын элинде күн батышта Сары Арка жеринде Шооруккан жердеген. Көтөлөк жеринде – Дөөлөс Кан, Көк ойдуңда

– Көңтөй, – Араникте (жердин аты) Дөөкан, Соксо, Сотой деген балбандар бар. Араникте Анжиян деген жер “Алты шаар” аталып, кийин Кокон шаары салынган (Калмак жашаган). Моңгүл деген Өңкөй уруудан молдосу бар. Ыраңкүдүк деген да бар. Бул экөөндө “Ыстырлап” деген бал китеби бар.

Жаңгыр төлгөчү, Эленкир – сыйкырчы – бул экөө үч жылдык окуяны алдын ала билип, Чыңгыш канга айтып турушу, Ыраңкүдүк - Алооке Нарында жашаганы ырааттуу берилет. Ыраңкүдүк Алоокеге болочок Манас

баатыр жөнүндө минтип айтат:

“Кыргыздан чыгат бир баатыр,

Ааламга туздай бүт татыр,

Калмак эмес кытайды,

Каратып чаап ал капыр [Ж.М. 9-б].

Жусуп Мамайда Манас баатырдын туулуш мотиви да, кызыктуу берилет. Ошентип, биз Жусуп Мамайдын вариантындагы Манастын генеологиясын айтууда бир топ өзгөчөлүктү, өзүнчө бир композицияны жана ар түрдүү жаңы мотивдерди байкадык.

Б.Н.Путилов былиналардын сюжеттик кубулуштарында кезиккен учурларын бир нече түргө бөлүштүргөн: версия, редакция, варианттарга жаткан өзүнчөлүк мотивдер. Редакцияга ал кээ бир учурларда бир аз эле өзгөрүүлөр кирүүгө мүмкүн деп аныктайт, версияда болсо, салттуу сюжеттерде ар түрдүү жаңы кубулуштардын кеңири учураганын айтат. Вариантта болсо салттуу сюжеттеги өзөк окуялар өзгөрүлбөй берилгени айтылат [Путилов Б.Н. Героический эпос и действительность. Л., 1988. 139-б.]. Мисалы, версияда салттуу сюжеттер, ар түрдүү кубулуштардын кеңири орунду алганы белгиленет. Редакцияда кээ бир учурларда бир аз өзгөрүүлөрдүн киргени айтылат, бирок ал кеңири орунду ээлебейт. Вариантта болсо салттуулук сюжеттин өзөгү өзгөрүлбөгөндүгү айтылат. Эгерде ушундай аныктамаларга таянып кыргыз эпосунун сюжеттик өнүгүүсүнүн жүрүшүн карап чыксак, бир топ түрлөрүн аныктап чыгууга

болот. Жусуп Мамайдын вариантынын өзгөчөлүктөрү ар түрдүү кубулуштарды өзүнө сиңирип, кызыктуу версияларды түзө алгандыгы.

Биз жогоруда көрсөткөндөй Жусуп Мамайда башка манасчыларда кезикпеген окуялар, инсандардын ысымдары айтылат, мисалы, Энесайда жашаган Маматкан жөнүндө жана калмактардын төлгөөчүлөрү Чынгыз канга алдын-ала боло турган окуяларды жеткирип турганы баяндалат. Ошондой эле Алооке Анжыянда эмес Нарын тарапта жашаганы айтылат. Манасчылардын ичинен Шапак Рысмендеевде гана Чынгызкан жөнүндө айтылат. Анда “Көкөтөйдүн ашына” келген калмактардын хандарынын аттары менен ногойлордун казак хандыгынан Чынгызкандын келгени айтылат. Ысык-Көлдүк Мамбет Чокморовдун айтымында ойчул Асан кайгы жана бир топ кыргыз хандарынын ысымдары жөнүндө айтылат. Анын вариантынын сюжеттик өнүгүүсү өтө кеңири көркөмдүү окуяларга бай, өзүнчө бүткөн бир чыгарма катары каралат. С. Каралаевдин варианты менен жогорудагы варианттын үндөштүгү байкалып турат. Бул жакындык Ысык-Көлдүк манасчыларда жалпылык бар экендигин тастыктап турат.

Түмөнкан, Бөйөнкан, Каракан, Чаянкан төрт хандардын ысымдары биз изилдөөгө алган бардык варианттарда айтылат жана ал элдин эң бир байыркы тарыхый окуялары менен байланышкан.

Жусуп Мамайдагы өзгөчөлүктөр төмөнкү факторлор менен түшүндүрүлөт: эпостун жаралуусу башка аймакта жаралган, ошондуктан Кызыл-Суулук кыргыздарда Мамайкан, Орозду баатырлардын ысымдары өздөрү жашаган аймактагы тарыхый окуялар менен байланыштырып айтылган. Бул вариантта Адыбай, Көлбай, Татбайлар Энесайдан Букарга көчкөнү айтылат. Ошол жерде атактуу бай Ногой Балыкарт деген жерди ээлеп турганы баяндалат. Башка манасчыларда кыргыздар Энесайден көчүп келген сюжет берилбейт жана калмактардын Чынгыз ханынын аты Шапакта гана аталат. Жусуп Мамайдын вариантына орто кылымдарда болуп өткөн бир топ тарыхый материалдар кошулган. Андан сырткары, Манастын генеологиясындагы салттуу, башка варианттарда сакталган хандардын

ысымдарын учуратабыз. Түмөнкан, Бөйөнкан, Чаянкан, Каракан, андан 8 уул, Ногой, Нойгут, Бай, Орозду, Үсөн, Жакып. Ороздунун 10 уулу болгон. Үсөн кийин Көзкаман аталып кеткен,. Көрүнүп тургандай Жусуп Мамайда “ногой”, “нойгут” деген кыргыз уруулардын аттары каармандар менен байланышканын көрөбүз.

Балага зар болуу, арман кылуу, түш көрүү мотивдери эпикалык чыгармалардын (түрк тилдүү чыгармаларда) салттык жаралышында окшоштуктарга ээ. Бул мотив С. Орозбаковдун вариантында да, салттык түрдө берилет.

Кан Жакып:

“Күрөөкө соот дат болду,

Кермеде толгон ат болду,

Кой күлүктү көргөндө,

Күлкүдөн Жакып жат болду,

Ээлеп минер бала жок,

Эгем кылса чара жок,

Эркек бала күтөм деп,

Эр Жакыпта санаа жок” – деп зарлап, Туучунакты минип алып, Меңдибайга жолугат [О.С. 36-б.]. Он бир жашар Меңдибай да, Жакыпка (Акымбек уулу) көңүл айтып, ал-жайын сурайт.

Сагынбайдын вариантында окуянын жалпы нугу, мазмуну негизинен салттык түрдө берилген. Хан Жакыптын көпкө чейин бала көрбөй зарлашы кемпири Чыйырдыны да кайгы-муңга салат.

Хан Жакып:

“Эркелеткен балаң жок,

Эрмек болоор адам жок,

Же сүйөрүңө балаң жок

Же сүйөнүшөр адам жок” – деп кемпирине таарынып, кудайга зарлайт: [О.С. 37-б.].

“Тукуму жок өтөм деп,

Туяксыз кандай кетем деп,

Жалгыз куу башым бар,

Датым кимге жетет деп,

Күндө-түндө тыным жок.

Дүнүйө жыйдым эпеңдеп,

Ажал жетсе бир күнү

Акыретке кетем деп,

Артымда туяк болбосо

Артык дөөлөт нетем” [О.С. 34-б.] – деп арман кылат. Ушул эле мотив С. Каралаевде мындайча берилет:

“Аргымак бактым ээси жок

Муну тартып минээр ээси жок!

Мен Алтайга келгени,

Карап малды көп жыйып,

Бастырып төргө чыкпадым,

Же “баа” эткен үнүн укпадым.

Арманым калың, ичим чок,

Алтайга минээр буудан жок” [К.С. -38-б.].

Баласыздыктын арманын сүрөттөөдө Саякбай жана Жусуп Мамайлар сюжеттин жүрүшүнө алдыда боло турган окуяга кире турган мотивдерди кыстарып кеткенин көрөбүз. Маселен кыргыз элин коргой ала турган Манас баатыр төрөлөрү тууралуу Жусуп Мамайдын вариантында алдын ала “Манастын төрөлүшү” бөлүмүндө мындайча берилет:

“- Алооке каным, - деп айтат,

Азыраак калды сиздерден,

Анан калса биздерден,

Касиет качат – деп айтат,

Жериңди таштап көчөсүң,

Каңгайды карап өтөсүң,

Коңурбай уулуң башкарат,

Айтылуу Бейжин көчөсүн,

Кыргыздан чыгат бир баатыр,

Ааламга туздай бүт татыр,

Калмак эмес, кытайды,

Каратат чаап ал капыр” [Ж.М. 9-б.]. Андан соң Чынгыш канга да, ушундай бала төрөлө турганын билгизет.

Мен айтайын, Чыңгыш хан,

Сен элиңе тарат, - деп,

Эркек бала туулса

Колун ачып карат, - деп,

Баланын ал туулган,

Бир уучунда хан болот.

Бир уучунда май болот,

Алакандын бүлтөктө,

Аппак мөөр басылуу,

Манас аты бар болот” [Ж. М. 9-б.].

С. Каралаевдин “Манастын туула элегиндеги бабалары” бөлүмүндө болочок баатыр Манас жөнүндө Эсенкандын сыйкырчысынын айтканын кыстарып кеткенин көрөбүз.

“Атактуу Манас кан чыгат,

Ошонун каарынан жан чыгат.

Ал бурутта туулат,

Манас атка мингенде

Сенин Тыргоотуң тыйпыл кырылат.

Орто бойлуу, кең далы

Кыргыздан Манас кан чыгат” – деп алдына ала айтылат [К.С. 38-40-б.]. Бул мотив – мүнөздөө Саякбайдын вариантында ар тараптуу күчөтүлүп чагылдырылат:

Аты Манас шер ошол.

Ок жетпеген аты бар.

Ок өтпөгөн тону бар,

Арбагы оор аты улук,

Берени ошол, бели ошол.

Негизги варианттардагы болочок баатырдын төрөлүшү жөнүндөгү алдын ала сыйкырчы аркылуу кабар берүү мотиви менен Жусуп Мамайдын айтымындагы окшоштуктар жөн эле берилип жаткан жок. Алар түрк тилдүү элдердин чыгармаларындагы эпикалык салттын байыркы белгилерден экенин тастыктайт.

Манастын чоролору Жамгырчы менен Балта дөө “Ыстырлап” деген китебин окуп, “Кыргыздан Манас чыгат деп, жазылып катка калыптыр, Манас бар жайды алат деп, анда экөө таң калат”. Ошол эле учурда капырлардын колунда да “Ыстырлап” деген китептен, далычы, төлгөчү Жангыр жана Элеңкир деген сыйкырчылар “бир жыл менен үч жылдын” боло турган окуяларын алдын ала билчүү экен. Алар Чынгыш ханга келишип төмөнкүчө айтышат:

Эркек бала туулса,

Колун ачып карат деп,

Баланын ал туулган

Бир уучунда кан болот,

Бир уучунда май болот.

Алакандын бүлтөктө

Аппак мөөр басылуу

Манас аты бар болот.

Угуп Чынгыш ойлонду

Буйрук берип козголду”... [Ж.М. 8-9-б.]

Чынгышкан өзүнүн буйругун берип, ар бир кыргыздын үйүнөн боюнда бар аялдарды карап, жаңы төрөлгөн баланын алаканында жазуусу бар экени табылса, ага жеткизип берүүнү буйрук кылат. Эгерде Саякбайда кытайлардагы Эсенкандын сыйкырчылары ханына Манас баатыр кыргыздарда туулары жөнүндө айтышса, Жусуп Мамайда Чынгышкандын

Жангир жана Элеңгир даалычылары, сыйкырчылары “Ыстырлап” китебинен окуп, ханына кыргыздарда Манас деген баатыр тууларын айтышат. Көрүнүп тургандай, эки манасчынын айтымында Манас баатыр төрөлө турган мотив алдын ала айтылганы менен бирге, ал мотив өзүнчөлүккө ээ экенин байкаса болот.

“Кырк уруу биздин эл эле,

Энесай бою кең болду.

Уруктап үрөн бутактап,

Кырк уруу кырк жүз болду.

Кырк уруулуу кырк жүзгө

Кыргыз деген Мамай ат койду... [ Ж.М.4-5-б.]. Башка варианттардан айырмаланып Жусуп Мамай кыргыздардын таралышын Энесайдан баштап, Мамай хандын кол астында жашаган уруулар кыргыз атка конгонун айтат.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн генеологиялык аттарды салыштырсак, бардык варианттарда, кыргыз хандарынын окшош ысымдары айтылат: Каракан, Бабыркан, Бөйөнкан, Чаянкан. Булар эпостун сюжетинин баштапкы курулушундагы байыркы ысымдар болуу керек. Алар бардык изилденип жаткан варианттарда туруктуу айтылат, калгандары ар бир аймакта айтылып, калыптанып келаткан сюжеттерге жараша, ал жердеги манасчылардын эпосту айтуусундагы өзүнчөлүктөрүн сактап, андан ары ошол сюжеттик ыкмада айтууга жана улантууга аракет жасагандарына байланыш болуу керек.

Демек, ушундай оозеки сакталган эпостогу генеология сюжеттин чиеленишинде маанилүү ролду ойноп композициянын туруктуулукту сактоосуна аракет жасалат. Мындай ыкма композициянын экспозициясына киришүүсүндөгү аракет дайыма кайталана турган, ар бир манасчыда айтыла турган прелюдия катары элестете турган киришүү. Ушундай генеологиялык композиция өзүнчө эпостун бет ачар ыкмасы болуп, ал “Манас” эпосундагы бир чоң сюжеттик блогун түзүүгө жол ачуучу окуя катары, ал окуянын чиеленишин Манас баатырдын төрөлүшү жана балалык чагы менен

ачылганын көрөбүз. Ошентип, Манас төрөлө электе эле анын руху мурдатан эле төлгөчүлөргө, сыйкырчыларга “кырк бугуну мүйүзүнөн байлаган кызыл чырай балага анан сыйкыр китеп “Ыстырлапта” жоолукканы айтылат. Бул сыйкырдуу мифтик мотив жогоруда көрсөткөн манасчылардын варианттарында жалпылыктарды билдирет. Манас төрөлө электе эле ал жөнүндө маалыматтар манасчыларда айтылганы бекеринен эмес. Себеби, бул мотивдин подтекстинде жаткан маанилүү байыркы архаикалык ой сакталганын көрүүгө болот. Ал ой жарык дүйнөгө келе турган бала жөнөкөй бала эмес, касиеттүү жан боло турганын белгилеп жатат. “Кызыл чырай баланын кырк бугуну мүйүзүнөн байлап” жатканы эле байыркы кыргыздардын бугуга тотем катары сыйынганын көргөзүп турат.

Манастын алдын ала келе турганын манасчылар ар бири өздөрүнүн импровизациясында өзгөчө ыкма, өз алдынчалык менен сыйкырдуу күч аркылуу ачып беришкен. Манасчылардын айтымында төрөлө элек баланын келечекте жалпы журттун башчысы, баатыры боло турганы жөнүндөгү мотив болочок баатырдын руху кандайдыр бир сыйкырдуу күч аркылуу алдын ала калайык калкка жарыя кылынып жаткан кеңири учуроочу мотивдерден, Манасчылардын сүрөттөөлөрүнөн көрүнүп тургандай, сюжеттин чиелениш мотиви, эпостун композициясында бардык манасчыларда сакталган. Бирок, оозеки айтылып, кылымдан-кылымга, элден-элге жеткирүүдө ар бир манасчы бул жетектөөчү мотивге ар түрдүү кошумча ыр саптарды киргизгени – бул өзүнчө бир мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Жусуп Мамайда Адылбек аксакал кан Жакыпка жакында уулдуу болоорун ага токойдон “кызыл чырай жаш бала” айтканын төмөндөгүчө угузганы бар:

Токойдон көрдүм кырк уулду,
Жетелеп айдап келаткан
Мүйүздөн байлап кырк бугу,
Учурап калып токойдон,
Сурадым дайнын мен муну,

Өзү бала айтпады.

Кызыл чырай жан бала

Ошону мага айтканы,

Бай Жакыптын уулу бул,

Аты Манас баатыр уул,

Кырк жигити биз деди,

Ким болосуз Сиз деди [Ж. М. 35-б.].

Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларындагы сюжеттик-композициялык окшоштуктар жөн эле айтылып келген жок. Мунун тамыры тереңде. Көптөгөн эпикалык чыгармалардагы мындай жагдайларды мотив мүнөздөөлөр түзөт. Б.Н.Путилов: “Мотив является постоянным элементом эпического сюжетного арсенала, он принадлежит не просто определенному тексту (памятнику) но национальной эпической традиций в целом и более – в своей имвариантной форме эпосу как феномену мирового фольклора” [Путилов Б.Н. Героический эпос и действительность. “Наука”. Москва – 1988. 147-б.] – деп жазган. Мотивдердин окшоштугу улуттук эпостордун сюжеттик нугундагы байыркы салттардын композициялык биримдигин тастыктап турат.

Биз мисалдарда көргөзгөндөй, Жусуп Мамайдын вариантында баладан дайын жок жүргөн Жакыпты тегерегиндеги калмактар шылдыңдап, ага аялы Чыйырдыны элдин жөрөлгөсүнө ылайык жалгыз токойго “жыртык кара үй тигип”, таштап койсоң, катыныңдын ардынганынан деле боюна бүтүп калар дешет. Жакып көп узабай эле Чыйырдыны жеке токойго алып барып таштайт, бир аздан кийин ал “Зымырык куштун көз майына, шердин жүрөгүнө, жолборстун тилине талгак болот”. Жакыптын тууганы Акбалта ушул талгакты баса турган нерселерди таап Чыйырдыга алып келип берет. Чын эле арданган Чыйырды биринчи жолу Карлыгач деген кызды төрөйт. Жакып дагы эле эркек балалуу болгусун самап, Чыйырдыны кайра токойго алып барып калтырат. Үч жыл өткөндөн кийин Чыйырды эркек бала төрөйт.

Ушул Жусуп Мамайдын Жакып эки балалуу болгон мотиви түрк-монгол эпосторунда туруктуу көрүнүшкө айланганын көрүүгө болот. Б.Н.Путиловдун пикири жогоруда айтылгандарды тастыктап турат. Ага алтайлыктардын эң байыркы “Алып-Манаш” эпосу мисал боло алат. Алтайда чачы аккуудай агарган, Жер менен Асман жаралганда, биринчи жаратылыш пайда болгондо, бак-дарак жаңыдан өсүп чыкканда, Байбарак баатыр деген адам жаралганда анын Эрмен-Чечен деген көздөрү жылдыздай, колдору үзүлгөндү жамаган, чачылганды жыйнаган аялы болот, алардын эки баласы болот, бирөө Эрке-Коо деген кыз, экинчиси Алып-Манаш деген баатыр. Ал баатырдын Күмүжек-Аруу деген кыргыз ханынын кызы болгон. Бул эпосту орус окумуштуусу П.Н.Берков жана Р.З.Кыдырбаева “Манастын” байыркы варианты болушу мүмкүн деген гипотезасын айтышкан.

Жусуп Мамайдын вариантында Жакыптын карыган учурунда эки балалуу болгону – кызы Кардыгач жана уулу – Манас деген мотив кокусунан айтылган эмес, Бөрүбай Султанов, Акун Ташиевдин варианттарында да баласыз Жакып менен Куурсундун (Чыйырдынын аты ушундай берилет) карыганда эки эгиз кыз жана эркек балалуу болгондору айтылат. Демек, Жусуп Мамайдын вариантындагы карыган Жакып жана Чыйырды баласыздыктан зарлап жүрүп, акырында эки балалуу болгону – бул Жусуп Мамайдын вариантында гана кездешкен мотив эмес, ал эпостун байыркы туруктуу окуясын сактап калгандыгына жатат.

Г. Жамгырчиева ушундай мотивдерди изилдеп жатып, окумуштуу Б.Н.Путиловдун пикирине жакын жыйынтык чыгарганын көрөбүз: “Эпостун түрдүү варианттарында көрүнүп тургандай болочок баатырдын ата-энесинин жашы улгайганга чейин баласыз болушу, перзент көрсөк деп дегдеши “Манас” эпосунда да башка түрк тилдүү элдердин эпосторундагы баласыздык сыяктуу туруктуу учурай турган сюжеттик мотивдерден экендигин даана көрсөтүп турат”. Окумуштуу эгиз бала баласыз үй бүлөөдө туулганы жөнүндө пикирин тастыктап жатып, мисалга алтай эпосунун “Алтын-Тойчи” жана “Алтын-Тана” сюжетин талдап жатып, каармандардын

болочок ата-энеси да баласыз болот, карып калган чагыбызда душман келсе бизди ким коргойт” – деп кайгырышат. Аялы кырк жылы эч кайда чыкпай үйдө олтурган күйөөсүн мергенчиликке атказат. Ал тогуз жылда кайтып келсе, анын үйүнөн бала менен кыз “Эсенсизби ата?” – деп тосуп алышат, көрсө аялдын күйөөсү тогуз жыл мергенчиликте жүргөндө уул-кызды жаратып, кемпир-чалдын зарын уккан ырайымдуу периште жиберген экен”.

Мына ушундай бирдиктүүлүк, мотивдердин жалпылыгы фольклордук терминологияда симпатикалык байланыш деп аталат. Мисалдан көрсөткөндөй, Жусуп Мамайдын вариантында ушундай симпатикалык байланыш башка элдердин фольклорундагы мотивдер менен байланышын, бул манасчынын вариантындагы сюжеттик өнүгүүсүндө кененирээк камтылганы, анын байыркы мотивдери менен байланышын үзө элек экенин белгилеп турат.

Сагынбай менен Саякбайдын варианттарында Жакыптын эгиз балалуу болгонунун изи өчүп, унутулуп калгандай сезилет. Себеби бул манасчылар эпосту XX к. чейин жеткизип, кээ бир мотивдерди өзгөртүп жибергени байкалат, алар окуялардын байыркы маанилүү сюжеттерин, салтка айланып калган инвариантын (байыркы) сактоо менен катар, алар өзүнүн эпосту ар бир айтканында сюжетти кайрадан чыгармачылык менен жаңыдан түзүп чыккан учурларында кездешүүчү ыкмаларга жатат. Ушундай чыгармачылык учурда, төкмөчүлүк эргүү учурунда алар кээ бир жаңы мотивдерди сюжетке киргизип жиберүүлөрү жана кээ бир салттуу мотивдер өчүп калуусу да мүмкүн.

Манасчылардын керемет түшү жөнүндө баяндоодон мурун бул мотив манасчылардын варианттарында канчалык туруктуу жана жалпылыкка ээ экендигине басым жасоо зарыл. Манасчылык – сыйкырдуу өнөр экени, ал өнөрдү аркалагандардын чыгармачылыгынын башаты “керемет түш” көрүүгө байланыштуу экени жөнүндө көптөгөн ой-пикирлер айтылып келет.

Ж.Орозобекова: “Ал алгачкы коомдо адамдар түш көргөндө аны ар кандай жорушуп, ар кандай жөрөлгөлөрдү ойлоп табышып, Көкө Теңирге,

күнгө, айга, отко, сууга сыйынуу, тилөө иш-аракеттерин кылышкан. Мындай ырым-жырымдар. ишенимдер кийинчерээк, тактап айтканда сыйынуучулук маниге ээ болгон көрүнүштөргө өбөлгө түзгөн", – деп жазат [Орозобекова Ж.К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу. Б., 2003. 30–31-б.]. Албетте, керемет түш көрүү анын турмуштагы орду өзгөчө. Себеби, алгачкы коомдогу адамдардын түшкө болгон мамилеси акырындап эпикалык чыгармалардын, мифтердин, легендалардын өзөгүнөн орун алды. Ошондуктан, манасчылардын, айтуучулардын түш көрүп манас айтып калышы бекеринен эмес. Биздин заманга чейин эле (469–399-жж.) Сократ, (425–347-жж.) Платондор түш көрүү боюнча өздөрүнүн көз караштарын жазышкан. Ал эми Сократ керемет түштүн проблемалары тууралуу "Сон может предвещать будущее" деп айткан [Сократ. 17–18-б.].

Орус агартуучусу А.Н.Радишев: "Сновидения относятся к явлениям свидетельствующим о несостоятельности идеалистического взгляда на душу, как на некую самостоятельную субстанцию, независимую от тела" – деп жазган ["Очеловеке и его душе и бессмертии". Сбор.филос.стат. М., 1991. 34–35-б.]. Көргөн түшүнө карай адам баласынын психикасынын өзгөрүүсүн иликтөө манасчылык өнөрдүн пайда болуу, түш көрүү аркылуу айтуучунун Манас айтып калуу, ал өнөрдү өнүктүрүп кетүүсү жөнүндөгү белгилер мурунку дооорлордон бери эле илимий негизде изилденип келген [Фрейд З. Толкование сновидений. СПб, 1999. 104-б.]. (З.Фрейд), К.Г.Юнг түш көрүүдөгү психологиялык процесстер [К.Г.Юнг. Современность и будущее. Минск, 1992. 18-22-б.]. Андыктан, Ж. Орозбекованын "Табигый талантынан сырткары манасчылар мурда-кийин өзүнөн мурунку манасчылардан угуп, аларды көрүп, ыгы келсе аралашып жүргөнү, алардын чыгармачылыгынын өркүндөшүнө өзүнүн таасирин сөзсүз тийгизген. Болбосо бүгүн түш көрүп, эртең эле "Манас" үчилтигин толугу менен айтып калуу чындыкка коошпой калмак. Айтуучулук өнөрдүн татаал процессинин бир жагдайын дал ушул "таасирленүү" ээлейт. Айтуучу изденет, айрым текстти жаттап алып, өзү баяндап келгенде сөзсүз колдонот. Ошентип,

чыгармачыл дүйнөсүн байытат, кайрадан айтып берүүдө өзүнүн жеке салымын кошот” – деген пикири чындыкка жакын.

Чындыгында керемет түш көрүүнүн бир нече түрү: баланын бойго бүтүшү, үйлөнүү мотивдери кездешет. “Манас” эпосундагы ар түрдүү сюжеттерге байланышкан түштөр архаикалык катмарлардын топтомдорун өзүнө сиңиргени байкалат (диндик ишеним, каада-салттар, мифтик түшүнүктөр) ж.б. Мисалы, С.Каралаевдин варианты боюнча болочок баатырдын бойго бүтүү мотиви түштө кандай берилгенин алып көрөлү. Жакыптын түшү:

“Менин түндөгү түшүм ыктуу түш,
Силерге тийчү мыктуу түш.
Түндө жатып түш көрсөм,
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен бир бала барчын бүркүт кармадым” [К.С. 45-б.].

Жакып көргөн түшүн Салбырынга мындайча баяндайт.

“Оң кол менен бир чапчып,
Күндү кармап алыпмын.
Сол кол менен бир чапчып,
Айды кармап алыпмын.
Оң колумда күн турат,
Сол колумда ай турат” [К.С. 45-б.].

Ушундай эле мотив С.Орозбаковдун вариантында мындайча берилет.

Кукулуктап үн чыкса,
Куштан башка үнү бар.
Куйрук башы жаркылдайт,
Куудай аппак жүнү бар.
Айбат менен караса,
Алп кара куш сүрү бар.
Жибектен боону тагыпмын,
Алтымыш кулач жибек боо

Аягына тагыпмын,

Ай мунарын жем кылып.

Абыдан сыйлап багыпмын,

Күмүштөн боо тагыпмын,

Күн мунарын жем кылып,

Күпкөлөп жүрүп багыпмын [О.С. 46-47-б.].

Эпосто түш көрүү бир катар эпизоддордо кездешет. Бул мотив эпостун композициясында жетектөөчү ыкма катары каралат. Себеби, ал ар бир жаңы эпизод башталарда өткөн окуя менен жаңы мотивди байланыштыруучу, алдын ала окуяны түшүндүрүүчү ретроспекция ыкмасы катары колдонулат. Эпостун сюжетиндеги ушундай композициялык түзүлүш башка түрк-монгол эпосторунда да кездешүүчү салттуу ыкма катары колдонулганын көрөбүз. Кереметтүү түш көрүү монголдордун “Сокровенные сказания монголов” аттуу чыгармасында кенен берилген. Чынгыз хандын атасы Есугейге Дай Сечен деген киши (кызына куда түшүп барганда) өзүнүн керемет түшүн айтып берет: “Снился мне сват Есугей, снился мне этой ночью сон, будто снизошел ко мне на руку белый сокол, зажавщий в когтях солнце и луну... и снизошел ко мне на руку белый сокол спустился. Что-то предвещает, подумал лиш я, как вижу подьезжаешь сват Есугей, ты со своим сыном”. [Сокровенные сказание монголов. М., Л., 1941.]. Көрүнүп тургандай, жогоруда айтылгандардын баарынын көркөмдүк жана идеялык башаты бир болгон. “Манас” эпосу менен монгол элинин эпосундагы сюжеттик окшоштуктар, түш көрүү мотивиндеги жалпылыктар, керемет салыштыруулар байыркы элдердин оозеки чыгармаларындагы архаикалык катмарлардын жакындыгын көргөзүп турат.

С.Каралаевдин вариантында Жакып кандын түшүн Акбалта төмөндөгүдөй жоруйт:

“Балалуу болсоң кулунум,

Атын Манас коёсуң.

Кара көк жал эр болот,

Ай-Ааламды буй кылган,

Аябаган шер болот” [К.С.45-б.].

Чыйырды батага кубанып, дүнүйө топтоп, жата бербей мал союп, элдин батасын алуу жөнүндөгү оюн кан Жакыпка билдирет. Ал эми С. Орозбаковдо кан Жакып эл журтту чакырып, кыпчактан, Таз чечен, нойгуттан Акбалта, кыргыздан Байжигит, түрктөн Дамбылда, Абдылдаларга бирден ичик жаап, көргөн түшүн жооруп берүүсүн өтүнөт. Байжигит: Жакыптын куш кармаганы эркек балалуу болоору, болочок баатыр ай тийген жердин баарын алып, күн тийген жердин баарын тейлейт экен. Алтымыш кулач жибек боо такканың ал баланан алтымыш жашка чыккыча аким болуп, журт сурайт экен. Байбичең ажыдаарды ат кылып мингени ошол баланын ажыдаардай айбаттуу, арстандай кайраттуу болоору, Шумкар кармоо кыздуу болуунун белгиси”, – деп жоруйт. Бакдөөлөт көргөн түштү Дамбылда: “Токолуң да эки эркек бала тууйт экен” – деп жоруйт.

Ошентип, түш көрүү сюжеттин чиеленишинде экспозициялык ролду ойнойт. Түш көрүү келечекте боло турган окуяны алдын-ала бекемдөөчү, өзүнчө подтекст, түшүндүрмө ыкма катары колдонулат. Баатыр бала төрөлөрүнүн алдында ал кандай болорун жоромолдоп түшүндүрөт, ошону менен бирге эпостун идеялык багытын аныктоочу келечектеги окуяга байланыштуу болуп, алдын ала маалымат берүүчү ыкманы аткарат.

Түш көрүү, түштү жооруу берилген мотивден башка да, бул чиелениш бөлүмдө дагы бир катар салттуу мотивдердин топтолушу берилет. Сагынбайдын варианты боюнча тема башка аталганы менен окуянын жалпы нугу жана мазмуну негизинен салттык түрдө берилген. Манастын төрөлүшү эпостун бардык варианттарында кездешүүчү туруктуу мотив. Бул бөлүм сюжеттин өнүгүшүнө карата бир нече майда окуяларды бириктирип турат, андыктан биз сюжеттик баяндамада мотивдин басымдуу ролду ойногонун, ошону менен бирге бул мотивдердин түрдүү өзгөрүүлөргө туш болгонун байкадык (түш көрүү, баланын бойго бүтүшү, эненин толгоо тартып, талгак болушу, баланын төрөлүшү, ага ысым берүү). Эненин боюнда бар кезинде

жолборстун жүрөгүнө, бүркүт, жалтанбас жаныбарлардын этине талгак болушу эпикалык чыгармалардагы салттык сюжет. Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда башкы каармандардын көпкө чейин бала көрбөй, кудайдан тилеп, мазарларга сыйынып, тилек кылуу жөрөлгөлөрү салттуу мотив катары каралат.

С.Орозбаковдун вариантында, жаңы төрөлгөн Манас оң колуна кара кан кармап түшкөн мотив бир топ түрк-монгол эпосторунда туруктуу жолуга турган мүнөздөмөгө жатат деп белгилейт Р.З.Кыдырбаева. Ал мисал катары “Сокровенное сказание монголов” аттуу чыгармадагы төмөндөгүдөй мотивге токтолгонун көрөбүз: Чынгызкандын жесир калган энеси Оэлундун Темучин жана Касар деген балдары болгону айтылат. Анын башка атадан туулган дагы эки уулу – Бектер жана Белгутай болот. Бул экөө мергенчиликте тапкан олжолорун Темучин менен Касарга бербей коюшат. Алар энеси Оэлунге даттанып барышат, анда энеси аларды “урушпай-талашпай чогу жүргүлө” деп насаатын айтат. Бирок, Темучин менен Касар акырын аңдып жүрүп, Бектерди атып салышат. Ошондо аябай ачуусу келген Оэлун Темучин баласын төрөгөндө эле анын ташбоор экенин байкаганын айтат:

Этот вот, видно недаром
Из чрево яростно варвавшись,
Сгусток кровавый в руке зажимая
На свет появился!
Темное целю своевал свершили.
Словно дикие псы,
Что лоно у матки своей прогрызают.
[Сокровенное сказание монголов. - М., Л., 1941].

Келечекте Чынгызкандын (Темучиндин) кандай болорун, алдыдагы ишмердүүлүгүн энеси эчак эле билгени айтылат.

Жусуп Мамайдын вариантында Балыкарттан Барскоон ашып, Күнөс деген жерде кан Жакып жайлайт. Бирок, “Куубаш Жакып айылы” деп

калмактар күнү-түнү Жакыпты ардантат. Жакыпка үч-төрт аксакал төмөндөгүдөй ой-пикирин айтат:

“Жырык уйга жүк артып,

Жыртык кара үй артып,

Алпарып ташта токойго,

Катыныңды ардантып.

Алып келбей таштап кой,

Ошол жерге саргартып,

Арданса төрөйт катын” деп

Жүрүүчү эле эл айтып” [Ж.М. 10-б.].

Байыркы мезгилдерде жашаган элдер төрөбөс аялдарды ырым кылып айылдан алыс токойлорго көчүрүшкөн. Жакып Чыйырдыны токойго алып барып койот. Чыйырдынын түшүнө Жакып кирет. Жакыптын көзүнө Чыйырдынын бетин нур чалганы билинет. Кереметтүү түш көрүүдөн улам көпкө төрөбөй жүргөн Чыйырдынын боюна бүтөт. Хан Жакып мал жаны менен Ак токой, Буурул токойго көчөт.

Акбалта Чыйырдыны он төрт жаш курагында олжодон алып келген кыз экенин билип, Жакыпка алып беришет. Жусуп Мамайда да, Чыйырдынын боюна бүтүшү тууралуу төмөнкүдөй берилет:

“Чыйырды боюу жетилип,

Күндөн-күнгө Жакыптын

“Эркек тууса, кантем?”- деп

Ойлосо деми кысылып (кесилип)

Эркек туубай кыз тууду,

Кызына Жакып ат койду.

Кардыгач аты болгону” [Ж.М. 5-б.].

Арадан үч жыл өткөндө Жакып ойлонду:

“Адат алып калды бейм,

Мурункудай катынды

Алып барып салсам бейм,

Ырымы ырым болор,  - деп

Ырысыма уул туулса,

Конушума коноор”. – деп

Үй курады жаңыдан,

Төрт түлүгү тең үчүн,

Баары өзүнөн табылган.

Укмушту Жакып баштады.

Чыйырдыны талаага

Алып барып таштады  [Ж.М. 10-11-б.].

Жарым ай болсо да, өзүбектин жесири уулу экөө азык оокат ташыйт. Жакып баланы атка мингизип, токойго азык артып жөнөтөт. Токойдон балага кырк бала жоолугат. Токойдо тузакчы, өрдөк, казга куш салган адамдар, кырк арстан бар экенин көрөт. Азыкты жеткирип келээри менен бала Жакыпка көргөнүн көргөндөй бүт айтат. Адылбек карыя Жакыпка токойдон жолугуп, көргөң билгенин мындайча билдирет:

“Токойдон көрдүм кырк уулду,

Жетелеп алып келаткан.

Мүйүздөн байлап кырк бугу

Учурап калып токойдо,

Сурадым дайынын мен муну.

Өзү бала айтпады.

Кызыл чырай жаш бала

Ошонун мага айтканы:

Бай Жакыптын уулу бул,

Аты Манас баатыр уул,

Кырк жигити – биз, - деди

Ким болосуз сиз? – деди

Көзүмөн агып жаш кетти,

Жашымды ааарчып карасам

Жоголуп балдар кеткени [Ж.М-11-б].

Жакып намыстанып Суукуйрук улоого (калмактар шылдың кылат деп) баланы байлап айдатып жиберет, (өзүбектин жесири - Магдым) Магдым жесир, баласы өлгөнүнө чыр салып (отуз жашта) аза күттү. Адылбек Жакыпты көндүрүп, Магдымга нике кыят. Магдымдан – Серек-Сыргак төрөлөт деп айтылат. Чыйырдынын боюна бүткөнүнө үч ай болсо да байкабай жүрөт. Чыйырды башка вариантардай эле, мында да шердин тилине, жүрөгүнө талгак болот. Жусуп Мамайдын вариантында болочок баатыр төрөлгөндө Адылбек Балта дөөгө сүйүнчүлөйт – ал сүйүнчүгө ээр токулуу ат берет. Беш жүз мергенчи тарабынан – эки жолборс, эки шер, отуз бөрү атылды. Акбалта: Урум шаардын паашасы Орозду атама Сумуруктун көзү деп берген экен. Энебиз катып жүрүп берди дейт.

Чыйырдынын толгоосу Жусуп Мамайдын “Манастын төрөлүшү” бөлүмүндө мындайча мүнөздөлөт:

“Баланча жакшы эле”, - деп,
Эркек менен катындан,
Карысы менен жашынан
Элүүдөн ашык жан келди,
“Баланчада каруу бар.
Балан катын эптүү”, - деп
Эл кетпей турду шыкаалап.
Тыңдуулап бирден шыйгарып.
“Карышып колум кетти”, – деп,
Улам бирден тыңдалып,
Эр азамат катындар,
“Мына эми түшөт деп,
Анталашып жатышты,
Аз болгондо Чыйырды,
Алтымыш киши тартышты”
Бешикке салып терметти
Килемге салып көлбүттү?

Кирип кымыз ичпеген,

Жылкычы, койчу кем таалай

Шылтоо менен төргө өттү.

Так он беш күн ошентип,

Чыйырдыны төрөттү

“Көйкөлүп жатат көк тулум” [Ж.М. 9-16-б].

Адылбек кирип караса көк тулум жатат. Калмактын молдосу да кирип, тулумду көрөт. Адылбекти Балта дөөгө чаптырат. Акбалта үйгө кирип, баарын сыртка чыгарат. Жакыпты короонун аркы четинде кыңшылаган күчүктүн үнү чыгат, барып экини алып кел дейт,

Балта дөө:

“Балтанын үйгө киргенин,

Кечилге кыргыз билдирбейт,

Колу-буту бүгүлүп,

Бүжүрөп Жакып жүгүрүп,

Эки түгөй куу күчүк

Энеси жок жатыптыр,

Баштыкка салып Жакып бий,

Алып келе калганы.

Жакып жете келгенде,

Тулумду Балта жарганы,

Ичинен чыкты эр бала,

Так тогузда кишидей.

Чамасы туратал жагы,

Эңкейип колун карады,

Оң колунда майы бар,

Сол колунда каны бар.

Бүтүн дүйнө кылымды

Сойучудай жайы бар”

Оозуна майды салганда,

Ыйлап оозун ачканда.

Күркүрөп үнү угулду,

Күн мөндүрлөп куйулду,

Токойдо кайып калбады,

Токтоно албай барлары,

Көлдөр толуп чайпады,

Жер титиреп козголуп,

Бутун тартып алганда,

Аңтарыла аз калды.

Карысы бар жашы бар.

Эки кемпир бир бала

Баланын коркуп үнүнөн

Эси ооган чагы бар” [Ж.М. 17-б.].

Адылбек, Балта, Жакып колун ачып караса “Манас” деген жазуу бар экен. Көз тийбесин атын “Чоң жинди” коёлу деп чечишет. Жакып Баркол деген жерди жайлап турду [Ж. М.-18-б.].

“Беш жашында телчиди,

Алты жашта эр жетти

Жылкыга барып мал бакты,

Күндө союп семиз бээ,

Бээге кошуп тай союп.

Кымызга чайкап бал куюп,

Эртеден кечке кемитпей,

Дасторконго май коюп,

Бай Жакыпты какшатты” [Ж.М. 18-б.].

Караногой калмактар кыргыз катындарынын кардын жарганда Камбыл деген жерге жер которгон катыны эркек төрөп атын Мажик койот. Жолдо алар келатса Чоң Жинди жолугуп, Хан Жакыптын уулу экенин айтат да, Турпанга Хан Жакып күз күтүрөп, бышыкчылык маалында келет да, Караногой менен жолугат. Караногой 40 төөгө буудай артып Жакыпты

Баркөлгө узатат [Ж.М.-18-б.]. Болочок баатырдын келечекте эл-жерди коргогон, баатыр инсан болоору тууралуу бардык вариантта айтылат.

Ал эми Тоголок Молдонун вариантында “Манас туула электе 50 жыл мурун кытайдын окумуштуу, билгич, балчы, сыйкырчылары (палчы) Курандан билип: “Түркстандын түрк уругунан бир бала туулуп чыгат. Ошол бала кыраандык атап алып, кылыч кармап аттанганда кылымга бүлүк салат. Кытайың аман калбайт”, - деп өкүмдарларына кабарлашат [Т.М. 21-б.].

Чоң-Бээжинде кеңеш уюшулуп, Манасты кармап келүүгө Чоң Бээжиндин ханы Эсенкан баатыр Орто Бээжиндин ханы Солобо, Кичи Бээжиндин ханы – Солдоң Сур катышкан кырк миң аскерди Чоталанын жетекчилиги астында жөнөтөт. Алар үч жыл жол жүрүп келип, түрк балдарын сүрүп, өзбек, тажик, ооганга кытайдан аким коюп, Чотала кетет [Т.М. 22-б.]. Тоголок Молдонун вариантында: “Кытай түрк балдарын катуу кысып, бооз катындарды жарып, ичинен баласын алып таштаган күндөрү болот” – деп мүнөздөлөт [Т.М. 23-б.]. Көпкө чейин балалуу болбой арман кылган Жакыптын арыз-муңу төмөндөгүдөй берилет:

Жакып менде туяк барбы?

Кеп угарга кулак барбы?

Каргашалуу мендей

Калк ичинде чунак барбы? – деп зар какшаганын Акымбектин он бир жаштагы баласы Меңдибай байкап, Жакыпка келип сөз айтат [Т.М. 24-б.].

Тоголок Молдонун вариантындагы түш көрүү мотивин алып көрөлү: Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт – үчөөнүн түш көрүп, той берип, түшүн жорутканы да бир топ кызыктуу. Чыйырдынын түшүндө - Ак сакалдуу, ак селделүү киши: “Силердин ыйлап суранган тилегиңерди кудурет кабыл кылды. Мага аманат алма берип, силерге жиберди. Мына, бул ак алманы жесең уул болот. Бул кызыл алма кыз деди. Алланын кызматкеребиз”, - деди [Т.М. 30-б.]. Туучунакты (атты) издеп, Меңдибай Жакыпка туш болот. Хан Жакып Меңдибайга түш көргөнүн мындайча билдирет: - “Түшүмдө бир туйгун кармап жүрүпмүн. Таңшып шаңшыса, бул куштан башкача үнү.

Кудай колума берди”.

“Чырымтал жүнү чылк алтын экен,

Текөөрү болот, темир экен.

Серпкенин өлтүргөн кыраан экен,

Буга жар берүүчү жараткан өзү экен деди” [Т.М. 30-б].

Жакып Чыйырды өз ара түшүн жоруп, кырк бээ сой деген Чыйырдыга Жакып көнбөй, өзүнчө ойлонуп турганда кулагына бир добуш угулат:

“Ой, атаке эмне капа болуп кайгырдың?

Алты суу толгон малың жатып, тең карыган,

Байбичеңди ыйлатып капа кылдың.

Кыламын десең кыйын эмес,

Кытай дагы сага табылат.

Кыйналбагын дүнүйө үчүн,

Сага кылымдын малы табылат,

Оолукпагын дүнүйө үчүн,

Орус сага багынат,

Бүтүн ойроттун баарын чабасың

Ойдо жок дүйнө табасың” [Т.М. 38-б.].

Бакдөөлөттүн түшү төмөндөгүдөй баяндалат:

“Байым, түндө мен бир түш көрдүм.

Түшүм эң сонун түш:

Бозала туйгун, боосу жез экен,

Боору кара, мойну кез экен.

Оң колуңа алып, обону көздөй салдың,

Сол колуңа алып, сонорго салдың.

Сонорго салынган канаттуулар далдайып уча албай, байбиченин алдына келип түштү. Байбиченин үйүндө балдагы алтын туурда аппак туйгун олтурат. Талпынып канатынын күүсүн укканда канаттуу паранданин баарысы томолонуп, жерге түшүп калды” [Т.М. 39-б.]. Төөчунак бошонуп

качканда, кырды ашканда кырдан кырк бала чыгып кыйкырып, куу чабдарды кубалап жолго түштү.

“Бай Жакыптап!” бакырат,

“Манастап!” ураан чакырат [Т.М.-45-б.].

Манастын төрөлүшү жөнүндөгү мотив да кызыктуу.

Тойдон кийин үч жылдан кийин:

“Байбиченин боюна Манас,

Бүткөнүнө үч ай бүтүн толду.

Байбиче талгак болуп,

Тамак жүрөгүнө барбай,

Талгак болгондо да

Жолборстун жүрөгүнө талгак болду, – деп берилет [Т.М. 56-б.].

Жылкычы Бадалбай бир жолборстун жүрөгүн алып келет [Т.М. 57-б.].

Бир бээнин жүрөгүн кошуп берет. Кула бээ да, Манас төрөлөрдө тууйт [Т.М. 60-б.]. Байбиче сегиз күн толгоо тартат. Аңгыча оң жолуна салды, Умай эне байбиче келип калды, Ужутка чык – деп, Алланын амирин ук – деп. Анда бала кеп айтат: “Мен чыгайын, Сөзүңдү угайын. Мени тургузбай айда, Менин ырыскым кайда?” Баланы уруп кирди. Умай энени урдурган, Улук кудай сенин, Ырыскыңа жалган жайда, Чык ылдам, Тар курсакта тагашып. таппайсың мындан пайда [Т.М. 61-б.]. Каканак жарылып, суусу шар этти, баркырап. Баланын үнү барк этти, Эки колуна кан уучтап, Какшатып энесин, карынды катуу тээп. “Кайда менин кармашаар, Душманым!” – деп бала, жерге туйлап, бакырып ыйлап түштү [Т. М. 61-б.]. “Оромолун башынан алды, баланы ороюн деп, жаңы туулган жаш бала оң колун сууруп алды, отуздагыдай жигиттей, так кырктагы кишидей, Бутун тартып алды” [Т.М. 62-б.]. Катындар үч карын майды алды, үч мертебе салды. Жолборсуң үч карын майды, үч саат койбостон жалмап салды. Чыйырды алдына алып, эмчегин салат: Биринчиси сүт, Экинчиси суу чыкты. [Т.М. 62-б.] Бул вариантта да , Манас төрөлгөндө сүйүнчүнү Акбалта айтат. Ар бир манасчы каармандардын

мүнөзүн ачып берүүдө өзүнчө чыгармачылык стилге ээ болот. Тоголок Молдонун айтымында Манастын образы төмөндөгүдөй мүнөздөлөт:

«Кочкор тумшук, кош кирпик экен,

Көзү тик, көркү калчага окшойт.

Жар кабак, жалайык ооз,

Жаагы жазы, ээги узун, эрди калың,

Көзү кайнап нар жагында жатат» [Т. М. 71-б.].

Бул портрет С.Каралаев, С. Орозбаковдун вариантарында да кенен берилет, Манас туулганда той берилет. Ат коюу салтын Бердикенин сунушу менен кадимки Дубана аткарат:

“Бул баланын атына,

Баш жагына “мым” келсин,

Пайгамбардын сүрөтү,

Ортосуна “нун” келсин,

Олуянын сүрөтү,

Аягына “сын” келсин,

Арстандардын поруму”, ж.б. [Т.М. 81-б.].

С.Орозбаковдун айтымындагы Манастын төрөлүшү бөлүмүндө баланы оозантканда анын бөтөнчө бала болорунун белгиси Куртканын зайыбы Канышбектин айтуусунда эле билинет:

“Оозантмакка баланы

Оозуна эмчек салганы.

Өзөгүн үзө бир соруп,

Өлө жазып калганы” – деп, мында жаңы туулган баланын келечекте баатыр болоорунан алдын ала кабар берип жатат [О.С.79-б.] Сагынбайдын вариантында бул мотив мүнөздөөгө жатат.

“Астына алып Чыйырды

Оң эмчегин салганы.

Абалкысы суу чыкты,

Экинчиси сүт чыкты,

Үчүнчүсү кан чыкты,

Чыдай албай ошондо,

Байбичеден жан чыкты”, – деп Манастын келечеги, баатырдык касиеттери жөнүндө мүнөздөйт [О.С.79-б.]. Салт боюнча Хан Жакыптан баатырдын төрөлүшү тууралуу Акбалта, Канышбек, Канымжандар сүйүнчү сурайт. Фольклорист Б.Н.Путилов: “Эпический сюжет реально существует в различных версиях (наиболее высокая степень различий), реакциях (частная разновидность версий), вариантах (конкретные реализации малосущественными содержательными различиями)”,– деп жазган [П.Б.139-б.].

Саякбайдын айтымында да Чыйырды жолборстун этине талгак болуп, сексен бээнин этине алымсынбайт. Кытайдын Кочку аттуу мергени аткан шердин этин токсон төөнүн буудайына алмаштырып, Балта баш болуп кырк үйлүү кыргыз кубанат.

Жакыптын түшүндө, думана:

“Атыңдын оозун бур Жакып,

Алда – деп, өйдө тур Жакып!

Кызыр алейки салам мен элем,

Кыр жагыңа келгеним –

Жараткан берди бир бала,

Ошону айтып бергени,

Кайгынын баарын кой, Жакып,

Бүгүн эркек уулдуу болосуң,

Атын “Манас” кой Жакып!

Бул уулуң Алтайга келип туулган”, – деп аян берет да, бүгүн куу ала бээң да тууйт [К.С.54-б.]. Ал тулпар чыгат. Манастын казатка минер аты ушул болот. Манас ок өтпөс тон кийип, ок жетпес тулпар минип, ордолуу журтка билингиче баланын атын эч кимге угузба. Алар Манастын атын укканда калайыкка чыр салат, - деп кайып болот [К.С.51-б.]. Түш туура чыгып, Манастын төрөлгөнүн кабарлап, Акбалта Жакып ханга сүйүнчүгө

барат. Ал Манастын атын Чоң Жинди коюуну сурайт. Натыйжада Манастын төрөлүшү мындайча гиперболизацияланат:

“Курсакта жатып бакырды,
Манастап ураан чакырды,
Оң колуна кара кан
Кармай түштү хан Манас” [К.С. 54-б.].

“Курсактан бала түшкөндө,
Көргөн жан болду бушайман.
Ой, Жакыбым, ойлончу,
Курсактан түшкөн баландын
Мынчалык болду жышааны,
Бакырып бала түшкөндө,
Түшкөн жерден чаң чыкты.
Ыйлаганда ал бала
Жүрөк туйлап жан чыкты,”– деп болочок баатырдын жарык дүйнөгө келиши кандайдыр бир сыйкырдуу белгилер менен келет [К.С.-54-б.].

С. Каралаев өзүнүн сюжеттик формулага айланган, башка варианттарда да кайталанып айтылган, кеңири тараган Манас төрөлгөндөгү укмуштуу белгилерди да колдонгонун көрөбүз. “Манас” эпосундагы ушундай сыйкырдуу белгилер жөнүндө окумуштуу Р.Сарыпбеков [Сарыпбеков Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. Ф., - “Илим”. 1987.] “Чындыгында ата-энесинин, элдин тилегин көксөп, зарлаган максатын ишке ашыруучу эпикалык каармандын төрөлүшү, ага ат коюу, эр жетүүсү адаттан тыш укмуштуу мотивдер менен коштолуусу, эпикалык планда табигый нерсе” деп белгиленген. Болочок баатырдын атын “Чоң жинди” деп койгондо, бир жагынан кыргыз эпосунда мифтик мотив менен байланышып, балага көз тийбесин, ар кандай зыян тийгизүүчү кара күчтөр жолобосун деп ырымдап, экинчи жагынан эпостун тарыхый өнүгүүсүндө кыргыздар калмак-кытайлар менен салгылашып жүргөн учурда бул байыркы миф жаңы мотив менен алмашып, төрөлгөн баланын атын өзгөрткөнү көрө албаган душмандар

болочок баатырды өлтүрүп кетпесин деген мотив менен алмашканын көрөбүз. Балага ат коюудагы эпостордун сюжетинде сакталып калган байыркы мифтик ырым-жырымдар “Манас” эпосунда да ачык байкалып турат. Биз жогоруда айткандай, бул эпикалык мотивде байыркы салттар кеңири сүрөттөлөт.

С. Каралаевдин вариантында бала төрөлгөндөгү ырым-жырымдардын берилиши төмөндөгүдөй сыпатталат.

“Даам ичирбей балага,

Ушул болот ок менен

Оозандырып бериңиз.

Айтканымды билиңиз,

Айгайлаган тоо келсе,

Бир кереги чын тиет. Бул жерде “Ок” менен оозантуу Саякбайдын вариантында кийинки мезгилдердеги тарыхый окуялардын натыйжасында келип чыккандыгын байкоого болот.

Эпикалык чыгармалардагы болочок баатырдын төрөлүшү жөнүндөгү эпизоддор туруктуу мотивдерге жатат. Саякбай бул бөлүмдөрдү баяндоо формасында жаратып, сюжеттин өнүгүү нугун абдан деталдаштырылган. Эпикалык каарман Манас аркылуу эпостун сюжеттик курулушу улам татаалданып, башка кейипкерлердин образдары көп кырдуу көрүнө баштаганын байкайбыз. Андыктан, эпикалык дүйнө, эпикалык каармандардын мүнөзүнөн, кылык жоругунан, дүйнөгө болгон көз карашынан улам түптөлүп теманын жана идеянын чечилишин шарттайт. Б.Н. Путилов “Понятие “эпический мир” будет употребляться нами для обозначения той обьективной существующей художественной реальности, какая создается эпическим творчеством и прочитывается в текстах: она охватывает сложную совокупность событий характеров, поведения и отношений персонажей, пространственных и временных представлений социальных, этнических, бытовых универсумов”,- дейт [П.Б. 7-б.].

Сагымбайдын вариантында Манаска ат коюлгандан кийин хан Жакып эл чакырып, той өткөрөт. Бир калмак Бээжиндин ханы Эсенканга тойдун жүрүшү тууралуу катты өзү алпарат. Эсенкан ачуусу келип, калмакты үйдөн кууп чыгат. Чоң Жинди жөнүндө калмактын калың журтуна билине баштайт. Ал жашынан шок чыгып, калмактын балдары менен уруша баштайт: Манастын балалык чагы:

“Он эки бала калмактан,
Тырайып өлүп калды эми,
Балдар качып жүргөндө,
Токтобой Манас солугуп,
Кыргыздын кырк аласы
Каран болуп чогулуп,
Калмактын сексен баласын!

Кезиккенин жанчыптыр”, - деп сүрөттөлөт. Бул бөлүмдө Манастын балалык кезиндеги шок мүнөзүн айтуучу чечмелеп, анын келечекте зор баатыр болоорунан кабардар кылат. Сагымбайдын вариантында да Манаска ат коюу салтын кадимки думана аткарат.

“Аты болсун Манас деп,
Алла таала сактасын
Ар балаадан калас деп,
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы.
Аты жакшы болду деп
Айтканда көңүл толду деп
Ата-энеси кубанды.
Алып турган энеси,
Алтынды, кымкап буларды,
Жая салды, дубана
Алдым дагы, бердим деп
Алиги көргөн дубана

Кайта берди буларга” [О.С. 105-106-б.].

Хан Жакып Манастын туулганына карата отуз адамды тойго эл чакырууга жиберет.

Сагымбайдын вариантында жогоруда көрсөтүлгөн окуялар кыргыздардын Арал, Алтай тоосу, Аксы, Күчөр, Иленин башына чейин көчүп конуп жүргөнүн сүрөттөө менен башталат. Калмак, казактан кордук көргөн жетимиштей түтүн кан Жакыпка корголойт. Жакып Иленин башы Үч-Аралды, Азоо-Бел жайлоолорун жайлайт.

Эпостун сюжетинин өнүгүшүндө реалдуу жерлердин аталыштары чагылдырылып жатканы бул – манасчынын ойдон чыгарып айтып жаткан фантазиясы эмес. Бул жер-суу аттары кыргыздардын көчмөн турмушундагы, бир кездеги конуш катары пайдаланып жүргөн жерлери болушу мүмкүн. Эгерде манасчы кыргыздар көчүп жүргөн жерлерди реалдуу тарыхый чындык болушу мүмкүн. Эпостун сюжетинде тарыхый реалдуу топонимиканын чагылышы, бул ошол кезде болгон окуяларды манасчылар, ар кимиси өз учурунда көргөн, уккан, билген окуяларды эпосту аткаруу учурунда кошуп, улап кетүүгө аракет жасаган.

Эпосто элдик идеялар менен катар, исламдык мотивдер да камтылган Мисалы, Алмамбеттин өз мекенин таштап кетүүсүнүң негизги мотив катары анын мусулман динине өткөндүгү эсептелсе, Саякбайда динден башка да мотивдер болгондугу айтылат: Эсенкандын Алманбетке сураган кандыгын бербегендиги, анын атасынын "Канжайлак" жайлоосун Коңурбайдын тартып алышы ж.б. Сагымбайда согуштун натыйжасында жеңилгендер мусулман динин кабыл алышса, Саякбайда, исламдын таасири анча сезилбейт.

Кыргыз элинин сырткы душмандардан коргонуу максатында бирдиктүү мамлекет түзүү үчүн аракеттер, элдик каармандардын баатырлыгын даңазалоо, элдин бөштондугу жана жыргалчылыгы үчүн күрөшүү, гумандуулук, мекенчилдик сыяктуу идеялар эпостун негизин түзөт.

Саякбайдын айтымындагы сюжеттер реалдуу турмушка жакын экендиги аныкталды. Саякбай эпосту тынч жаткан кыргыздарга Алооке

кандын баскынчылык менен кол салып, кыргыз урууларын ар тарапка сүрүүдөн баштайт. Мунун натыйжасында Алтайга жер оодарылып барган кыргыздардын бири болгон Жакыптын байбичесинен – Чыйырдыдан кыргыздардын келечектеги таянычы баатыр Манастын төрөлүшү шартка ылайык, табигый окуя болуп көрүнөт. Манас төрөлө электеги түшкөрүү, Манастын төрөлүшү, анын балалык чагы, Манастын Кошойго жолугушусу, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келиши, Алооке кандын Таластык кыргыз урууларына жана Шоорук кандын алайлык кыргыз урууларына кол салышы, өз элинен кеткен Алманбеттин Көкчөгө барып, андан Манаска келиши, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандардын чыккынчылыгы, Көкөтөйдүн ашы, Чоң, казат сыяктуу көп учураган эпизоддор. Жогоруда айтылгандар "Манас" эпосунун негизги сюжеттик сызыгын түзөт.

Өткөн кылымдардагы кыргыз урууларынын көргөн кордугун, жер оодарылышын, ички талаш-тартыштарын, биримдик үчүн, кол салган жоолордон сактануу үчүн күрөштөрүн сүрөттөгөн баатырлык эпосто эл ата журттун коргоого ар дайым кашыктай канын, чымындай жанын аябастан, тайманбастык, ашкан эрдик көрсөткөн баатырларды, адамгерчиликтин эң күчтүү касиеттери катарында идеал, образ кылат.

Кыргыздарга туу болгон Манас Алтайдагы уруулардын башын кошуп, арбын кошуун жыйып, бабасы эр Кошойдун акылы боюнча жолдогу Текес кан менен Алоокелердин колун жапырып, элди ата-бабасынын жери— Ала-Тоого алып келет.

Манастын баатырлык элеси Ала-Тоого келген кыргыздарга кол салган душмандарга каршы бир кыйла күрөштөрдө көрсөткөн жеке эрдиктерин, мелдеште мөрөй алып беришин сүрөттөө аркылуу, жоокерчилик жана жай турмушта адамдар менен болгон мамилелерин көрсөтүү же баяндоо иретинде берилет. Эл башына каатчылык түшкөн оор кезеңдерде жоонун эң күчтүү алптары менен жекеме-жеке кармашууга Манас өзү чыгып, ар дайым дээрлик жеңишке ээ болүп, башкаларга үлгү көрсөтөт, элдин ар-намысын сактайт. Анын дайыма жардамчыларынын — Алмамбет менен Бакайдын, Чубак

менен Сыргактын бет алган жоодон кайтпас эр, айла-кер, өкүм жана чын жүрөктөн берилген баатырлар катарында берилиши негизги каармандын элесин ого бетер күчөтүүгө багытталган. Бирок Манас алардан өзүн жогору койбойт, кайта эл башчылык, кол башчылык ролду акылман Бакайга, же айлакер Алмамбетке өзү өткөрөт. Манастын элесине аристократтык, феодалдык мүнөз ылайык эмес экендигине Көкөтөйдүн ашында анын Коңурбайга каршы өзү сайышка чыкканы, же малкор атасынын сараңдыгына таарынып кетип, дыйканчылык кылышы сыяктуу фактылар далил боло алат.

Манастын элеси эпосто абдан күчтүү салыштыруулар менен көрсөтүлөт. Көбүнчө мындай мүнөздөмөлөр гиперболикалык салыштыруулар аркылуу берилет. Жоого бет алганда Манас алтымыш кулач ажыдаардай, тырмактарын арбайтып келаткан Алп Кара Куштай, кара чаар кабыландай, адамдын жүрөгү түшкөндөй болуп көрүнөт. Ачуусу келгенде, Манастын кабагынан кар жаайт, жаркырап тийип турган күн күүгүмдөй түшөт. Көңүлү ачылганда каткырыгы тоо жарат (мисалы Тазбайматтын аңкоолугуна күлгөнү). Баатырдын токтоолугу, кенебестиги да ашкан гиперболизм менен сүрөттөлгөн. Жоо келердин алдында өзүнүн алп күчүнө ишенип уктап калган Манасты Чубак найза менен качырып келип сайып жатып, араң ойготот. Мына ошондой апыртмалык түрдө тартылган айрым штрихтерден эпостун негизги каарманы Манастын статикалык портрети жасалган.

## 1.2. Манастын алгачкы эрдиктери

Сагымбайдын “Манастын балалык чагы” бөлүмүндө: Жакып Манастын эркелигин аңдап, Ошпурага койчу кылып берүүнү чечет. Себеби, Манас оюна келгенин кылып, айылга тентек катары билинип, обу жок иштерди жасайт.

“Дубана көрсө уруптур,
Асасын тартып алыптыр,
Азапка бөөдө салыптыр,
Андайын көргөн эл-журту,
Акыр бир балээ кылат деп,
Айыңдашып калыптыр.
Кожону көрсө коркутат,
Бир сабаада кымызды,
Колуна берсе бир жутат” [О.С. -108-б.]

Жакып:

“Мол азабын балага,
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга,
Алты ай малай берели.
Эркелетип олтурбай,
Катыктырып көрөлү,
Сөз айтууга татыксын,
Сөөгү бышып катыксын”, – деп байбичеси менен кеңешет [О.С.-108-б.].

Ошентип Манасты Ошпурга койчу кылып берет. Анда Кадообайдын уулу Чечебай экөө козу кайтарып, ойноп келген балдарга козу союп, шишкебек кылып ойношот. Болочок баатыр Манастын эби жок шоктугу Ошпурду тажатып ар ойго салат.

Тоголок Молдонун вариантында да, Манастын балалык чагы, алгачкы эрдиктери деген бөлүмдөрдө Манастын жашынан өтө тентек болуп

чоңойгону тууралуу көп баяндалат. “Молдону көрсө урат, Боздотуп турат. Кожону көрсө урат, Какшатып турат” [Т.М. -83-б.].

Башка варианттардай эле мында да, бай Жакып Манасты Ошпур байга койчулукка берет. Жакып: Кагылайын балам 60ка келип калдым, Той берем деп малдын баарын кырдым, - деп Манаска айтат.

Баласы жок Ошпур мени ачка койбосо,

Барып козусун багып, бергенин алалы.

Кодоонун бир баласы бар,

Аты-Чөкөбай (С.К. Чечебай) [Т. М. 84-85-б].

Манас – Чөкөбай менин чором деп, шашылыш чоро жыйнаганга аракеттенет. Манас козу кайтарып жүрсө козуга карышкыр кол салат. Тогуз жаштагы Манас:

“Мен кудай берсе,

Ушул бөрүдөй баатыр болом” – деп.

“Чөкөбай, сен мени төрөм деп жүр,

Мен сени чором деп жүрөйүн”, - дейт [Т.М. 86-б].

Манас тогуз жашта козу көтөрүп качкан бөрүнү кубалап, бийик капчыгайга барды. Анда канаттуу аттары бар аргымак ат минген бир үңкүрдө кырк киши олтуруптур. Алардын дасторконунда түркүн даам, Манас жартысын жеп көтөрө качкан козунун маарап турганын көрөт да, Манас:

“Акелер сураганым ушул

Козуну алып келген бөрүнү

Айтып бериңер!?” – деди.

Бизден коркпой келгениң жакшы,

Сен бизди ким деп ойлойсуң,

Манас болом, сенин оюңда.

Кырк күндөн бери

Сени Кызыр Ильяз издеп жүрөт.

Кырк чилтен деген биз,

Бир кудайдын бирдигин бил,

Кудайды бар – деп

Бир деп бил, деп айтышат [Т.М. 88-б.].

Кырк чилтен: Бул баланын аты – Чөкө (Чөкөбай – башка варианттарында Чечебай) айтып жатат:

Сен жалгыз жүрдүң,

Эми болдук экөө,

Бул баланын аты – Кутубий болсун.

Кутубий аттанат, кудайдын атын жат алат.

Отуз тогуз жолдошуң, бир жүз жыйырма сегиз болот. Бакай агаң болот. Кызыр Ильяз бабаң болот. Айкожо менен Ак Эшен Байтула да пириң болот, Алманбет, Чубак, Сыргак артында сүйөнчүң болот, - деп 40 чилден көздөн кайым болот [Т.М. -89-90-б.].

Манас от тутатарга Чал калмактын чалмагын тартып алат [Т.М.91-92]. Тоголок Молдонун вариантында да, Манастын алгачкы эрдиктери таасирдүү сүрөттөлөт. Мисалы, Манастын алгачкы тайманбас эрдиги төмөндөгүдөй берилет:

“Каарман Манастын, Ачуусу келип, түгү

Тоонун тешип чыкты Үчөөнү камтый кармап

Жерге урду”, - деп берилген ыр-саптар буга күбө [Т.М. 76-97-б.].

Тоголок Молдонун вариантында Манас жер коруган Кортук калмактар жыл сайын Жакыпка кордук көрсөтүп турушкан, ошондуктан баатыр жергиликтүү жана Алтай калмактарын кырганы маалым.

Жакып: “Отуз байтал, беш аттан, Ай сайын от, майна берип турам”, - деп Манаска баарын түшүндүрөт [Т.М.102-б.]. Манас ыймандын кайың укуругу менен Кортуктун мээсин чачырата чаап өлтүрөт [Т.М.102-б.].

“Кудайдын бирлигин билип,

Көңүлдүн кирин жоюп,

Казатка жанын байлап койбоду беле.

Качан башыңа машакат иш түшсө,

Кудайдан жардам сурап,

Кайып чилтендерди чакыр дебеди беле”, - деп Манас кудуретке сыйынып кырк чилтендин кайыптарын чакырып калды [Т.М.-102-б.].

Манас: Ой, атаке Бай Жакып,

Тегиңди терип айтып берсең

Тегиз угуп алайын, - дейт.

Жакып: Түп уругум түрк болот

Чоң атаң Ногой деп олтуруп, бүт бабаларын эске салат. Манас – байбичесине калмакка кун төлөө жөнүндө айтат [Т.М.-111-б.].

Тоголок Молдо:

Аны таштап салыңар,

Ага-ини барыңар,

Атакеси Бай Жакып,

Андан кабар алыңар,

Муну мындай коюңар,

Ар нерседен ою бар,

Баатыр Манас төрөңдүн,

Кабарында болуңар” – деп [Т.М.111-б.]. Тоголок Молдонун вариантында бул мотив баяндоо иретинде калмактардын көп колу келип хан Жакыптын айласын кетирип, баласы Манастын башына шире салып, байлап алып кетүүгө аракет жасагандыгы айтылат. Алтайлыктардын төрт жүзүнүн каны төгүлүп, Домобил башчысы өлтүрүлгөнү белгилүү [Т.М.119-128-б.].

Манастын Эсен кан жиберген кытайларын жана калмактарын ордонун үстүндө өлтүрүп, төөлөрүн талаганы таасирдүү мүнөздөлөт [Т.М.134-б.]. Маселен:

“Аны таштап салыңар,

Аңгемеге барыңар,

Чоң Бээжинде не кеп бар,

Андан кабар алыңар,- деп окуя элестүү мүнөздө баяндалат [Т.М.-134-б.].

Чоң Бээжинде Эсен кан болуп турганда кыргыздан кат-кабар барат:

Аты бай Жакып,

Түп уругу түрк,

Өзү ааламдан ашкан бай экен.

Бай болгондо ошол Алтайда жүрүп бай болуптур.

Жердеген жери Шый куу,

Шушаң экен,

Калаасы кара шаар экен. ж.б.

Жакып баласыз жүрүп байыптыр. Алты жыл болуптур баланын үнүн угуптур. “Баланы жерден алганда, бир канча жандын эси чыкты”, отуз, кырк жылдын нары жагында аярлап айткан Манас ушул эмеспи. “Эсенкан Манас кандай жан экен?” – деп кербен тыңчы жөнөтөт. Беш ай жол жүрүп, Аземил суунун боюнда ордо атып ойноп жүргөн Манаска учурайт [Т.М.134-135-136-б.]. Манас “Төөңөрдү алгыла чүкө тийсе буту сынат”, - деп эскертет. Алар оюнга кызыгып, ороп туруп калышат. Манас черткен кулжанын эңкеси төөнүн бутун сындырып, төө жыгылат, чыр чыгат. Калмакты Манас сабап башчысынын башын жулуп алат [Т.М. 137-б.].

Манас он беш жашка чыкканда жоон топ балдар менен Салбырынга барганы. Эсен кандын: “Манасты кармап кел!”- деп чыгарган нөкөрлөрү баштап, “сегиз жүз кытайды кырганы” деген бөлүмдө: “Манас он бешке чыкканда кырк жигит жыйнайт. Акбалтанын эр Чубак он төрт жашка келгенде Манаска келип кошулду. Манас аны аскерди башкар деди:”

“Манасты мындай коюңар.

Бай Жакыптын ою бар.

Кандай түрдүү сөз чыгат,

Кабарында болуңар” [Т.М.- 202-б.].

Бай Жакып башында болуп Мамырдын кара сазына конгону мындайча берилет:

“Татардан Эр Эштек,

Аргын Каракожо,

Маңгулдан Дөкө,

Наймандан Көгөөн,

Кыргыздан Саламат,

Кыбачы чечен Ошпур,

Кыпчактан Сарбан таз,

Өзүбектен Кансырбек,

Чечени Басылбек.

Нойгуттан Акбалта.

Айдың-Көлдү жакалап сексен төрт киши чатыр тигип, кошун курайт. Манас Жакыпка кеңешип. Айбанбоздун үйүрүнөн кырк ат тандап, кырк чорого мингизет [Т.М.-202-203-б.]. Мында Манас сексен төрт болдук, бирөөнү төрө деп атап, кан көтөрүп, ак тердикке салалы дейт: Кортуктун уулу Шоокум, Ошпурдун уулу Назарбек. Саламаттын уулу Айнакул. Айдаркандын Эр Көкчө. Каракожо уулу Калдар Аскар уулу Жабагы. Күлдүр уулу Чалыбай. Тыргоот уулу Деркенбай  Аңырдын уулу Коной [Т.М.204-205-206-б.] баары макул болбой, кезек Манаска келет. Манас макул болот. Чөкөбай шыр туруп, Аккула арык, ордуна боз быштыны соёлу дейт.

Тоголок Молдодо:

“Манасты камалап,

Кармап алды.

Ак тердикке салды,

Каныбыз Манас болду” – деп

“Кайран балдар

Кан көтөрүп алды” – деп берилет [Т.М. 206-б.].

Эсенкан “Манасты кармап кел,-” деген сегиз жүз кытайынан кабар болбогондуктан, тогуз жүз аскер жөнөтөт [Башчысы Нөөкөр пааша – 208-209-б.]. Кагылышта Манас Нөөкөрдүн башын жулуп алып, тогуз жүз аскер набыт болот.

Саякбайда да, Манасты Ошпурга койчу кылып берип, бирок, Манастын тентектиги Ошпурду тажатып кыйнаганына чыдабай, ал Жакыпка баланы алып кетүүсүн суранат:

“Ошпур келди күүлөнүп,

Бай Жакыпка сүйлөнүп:

“Малыңа багым барыңыз,

Балекет Манас балаңды,

Өз колуңа алыңыз,

Атаңча жүгүн артыңыз,

Азабын өзүң тартыңыз” [К.С.-191-б].

Саякбайдын вариантында Манас туула элегинде эле кырк чилтендер менен жолугат. Болочоктогу Манас Жакыптын минген атын издеп чыккан Мендибайга жолугат, ал кырк чилтендер менен бирге ойноп жүргөн болот, алар мергенде жүрүп, кезиккен жолборсту өлтүрүп, терисин сыйырып, Жакыптын Туучунак атына жаап, Манас Мендибайга “Атам ыйлабай жүрсүн, мен жакында барам” деп айтат.

Жусуп Мамайдын, биз жогоруда көрсөткөн өзбектин жесиринин уулу энесине азык ташып жүргөндө, балага өрдөк, казга куш салган арыстандай болгон кырк бала жолугат. Бала Жакыпка көргөнүн айтып берет. Жакып өзүнүн теңтушу карыя Адылбекти билип кел деп жиберет, Адылбек Жакыпка көргөнүн айтат. Эгерде С.Орозбаковдо Манастын кырк чоросун эр жеткенинде топтогон болсо, Жусуп Мамайда жесирдин баласына кырк чоро жолугуп, биз келечек баатырдын кырк жигити болобуз дейт, Жакыпка айта бар, уулунун аты Манас баатыр – деп, көздөн кайым болушат. Саякбай менен Жусуп Мамайдын айткандарында Манас төрөлө элегинде эле ал жөнүндө алдын ала кырк чоролор же болбосо кырк чилтендер жолугуп, баатырдын келечекте төрөлө турганын, Мамайда Адылбек карыя, Саякбайда Манас кырк чилтендер менен ойноп жүргөнүн Мендибай айтып келет. Ушул окуя бир эле мотивди ар түрдүү манасчылардын айтымында бир нече вариациялар менен берилет. Мотив өзүнүн табияты боюнча вариацияларга, трансформацияларга жакын болгонуна жараша ар түрдүү айтуучулук версияларда салттуу сюжеттик темага кирген мотивдер өзүнүн айтылып жаткан чөйрөсүнүн закон ченемге айланган ыргагын сактоого жол берет.

Ошентип, экинчи жолу Манас “Алтай оюнда”, он эки жашка чыккан учурунда, теңтуштарын чогултуп, тентектик кылып жүргөнүндөгү сюжеттик окуя бир топ синкретикалык мифологиялык мотивдер менен толукталат. Манас жолдоштору менен кырк чилтенге, бир бөтөнчө сыйкырдуу олуяларга жолугат.

Он экидеги Манас тентектиги күчөп, койлорду өзүнчө союп, той кылып, ордо атып жүргөнү, болочок баатырдын келечекте эл-жердин керегине жарай тургандыгы, кырк чилтен коштоп жүргөндүгү айтылат.

“Кырк чилтен, кыдыр Ныязы,
Ошол күнү Манаска,
Кыйындап жолдош болуптур.
Жаратып мындай жан болбос,
Бир мүчөлүн карасаң,
Комдонуп жаткан көк жолборс,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арслан,
Оң жагында камынып,
Асман Алп каракуш – зымырык
Азыр эңип кетчүүдөй
Арбайтып бутун салыптыр,
Колдогону бир тогуз,
Коржоктотуп Манасты,
Колдоп жаткан кези экен,
Телегейи тең экен.

Кырк чилтендер Манастын сырткы кебетеси коркунучтуу болуу үчүн аны жырткычтардын “кара чаар кабыланына, көк жолборско, чолок көк жал арстанга” окшотуп жана мифтик жандыктарды жардамчы кылып “зымырык Алп каракушту”, “бир тогузунун пирдин” жардамы менен жаш Манас калмактарды жеңет.

Калмактын Кочку балбаны жети жүз баатыры менен жер коруп, Манаска кабылат. Жакып бай, Балта дөөлөр Кочкунун колуна туруштук берүү кыйын го деп кабатырланат. Бирок, жаш Манас жети жүз балбанын кырып, Кочкунун үрөйүн учурат. Беттешкенин бербеген Манастын эрдиги С. Каралаевде төмөнкүдөй берилет:

“Тетик Манас көк жалың,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерден Кочкуну,
Көмө коюп өттү эле
Үзөнгүдөн бут тайып,
Ээрден көтү кылтайып,
Тоо ураган эмедей,
Аттан кулап түштү эми” [К.С.-208-б.].

Эр Манас Кочкуну аттан оодарып, башын кыя чабат. С.Орозбаковдун вариантында да Жакып кан баласын бай Ошпурга койчулукка берет. Кадообайдын уулу Чечебайды чором деп Манас экөө малды жүдөтпөй багалы деп тоону көздөй бет алып баратса, алдынан карышкыр чыгып калат. Тогуз жашар Манастын бөрүнүн жаш козуну көтөрө качып зоого кире качканын көрүп, артынан кубалап кирип баргандагы учуру төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

“Аттары бар канаттуу
Адамдан башка санаттуу
Аргымак бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен,
Бир үңкүрдө кырк киши,
Бир өтөктө жык киши.
Чайдоосто чайы кайнаган,
Дасторкону жайнаган.
Албан түрдүү жемиштер,
Оозго салып чайнаган [О.С. -113-б.].

“Ит сүрөттүү, тик кулак,

Бир кулач жерди бир чурап,

Козума бөрү жеткени,

Козумду кызыл кан кылып,

Көтөрө качып кеткени” - деп кырк кишиге кайрылат.

Анда андагы адамдар Манаска кайрылып: (кырк чилтен)

Бөрү болгон биз деди,

Бөлөкчө жансыз сиз деди,

Кызыр Ильяз деген бар,

Сизди кырк күндөн бери издедик,

Кырк чилтен деген биз деди,

Козуңа салган тиш деди,-деп түшүндүрмө беришет. [О.С. -114-б.].

Анда Манас:

“Кандайлыктан адамдар,

Карышкыр болдуң деп сурайт,

Карышкыр болгон кайсыңыз,

Кайсы экенин айтыңыз?

Кана көк болчу көрөйүн,

Көңүлүм анан бөлөйүн,

Айткан насыятыңа,

Көңүлүм анан бөлөйүн,

Кандай жансыз билейин,

Кабарыңа кирейин,”- деп сөзгө аралашат [О.С.115-б.]. Манас көргөнүнө таң калып, чай ичип отургандарга “бөрү ага жетип, колун канатып, козуну көтөрүп качып кеткенин” айтып берет. Кырк чилтендер “бөрү болгон биз” дешет. Манас ишенбей “кана көк бөрү болчу көрөйүн” деп алар менен кадимкидей сөзгө келет. Ошол заматта кырк чилтен каткырып күлүп, бир силкинип, көк бөрү боло калат. Кырк чилтен Чегебай кийин Куту бий атка конорун да алдын ала айтат.

Кырк чилтен жана көк бөрү жөнүндөгү сюжетте Саякбайдын жана Сагынбайдын варианттарында фабула бирдей сакталат.

Ушул мотивке айтуучулар кеңири баяндоо бергенин көрүүгө болот. Мындай мифтик катмар эпостун сюжеттик тутумунда эң бир байыркы катмарынын көрөңгүсү болуп саналат. Ушуга окшогон эпостун көөнө мотивдери кийинки стадиялык өнүгүшүндө кошулган мотивдер менен тең тайлашып өнүккөнүн көрүүгө болот. Проф. Р.З.Кыдырбаева биз көргөзгөн сюжеттин өнүгүүсү жөнүндө төмөнкү пикирин билгизет: “Манасты дайыма коштоп жүрүүчү жаныбарлардын сүрөттөөсү ар түрдүү. Эгерде Сагынбайда Манасты ажыдаар, жылан,  көк бөрү жана Алпкаракуш жандаса, Саякбайда кабылан жана Арыстан, зымырык куш жандайт. Эки манасчы тең өз варианттарында урууларынан байыркы тотемдик ишенимдеринин издерин алып жүрүүчү жаныбарлар жана ошого окшоп жаратылыш күчтөрүн коштоп жүргөн дээрлик архаикалык мотивдерди сактаган” деп биздин ойду толуктап турганын көрөбүз [Кыдырбаева Р. З. “Манас таануу”. Окуу китеби. Бишкек - 2013. 111-б.].

Калмак Кортуктун уулу Шокум Жакыпка келип, алтайлыктардын кытайларды  кырып жатканы тууралуу кеп айтып, атасынын кунун куубай өтөрүн билдирет. Жаш Манастын алгачкы эрдиктери Сагынбай Орозбаковдун вариантында “Манас Эсенкандын жиберген тыңчыларын жайлаганы” деген бөлүмдөгү сюжеттик нуктан да ачык көрүнө баштайт. Манас он бир жашка келгенде Айманбозду минип, жылкы жайытын кыдырып жүрүп, аксакал Айнакулга жоолугат.

Мында Эсенкан кан Жакып жөнүндө көп кабар угат. Жакыптын аты түрк экени, Алтайда жүрүп, жери Шыйкуу, Суужаң, калаасы Кара шаар болуп, Жаркен, Котон, Сонор-Көлдү жердегени, элүүгө келгенче бала көрбөй, малдуу-жандуу болуп, тоюна беш жүз бээ союп, атын Манас коюптур.

“Акылмандар баары айтат,

Ааламга салат түлүк дейт.

Чоң Бээжинге ок атаар

Чоңойгондо жүрүп, - дейт” [О.С.-173-б.].

Ыр-саптардан көрүнүп тургандай, болочок баатырдын ааламга бүлүк салаары тууралуу алдын ала эле окурманды кабардар кылып жатат.

Эсенкан:

Ээ, калайык, деп айтат,

Түрктөн катын туубайбы,

Бир катыны тууду деп

Дүүлүксөк кудай урбайбы,- деп элге кайрылып, Керме Тоону кыдырып, соода-сатык кылууну, оюн-зоок курууну айтат [О.С. 174-б.]. Манас ордо атууда төө шыйрагын, эшектин бутун сындырып, кытайлар чыр чыгарып, алтоо бирдей, анан отузу жабылып, Манас алардын башчысын кармап алып, башын жулуп алат.

Ошентип, жаш Манастын алгачкы эрдиктери ачык байкала баштайт. Нескара он миң аскер ээрчитип, кең Аралды аралап, эки күн жол жүрүп, мангулдун журтун басып, жылкы тийип качат. Мангул Жайсаңбайда он миң жылкы бар экен. Мангулдар беш жүз адам жыйылып, алар менен айгайлашканы Сагынбайдын вариантында төмөндөгүдөй сыпаттала

«Издегениң ким эле,

Ишиңди айт тим эле,

Айгайды алар салганы». [О.С.112-б.]

Анда Басаңкул башчы:

«Бай Жакыптын баласы,

Кайда болот айтыңар,

Байгур уулу Манасы.

Издегени шо деди

Шону издеген кол деди» [О.С.112-б.].

Мангул Жайсаңбайдын өз аскерин көздөй качып, артынан кууган Басаңкулду Таноо деген калмак колок мылтык менен атып өлтүрөт. Суук кабарды уккан Нескара төө мылтыкты күркүрөтүп, каарданып чабуулга өтөт. Катуу чабуулдан улам “катын ыйлап чуркурап, балдары ыйлап чыркырап”

кокту-колотко качып тозот. Элүүдөй киши өлтүрүп, кара малдан союп, олжого батканы мындайча мүнөздөлөт:

“Эртеңки күндө аттанып,
Эрдемсинип шаттанып,
Он бешке толгон жаштуудан,
Олоңдой кара чачтуудан,
Көчтөн чыккан көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн,
Жүз отуз кыз алыптыр,
Эмчеги тикче, эти арык,
Эңчечер бойлуу, кара каш,
Эптүү сулуу келинден,
Эки жүз түшүп калыптыр,
Төөлөрүн бакыртып,
Эшектерин акыртып,
Уй мөөрөдү күнгүрөп,
Кой мааради дүңгүрөп.
Кишинетип жылкысын
Кишилерди байлатып,
Жылдырып малын айдатып,
Ангире жолго салыптыр” [О.С.-216-б.]. С. Орозбаков “Манас Эсенкандын жиберген тыңчыларын жайлаганы” - деген бөлүмдө жогоруда Нескаранын талап-тоноочулук иш-аракеттерин баяндайт. Бай Жакып элине кабар салып, Эсенкандын тыңчыларынын зордук-зомбулугун угузгандан улам Манас:

“Алты жүздөй кол менен
Алмалуу кыя жол менен
«Атым Манас билбесең»,
Алтайлыктын түркүнөн
Алдырып ийчү ким дейсиң” – деп, Нескаранын колунун жолун бууп, жоболоңду салганы айтылат [О.С. 217-б.]. Он үч жарым жаштагы Эр Манас

сегиз миң аскер менен Ак Кыянын белинен Нескаранын тыңчыларын тосот. Анда Күнөс баатыр өлүп, Айдаркандын найзасы Даң-Даңды ойрон кылат. Манас кытай Күдөң баатырды, Ыраңшоону жексен кылат [О.С. 223-б.] (Нескара он тогуз жашта болот). Нескара намыстанып, ызасына чыдабай балбандарынын өчүн алууга далбастаганын, ага болгон Манастын айбаты, сүрү мындайча сүрөттөлөт:

«Алпкаракуш арбайып,
Асмандан буту тарбайып,
Манаска жолдош болуптур,
Айбатынын баарысы.
Качырганын куткарбас,
Кара чаар жолборстой,
Асылган аман болбостой,
Аккула аты астында,
Алп кара куш үстүндө,
Ажыдаар түгү үстүндө». [О.С. 224-б.]. Нескара качып кутулат, колу багынып, Мангулдан алган олжолору кайтарылып берилет.

Манас Нескаранын элди чаап, талап-тоноп жүргөнүн алтайдагы түрк, калмак, мангул урууларына жана уруу башчыларына түшүндүрөт. Баатыр мындан кийин элдин тынчтыгын сактоо, эркиндик, теңдикке, биримдикке жетүү үчүн бүт күч-аракетин жумшарын айтат. Топтолгон эл-журт кыргыз, мангул, калмактар “этегиңди калкалап келдик, баарыбызды эл кылып, душмандан калкалап ал”, – деп суранат (О.С. 223-224-б.). Кытай – Алтай аймагындагы түрк урууларынан кара кыргыздардын элдешкис душманы экенин уруу башчылары кубануу менен белгилешип, бирдиктүү, ынтымактуу болууга бел байларын бекемдешет.

“Өлүп калсак кырылып,
Бир чукурга тололук,
Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбөдө бололук” [О.С. 233-б.].

Эсенкан кербенге жиберген кырк беш киши кошо жоголот. Алардын кабарын тактап билгиле деп дагы тынчыларын жөнөтөт. Алар “каканчындан калкыбыз, канын ичмей салтыбыз”, - деп кыр көрсөтөт. Анда Манас: “Атым менин Манас деп, Алла таала сактаса, Ар балаадан калас деп, Алуучу кегиң бар болсо, Аябагын каныңды, Кетиремин саныңды, Суу ордуна төгөмүн, Суурсам кылыч каныңды, Намысыңды талаш деп, Аябагын жаныңды, Кетирермин саныңды, Суу ордуна төгөрмүн, Суурсам кылыч каныңды”, [О.С. 270.б] – деп айтылат. Эсенкандын тыңчыларынан корккон эр Көкчө Бээжиндин эли (колу) көп экенин, ага алтайлыктар тең келе албайт, - деп чочулайт. Манастын ачуусу келип: “Акылың жок эр Көкчө, Жазуудан артык жан өлбөйт, Так үстүндө кан өлбөйт. Көптөн коркуп турбачы, Көөсөрлүк кебиң урбачы, Алты жүз кытай келгенче, Алдырайсың каласың, Акылыңдан танасың, Артык сөз айтып саласың. Айта берсең ушинтип, Азамат үшүн аласың”, - деп эр Көкчөгө нааразылыгын билдирет [О.С. 271-б.].

Манас жоого аттанайын деп камынганда Айнакул каршы чыгат. Көкчө баатыр кытайдын кымкарын сайып түшүрөт. Ал эми кытай баатыры Нуукери Көкчөнү саярда Манас аны ыргыта саят. Бул уруштагы эбегейсиз эрдиги үчүн Манас канкор аталат. Калмактардын зордугун уккан Манас баатыр ушул учурдан баштап, эпостогу чиелениш бөлүгүндө биринчи ири казатка – Нескаранын колуна каршы өзүнүн аскерин топтоп, баатырдык жоортулдарын баштайт. Ушул жерден сюжеттин чыңалышы эпикалык баатырдын биографиясы менен тыгыз байланышта өнүгөт, жаңы окуялар менен толукталып, Манастын ар бир кыймылы өзүнүн кол алдында жашаган элдерди коргоо милдетин алганы Сагынбайдын вариантында кеңири баяндоодо берилет.

Эми Жусуп Мамайда, биз изилдеген мотивдер, кандай багытта өнүккөнүнө кайрылып көрөлү.“Манастын алгачкы эрдиктери” бөлүмүндө Акбалта: алтымыш бээ союп, алтымыш чабаган чаптырып, Аракөлдүн түзүндө алты күн оодарыш, эр сайыш өткөрүүнү чечет. Бай Жакып казактын Айдарканын, көптөгөн эл башчылары чакырылат. Эл башчыларынын ичинен

Балта Дөө: “Атам Ороздунун тушунда,

Токсон миң үйлүү киши элек.

Бузулбай айыл бүт элек.

Кайран киши өткөнү,

Капкайда бизди кыдыртып,

Калмактар кетти энчилеп.

Бооз катынын жардырды,

Кызыталак калмактын,

Кылбаганы калдыбы?

Кыдыртып ийди көчүртүп,-деп кат менен кайрылат [Ж.М-49-б.]. Алтайдан, Иледен, Текес, Байсоорун, Балыкарт, Ат Башы, Самарканга чейинки жерлерди элге (кыргызды бириктирели) берели дейт. Кан Жакыпка кайрылып: көчүп жүрүп Текеске келдиң, Баркөлдү жердедиң, Ак токой, Буурул токой баары сага калат. Чубакка 20 киши кошоюн, Кыпчакбай казак-кыргыз элинен жыйырманы каттайлы, - дейт. Ал эми Абдылда жыйырма адам жыйнап, казактардын Буудайык жети атадан бери Алматыны жердейт. Кандыкты алып, Буудайык, Балтанын чакырып, жазган каты боюнча келиптир. Жолтокой Самаркандан керектүү курал-жарактарды даярдап бүтүрдү. Сюжеттин жүрүшүндө Балта дөө Ак Олпокту Буудайыктан суратып, Манаска эп экенин айтат. Ак Олпокту Темиркандын аялы, Каныкейдин апасы жасаган. Каракан, Темиркан, Шаатемирлер үчөө бир тууган экени чечмеленет.

Жусуп Мамайдын вариантында: “Ыраман калмактарга кас экен деп берилет. Анын тажик экендиги айтылат. Ырамандын ырчы уулу деген жалгыз баласы бар экени, ал өзү чоро катары жыйырма бала кураганы, Кыргылчал да жыйырма бала курап, Манас баатырга жанашат. Ошентип, Кыргылчалдын жыйнаган жыйырма жигити менен Манастын кырк чоросу куралат. Жалпы баары төрт жүз сексен жигит куралганы тастыкталат”. [Ж.М.-51-б.].

Уста Бөлөкбай:

«Батаңды бергин мага – деп,

Ал Бакайга жалбарды.

Арстан Манас көкжалдын,

Абдан колун кармады:

Сен балапан, мен кары, -

Бөлөкбайдын айтканы,

Найзанын учу даттабас,

Бүгүндөн баштап журтуңа

Башчы болдуң сен Манас», – деп, кыргыздын керегине жарай турган эр Манастын керектүү курал-жарактар даярдап, акысыз эле тартуулайт. [Ж.М.-51-б]. Ушул эпизод Саякбай, Сагынбайда салттуу мотив катары берилет. Эр Манас жашынан эле балдарды өзүнө бириктирип (чоро топтоп), башчы болгонго өзүн даярдоо иш-аракети элестүү чагылдырылат. Жусуп Мамайда Манастын алгачкы эрдиктерди жаратуусуна жигиттеринин чоро топтоп, керектүү курал-жарактардын даярдалышы негиз болуп берет. Бул бөлүмдө эр Көңтай баштаган калмактын саны алтымыш миңди түзгөнү, Көкөй жериндеги Көк Жайкы деген жерде калмак-кыргыздын жыйналганы баяндалат [Ж.М.-52-б]. Бул бөлүмдөгү окуяларда Бай Жакып:

“Баштын мээси деген бар,

Аштын ээси деген бар

Элиңди ким башкарар? – дейт. [Ж.М.-52-б.]. Жалпы эл чурулдап, Бакайды кан шайлайт. Окуянын жүрүшүндө Бакай батасын берип, Жамгырчы Семет баатыр, эр Чубак (9 жашта) жекече калмак- кытай менен беттешүүгө чыгат. Манжунун баатыры Татайды Чубак аңтара сайып, кыргызга намыс жаратат. Калмак баатыры Көңтай Чубакты да, Семеттин да эсин оодарат: Кыжырданган Бакай кезекти Манаска берет. Манас Дөөдүр балбанды өлтүрө саят [Ж.М. 55-б]. Ушул мотив С.Каралаевдин вариантындагы “Манас Эсенкандын жиберген колунан эки жүз кишисин өлтүрүп, төөлөрүн жүгү менен талатканы” бөлүмүндө айтылат:

“Талкан чалган эмедей,

Кудай бетин салбай кал,
Эки жүз экен балбаны,
Эсил Манас кабылан,
Баарын кырып таштады.
Ал балбандын ичинде,
Керик минген чоң Дөөдүр
Чак-чалекей чаң болуп,
Башы көзүн карасаң,
Кызыл челек кан болуп,
Балбанды кырып жатканда,
Жеткилең кирип аралап,
Калган экен чоң Дөөдүр,
Дөөдүр качып кутулду.- деп мүнөздөлөт [К.С.-237-б.].

Ал эми С.Орозбаковдо “Нескара менен Манастын урушу” бөлүмүндө:

“Жети миң толгон аскерин,
Жети айланта кубалап,
Жетемин деп кыбалап,
Ээн талаа чөл менен,
Нечен албан эл менен
Айлана качып аскерин,
Жандай качып өз элин,
Чабдарга камчы салыптыр
Аккула менен зыкымдап,
Арстан Манас жакындап,
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Кууп Манас калыптыр”, – деп, Манастын образы кенен сүрөттөлөт [О.С.-22-б.]. Жогорудагы салыштыруудан көрүнүп тургандай, гиперболикалык сүрөттөө ыкмасы манасчыларда Манас баатырдын образы чоң чеберчилик менен берилгенин көрөбүз.

Жусуп Мамайдагы: “Ак жолборстун сыны бар, Ажыдаардын сүрү бар”, же Саякбайдагы: “Эсил Манас кабылан, Баарын кырып таштады”, же Сагынбайдагы: “Өрттөй көзү кызарып. Өрдөктөй мойну узарып” деген сыяктуу салыштыруулар аркылуу көркөмдөштүрүлөт. Албетте, кайсы варианттагы баатырлардын образын албайлы абдан шумдуктуу, өткүр, касиеттүү күчкө ээ түрүндө сыпатталат:

Манастын образы: “Эки жагын каранып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Көкжалың чыкты аттанып.
Күндөй бетин нур чалып,
Артынан карап байкашып,
Айкөл шерге таң калып,
Аркасынан караса,
Ак жолборстун сыны бар,
Маңдайынан караса,
Ажыдаардын сүрү бар,
Төбөсүнөн караса
Алп кара куш түрү бар”, - деп берилет [Ж.М. 55-б.].

Бул көрүнүштөн манасчылардын традицияны, туруктуу формулаларды, клишелерди жуурулуштуруп бергендиги байкалат. Салыштырылып жаткан варианттарда образдарды сүрөттөгөн даяр ыр-саптар ооздон-оозго көчүп биротоло салт катары сакталып келгендигинде. Эң башкысы курал-жаракбы, каарманбы, жер-суунун сүрөттөлүшү болобу манасчылар ошол сүрөттөөнүн мазмунун, маңызын туруктуу мүнөзгө жеткирип бергендигинде.

Жусуп Мамайда болсо Көңтай баштаган калмактарды жеңгенден кийин Жамгырчы, Балта дөөлөр кеңешип, той өткөрүүнү макулдашат. Кырк уруу кыргыз эл көк бөрү тартып, кунан чаап, келин-кыздар селкинчек тээп, оюн-зоок улантылат. Бул бай Жакыптын тоюнда биринчи байгени Манастын Аккуласы (100 нар), экинчи байгени Сыргактын Телкызылы (500 жылкы) ж.б. алат.

Жусуп Мамайда кандыкка шайлоо шөкөтү Сагынбайдыкандай эле берилет, бирок, Манастын атасы Мамай Сатык деп аталат, аны Манас менен кошо “ак кийиздин үстүнө отургузуп, жетимиш киши “кан көтөрдү шуну” деп айтылат. Демек Манасты кан көтөрүү мотиви Сагынбайда да, Ж. Мамайда да салтка айланган сүрөттөө менен берилет, айырмасы Манастын атасынын аты башкача берилет.

“Манастын кан шайланышы” жөнүндөгү мотив С.Орозбаковдо: “Манастын кан шайланышы” бөлүмүндө Айдың көлгө бай Жакыптын конушуна келип, эки-үч күн эс алып, Манас Алтайдагы эл-журтун баш-аякты жыялы элдин эсебин алалы дейт. Ошентип, даңгылдап Жайсаң, Манжуриядан бала Мажик, кыргыздан Саламат, кыпчактан Чечен таз, ногойдон кан Жакып, нойгуттан Акбалта, Тоотудан Токтообий, Лөкүштөн Өмүрзак, өзбектен Дамбылда, Акымбек, Аргындан Кара кожо болуп жыйналышат.Элдин келиши Сагынбайда:

“Кары, жашы күнгүрлөп,

Каныбыз Манас болду деп,

Калктын баары дүңгүрөп

Көпчүлүк топук алганы”,-деп сыпатталат [О.С.-285-б.].

Орозбаковдо Манасты хан көтөрүү аземи кеңири сүрөттөлөт. Манасты ак кийизге салып кан көтөргөндө, Жакыпты да, чогу отургузуп анан Жакып түшүп калганы. Манасты алиги жыйылган элди жети айланган ырымын жана Манаска “жыгалуу бөрктү кийгизгени” баяндалат. Жусуп Мамайдын вариантында бир топ персонаждар, мисалы, биз көргөзгөндөй, Кареккандын, Темиркандын, Иштемирдин бир тууган деп берилгенин кезиктиребиз.

Алар кыргыз уруусунан чыккан хандар деп түшүнсөк, Сагынбайда Темиркан тажиктин ханы, Каныкейдин атасы катары берилгенин билебиз. Ошондой эле Ж.Мамайда Ыраман тажик деп аталат. Анын уулу Ырчуул Манаска чоро катары жыйырма бала курап кошулат. Манастын ак олпогун Темиркандын аялы, Каныкейдин апасы жасаганы айтылат. Манастын бүт курал жарагын уста Бөлөкбай жасаган деп берилет. Жакып бай Манастын

биринчи калмактарды жеңгенине арнап тойду Аракөлдүн түзүндө өткөргөнү айтылат. Бул жердин аты башка Саякбайдын жана Сагынбайдын айтымында кезикпейт, бирок, Ж.Мамайда да бир топ жер, суу аттары салттуу түрдө берилгенин көрөбүз. Алар Алтай, Текес, Иле, Байсорун, Самаркан. Ошондой эле үч айтуучулардын варианттарында Манастын портретин сүрөттөгөндө бирдей көркөмдөтүлүп бергенин көрүүгө болот. Же, “Казак- кыргыз камалап, Калмак, мангул жабылып, Ак кийиздин үстүнө Бай Жакыпты салганы, Баласы Манас баатырды, Ак кийиздин үстүнө, аны дагы биргелеш олтургузуп алганы. (289 б) Көтөрүп көп журт алганы, Жети кадам басканда, Болду балдар, болду деп, Жеткилең Жакып карыя жерге түшүп калганы. Көтөрүп алып көпчүлүк, Алиги турган жыйынды Жети айланып барганы, Жергесинде калайык, Жеттик мүдөөбүзгө деп, Кужулдашып калганы. Кан өкүмүн тийгизди, Кан таажысы ушу деп Кан Манастын башына, Жыгалуу бөрктү кийгизди”, – деп берилет [О.С.-290-б.].

Сюжеттин жүрүшүндө кырк жигиттин куралышы да кызыктуу берилет. Ыраман калмактарга кас экен. Ал тажиктен экен. Ырамандын Ырчы уул деген жалгыз уулу болуптур. Ыраман өзү жыйырма бала курайт. Кыргылчал да жыйырма бала курап баатырга (Манаска) утурлайт.Кыргыл чалдын жыйырма жигити менен Манастын 40 жигити куралат. Жалпы баары төрт жүз сексен болуптур. [О.С.-51-б.]

Уста Бөлөкбай (акы берсе албайт): Батаңды бергин мага, - деп, кан Бакайга жалбарды. Арстан Манас көкжалдын, Абдан колун кармаганы мындайча мүнөздөлөт:

“Сен балапан, мен кары, -
Бөлөкбайдын айтканы, -
Найзанын учу даттабас,
Бүгүндөн баштап журтуңа,
Башчы болдуң сен Манас.
Балта Жакып баштаган,
Келип кыргыз эл толду,

Ороздунун Кызыл Туу,

Жакып байда бар болчу.

Айчыгы алтын тактырды,

Манастын атын жаздырды,

Көтөрүп жоого баргын, - деп

Кыргыл чалга тапшырды” [О.С.-51-52-б.].

Сагынбайдын бул бөлүмүндө чогулган элдин ичинде кыргыздардын саны 30 миңге жетти. Эр Көңтөй баштаган калмак 60 миңди түздү. Көкөйдүн үстүндөгү Көкжайкы деген жерге бүтүндөй кыргыз жыйналды. [О.С.-52-б.]

Бай Жакып минтип кеп салат: Баштын мээси деген бар, Аштын ээси деген бар Элиңди ким башкарар? [О.С.-52-б.] Жалпы эл чурулдап, Бакайды кан шайлашты. Баатырлардын жекеме-жеке кармашуусу жөнүндөгү сүрөттөөлөр мындайча мүнөздөлөт:

“Жамгырчы чыкты, биринчи Бакай көнбөйт.

Семет баатыр казак чыкты, Бакай көнбөйт.

Эр Чубак чыкты уруксат сурап: (9 жашта) Бакай батасын берди.

Чубак манжунун баатыры Татай чыкты [О.С.-52-б.].

Чубак Татайды аңтара сайып, кыргыздын ишин оңойт.

Көңтөй - Чубакты да, Семетти да ээсин оодарат.

Кезекти Бакай, Жакып, Кыргыл чал Манаска берди. [О.С.-54-б.]

Манастын Көңтөй менен беттешүүсү:

«Эки жагын каранып,

Күмүштөн кемер курчанып,

Көкжалың чыкты аттанып,

Күндөй бетин нур чалып,

Артынан карап байкашып,

Айкөл шерге таң калып.

Араасынан караса,

Ак жолборстун сыны бар.

Маңдайынан караса,

Ажыдаардын сүрү бар,

Төбөсүнөн караса,

Алпкаракуш түрү бар». [О.С.-55-б.]

Сыргак минген аты Телкызыл. Манас Дөөдүрдү өлтүрө саят.

Көңтөй баштаган калмактарды жеңгенден кийин Жамгырчы Балта дөөлөр кеңешип той баштайт. Кырк уруу кыргыз эл көкбөрү тартып, кунан чаап, келин-кыздар селкинчек тээп, кыйла оюн салышат. Ат чабышка 170 күлүк катышып, андан Аккула (Манас), Көктеке (Чубак), Телкызыл (Сыргак) үчөө баш байге алат. (Тойду бай Жакып берет).1-байге 100 нар. 2-байге 500 жылкы, Кызыл кымкап, шайы Кундуз менен сүлөөсүн Суусар, булгун (1000ге жакын) [О.С.-61-б.] Эр оодарыш ж.б. Кан Бакай: Жаш баатыр Манастын эрдигин көрдүңөр. Кыргыздын намысын алып берди,-деп жалпыга жар салды.

“Баш болбой киши иш болбойт,

Баш кишиңди шайлап ал,

Оң-тескери сүйлөбөй,

Ойлоп туруп шайлаңар”, - дейт

Баш киши Манас болот! – деп,

Баарысы сүйлөп алыптыр.

Биринин кебин-бири укпай,

Ызы-чуу түшүп калыптыр.

Атасы Мамай санатын

Ак кийизден жайышып,

Ал кийиздин үстүнө,

Арстан Манас баатырды,

Олтургузуп алышып,

Жетимиш киши көтөрүп,

Төбөсүнө орундун,

Төр жагына өткөрүп,

Кан көтөрдү муну, - деп

Калайыкка көргөзүп.” [О.С.-62-б.]

Анда Манас:

“Акбалта, Шыгай, Текечи,

Кырк жигит менен барамын”.

“Сары арканы алалы,

Андан кийин бурулуп,

Дөөлөс жакка баралы,

Билинет го аңгыча,

Алооке, Дөөкан абалы,

Кан көтөрдүң биригип,

Мен Манастай балаңды”,-деп кан Бакайга ыраазычылыгын билдирет. [О.С.-63-б.].

Көңтөй өлгөндөн кийин жанындагы качкан калмагы Дөөлөскө кабар айтат. Дөөлөс Шоорук канга, андан Алооке угулат. Калмактын Ыраңкүдүк молдосу:

“Эсиң барда этек жап,

Эрегишип эр менен

Эч ким пайда табалбас,

Эми Нарын жер болбойт.

Баш көтөрдү эр Манас”, –деп мурунку айтып жүргөн сөзүн бекемдейт [О.С.-64-б.]. Сары Арканын кең түзүнө калмактар жайнап, Артуунун сары белине Арстан Манас конуптур. Акбалта, Бакай, Жамгырчы алар бирге болуптур. Кырк чоросу баары бир, төрт жүз сексен саны бар, Манас, Чубак дагы бар.“Чубаман болуп кыргызга, Калмактын алды аттанат” [О.С.-66-б.]. Кытайдан келген Мурадил, калмактан Уушаңы, Каткаландын – Сайкал кыргызга каршы аттанганга даярданат. Кыргыл доол кагып, Бакай туу көтөрүп, Акбалта, Жамгырчы, Манас жабдыктары менен чыкты. Калмак Талап менен Шууту беттешип, Шуутуну аңтара сайып, андан Бөгө уулун да кулатты. Кыпчакбайдын Абдылда Чубак менен тең эле, тогузга чыккан неме

эле. Ал Талап калмакты аттан ыргыта муштап, жарадар кылды. [О.С.- 66-67-б.]

Андан кийин калмактын Шоорук каны чыгат. Ага Жамгырчы чыгам деп Бакайдан бата сурайт. (Жамгырчынын минген аты Бозчаар). Жамгырчыны Шоорук хан кара санга найза малып, жарадар кылат. Аны көргөн Балта дөө Шоорук хан менен койгулаша кетет. Балтанын минген атынын колу сынып кетиптир. Эр Чубак Балтаны колунан тартып куткарып калат (Шооруктун минген аты - Карагер). Манас өзү Шоорук ханга бет алат да, өлтүрө сайт. [О.С.-70-б.]. Бул бөлүмдөгү кармашуулардын жүрүшү төмөндөгүдөй берилет:

“Качпай кыргыз бел бууган,

Төрт жүз сексен төрт эле,

Алтымыш миң калмакты,

Жеринен айдап жоо кууган”,

Чубак: Накылайды баш кылып, кырк кызды айдап чыгат.

“Шооруктун кызы Накылай,

Айдай бети жаркыраак”. (О.С.-71-б.)

Көрпөкөнү – Чубакка, Урумканды – Абдылда, Накылайды – Манаска алып беришет (Накылай 14 жашта) (О.С.-75-б.).

### 1.3. Манастын Каныкейге үйлөнүшү

Манас атасы Жакыпка үйлөнүү жөнүндөгү оюн өзү айтат: “Кастык кылып, жол тосуп, Ымалайдын тоосунда, коңгурдун кара зоосунда, үч жүз нөкөр кашында. Кайыпдаңдын Карабөрк колума түштү башында. Алигиче жүрөмүн, кыябыма толбостон, кыз алгандай болбостон.” [О.С.-346-б] “Алтайдан көчүп, Алайга келгенден кийин Каратегин калча өзү тийишип, Таш -Котондун талаадан, Тагызамын калаадан Шооруктун кызы Акылайды карматып алдым камоодон, кыз алгандай болбодум, кызык оюн көрбөдүм,”- [О.С.-346-б]. деп ак никелүү кызга үйлөнсөм деген тилегин, оюн билдирет. Бирок, Манас атасы Жакыптын мал-мүлккө жакын экенин, дүйнө деп жашап жүргөнүн алдын ала эске салганы төмөндөгүчө сыпатталат: “ Жашым жетти отузга, шашып калба окуска, Канча чыгым болсо да, нагыз өзүм төлөймүн”. [О.С.-347-349-б] Келечектеги жары кандай кыз болуш керек, кандай үй-бүлөөнүн кызын алууга болот, Манастын көрөгөчтүгүн, Сагымбай өтө даанышмандык менен сыпаттайт: “Жандама күткөн эри бар, бийдин кызы болбосун, Ар иш кылса жарашып, пирдин кызы болбосун, Жамандык көрсө кектеген, жарыбаган иш кылып, Талабына жетпеген, Ардуунун кызы болбосун. Үкүлүү сексек, дөң маңдай, түштө туруп мен кандай, жардынын кызы болбосун, Алар эрим мырза деп, Байдын кызы болбосун, Туурук таман, тултук бет, туура тилин чайнаган, кул кызынан болбосун. Өкүмү бар өзүндө аят-адис сөзүндө, Казы кызы болбосун”. “Баланы ата үйлөмөк, баштагынын наркы экен, жаманда, болсо балаңыз Манас деп чыккан даңкы экен,”- деген Манастын атасына болгон таянычы кан Жакыптын намысын козгоп, жалгыз уулунун суранычын аткаруу милдетин өз мойнуна алат.

Жакып кан Атайдын уулу Боокени, Акылбек уулу Меңдибайды, Алыбек уулу Жоокени жанына алып, алтымыш жамбы (ар түрдүү формада ар кандай салмактагы акча ордуна жүрүүчү уютулган күмүш же алтын) пул менен аттанып, Самаркан, Оро-Дөбө, Жызак, Сары-Дарыяны кечип, Ташкен, Кыйба (күн батын тажик эли) Кейипти кечип өтүп, эл башчысын чакырып, эки жамбы пул берип, хан кудалык нарк-насилин сактап, кыргызга тиешелүү

каада-салтты аткарууга бел байлайт. Алым мырза (Атемирдин айыл башчысы) [О.С.-351-б.]. Атемирдин кызы Санирабигага токтолот. “Санирабига он алты жарым жашы бар, Олоңдой кара чачы бар, Сары алтындай түймөдөй, келишкен кара чачы бар, Боростой кийим кийинип, Ботодой бели ийилип, Чиедей кашы чийилип, Жазык маңдай кара көз, Жатык тилдүү ширин көз, Кызыл жүздүү нурданган, кыпча бели буралган [О.С.-354-361-б]

Жакып менен Мыршаптын ортосунда ыңгайсыз кырдаал түзүлөт. (Мыршап Атемирдин жигиттеринен) Атемирдин ачуусу келип, Алооке, Манас оюна түшөт,ал жигиттеринин бири Акылбаястан жоро-жолдоштору барбы? Минген аттары кандай экен? деген өңдүү суроолорду билгиси келет. Натыйжада Атемирдин жакын көргөн жигиттери Абдыкалык, Акылбайыс, Тулөөбектер Жакыптын кай жактан келгенин, ата-тегин байма-бай териштирип, кыжаалат кылганга аракет жасашат. Жакып кан Атемирдин жигиттерине ата-теги тегин эмес жерден экенин төмөндөгүчө баяндайт: Башкы атам Бабыр кан, Бабыр кандан Буура кан, Буура кандан Түбөй кан, Түбөй кандан Көгөй кан, Көгөй кандан Ногой кан, Ногой кандан Жакып кан ордоңордо кор болуп,ушу бүгүн жатыптыр, кыз үчүн мени кыйнаган , Баламдын аты Манастыр. [О.С.-364-б] Абдыкалык Жакып кан эр Манастын атасы экенин, Атемирге жеткирет, Атемир: “Кылымда киши жиберген, Кыйынга калган экенбиз. Ааламдан киши жиберген, азапка калган экенбиз,” – деп кан Жакыпты сыйлуу конок катары конок үйүнө киргизип, болгон сыйын көргөзөт. [О.С.-365-б]

Атемир өз журтуна кайрылып : калыңга алтымыш шуудур салыңар (шуудур-төө) Отузу болсун ургаачы, Баштары кара, өңгөсү ак, Эркек болсун отузу, Жамы бою капкара, Жалаң башы ак болсун, Таба албай жүрүп куу кыргыз, Ушуну менен маң болсун. Беш жүз жылкы салыңар , Эки жүз букар (уй) салыңар. Салган беш жүз аспиден (жылкы) маңдайында агы бар жүздүктөй болгон кара аттан, Жүзүн санап алыңар, -деп [О.С.-375-б] Жакыпты калыңды көбөйтсөк деп ойлонот да, тайсалдатабыз деген суныш

киргизет. Атемирдин Адирабига, Санирабига, Абыл, Кабыл, Жанадил аттуу эки кыз үч уулу болот [ О.С.-378-384-б.].

Меңдибай “ Бир шаңшуур жамбы” ( күмүш же алтын). “Чочпорадан онду” (кымбат кездеме) “Тай туяктан онду алып” куржуну менен кан Жакыптын алдына коёт. Жакып Бекзаадаларга “ Баарысына баалык.”- деп “алтындан койду бир жамбы.” Көргөндөр “Өлөрман чал деп,”- биз жүрсөк, Шекер-шербет бал экен” деп өздөрүнчө божурап, Санирабиганы ырыстуу адам алар деп жакшы ниет билдиришет.Ууда жүрүп Алманбет түш көрөт : (Алманбет Манас менен Кара тоого кийик уулап жүргөн) “ Алманбет жатып түш көрүп, чекеси кетип ай толгон, колуна кирип алыптыр, койнуна бирге жатыптыр.” Түшүн Алманбет Манаска айтыптыр, ал түштү Бакай жоорусун , -дейт. Бакай: “ Манас алган жарыңдын акылы жетик, балалуу болосун,-дейт. Атемирдин (Каракан) жек-жааты салган калыңды Жакып тарап үч эсе көп даярдап, Манас чоролору менен күйөөлөп барат [О.С.-389-б.].

Манас Санирабига жаткан ордого барып, болочок жарына жоолугайын дейт. Адегенде Саани баатырды тоготпой, сүрүн көрүп чочуйт: “Атамдын үйүн булгабай. Азыр кетип жөнөгүн, Азыр чыгып кетпесең, анык сенин өлөрүң”, - деп каяша да айтат. Ачуусу келген Манас тап берейин дегенде Санирабиганын колундагы шамшар колун шылып, кан шыркырап агат. Ызаланган Манас ачуусун Саниден чыгарат. “Көөдөнгө Манас тепкенде, Рабия сулуу кыз көмөлөнүп кеткени”, “Беш кабырга кыйрады, Бетин басып ыйлады” [О.С.-402-б.]. Манас аскеринин кашына барып, Урушка чыкчуу добулбас, кагылды. Сансып жаткан көп кошун, атты көздөй жабылды. Бай Жакып, Көкөтөй, Бадиректер араң токтотуп, алды жагын караса Атемир алтымыш ат тартуу деп куданын алдынан чыгат. Манасты баштап Атемир кан Ордого келет. Салтты кармап, “Жекендос жерден алдырып, Баяндос мамык салдырып, кан–күйөөнү кастарлап кыз-келин күтүп, шаан-шөкөт башталат. [О.С.403-404-б] “Кыргыз Кыйба колуна, колдун тосуп жолуна: Санирабиганы самап келген кыргыздын никейине бердик деп, Абдылкасым аттанып, Айгайды журтка салыптыр, кандын никейинде деп, калайык угуп

алыптыр. Ошондон улам “кан ника” деп жарсалып, Канықей аталып калыптыр. “Тойго какчу нагыра (барабан сыяктуу музыкалык аспаптын түрү) Атемир азыр чалдырды, Ак сакалдуу улама, Андан көрсөң буларга. Алтымышын алдырды. Никеге кутпа окутуп, (никеде окулуучу дуба) аалымдар сайын бир-бирден, жылжыган жорго токутуп, бири күйөө бири кыз, бири аштар бири тыш, жаратканы алсын деп, жарашпаса которуп, бири-бирине барсын деп, кырк баатырды кырк кыз тандасын деп тулпарлары менен талаага чыгып жарышат. Ошентип, кырк жигит, кырк кызды тандап, кырк күн той берип, ат, кунан чаптырат. Шакан байбиче (Атемирдин жары) баш болуп, тогуз жүз катын коштоп, кырк үч келин көчүрүп, Бай Жакып Кыйбадан Санирабига аттуу келин алды.

Манас баатырдын Канықейге үйлөнүшү жөнүндөгү сыпаттамалары Саякбай Каралаевдин вариантында да өзгөчө берилет. Чубак Көкаласын теминип, Букар элин байкап көрүүгө келет. Анын портрети “Эңкейтип пенде алчысыз, эч ким чыдап баргысыз, көк темирден сом кийген, Көкала сындуу ат минген, караса жүрөк болк этет. Каар бетине айланган, - деп сыпатталат. [К.С.-305-б.] Букаралыктардын кебине караганда: “Айтканына көнбөсөк, Азыр салат аңгеме, оңураңдап кол салса, орто жерден орчудай. Он эки капка Букарды, ойлоп турсам, ушул шер, Түк чыгарбай соргудай”. Мындай кабар Букарды чайпалтып, журт чуркурап, он эки кыздын кенжеси Канықей атасы Темирканга келип: “Атаке, ажалым жетсе өлөйүн, Амалым жетсе ошого, мен бир кагыш кылып көрөйүн” дейт. Канықей менен Эр Чубактын эрегишүүсү күчөп, беттешүүгө эрөөлгө чыгууга шарт түзүлөт. Канықейди “Эмчектин асты ушу деп, өпкөнүн анык тушу!” - деп муштап өткөндө найзасы сынып, кезекти Канықейге берет. Канықей Чубакты Көкаланын үстүнөн көмөлөтө койчудай болуп, Соотко тийген найзасы сексенге бөлүнүп, баатырдын айласын кетирет [К.С.-309-б.]. Анда Чубак Таласка барып, кошун жыйнап келип, Букарга кыргын салайын дейт да, Канықейдин аты Каракашка [К.С.-309б] аттын башын буруп качып жөнөйт. Артынан Канықей кууп баратса белестен беш киши чыгып, “Аккула минип болкойгон, Накери бутта

чойкойгон [К.С.-309-б.]. Алтын менен күмүштүн, Ширөөсүнөн бүткөндөй, Асмандагы күнүңдүн, Бир өзүнөн бүткөндөй, Асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй. Ай алдында дайранын, толкунунан бүткөндөй. Ободогу булуттун салкынынан бүткөндөй [К.С.-309-б.]. Караңгыда сөз тапкан Бакайдын жол баш келгенин Каныкей көрүп, Аккула минип болкойгон Манасты сыртынан көз салып, сынына толуп, баатырдын келгенине кубанып турду. Чубак: “Аялзаттын нурдуусу Каныкей сага баптуу жан экен Манас, ошондуктан колукту кылып алыңыз дейт [К.С.-312-б.].

Бакай “Канышка сөйкө салалы, жыл айланбай куда болуп баралы”, - деп Жакыпка кабарлоону ойлойт. Манас кан Жакыпка: “Калмактан алдым Карабөрк, Калчадан алдым Акылай, экөө тең төрөбөй, туяксыз өтүп кетемби, жаман жерге жамбаштап, жатпай турган кызды алам, Бейжайлык менен Кесирди, Билбей турган кызды алам, - деп кайрылат [К.С.-314-б.]. Бакай: “Жакыпты алтын, күмүшүн жыйнап, алты жигитти жолдош кылып, төлгөчү Кара Төлөктү алып, Букарга жөнө” дейт. Жакыпты Каракандын уулу Ысмайыл тосуп алат. Каракан кеп жайын уккандан кийин “Манастын эки катынын болсо, кызым жаш эле, келинди башка жактан изде”,- дейт. (Кан Жакып алтымыш беш жашта.)

[К.С.-317-318б.]

Төлөк төлгө тартып: “Башы түштү тогуз, - деп,

Аягы түштү сегиз, - деп

Баракелде бай Жакып,

Телегейи тегиз,” – деп Жакыптын сапары жолдуу болоору тууралуу кебин бекемдейт. Анда Аманбай Караканга кайрылып, Манаска Канykейди берели, - деп макулдугун сурайт. [К.С.-318-б.]. Каракан сөз баштап: Алты жүз кызыл нар болсун, Артылган арбын зер болсун, Адырым толгон мал болсун, эки миң аппак кой болсун, элүү күнү той болсун, маңдайында агы бар, эки жүз кара уй болсун, Шумкардай токсон куш болсун, Бүркүттөн жүзү туш болсун, Күлүктөн берсин эки жүз, Жоргодон берсин жети жүз, Төөдөн берсин эки жүз, Жолборстон берсин жетини, Шерден берсин экини дейт. Анда Жакып

Караканга кайрылып: “Арууке кичи кызыңды Алманбет деген уулума ылайык көрдүк. Ага да кулдук урайын, кичүү уулум Алманбет Аруукеге күйөө, -” деп кайрылат [К.С.-319-б.].

Каракан: Качып келген Кытайга да кыз береби, - деп ачууланганда Калматай “ээ ханым, булар калыңга бычкан малды оңой менен таба албайт, эмне десе макул де”. Бармагын тиштеп Каракан Бай Жакып, Бакай, Алманбет, Чубак макул куда бол, деди. Бакдөөлөт Чыйырды масилеттешип, бир чечимге келишти. Боз жоргону Чыйырдыга мингизип, [К.С.- 320-б.]. алты катын, төрт келин болуп, Жакып Туучунакты минип, төлгөчү кара Төлөктү алып, кырк киши жандатып, Букарга кудага жөнөйт [К.С.-321-б.]. Калыңга деген мал жер жайнап, Каракандын эсин кетирди. Манас менен Алманбет кыз-келин жандап. Манас Канықей жаткан үйгө сурабай кирип, болочок колукту, жесир катын менен эмес, кадыр-көңүл жетишсе, зыйнат кылып кыз-келин, Мени алпарат жетелеп, - деп ызаланат. Манас Канықейди эки билегинен кармайт. Канықей башындагы болот канжарды кынынан сууруп, билекке саят. Манас Канықейдин кабыргасын кыйрата тээп салыптыр, эки күн өтүп, Канықей Манастан кечирим сурайт.

Каракан Алманбеттин Манаска тете эр экенин баалап, Канықей менен кошо Аруукени берели дейт. [К.С.-324-б.] Отуз күн той болуп Жакып эки келинди бир алып, Таласка келди.Салт боюнча Жакып эки келиндүү болуп (Канықей, Арууке) кең Таласта күпүлдөтө той берип, тойдо ат, кунан чабыш, жамбы айтмай, улак тартыш, өпкө кармап таз чабыш, жөө жарыш, эр эңиш, балбан күрөш, ит тартыш сыяктуу улуттук оюндар, каада-салттар, аткарылгандыгы Саякбайда көп кырдуу чагылдырылып, тойго Маргаландан-Малабек, Кокондон-Козубек, Кашкардан-Алабек, Анжияндан-Айры сакал Санжыбектер катышат [К.С.-326-б.].

Манастын Канықейге үйлөнүшү Жусуп Мамайдын вариантында да, кызыктуу баяндалат. Бул вариантта Манас үйлөнүү жөнүндө сөз козгоп, Абдылданы атасы Жакыпка жөнөтөт: “Чоң ак чийдин ичинде, Ала-Көлдүн жээгинен көрдүм эле бир кызды, атама барып айтып кел, кимдин кызы

экенин билип берсин жан атам, тектүү болсо атасы, ошол кызды мен алам”. [Ж.М.-110-б]. Хан Жакып Абдылданы Карткүрөңгө мингизип, Букарга жөнөтөт. Абдылда адыр ашып, бел ашып, кеч бешимде Каракандын айлына салам айтып, кирип барат. Каракан алик алып, дасторкон жаят.

Абдылда: Куу ылаачын менде бар ханым, Куу баласы сенде бар ханым, Сен куу баласын учурсаң ханым, Мен куу ылаачын шилтермин ханым – деп кандай иш менен келгенин, дайнын билдирет. Анда Каракан: Каз баласын колумдан алар болсо Жакып бай, Жай жайлаган жайлоомо үч толтура мал берсин, Кыш кыштаган кыштоомо үч толтура мал берсин. Сан сарала ат берсин, Сан миң кара кой берсин [Ж.М.-110-112-б.]. Жону туюк нар берсин, санаты толук миң болсун, – деп Каракан эли-журту, айыл аксакалдары тууралуу, каада-салттарын санап өтөт. Абдылда кулдук уруп, тура калганда беш жүз кийит салып жолго узатат. Аңгыча Канықей кол жоолук, сандыгын алып, “Менин атым Канықей, алуучуга айтып бар, Канықей берген белек шул, Арстаныңа ала бар” – деп белек катары берет.

Абдылда Жакыпкан менен Чыйырдыга чыпчыргасын коротпой айтып келет. Манаска кабарлашканда кеңешели дейт. Жакып, Балта, Жамгырчы, Текечи, Бакай, Эр Чубак болуп кеңешип, алты хан дубан элиң бар, мал кетсе кетсин, хандар карап турабы, тойго даярдык көрөлү – деп колдоо көрсөтөт. [Ж.М.114-б.].

Алты шаар эли камданып, алтымыш нар алтын жүктөлгөн он эки төө, он алты төөгө күмүш артып, малдын түрү тобу менен айдалып, Каракандын оюндагыдай мал калкылдап: Топурак учуп, чаң басып туманда калды биздин шаар, Байлык менен мал айдап, кыз алганы келдиңби? – деп Каракан ыраазы болот. Эки тараптын айткандары төп келип, алты күнү ат чаптырып, эки күнү жамбы аттырып, Эр сайыш, күрөш өткөрүп, отуз күн той берип, Жакыпкан: “Букардан (Санирабиганы) Канықейди салт-санаасы менен ырыстуу келин болсун деп,”- Таласка көчүрүп кетет.

Мындан башка да, Жусуп Мамайдын вариантында “Канықейдин алынды болушу, Алманбеттин Аруукеге үйлөнүшү” деген бөлүмдө Манастын

зайыптары тууралуу айтылат. Анда Алманбет Эр Чубактан Манастын канча зайыбы бар экенин сураганы бар. “Накылай менен Карабөрк, бул экөө Манастын зайыбы”. Каракан кызы Канықей, кастарлап алган зайыбы бар. Топ жубандын ичинде, Чолпондой болгон дайны бар, Айтылып жүргөн ар кыздай, анын кандай айыбы бар! Үзүлгөнүн улаган Шыктын баары ошондо. Көкөтөйдүн ашында кошо бирге барды эле, Кызматы жагып карыга Кошойдон бата алды эле. Көкчөкөз атып Манасты, жарадар болуп өлөөрдө, Айыктырып алды эле” – деп, Канықейдин акылдуулугу, уздугу, сыр билгилиги тууралуу туура, таамай сыпаттайт [Ж.М.-208-б.].

Тоголок Молдонун вариантында Манастын Канықейге үйлөнүшү жөнүндө сөз да болбойт. Эпостогу “Чоң Казат” бөлүмүндө Манас, Бакай, Алманбет баштаган кырк чорого жалпы эле аскерлерге казатка аттанаарда Канықей тиешелүү согуштук кийим кечектерди даярдап бергени жөнүндө атайын бөлүм бар.

“Манастын Канықейге үйлөнүшү” деген тема эпостун баатырдык сюжетине жараша ошондой баатырдык теманын тегерегинде берилгенин көрүү кыйын эмес. Манас Канықейге куда түшүп барганында эле өзүнүн баатырдык мүнөзүн көргөзгөнүн айтуучулардын бардык варианттарында сакталган. Манас баатыр каада-салттарды, ырым-жырымдарды көзүнө илбей, өзүнүн чыдамсыздыгын, каардуу мүнөзүн үйлөнгөндөгү тоюнда да ачык көргөзөт. Бир жагынан караганда аябай көп мал айдап келгенине карабай, аларды топуратып (Атемирдин, Каракандын) шаарынын көчөлөрүнөн айдап келип топурак көтөргөн малдын өкүрүктөрү менен шаарда жашагандардын эсин чыгарганы аз келгенсип, Канықейге жолукканда да, сыпайы күйөө бала болбой, ага кол салып, анын канжары менен колун да жарадар кылганы - көргөзүп тургандай эпостук сюжеттин баатырдык тематикада өнүккөнү бул тойдун ырым-жырымына карабай баатырдык эпикалык мотиви, жөнөкөй үй-бүлөлүк окуяларды сүрөттөгөнүнө карабай сакталганын көрөбүз. Өз учурунда казактын окумуштуусу М.О. Ауэзов Сагымбайдын вариантына анализ жүргүзгөн учурунда анын вариантынын өзгөчөлүктөрүнө таянып,

төмөнкүчө жыйынтык чыгарганы бар. Сагымбайдын айтымындагы «Чоң казатта» элдин жөнөкөй турмушу сүрөттөлөт, андан сырткары каармандардын баатырдык иш аракеттери да чагылдырылат [М.О.Ауэзов. «Адамзаттын Манасы», в: кн., Киргизский героической эпос «Манас» Алматы. «Рауан», 1995.25-б.]. Ошондуктан, Манастын, Каныкейди алганга чейинки үч аялы тең ал өзүнүн душмандарын жеңгенден кийин алардын кыздарын согуштун олжосу катары алынгандыгы айтылат. Сагымбайдын вариантында  Жакып өзү баш болуп уулуна жаракту аял издегени чыгат. Жусуп Мамайда болсо Жакып Абдылданы Карткүрөңгө мингизип Букарга жөнөтөт.

## 1.4. Көзкамандар окуясы

“Көзкамандар окуясы” “Манас” эпосунда урунттуу мотивдерден. Сагынбай Орозбаковдун вариантында 2-китептин акыркы беттеринде Көзкамандардын балдары, алардын Манаска жасаган көралбастыктары кара сөз түрүндө берилет. Оогандын каны Түлкү Манас Каныкейге үйлөгөндөн көп өтпөй катаган, тейит урууларына кордук көрсөтүп, кан кошойдун уулу Аликени набыт кетиришет. Кордук көргөн уруулардын суранычы боюнча Манас жардамга барат. Манас талаадан Үсөндүн балдарынын көчүнө (көзкамандын) туш болот. Оогандыкар менен болгон чабышта Түлкүнүн бир тууганы Акун колго түшөт. Акун менен Манас достошуп, анын сунушу боюнча эки эл жарашат. Жарашып эле тим болбой Көкөтөйдүн уулу Бокмурун Түлкүнүн кызы Канышайды жактырып, Манас менен Түлкү бел кудага айланат. Манас кудалап жүргөндө Көзкамандардын көчү келип, Каныкей ардактап тосуп алат. Туугандын топурагы алтын деп Манас жаңы келген Көзкамандарга той өткөрөт. Каныкей Көзкамандан тарагандарынын Манаска болгон көралбастыгы, түрү суук экендиктери тууралуу айтса да, баатыр аны эч бир этибарга албайт.

Бул бөлүмдө Манас Таласка көчүү жөнүндө элине кайрылып, эл, жалпы журт муну колдойт. Андан удаалаш эле Байжигит Алтайга көчүү жөнүндө сунуш айтып, калайык бир ооздон макулдугун беришет. Журттун колдоосуна кубанган Байжигит ажырашаяк той жасоону көздөйт. Окуянын жүрүшүндө Ногойдун бир тууганы Шыгайдын уулу Жапак тууралу сөз болот. Жапак көрсө кытайлар кыргызды чилдей таратканга көп аракеттерди көрө баштаганда Шыгай Алай тарапка сүрүлүп, Алоокенин Коңурбайы менен чогуу өсүп, чогуу жашаганы айтылат. Андыктан, Жапак Байжигиттин тоюна даярдык көрүп жатып, Алымбекти Коңурбайга жөнөтүп, Манасты экөөлөп колго түшүрөбүз, - деген пикирлерин билдирет. Алооке Алымбектин сөзүнө Жапакты шылдыңдап “анын Манаска алы жетпейт, андан көрө бүт кытайды чабалы” –деп Манасты көкүтсүн деген колдоо жүргүзүлөт. Кытайга барганда Жапак ичтен Коүурбай сырттан беттешсе, Манастын айласын кетирсе болот

дейт. Байжигиттин тою башталып, Жапак Манаска баш ийбей чыр чыгарат. Чырда Көкчөгөз (Көзкамандын чоң уулу) киши колдуу болуп өлөт.

Ат-Башыга барып жан сактаган Көзкамандын балдары Манаска уу берип өлтүрүүнү көздөп, өз ара кеңеш курат. Үсөн Манасты жигиттери менен коноктоп, Манас аттанаарда кымызга уу кошуп ичирет. Меңдибай Көкчөгөздөрдүкүнө баратып, Тазбаймат менен Бозуулга тамагына сак болууну эскертет. Конокто ууга кеткен Серек, Сыргактан башкасы бүт ууланат. Эс учунан таналбай турган Манаска даай албай Көкчөгөздүн балдары өз ара чатакташып, эки жаатка бөлүнүп чырга айланат. Тополоңдон пайдаланган Бозуул Манасты качырат (ууланган Манасты душмандан далдалайт). Артынан аңдыган Көкчөгөз Манасты Аккелте мелжеп атат. Жарадар болгон Манас зоодон кулайт. Кызыр ата кырк чорону учуруп Тогуз-Торонун бир аймагына алып барып таштайт. Көкчөгөз элин дүрбөтүп, башка жакка көчүүгө, жер которууга чакырат. Уудан келаткан Серек менен Сыргак жылкы айдаган баладан болгон чырды угуп, Манасты таап, эс алдырып, дары беришет.Ички душмандар Канықей түшүндө Манасты кочкор сүзгөнүн көрүп, чочулап, мурдатан камдап жүргөн жашырын буюм-тайымдарын үңкүргө катат. Көкчөгөз Таласка көчүп келип, калкты жыйнап, Мазаке деген адамга “Манас өлдү”, - деп жар чакыртат. Эл ишенбей Мазакени шылдыңга алат. (Элде ошондон улам “Мазаке кылбачы” деген лакапка айланат). Канықейге киши чаптырып, “Көкчөгөз Канықейге үйлөнөт”, - деген сөз таратат. Канықей жуучуга барган (Меңдибай менен Мазакени) адамдарды кууп жиберет. Көкчөгөз Манастын айлын чаап, жакындарын чилдей таратып, Канықейди короо кайтартып, тамак берилбесин деп буйруйт. Көкчөгөз элди тозутуп, Манастын дүйнө-мүлкүн талайбыз деп жатканда Манас, Серек, Сыргактар келип, окуянын чоо-жайын байкаганга Көзкамандын балдары баатырлардын дайнын угуп, өз ара алдастап, бирин-бири бычактап жан беришет. [О.С.-439-440-б.]

С. Каралаевдин “Манас” эпосунда да, Манас Канықейге үйлөнгөндөн кийин Көзкамандар окуясы тууралуу айтылат. Мында Эсенкан журт жыйнап

“Манас оңой жоо эмес, аны эптеп алдап өлтүрбөсөк, кытайга кыйын болот. Кимде-ким Манасты өлтүрүп келсе, алтын таажы кийгизем, калмак менен манжуунун бир чоң кандыгын беремин”, - деп жар салат. Калың эл тунжурап: “Манаска катылган жан аман калчу эмес эле, Көзкаманды балдары менен Манас каршы коёлу, бир эптесе ушулар аны ийдирет”, - деп бүтүмгө келишет. Ошентип, Көзкаман менен Көкчөгөз, Желтийбес, Чандаяк, Орозон бешөө Манасты өлтүрүп, башын кесип келмек болуп, Эсенканга ант берет. Көзкаман Манаска кат жолдойт: “Чоң атаң Орозду өлүп, балдарын туш тарапка бөлгөндө, биз калмак-кытай тарабына ооп, кара кытай маңжуунун баласын багып, далай кордук көрдүк. Эми бозуп-тентип күн кечирүүдөбүз. Тууганым Манас өзүңсүң, тууганды кылып күтүп ал”. Алардын арам оюн билбеген Манас атсызына күлүк мингизип, тону жогуна тон жаап, аялы жогун үйлөп, ар-бирине өзүнчө үй тигип, сандаган мал, алтын-күмүш берип, сый күтөт.

Көкчөгөз Манасты түшүп өлсүн деп үйүнө кырк аркан бою ор каздырат. Көзкаман бал тилин салып кырк жыл ачытылган ууну аракка кошуп ичиртип жиберет. Уу мээге тээп, көзү ала-чакмак болгон Көкчөгөздүн тогуз уулу тегеректеп Манастын башын кесип алмакчы болот. Көзү сүзүлүп жыгылганы турган Манастын капталынан кара чаар кабылан чамынып, чолок чаар көк арстан бет алдынан чамынып, карааны миң кишидей болуп көрүнөт. Манас көзүн жумса чапмай болуп, көзүн ачса артка кетенчиктеп туруп калышат. Манас ошондо Бакай, Алманбет, Чубак баштаган кырк чоросун, Каныкейди ойлоп, өзүнчө арман кылат. Көкчөгөз, Көзкамандар Манасты өлдү деп ордонун кароолчуларын өлтүрүп, казынаны талап жүктөп, Акаярды орго салышат. Кыргыл чал Манастын акыбалын алгачкылардан болуп билип, Акаярды ордон бошотуп, кырк чоро кырчылдашып Көзкамандар жеңилүүгө учурайт [О.Б.К. 27, 28, 78-бб.]. Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында “Көкчөгөздүн Манасты атышы” “Алманбеттин Көкчөгөздү өлтүрүшү, Айчүрөккө бел куда болушу” деген бөлүмүндө Көзкамандын балдарынын Манасты көралбастыгы ырааттуу сыпатталат [Ж.М.149-168-233-238-б.].

Саякбайдын вариантында Эсенкан Көзкаманды Манаска тукурса, Сагымбайда Шыгайдын уулу Жапак Алоокенин Коңурбайы экөөлөп Манасты өлтүрүүнү Көкчөгөзгө сунуштайт. Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында Коңурбайдын көрсөтмөсү менен Көзкаман Жакыпка келет. [Ж.М.-151-б.] Коңурбай Көзкаманды чакыртып, - “Жакыпка коңшу бол дейт. (Жакып Алайда жүргөндө) кан Жакыпты тирүү болсо темир торго салып кел, болбосо жалгыз башын кесип кел”, - деп катуу тапшырма берет. “Жакыптын уулу Манасты, жалгыз сага суратам, Алтымыш уруу Алашты Көкчөгөзгө беремин”,-дейт [Ж.М.-150-151-б.].

Кан Жакып өрлүктөп Көзкаманга барат. Манас Каныкейди да, тосуп ал деп жөнөтөт. Окуянын сүрөттөлүшүндө Көзкаман Манаска каршы экенин, ага уу берип өлтүрүү алардын башкы милдети, максаты болгонун ачык билдирет. “Катыны менен Көкчөгөз, кемпири менен Көзкаман, төрт эле киши бир үйдө, биз көчүп мында келгени, Манас бир да келбеди, Чылап койгон уу турат, келсе суна бергени”. [Ж.М.-152-б.] Жусуп Мамайда бул эпизоддор Коңурбай, Каныкей, Көзкамандардын өз ара сүйлөшүүлөрү диалог түрүндө баяндалып, бири-бирине болгон мамилелери ачык берилет. Маселен: Көзкаман Манасты конокко чакырып уу берүү жөнүндөгү оюн Каныкейдин “Арак эмес чай ичет, шектүү адам дагы ичпейт. Чакырсаң да ал келбейт, Манас эмес мен ичпейм” – деп айтканы бар. Ал эми Көзкаман: Кимдер издеп табалат, уулум сендей мергенди, тосуп туруп атып сал, Башын кесип алалы, Каңгайга кетип калалы, - деп уулдарына арам оюн билдирүү аркылуу Манаска болгон ачык душмандыгын бекемдеп жатат.

Жусуп Мамайда Эр Манас Ооганды жеңип, Кашкарга жол тартып келатканда кырк чоро жолдо дүрбү салып отуруп, эки караандын бири Көзкаман экенин тааныйт. Алманбет, Күлдүрдүн уулу Алыбай, Мажик, Сыргак болуп Көкчөгөздү колго түшүрөт. Капсаланды Эр Мажитке айдатып, Алты палбанын аркага колун байлатып, Жаркенге Малабекке каматып, зынданга салат. Көкчөгөздү Манаска көрсөтүп, тирүүлөй ичин жардырып, итке салып беришет [Ж.М.233-334-б.].

Тоголок Молдонун вариантында Коңурбай Манасты конокко чакырып беш күн сыйлап, Каракул, Шоодай айбалта даярдашат. Коңурбай айбалтаны Манаска белекке берем деп, алдап туруп жарадар кылат. Ошентип, Коңурбай өтө айлакер, куулук кылып, Манас унаасыз, курал- жараксыз олтурганда анын шилисине айбалта чаап, жарадар кылат. Ал эми Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Кожожаш Көзкамандын небереси деп айтылат. Тоголок Молдонун вариантында болсо, Жакып менен Үсөндүн тууганчылыгы тууралуу маалымат берилбейт, бирок Кожожаштын айтуусу боюнча Манасты бабам деп атап, «андан калган кегим бар», - деп Коңурбайдан кегин алып берүүнү суранат, бирок Манаста Кожожаштын кандай өчү бар экени ачык айтылбайт. Тоголок Молдонун вариантында Кожожаш Сыргактан өлөт. Аталган вариантта Кожожаштын дареги «Кожожаштын атасы Үсөн Манастан Коңурбайга качып келген кул», - деп айтылат. Демек, изилдөөбүздүн төртүнчү параграфындагы Көзкамандардын кан Манаска кылган кыянатчылыгы төрт вариантта тең салттуу баяндоолор аркылуу берилип жатканына күбө болобуз.

"Манас" эпосу убакыт өткөн сайын улам жаңы мазмундуу эпизоддор менен толукталып, көлөмү кеңейе берген. Жаңы окуялардын негизинде эпостун идеялык мазмуну, көркөмдүүлүгү арткан. Эпостун байыркы сюжетине негиз болгон баатырдык идея убакыттын өтүшү менен сырткы душмандарга каршы күрөшүү, эркиндикке жетүү идеялары менен толукталган. Жаңы образдар аркылуу кыргыз урууларынын жашоо турмушу, төбөлдөрдүн кулк-мүнөзү, ой-санаасы кеңирирээк сүрөттөлө баштаган.

Эпостон биз бир катар каармандардын портреттерин, жер-суу аттарын, жаныбарлардын сүрөттөрүн, курч сөздөрдү, мифтерди, армандарды, керээздерди, кошокторду учуратабыз. Ушулардын баары эпостогу каармандарды мүнөздөөгө, алардын сүрөттөрүн кенен ачып берүүдө пайдаланылган.

"Манас" эпосу кыргыз элинин тарыхын чагылдырат. Анда элдин башынан өткөргөн окуялары, коомдук ишмерлеринин образдары көркөм формада берилет.

Эпосто этнографиялык фактылар көп кездешет. Анда көчмөн уруулардын чарбасы, алардын турмушу, өз ара мамилелери, үй-бүлөнүн бир-бири менен болгон мамилеси, тамак-аштарынын, кийим-кечектеринин, үй-жайынын, урунган курал-жабдыктарынын аталышы, аш-тойлордогу салт-жөрөлгөлөрү, адамдардан бир-бири менен болгон мамилесиндеги каадалар, каармандардын мунөздөрү, алардын диний ишенимдери жана да башка толуп жаткан фактылар элдин мурунку замандардагы психологиясын жана турмушун изилдөөдө табылгыс материал болуп саналат. "Манас" эпосунда кыргыз элинин жашоо-турмушунун, мифологиясын, реалдуу тарыхый окуяларын көркөм чыгарма аркылуу берилген. "Манас" эпосу кыргыздардын өткөн доордогу коомдук экономикалык мамилеси, идеологиясы, кайсы элдер менен мамиле жасагандыгы, кайсы географиялык аймактарда жашагандыгы жөнүндө да маалыматтарды берет. Эпостон орун алган тарыхый окуяларды, идеологиялык мотивдерди, этнографиялык жана мифологиялык элементтерди, эпостун тилин, стилдик формасын, сюжеттик сызыгын, варианттардын ортосундагы айырмаларды, каармандардын образдарын, алардын граждандык тарыхтагы фактылар менен байланышын ж. б. маселелерди терең изилдөө керек. Эпос бардык варианттарда кыргыз урууларынын бытырап тарап, Ороздунун (кээ варианттарда Ногойдун) уулдарынын ар жерлерге сүрүлгөндүгүн баяндоодон башталат. Жомоктун кээ бир варианттары боюнча Кытайдын Алооке канынын баскынчылыгы натыйжасында кыргыздардын бирдиги бузулуп, бытырандылыкка учурайт. Эпостун башкы каарманы – Манас Алтайда туулуп өсөт, ал эр жеткенде кыргыздарды Алтайдан Ала-Тоого алып келет. Идеялык мазмуну жагынан эпостун негизги мотиви кыргыз урууларынын башын кошуп, кол салган тышкы душмандарга каршы туруу. Эпостун биринчи бөлүмүндөгү "Манастагы" окуялар алгачкы кездерде Орхон, Каңгай, Күкүнор, Алтай

сыяктуу географиялык пункттарда болот, орто кылымдарга чейин Алтай тарабында жашаган тыргоот, орон-кой, ойрот сыяктуу уруулардын жана элдердин аттары аталат. Кыргыздардын да XII кылымга чейин азыркы территорияда болбой, Алтай тарабында жашагандыгы, XI кылымда Ысык-Көл, Чүй, Фергана өрөөндөрүн аралап жүрүп, түрк урууларынын сөздүгүн жазып кеткен Кашкардык Махмуддун маалыматы менен аныкталат.

Оозеки элдик чыгарманын китептегидей туруктуу тексти болбойт. Өзгөчө "Манас" сыяктуу узак жомоктун кылымдар бою оозеки түрдө гана жашап келиши анын аздыр-көптүр өзгөрүлүшүнө себеп болгон. Аны айткан жомокчулар өз заманындагы окуялардын жана өкүмдүк кылуучу идеологиянын элементтерин киргизбей койгон эмес. Мындай элементтердин киргизилиши да, жомокчунун ар бир маселеге жеке көз карашына жана жомокту угуучулардын жалпы талабына жараша болуу тийиш. Ар бир доордун жомокчусу өзүнө таасир келтирген окуяларды, идеологиялык мотивдерди өз түшүнүгүнчө жана чыгармачылык шыгына жараша эпоско жамады, катмарлады. Ошондуктан илгерки шаманизм жана көп кудайга табынуучулук ишениими менен катар кечээки эле исламдык диндин эпостон орун алышын оозеки адабияттын өнүгүш процессиндеги табигый нерсе деп кароо керек. Мына ошол кийин киргизилген кошумча элементтерге фольклористикада "катмарлар" деген термин колдонулат.

Ч. Валиханов уккан вариантка караганда, Жакып куда болуу үчүн Кара кандын айлына барганда, ал өзүнүн кызын (Каныкейди) букаранын уулуна берүүнү ыраа көрбөйт, Ошондуктан Каныкейди Манас күч менен тартып алат. Көкөтөйдүн айлы Ташкент тарабында эмес, Ысык-Көл, Кара Эртиш, Алтай жана Хинган тоолору жакта болот. Көкөтөйдүн ашындагы чатакта зордук-зомбулук көрсөткөн Коңурбай менен Жолойлорду Манас өлтүрөт; Манас өзү Нескара колдуу болуп каза табат. Бул өтө кызык варианттын толук жззылып бизге жетпегендиги абдан өкүнүчтүү.

Сюжети мурунтан элге тааныш жомокту анын белгилүү каармандарына, алардын атактуу курал-жарактарына, кийим-кечектерине, тулпарларына жана

дайыма эскерилүүчү жан-жаныбарларга берилип жүргөн туруктуу эпитеттерди пайдаланып, ар бир доордун таланттуу адамдары ыр менен күүгө салып айтып келген. Эпостун көркөмдүк сапаты, көлөмү, идеялык деңгээли жомокчунун чыгармачылык шыгына жараша болгон. Кээ бир жомокчулар мурунтан таанып сюжетке да, айрым себептер менен, жаңы эпизоддор кошкондугу же кээ бир окуяларды түшүндүрүүдө жаңы мотивдер киргизгендиги белгилүү. Мындайча айтканда, эзелтен келаткан традициялык жалпы сюжеттик теманын айланасында аңгеме жасалганы менен, манасчылардын эмгеги өз алдынча чыгармачылык мүнөзгө ээ деп айтууга болот.

"Манас" эпосунун башкы идеясын жана сюжеттик негизин аныктоо үчүн анын биз карап жаткан төрт вариантынын мазмунундагы, сюжеттик түзүлүштөрдөгү окшоштуктарды жана айырмаларды салыштырып, талдап чыгуу керек. Мындай салыштырууларды жасаган изилдөөчүлөрдүн эмгектерине караганда (М. Ауэзов, К. Рахматулин ж. б.), манасчылардын варианттарында мурунтан ата-бабадан бери айтылып келаткан жана алардын баарына орток болгон жалпы сюжеттик негиз, канча бар экендиги аныкталган. Ошол сюжеттик негиз төмөнкү окуялардан, темалардан түзүлөт: негизги каармандардын туулушу; алардын балалык чагы; Каныкей, Айчүрөк сыяктуу чексиз сулуу, акылман аялдардын, Бакай, Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу баатыр чоролордун, Нескара, Жолой, Коңурбай сыяктуу алп жоолордун мүнөздөрү, кылык-жоруктары жөнүндөгү аңгемелер; кыргыз урууларынын Манас, Семетей, Сейтек башчылыгы менен элди коргоого багытталган баатырлык согуштарына арналган эпизоддор; эл үчүн курман болгон Манаска күмбөз салуу тууралуу баяндар. Ошону менен катар, андагы экинчи катардагы каармандар да (мисалы Айдаркандын Көкчөсү менен эки Кемин жайлаган Үрбү, жалгыз көздүү Мадыкан менен чыканактай. Эрагыш, өздөн чыккан жоо — Көкчөкөз менен Көзкамандар сыяктуу персонаждар да эл оозундагы эпизоддордун ар биринен учурай тургандыгы белгилүү. Ошентип, эпостун көпчүлүк варианттарында баатырлардын өмүр баяны,

алардын кылган иштери, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого Таласка келип баш кошуусу, этнографиялык жактан өтө бай, көркөм берилген “Көкөтөйдүн ашы", чексиз алп күчтөрдү сүрөттөгөн “Чоң казат" сыяктуу эпизоддор биздин заманга жеткен эпостун сюжеттик негизин түзөт [Юнусалиев Б. “Манас” эпосуна кириш сөз. Фрунзе, 1952. 4-б.].

Алгач эпостун сюжеттик негизи кыска болгон, бирок мезгилдин өтүшү менен ар бир доордун манасчылары өздөрү жашаган мезгилдеги окуяларды жана идеология кырдаалды чагылдырган жаңы эпизоддорду кошуп кетишкен.

## КОРУТУНДУ

Манастын ата-бабалары, түш көрүү, алгачкы эрдиги аттуу бөлүмдө биз эпостогу туруктуу сюжеттик сценарий бардык варианттарда болгондугуна күбө болдук (ата-бабалардын генеологиясына, карып калган кейипкерлердин баласыздыктын арманы, алар бала тилеп жаратканга жалынып, ар түрдүү ырым-жырымдарды колдонгондору, түш көргөндөрү жана түштөрүн жоорутуп балалуу болгону, Чыйырдынын талгагы жана узак толготуп, шумдук баланы төрөгөнү, Манас төрөлгөндөгү ырым-жырым, ага ат ыйгаруу ж.б.). Эпостогу кээ бир сюжеттер манасчылардын бирөөлөрүндө сүрөттөлсө, кээ бирөөлөрүндө айтылбайт. Эпостун композициясында баатырлардын цикликалык биографиясы туруктуу сакталат.

Биз анализдеген тексттерде Манастын ата-бабаларынын аттарынын аталыштары туруктуу сакталган: Каракан, Бабаркан, Чаянкан, Угузкан, калган аттар Алачкан, Байгуркан, Уйгуркан, Чаянкан (С.О. С.К.) аталса, Жусуп Мамайда: Мамайкан, Ороздукан, Т.Молдодо: Төрөкан, Баракан, Жаянкан ж.б. Хандардын аттарынын түрдүүчө болушу – бул манасчылардын ар түрдүү аймактарда жана алардын кайсы тарыхый учурда жашаганына байланыштуу болгон. Ошондой эле өзгөчөлүктөр кыргыздар жашаган жерлердин аттары да ар түрдүү берилгенин байкоого болот. Эгерде Сагымбайда кыргыздар Алтай, Арал, Аксы, Кучер, Илени жердегени айтылса, Жусуп Мамайда Сары Арканы калмактар ээлеп калганы

белгиленип, Жакыптын Балыкарт, Барскоон деген жерлерде жашаганы айтылат.

Эпостогу Чыйырдынын түш көрүп, боюна бүткөн окуя Жусуп Мамайда Сагымбай, Саякбайдын айтымындагы салтка айланган мотивдер менен окшоштугу бар. Жакып Чыйырдыны чычырканак токойго алып барып жалгыз таштап, жаман үй тигип (ырымдап) калтырып койгондон кийин ал эгиз бала төрөйт, бирөөсү кыз, бирөө уул. Уул бала чарчап калганда Жакып кайрадан Чыйырдыны токойго алып барат, ал үч жылдан кийин уул төрөйт. Токойдо, биз жогоруда көрсөткөндөй, Чыйырдыга жардамдашып жесир Магдым деген өзбек катын каралашат, кийин Жакыпты көндүрүшүп, ага Магдымды токол катары алып беришет, андан Серек менен Сыргак туулат.

Түрк тилдүү эпостордо, көп учурларда баласыз үй-бүлөдө акыры балалуу болгондо аялы эгиз бала төрөйт, бирөө кыз (анын аты көпчүлүк учурда Кардыгач деп аталат), экинчиси – уул. Мына ушул бүт түрк урууларына сиңишип кеткен салттуу мотив Жусуп Мамайдын да айтуусунда орун алып калганы кызыктуу. Ошондой эле Жакыптын жайлап жашаган жери Жусуп Мамайда Балыкарт, Барскоон деп аталат. Биздин оюбузча, бул жердин аттары Кытайда жашаган кыргыздардын эпосуна кийинчерээк калмактар мезгилинде кириши мүмкүн. Сары Аркадагы калмактардын дөөлөрү да, балбандары да  Дөөкан, Соки, Сотоң деп аталган. Жусуп Мамайдын вариантында: баланын төрөлүшү, Чыйырдынын толготкону 14 күнгө созулганы салтка айланган мотивдер менен берилгенин көрөбүз. Манас төрөлгөндө “оң колуна май, сол колуна кан уучтап түшкөнү”, анын алаканында “Манас” деген аты бар деп берилгени, жаңы төрөлгөн баланы май менен ооздандыруу мотиви биз изилдеген варианттардын баарында сакталганын көрөбүз. Саякбайдын вариантында Манастын төрөлүшү “какандык даңазасына чийилген” деп берилсе, Ж.Мамайда да, Өңкөй жана Ыранкул деген уруунун “Ыстарлап” деген китебинде кыргыздарда Манас атка конгон бала төрөлсө “каңгай эмес калмакты да алат” деп жарыялганы айтылат.

Көрүнүп тургандай, эпостун сюжетиндеги окуялар ар бир манасчынын айтымында өздүк композициялык ыкмалары менен берилген. Мисалы, Манастын ата-бабалары, кыргыздардын жашаган аймактарынын аталыштары, же болбосо кээ бир каармандардын аттары, майда мотивдерде айырмачылыктар бар. Баатырдын алгачкы эрдиктеринде, ага тиешелүү окуяларда, мисалы, анын биринчи иретте согушка кие турган Аколпогун кайдан жана кимден алынганы айтылса, Сагымбайда Ак олпогу Балта дөө Будайыктан суратып Манаска эп экени баяндалат. Ак олпокту Темиркандын аялы, Каныкейдин энеси жасаганы, Каракан, Темиркан, Шатемирлер – үчөө бир тууган экени, Жусуп Мамайда Ыраман тажик деп айтылат. Анын жалгыз баласы Ырчыуул болот. Кыргылчал 20 бала топтоп Манаска кошулат, ошентип Манастын жигиттери курулат, ушундап тартып, дейт Жусуп Мамай, Манас журтка башчы болот, курал-жарактарды даярдалганы, Бакайдын хан шайланышы айтылат.

Эр жеткен Манастын портретин сүрөттөгөндө туруктуу салтка айланган эпитеттер колдонулат: “ак жолборстун сыны бар” десе, Сагымбай “Эсил Манас - кабылан” деп, Саякбай, “өрттөй көзү кызарып”.

Жусуп Мамайда жаш Манас калмактардын Көңтөй баштаган колун жеңгенден кийин Жамгырчы, Балта дөөлөр той өткөрүүнү макулдашат, Бакайды баш, Манасты хан көтөрүшөт. С.Орозбаковдо да Манас Жакыптын конушуна келип Айдын көлдө элин жыйнап Алтайдагы эл-журтун баш-аякты жыялы деп кеңешет. Ар тараптан жыйналган кыргыздар ак кийизге Бакайды, баатыр Манасты салып көтөрүп, көп журт “хан Манастын башына жыгалуу бөрктү кийгизди” деп берилет.

Ушундан тартып, Манас хан болуп шайлангандан кийин, эпостун сюжети чыңала баштайт. Манастын кол астында башка уруулар: даңгылдан Жайсаң, манжурдан бала Мажик, кыргыздан Саламат, кыпчактан Чечен Таз, ногойдон кан Жакып, нойгуттан Акбалта, тоотудан Токтобай, лөкүштөн Өмүрзактар топтолот. Өзбектен Дамбылда, Акымбек, аргындан Каракожо болуп топтолушат (Сагымбайдын вариантында). Жогоруда аталган

урууларды бир көйгөй бириктирип турат: ата-бабалардын жерин калмак баскынчылардан бошотуу. Манас хан шайланып, элинин башын бириктирип, душманга каршы кол чогултат. Манастын жетекчилиги астында элдин биригиши сюжеттин чыңалуусун көрсөтөт.

Манастын бардык варианттарынын башатында өзүнчө бир семантикалык бүтүндөй сюжеттик жана мотивдик жалпы фонд бар экендигин байкоого болот. Мындай мотив түрк элдеринин эпосторунун баарында кездешет.

Сюжетти баяндоо манерасында салттуу тексти жана поэтиканы колдонуу ыкмаларында ар бир айтуучунун өзүнүн талантына жана чыгармачылыгына жараша жеке өзгөчөлүктөрү болушу табигый көрүнүш. Бирок мында эң башкы нерсе, биринчиден, негизги сюжеттин кыймылы жана экинчиден, колдонулуп келе жаткан салттуу поэтика (жалпы жерлер же башкача айтканда, эпостун формулалуу стили) өзгөрбөй сакталат. Сюжеттин кыймылы ар түрдүү көрүнүштөрдү эпикалык кайталоолор менен деталдаштырып сүрөттөгөн.

Аталган бөлүмдө Манастын түрдүү варианттары айтуучулардын эс тутумунда кандай сакталып, кандай чыгармачылык ыкмалар менен берилгени ар тараптан иликтөөгө алынды. Манасчылардын жеке компетенциясы, чыгармачылык дараметтери жана алардын тексттериндеги композициялык өзгөчөлүктөрдү ачып берүүгө аракет жасалды.

## II БӨЛҮМ. Эпостогу сюжеттик конфликтинин жаралышы жана чыңалышы

### 2.1. Көкөтөйдүн керээзи, Бокмурундун кеңеши

«Манас» эпосунун варианттарында, «Көкөтөйдүн ашы» негизи биз көрсөткөндөй (белгилегендей) олуттуу бөлүм. Себеби көпчүлүк варианттарда туруктуу салттык мотив катары мүнөздөлөт. Сагынбай Орозбаковдун вариантында бул бөлүм Көкөтөйдүн керээзи аркылуу башталат: «Амалым жеткен окшоду, аманат жанды копшоду, балам жаш калды, малым бош калды, амбар толгон алтын калды, Айымкүлдөй катын калды Атпай кыргыз калкым калды» [О.С.-7-б.]. Көкөтөй кандын керээзи, «Манас» эпосундагы эң байыркы учурун, сюжеттин жүрүшүнө камтып калган эпизодко жатат. Ал эпизоддогу манасчынын баяндосундагы стилистикасын карап көрөлү. Бул ыр-саптар байыркы ташка чегип жазылган руникалык жазуулардын, көз жумган баатырлардын кагандардын мүрзөсүнө жазылып, эстелик катары берилген кыргыз эпосунун стилистикасындагы өзүнчө бир импровизациясы, варианты катары сезим калтырат. Мисалы, Таластан табылган руникалык эстеликте Чур деген баатырдын өзүнүн сөзү менен берилген тексте «Силерден отуз огланым (бул дүйнөдөн) байлыктан тапкан пайдадан ажырадым, силерден менин ишеничтүү жакындарым Чур уулу ажырадым, менин катыным жесир калды», – деп берилгенин көрөбүз [М.С.Е.-33-б.]. Көрүнүп тургандай, байыркы стилистикалык өлчөм туруктуу катары эпосто сакталуу менен бир аз вариацияланып берилет.

«Керээз каада салт ырларынын орчундуу бир түрү, ал элдик оозеки поэзияда, эпостук чыгармаларда орун алган, «Манас» эпосундагы Көкөтөйдүн керээзи классикалык үлгүлөрдөн деп ишенимдүү айтсак болот. Анткени дал ошол керээздин негизинде чакырылган чоң аш, чоң окуялардын башталышына, кыргыз менен кытайдын ортосундагы трагедиялуу кагылуушуларга алып келет. Ошентип керээзде бул акыркы дүйнөдөн өтүп бараткан каармандын (баатырдын) акыркы тилеги, өмүрүнүн акыркы ой санаасы айтылат” – деп залкар окумуштуу Кеңешбек Асаналиевдин керээзге

берилген аныктамасынан артык баа жок деп кесе айтууга негиз бар [К.Р.-218-б.].

Керээз эпикалык сюжеттин тутумунда өзүнө тиешелүү көркөмдүк кызмат аткараары ушул эпизоддо кеңири окуялар менен «Манас» эпосунун композициясында көрүнүктүү орунду ээлейт. Андыктан, С.Орозбаковдун вариантындагы «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү негизинен төмөндөгүдөй бөлүмдөрдүн тизмегинен турат:

1. Көкөтөйдүн керээзи.
2. Бокмурун элге кабар жибергени, Көкөтөйдү койгону.
3. Бокмурун Көкөтөйгө аш берүү үчүн элди чогултуп кеңеш кылганы.
4. Бокмурун Мааникерди мингизип, Айдарга эл чакырттырганы.
5. Көкөтөйдүн ашына эл келип түшкөнү.
6. Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганы.
7. Байгени элге угузганы, аттарды чубатууга салганы.
8. Жамбы атылганы.
9. Кошой менен Жолойдун күрөшкөнү. Жолойду Кошойдун жыкканы.
10. Манас менен Коңурбайдын сайышы.
11. Эр эңишкени.
12. Чапкан аттардын келгени.
13. Кытай – калмак байгеге зордук кылып, уруш болгону [О.С.-273-бет].

Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү аталган тема менен берилип, Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Көкөтөйдүн ашынын» негизги мотвдери жалпылыктарга, окшоштуктарга ээ. Андыктан «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашынын» негизги мотивдеринен, Керээз – эпостогу каармандардын иш-аракеттеринин ойдогудай аткарылышынын жанданышына түрткү берген психологиялык жагдай. Көкөтөй хан карыгандыгына карабай ооруп, өлүмгө башын байлаган адам эмес. Ал өз элинин биримдигин, келечегин ойлогон карман.

Саякбайдагы бул эпизод «Семетей» бөлүмүндө берилип, төмөнкү окуялар баяндалат:

1. Көкөтөйдүн керээзи.

2. Бокмурун элге кабар жибергени, Көкөтөйдү койгону.

3. Бокмурун Көкөтөйгө аш берүү үчүн элди чогултуп кеңеш кылганы.

4. Бокмурун Мааникерди мингизип, Айдарга эл чакырттырганы.

5. Көкөтөйдүн ашына эл келип түшкөнү.

6. Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганы.

7. Байгени элге угузганы, аттарды чубатууга салганы.

8. Жамбы атылганы.

9. Кошой менен Жолойдун күрөшкөнү. Жолойду Кошойдун жыкканы.

10. Манас менен Коңурбайдын сайышы.

11. Эр эңишкени.

12. Чапкан аттардын келгени.

13. Кытай – калмак байгеге зордук кылып, чатак чыгарганы.

Манас эпосунун бөлүмдөрүнүн арасынан, «Көкөтөйдүн керээзи» деген тема өзүнүн сюжети менен өтө байыркы мезгилди чагылдырып турат. Ушул эки варианттагы окуялардын берилиши бири-биринен айырмасы жоктой сезилет, бир аз эле темалары өйдө-ылдый берилгени менен айырмаланбаса, сюжеттин эки варианта бир айтуучулук салтта берилип жатканы, биздин оюубузча бул окуя, биз көрсөткөндөй, «Манастын» композициясына манасчылар кийинчирээк эпостун баяндамасына кошконун билгизип турат. Ушул эки негизги варианттагы (С.Орозбаков.С.Каралаев) сюжеттик окуялардын биринде ги В.В.Радловдун пикири боюнча байыртадан өзүнчө поэма болуп калыптанганы жөнүндөгү божомолду билдирет. Ушул эпизоддун композициясы көргөзүп тургандай, окумуштуунун ою боюнча ар бир окуянын биринин артынан бири хронологиялык сюжеттин жүрүшүн ырааттуу сактагандыгы жана баяндаманын ирээти менен болушунан көрүнүп турганын айтат. Бокмурундун ашка элди чакырганы, ашка элдин келип түшкөнү, калмак-кытайлардын Мааникерди өкүм менен сураганы, «Жамбы атуу», «Кошой менен Жолойдун күрөшү», «Манас менен Коңурбайдын уруш баштаганы», буга күбө. Эпостогу сюжеттин ушундай ыраатуу курулушу,

эчактан бери эле айтуучулук салтка айланып, өзүнчө баяндоо ыкмасы калыптанып, калганын ырастап, бекемдеп турат деп белгиленет.

Негизи, Саякбайдын вариантында керээз атайын бөлүнүп сүрөттөлбөйт. Анда Бокмурундун элге кабар айтканы, өзүнө катын издегенинен окуя башталат, Көкөтөйдү кепиндеп жерге бергени, мындайча сүрөттөлөт:

«Сурпка салып оротуп,

Көкөтөйдүн дүйнөсүн,

Мына минтип коротуп,

Зам-зам суу менен жуудуруп,

Баш аягын ырымдап,

Сарпайы менен буудуруп»,- деп берилет [К.С. -6-б.].

Ал эми Сагымбайда болсо, бул эпизодду атайын бөлүм кылып сүрөттөйт, мында Көкөтөй кандын мал-мүлкү, дүйнөсү көп экендигине өзгөчө басым жасалып, каада-салттардын аткарылышына көп маани берилет: «Окуп намаз болушуп, Текбирин айтып коюшуп, Саждесиз намаз окушуп, Чоңтору деген күлүгүн, Бурак атка токушуп, Бай көкөтөй бабаңдын, коюлганы шо болду, Дубалап койгон топурак,бир дөбөдөй тоо болду» [О.С.-55-б] Саякбайда Бокмурундун Мааникерди минип, кыз издеп, (өзүнө колукту издеп) жүргөндө атасы Көкөтөй көз жумат. Ал эми Сагымбайда Көкөтөй атайын керээз айтып эл чакыртат, Саякбайдын вариантында, Көкөтөй канды жерге жашыруу төмөндөгүдөй сүрөттөлөт: «Бул Көкөтөй өлгөндө, сан тыйылган топурап, сандаган дөөнүн баарысы, Сапырып салган топурап, Кан Көкөтөй өлдү деп, Кайра келбес чын жайды, кайран киши көрдү деп, Көкөтөйдүн Бокмурун, көзү ачылбай ыйлаган, Берен атам өттү – деп, Барса келбес жайына, падыша атам кетти» - деп берилет [К.С.-7-б].

Жусуп Мамайдын «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүндөгү окуялардын сюжеттик жүрүшүн караганыбызда казак – кыргыз элинде Көкөтөй айыл башы каны эле. Ал Ороздунун көзү өткөндөн кийин калмактарга кор болуп, Ташкенге көчүп келип, көпкө чейин бала көрбөй кудайга зарлап жашайт. Күндөрдүн биринде Кара-Урчук деген аймакта аң уулап жүрүп жалгыз ыйлап

отурган баланы таап алат. Ошентип Кайыпчы деген жерден таап алган балага Бокмурун деген ысым берип, Бокмурундун тою деп, малын чачып, той берип, эчки мууздатып, элге таркатып, Бокмурунду эркелетип багат, Эрке бала тогуз жашында Мааникерди минип, он экиге келгенде куш салып, бүркүт алат. Капыстан Көкөтөй бай ооруп, чабарман чаптырат. Бокмурун жайма көкүл жаш Айдарды Мааникерди мингизип, Кан Көкөтөйдүн оо дүйнө салганын элге угузам – деп кам көрөт. Ошентип Жусуп Мамайдын вариантында Бокмурун Үрбү деген агасын чакыртып, табыттын жайын жакшылап камдоону суранат: Бар керегин кам кылып, белендеп жүргөн Бокмурун, Жайын жакшы каздырып, чарасын терең ойдуруп, Топурагын тарттырып, кыштын күнү тоңгон жер, үстүнө чатыр жаптырып коюну буйруп, Маргалаң, Кокон, Наманган, Бадакшан, Балык, Букарга, кабар берип буларга, Самарканга айттырбай, Көкөтөйдү коюптур, -деп сыпатталат [Ж.М.-119-б.].

Негизи варианттарда (С.Орозбаков. С.Каралаев.) Көкөтөйдүн керээзи абдан ырааттуу мүнөздөлгөнүн көрөбүз. Ал эми Жусуп Мамайдын Тоголок Молдонун варианттарында керээз атайын тема болуп бөлүнүп сүрөттөлбөйт. Жусуп Мамайда Көкөтөйдүн кыркы өткөндөн кийин Үрбү Бокмурунду Кеминге көчүрүп кетет – деп сыпатталса, Тоголок Молдонун «Семетей» эпосунда Баймырзанын Көкөтөйдүн ашын Ташкентте эле берген оң,-”деген оюна кошулбай, Бокмурундун Каркырага көчүп конгону сыпатталат. «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү Тоголок молдонун вариантында Семетей бөлүмүндө берилет [Т.М.-2-4-8-б.]. Тоголок Молдонун вариантында Көкөтөйдүн ашын Толтой Күлчородон жарадар болгон Чыңкожону семетейге каршы согушпоого ынандырып, Семетейдин ата-тегинен бери баатыр экенин, ал оңой менен жеңиле бербестигин айтат. [Сооронов О.-105-б.]. Кан Көкөтөй бул вариантта Оронбар, Казанды мекендеген Сары Ногой Жамгырчынын баласы – деп берилет.

Бокмурун атасы Көкөтөй көз жумганда, Таң атаардан Буурул түнгө көчүп барып, атасына аш берүүгө кам көрөт. Кара Ногой Баймур экөөнүн араздашуусу Бокмурундун көчөт-көчпөйт деген маселесинен улам пайда

болот. Көкөтөйдүн ашы бөлүмүнүн сюжеттик өнүгүүсү андан аркы эпизоду Сагымбайдын Көкөтөйдүн ашындагы сюжеттик нукка окшош сыпатталат. Тоголок Молдонун ашында Ашты Мурадил башкарат. Ал эми калмактардан Кара-Атз менен Ырамандын жар чакырганы жөнүндөгү сүрөттөөлөр башка варианттагы, эпизоддордон өзгөчөлөнүп берилгенин көрөбүз.

Сагымбайда Көкөтөйгө аш берүү үчүн Бокмурун Кожогандан Кошойду, казактардан Көкчөнү, Агыш менен Кожошту, Акбай, Үмөт, Мамбетти, Эр Көксөнү, Султанды эми жыйды буларды, Оогандан алды Акунду, көп элден көңүл жакынды жыйнап, Кошой Жайдардын уулу Эр Акбай Мамбеттер болуп,ашты өткөрүүнүн ордун такташат. Өз ара кеңешүүнүн натыйжасында Кан  Кошой Каркырага токтоп, баары бата кылышат. [О.С.-71-72-б.].

Саякбайдын вариантында да, аш берүүнүн ордун аныктоодо Сары-Арка, Суусамыр, Кеген-Суу жайлоолору айтылып, Кошой Каркыраны тандайт [К.С-12-б.]. Тоголок Молдонун “Көкөтөйдын ашы бөлүмүндө да ашты өткөрүүчү жерди тандоодо Кошой Каркыраны тандап, бата берет. [Т.М. -7-10-б] Жусуп Мамайдын вариантында да, Каркыра жайлоосу Кошой тарабынан тандалат. [Ж.М.-121-б.] С.Каралаевдин вариантында Бокмурун, Кошой, Эр Төштүктөр өз ара кеңешип, ашка элди чакыруу тууралуу кеңеш кылганы кыскача мүнөздөлөт. Саякбайда “Буудайык кандын Музбурчак”, «Эйбит таздын Эр Үрбү»,  «Мекечихан», «Шыгай хан» Абдыркан уулу Эр Көкчө, калмактардын хан Жолой, Эдигей, «Тейиши эки хан», «Манжунун ханы Нескара», «Каканчында кан Тулук», «Кечилдин каны Коңурбайды» айт деп төмөндөгүчө сыпатталат: «Бул ашыңа келбесе, бул кызыкты көрбөсө, Төбөңдөн тийген манжуну, төбөсүнөн басамын, каптап кирип шаарын, Төрт күлүчүн чачамын». Бул вариантта да ушундай салттуу эпизоддор абдан жыш колдонулат [К.С. 19-б.].

Сагымбай Орозбаковдо Айдардын мааникери минип, элди ашка айтканы кенен сүрөттөлүп, төгөрөктүн төрт бурчундагы эл башчылары чакыртылып, «эгер ашка келбесең чабылдың анык билгин де, кыргында кызык саламын, кызынан тартуу аламын, кейишти катуу саламын, келинин тартууга аламын»

- деген сыяктуу таасирдүү ой пикир туудурат. Айтылган варианттар Көкөтөйдүн ашына элдин келип түшкөнү өтө кенен, ынанымдуу, сыпатталат. Калмак манжудан Коңурбай жүз миң кол, Алооке элүү миң кол, Жолой отуз миң, Сайкал отуз миң, Эр Шанай жети миң кол менен келгени айтылат. Эр Багыш Суркийик атын теминип, төрт миң аскер, Кырмыс уулу Мурадил, кыйгуулап кытай бу дагы кылкылдап түштү он миң кол, кызыл чоктуу Нескара жети миң, калмактардын Ушаңы эки миң, Токтукердин Бозкертик отуз миң, Солобонун Соорондук отуз миң, каражалдуу Боорончу отуз миң, кан жээни Жүгөрү жыйырма миң, Көкмөк уулу Керкөкүл эки миң, Көчпөс уулу Эр Жанай жети миң, Кошой отуз миң, Эр Төштүк төрт миң, Айдар кандын Эр Көкчө отуз миң, Эштектин уулу Жамгырчы жети миң, Эр Үрбү он эки миң, Буудайык уулу Музбурчак тогуз миң, Сакалаттан Сары дөө алты миң, дөбөттүн беги кан Дөмүл үч миң, Бай Жакып кырк миң кыргыз кол менен ашка келет.

Капилеттен Жолой таарынып, Коңурбайдын намысына тийет: «Бокмурундун колунда Мааникер деген бар экен, санап турсам Мааникер сага ылайык мал экен» [О.С.-128-б.]. Кан Манастын ашка кеч болсо да келишин калмак кытайдын пейлин оңдоп, ынтымакка чакырат.

Ал эми С.Каралаевдин вариантында Алооке, Жолой, Коңурбайлар өздөрүнчө кыр көрсөтүүнү максат кылып, кандайдыр бир шылтоолор аркылуу чыр чыгарууга аракеттенишет, бирок, Кошой Мааникерди жаш Айдарга мингизип, Манаска көкөтөйдүн ашына келе тургандардын чоо жайы тууралуу кат берип жөнөтөт. Айдардын өз учурунда ашка чакырбаганын укkан Манас, Айдарды кылычтап өлтүрмөк болгондо Канykей арачы болот. Бакай да арачалап, окуянын жүрүшүн Манаска түшүндүрөт. Бирок бул, бөлүмдө сюжеттик нук кыскача берилгенин көрөбүз. Мында Нескара таарынып, Мааникерди суратат. Манас кырк чоросун ээрчитип, каарданып калмакка каршы чыгаарда Нескара кечирим сурайт.

Ошондуктан, жогоруда белгиленген калмактардын Манаска болгон айрым терс мамилелери Көкөтөйдүн ашындагы сюжеттин татаалданып

өнүгүүсүн шарттайт. Негизи Коңурбайдын Бокмурундан Мааникерди өкүмдүк кылып, сурашы, Көкөтөйдүн ашы бөлүмүндөгү сюжеттик курулуштагы жаңы бутак. Сагымбайда Кошой Мааникерди Коңурбайга бермек болуп, Манастан бир ооз сурайлы деп Манаска кайрылат. Кан Манас ачууланып кыргын салмакчы болот. Ал эми ушул эле эпизод Саякбайда Коңурбайдын төмөндөгүдөй таризде Манастан кечирим суралышын шарттайт: Кокондон келдик тоорулуп, Тоюңа келип калыппыз, тополоң салам деп туруп, Тозокко минип калыппыз, атыңа келип, күч кылып, айыпкер болуп калыппыз, бул айыпты кечиңиз, мынакей башты кесиңиз». [К.С.-39-б] Ортого Кошой, Бакайлар түшүп, Манасты токтотушат, Жусуп Мамайдын вариантында да, Көкөтөй дүйнөдөн өткөндө ага аш берүү жөнүндөгү ой-пикир Үрбү баштаган туугандардын арасында кеңешилип, ал төгөрөктүн төтрт бурчундагы элди ашка чакыруу үчүн кат даярдалып, (Катты Кошой жазат) жаш Айдарды Мааникерге мингизип жөнөтөт. Катта казак каны Эр Көкчө Өзбектен-Сынчыбек, Бадакшандан – Малабек, Балыктан – Алыбек, Дүйшөмбүдөн – Козубек, Кебез-Тоодон Эр Төштүк, Жети-Өгүздөн - Алп Агыш, Бетбактыдан – Көкбөрү, Коросондон – Мырзакмат, Кыйбадан – Дабытай, Жети –Суудан - Багыш, Кең-Үргөнчтөн - Акун Хан, Жаркенден – Таабалды, Котенден – Кан Нура, Лапнурдан–Карачалардын ысымдары жана көптөгөн калмак манжулардын даректери тизмектелген.

Манжуну башкарган Нескара, Анжудан – Мурадил, калмуктан - Уушаңы, Кырымдан – Кыз Сайкал, Борончу бар Эрлерден, Жойгара бар мергенден, күн чыгыштан Эсен кан, Коңурбайлар душман экенине карабай, ашка чакырылганы салттуу сыпатталат. Ашка келген Коңурбай, Жолой, Нескара, Уушаң, Ороңгу өңдүү ниети бузук адамдар: «Бокмурун ашка бизди чакырып алып, жакшы күтпөдү - деп» Мааникерди зордуктап сурап коркунуч туудурат. Бокмурун тойду башкара албай калганда, Манасты чакырат. Манаска келген жаш Айдардын Көкөтөйдүн ашына чакырылган катын, Канык кан Бакайга айтып, Сыргакка берет: Жыртып каттын бечетин, катка

көзүн салыптыр, ачык окуп, эл учуп, калбай баары тең учуп, Арстан Манас ачууланып, барып өзүн араң токтотот.

Канықей: Саргарып кыргыз эл турса, Заманасы кысылса, чын айласы кеткенде, чындап сени качырса, эби келсе барып кел, тилегим кылат, бардык эл» - деп кан Манастын кечиксе да Көкөтөйдүн ашына баруусун шарттайт [Ж.М..131-б.]. Манас Көкөтөйдүн ашына башында чакырылбаганына таарынса да, ниети бузук Жолой, Коңурбай өңдүү душмандарга сүр көрсөтүп, аштын жакшы өтүшүнө шарт түзөт, Манас кандын сый урматка ээ болуп, кыргыз казак, өзбек түркмөн элине үстөмдүк кылган, Дөөкан, Шоорук, Соксоо, Сотой өңдүү ойрот-калмак баскынчыларын жеңип, уйгур элинин таламын көздөйт. Натыйжада Манас Кашгар, Хожент, Жаркент, Лобнурдагы элди үстөмдүк кылган калмак калдай менен согушуп, Кашкар жерин башкаруу укугун Алакунга берип, эл достугун чыңдайт. [Сакен Өмүр «Манас» эпосундагы эл достугу. Б., 1994. 15-16-б.].

## 2.2. «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүндөгү каада-салттар

С. Орозбаковдун вариантында ат чабышка эки миң ат чубатылып, биринчи байгеге сексен миң жылкы, миң атан, жүз миң кой, тогуз миң уй. Экинчи байгеге беш жүз төө, кырк миң жылкы, төрт миң уй, элүү миң кой. Үчүнчү байгеге эки жүз элүү төө, жыйырма миң кой, төртүнчү байгеге – он миң кой сайылат. Манас ат чабышка аргымактар тандалып жатканда, Алманбетти өзүнө чакырып: «Аябай күндү жайлап көр, Каркыра боюу бийик өр, Катыра күндү жайлап көр, Ат семизин кымпыйтсын, Этине келген аттар бар, Арыктын баары дыңкыйсын» - деп кеп салат. [С.О-149-150- б] Алманбет эр Манастын сөзүн кубаттап: «Касыйдадан кат” окуп, Калмакча кара дуба жат окуп, Бара айыздан бат окуп, бачымыраак жат окуп, Тегеректе терс окуп, Кытайча дуба нече окуп, Сурданып Алман калганы, Сууга жай таш салганы, Дуба окулгандан кийин эле, Алай дүлөй болуп, жаан мөндүрлөп борошо уруп, арып-торуп мал кырылат». Саякбайдын вариантында жети миң кырк үч ат чубатылат. Көкөтөйдүн ашында төө чечмей оюну ойнолуп, Ороңгу жеңишке жетишет.

Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында ат чабышка Ырчы уул кырк миң кызыл алтын сайылат деп жар салынат. Биринчи байгеге кырк миң алтын, экинчи байгеге жүз тай, Манастын атынан жар салынат. Ат чабыштын алдында Каныкей көрүнүктүү саяпкер Нарматты чакыртып Аккуланы каратат. Саяпкерге жардамчы катары Бозуул менен Байматты кошуп, Аккуланы тапташат. Ат чабышта Ырчы уул жар салып, Аккулага Коенаалыны мингизет (Көкбөрүнүн жалгызы баладан чыккан чыйрак уулдардын бири). Жусуп Мамайдын вариантындагы Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта алты миң аргымак чубатылып, улуттук оюндардын жүрүшү кызыктуу сүрөттөлөт. Нескара Манаска келип, Мааникердин байге алышына каршы экенин «Силердеги Мааникер калбыр өпкө, жез канат, Атым менен жарышса канаты бар куш калат, Төрт аяктуу айбандан кантип, андан байге алат» - деп нааразычылыгын билдирет. Көпчүлүк бул ойду кубаттап

Мааникерге байге каралбасын деген бүтүмгө келет. Бирок, ат чабыштын жыйынтыгында Мааникер менен Аккула жеңишке жетет [Ж.М. 149-б.].

Саякбай Каралаевдин вариантында кечилдин каны Коңурбай, калмактын каны – Жолой, катын балбан Ороңгу, манжунун каны – Нескара, Кокондун каны – Козубек, Анжыяндын каны – Айры сакал Сынчыбек, Эламандын Эр төштүк, Оогандын ханы – Акункан сыяктуу дөө-шаалардын Жамбы атуу оюнга келиши ырааттуу сүрөттөлүп, жыйынтыгында баш байгени Манастын алганы төмөндөгүдөй сыпатталат: «Айкөл Манас жеткени, Канкор жетип бир атты, Бар танабын кыя атты. Баатырың Жамбы кулатты, Кан Манастын кырк чоро, Көкөтөйдүн казына байгесине сыйганы, Кыймылдаган мөөрөйдү, кымбатым Манас алганы» [К.С.-66-б.]. Жамбы атуу Сагымбайда бир топ кеңири сүрөттөлгөнүн көрөбүз. Манасчы төгөрөктүн төрт бурчунан келген Жамбы атууга даярдыгын, алардын кулк-мүнөзүн тартууда таасирдүү көркөм сүрөттөөлөрдү курган.

Сагымбайда да, жамбы атууда Манастын жеңишке жетишкени мындайча мүнөздөлөт: Түркүгүн түптөп сындырды, Дүйнөнүн көөнүн тындырды, Туура танган жыгачын, Туйгунуң Манас сындырды, Душмандын көөнүн тындырып, Тууганга кубаныч кылдырды [К.С. 150-б.]. Жусуп Мамайда бир миң элүү беш кулачтан турган атайын жамбы атуучу жай куралат. Жамбы атуунун баш байгеси: Тогуз атан комдуу төө, тогуз бедөө жакшы ат, тогуз ичик, булчуңдан, тото жукпас кулпунган, жүз сарпай чапандан тураары жар салынат. Коңурбай огочорун (мылтыгын) октоп, жамбынын жетимиш танабынын жарымын түшүрө атат. Ал эми манастын жамбы атуудагы эрдиги мындайча сүрөттөлөт: Айманбоз оозун бош коюп, Кыйшая түшүп оңдонуп, Карап калды эр Манас, Окчо кармап бир коюп, Мылтыктан түтүн бур деди, Жер дүңкүлдөп шуу деди, Түтүн менен жалпы эл, Кош жаңырык чур деди, Танаптын баары кырчылды, Талаага жамбы ыргыды [Ж.М.-137-б.]. Сагымбайда Кошойдун Жолойду чабышы, «Жалпы журт карап туруптур, Тоодой Жолой балбанды, Томкоруп жерден алганы,

Көтөрүп жерге уруптур, Көпчүлүк карап туруптур, Жолойду кудай уруптур» - деп сыпатталат. [О.С. -226-б.]

Саякбайда болсо күрөшкө чыккан Жолойго атаандаш чыкпай, Манас Кошойду чакырат. Кошой сексен беш жашта экенине карабай, Жолойду жыгат. Саякбайда ат чабыштын байгесинен улам, Коңурбай уруш чыгарат, Манастын Коңурбайды жыга салып, жарадар кылганы, Опол тоодой күркүрөп, оён Манас жеткени, Калың кытай Какандан, Буйтай качып өткүчө, Камбардай болгон калганы, Каарданган зор Манас, Муштап эми өткөнү, Алгаранын үстүнөн, Тоо урган немедей, Алоокенин Коңурбай, Күркүрөп кулап кеткени» - деп элестүү сүрөттөлөт. Мында Жолой баштаган калмак-кытайлар, Аккуланын баш байгесин талап кетет. Ачууланган Манас жеке кол салып, Жолойдун башын жара чабат. [К.С.-63-б]. Ал эми Сагымбайда Аккуланын баш байгени алганы уруштун чыгышына негиз болуп берет. Кытай – калмак Коңурбай Аккула, Чалкуйрук, Ачбуудандын байгесин көзгө илбей, менин үч аргымагым алыш керек деп атайын чырды тутантууга бел байлайт. Сагымбай бул бөлүмдө ар бир тулпардын портретин, баатырлардын курал-жарактарын, каармандардын портретин жандуу сүрөттөөгө жетишкен. Саякбайда бул мотив өзүнчө бөлүнбөйт, «Көкөтөйдүн ашы, чырдын башы» экени белгиленип, аштын финалында Манас баштаган баатырлардын кытай-калмакты жерине чейин кууганы ишенимдүү, таасирдүү сүрөттөлгөнүнө күбө болобуз.

Жусуп Мамайдын вариантындагы күрөшкө чыгуу бөлүмүндө, Кошой баатырларды сынайт, себеби Манас бүт баатырларды сыноо жагын Кошойго жүктөгөндүгү окуянын жүрүшүнөн ачык көрүнөт. Мында Нескара Эр Төштүккө чыгам деп камданат. Анда Эр Төштүк жер алдында жети жыл жүрүп, жетимиш алпты бүт жеңдим. Жер үстүнө чыкканы жети айга толук толо элек, Каным калган бир кашык, Этимдин баары көк жашык, Ороңгу жыгып салбасын – деп өзүн күрөштөн ала качат. Айкандын уулу Көкбөрү каруумдун сынган жери бүтө элек десе, Айдаркандын Эр Көкчө өпкөм ооруп жүрөт – деп кесе айтат. Акбай да, макул эместигин билдирет. Баарын угуп,

калчсап көрүп Манас Кошойдун өзүн сунуштайт. Кошой Эр Көкчөнүн шымын кийип, тартканда жыртылып кетет. Манас өзү көпчүгүн ичинен кандагайды таап, жетимиш төрт жаштагы Кошойго сунат. Кошой кийип көрсө, багалеги батпай, Каныкейди чакырып, өзү тиккен кошумча жерлерин сөгүп, (бүйүрө тиккен) кеңейтип, Кошойдун портрети: «Абаңдын жели күч экен, Жону талаа түз экен», «Дене бойдон аккан тер, Күн жаагандай куюлат» - деп мүнөздөлгөнүн көрөбүз. [Ж.М.-141-б.] Эр сайышууда Жусуп Мамайда өзгөчө портреттик сыпаттоолор аркылуу жугумдуу, таасирдүү берилет. Коңурбайдын портрети: “Белдүү чочко Коңурбай, Таш казандай башы бар, Өңөргөн койдой кашы бар, Жаркыны көккө тартылган, Башында каухар ташы бар» - деп берилет. Ал эми Манас менен Коңурбайдын эр сайышуусу, өзгөчө мындайча сүрөттөлөт: «Айкөл Манас кабылан, Капталдан ары бир койду, Катар-катар бадана, Катары менен жыртылып, Калпактай нечен буланы, Калдайтып шамал учуруп, Капталга коюп өткөндө, Кара кан кетти чубуруп, Качып калды калдаңдап».

Тоголок Молдонун вариантында «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү «Семетей» эпосунда берилээрин жогоруда белгилеп өткөндөй, күрөштө Жолойго Кошой чыгат. Күрөш болоордун алдында Манас көпчүлүктүн алдындагы Каныкей тиккен шымды алдырып, Кошойго берет. Кошой: Айкожо жолукканда менин үч тилегимдин аткарылышын колдоп бата берди эле, биринчиси – Жакыптын балалуу болушу, экинчиси – калмакты жеңип, Жолойдү күрөштө жеңишиме арнагам, үчүнчү батамды – Манас сенин балалуу болушуңа арнайм – деп айтат. Бул баталардын берилиши бул варианттагы, өзгөчө бир көрүнүш деп баалоого болот. Сагымбайда бул бата Каныкейге берилип: «балалуу бол» - деп, атүгүл Семетей аттуу балалуу болоору белгилүү. Андыктан, Тоголок Молдодо Айкожо берген үч батанын баарын Эр Кошой Манаска, баатырдын эбегейсиз жеңиштерине, баласы Семетейге багыштайт. Бул деген Кан Кошойдун, Кан Манаска өтө берилгендиги деп баалоого болот. Ырасында эле Кошойдун Манас эпосунун башынан аягына чейин сюжеттик өнүгүүсүндө Манастын идеаларын колдоп жашап келгени, бекеринен эмес.

Бул эпостун бардык бөлүмдөрүндө бекемделип турганын көрөбүз. Бул вариантта Көкөтөйдүн ашында, жаңжалды, Жолой чыгарат. Ат чабышта Жолойдун Суркуласы (Ачбуудан) тердеп, чаң каптап, Аккулага окшоп калат. Ошол себептен,ал өзүнүн тулпарын тааныбай «Менин атым келди», - деп Жолой биринчи байгени талашат.

«Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү айрым илимий эмгектерде «Манас» эпосунда айтылганы туура десе, кээ бирлери, «Семетей» эпосунда берилгени туура деп белгилешет. Манас таануучу М.Мамыров: Саякбай Каралаев мурда жомокту жаздырууга көнбөгөндүктөн, айрым бөлүмдөрү калтырып, толук жаздырып бүткөндө кандай айткандыгы тууралуу өзү да байкабай айрым эпизоддор калтырылып калганын сезген. Ошондуктан, калтырылып калган эпизоддорго «Көзкамандар окуясы», «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмдөрүн атап айтып берген,- деп жазат [М.М.-5-15-б.].

Андыктан, М.Мамыров «Көкөтөйдүн ашы» трилогиянын биринчи бөлүмүндө айтылышы туура деген жыйынтыкка келет. Муну окумуштуунун «1952-жылы Саякбай Каралаевден эпостун «Манас» бөлүгүн кайра жаздырганда аталган эпизоддор («Көкөтөйдүн ашы», «Көзкамандар окуясы», - к.к) өз ордун таап, «Чоң казат» поэмасынын (эпизодунан, к.к) мурун жайгашкан деген пикири далилдүү бекемделгенсийт. (Ошондо 20-бет) Окумуштуу аталган эмгегинде мурунку айткан оюна каршы чыгып: «Көкөтөйдүн ашы» манасчылардын Ыссык-Көлдүн мектебинде эпостун «Семетей» бөлүмүндө айтылаары мурунтан эле белгилүү. «Көкөтөйдүн ашы» манасчылардын Тянь-Шаньдын мектебинде (Шапат Рысмендеев) Чүйлүктөрдө (Акмат Рысмендиевде) да кезигет деген жыйынтыкка келет.

Негизи, көрүнүктүү манасчы Тыныбек Жапый уулунун “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмү жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Себеби, Тыныбектин “Семетейи” эң алгачкылардан болуп жазылып алынып, өзүнчө бөлүм болуп берилген. Көкөтөйдүн ашында чагылдырылган кыргыздын каада-салттары архаикалык катмарларга бай. Ошондуктан кыргыздын улуу манасчылары

Сагынбай, Саякбайлар, Келдибек, Акылбек, Тоголок Молдолор ушул Тыныбектен үйрөнгөн болуу керек деп ойлойм.

Казак окумуштуусу Чокан Валихановдун жазып алган “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмү академик А.Х. Маргулан тарабынан СССР илимдер академиясынын Азия элдеринин институтунун архивинен [Р.11,оп.4.№36] табылган. А.Х. Маргулан Манастын үзүндүсү жөнүндө монография жазып, түп нусканын факсимили кошо тиркелип, (Маргулан А. Шокан жана “Манас” Алматы-1971) жарыкка чыгарат. Бул казакча котормо Ч. Валихановдун чыгармалар жыйнагына да басылат. [Ч.Ч.Валиханов. соб.соч.в пяти томах. 2-китеп. Алма-Ата-1985. 101-147-б.]. Лондон университетинин профессору А.Т. Хатто 1969-ж. Ч.Валиханов менен В.Радлов жазып алган варианттарды салыштырып монография жазган. Бул эмгектер дал ушул Тыныбек Жапый уулунун “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмүнүн негизинде жаралып жатканын баса белгилөөгө болот.

Тыныбек Жапый уулунан (XIX к-да) Сагынбай, Тоголок Молдо, Байбагыш, Доңузбай өңдүү манасчылар таалим алган. Тыныбектин Тоголок Молдодон Молдобасан Мусулманкулов, Байбагыштан Багыш Сазанов, Доңузбайдан Мамбет Чокморовдор үйрөнгөн. Тыныбек Чоңбаш (Нармантай), Келдибек, Акылбек, Балыктарга шакирт болгон.Тыныбек Жапый уулунун “Көкөтөйдүн ашы”бөлүмүндө Көкөтөйдүн керээзи төмөнкүдөй таасирдүү сыпатталат: “Мен жүз токсон тогуз жашты жашадым, (Көкөтөй 199 жашта) жаак сөөгүм бошоду, журтум... Көкөтөй Жайма Көкүл Жаш Айдар, чором. [Т.Ж.11-б.].

“Мааникерди мине көр, чором. Үмөт уулу Жайсанга айтты. Карды салык бийик айт, катта курсак байына айт, Калың Ногойго айт ж.б. Оо, Байдын уулу Баймырза, баатыр. Ээ, бери карап кулак сал, баатыр, - деп элди ынтымакка чакырууну айт. Он экиде ок атып, он үчүнө жеткенде, ордо бузуп, үй чапкан Жакыптын уулу жаш Манас. Көкжол дөбөт бөрү эле ошо эр Манаска Кан Көкөтөйдүн акыретке аттанышын Тыныбек манасчы төмөндөгүдөй аянычтуу ыр-саптар аркылуу сүрөттөйт: Бара көр,-деп

сыпатталат. “Көкөтөйдөй каныңыз, эки бир көзү сүзүлдү, о-о, кыямат көздөп үзүлдү. Айдар кандын баласы, Айлангыс тууган эр Көкчө. “Ботолуу төө, нар менен, Алты бир тогуз мал менен” келди. Кытайдын кыр мурундуу Коңурбай, Көчкөрө Калың көп ногой, козголо көчүп барды дейт. Алабаш жорго, чубар ат, Айдап бир тартуу кылды дейт” [Т.Ж.-12-15-б.]. Коңурбай келгенде Байдын уулу Баймырза, турду дейт. Анан эле алты жашар Бокмурун Мааникерди минип Баймырзага минтип кайрылат:

“Көкөтөй ашын билгизбейм аке,
Жана Анжиянда семирген аке,
Анжияндын тоң алмасын кемирген,
Чийки канга семирген,
Самарканда сарт Манас,
Сары кулак ит Манас”[Т.Ж.-16-б.].

«Көкөтөй ашы” бөлүмүндө: “Көкөтөй ашын беремин деп мусулман менен каапырдын, Баарын бирдей жыямын ж.б. Бокмурун Энекем минген Эркебоз, Сүйсөң шону минип бар. Карындашым Карлыгач, Анын минген Кайкыбоз. Сүйсөң шону эле минип бар – деп Жаш Айдарга Бокмурун Мааникерди берет. [Т.Ж.-21-б.] Жаш Айдар төгөрөктүн төрт бурчун кыдырып, Көкөтөйдүн ашына журт башкарган кандарды чакырып жүрдү. Жаш Айдар кан Манаска барып баш байгеге тогуз торко тон, токсон калча кул, ботолуу төө нар, сан саанчы саят, сан сары баш бээ, акыркы байгеге алабаш жорго ат, алтымыш атка алтымыш калча кул мингизип саярын айтат. Мында ат чабышты Манастын өзүн башкарса дешет. Манас ат чабышты он эки айга чаптыр деп Кошойго дайындайт. Төө чечмей оюнуна Оронгу чыгып жеңип алат. Ал эми ат чабышта Алгарага тил бүтүп: “Манастан кекти алалы”, - деп Коңурбайга кайрылат. “Манас” эпосундагы Манастын башына оор мүшкүл иш түшкөндө Аккула тулпары кадимки адамча сүйлөп, кеңеш бергендей эле бул бөлүмдөгү Алгаранын Коңурбайга Манаска каршы күрөшөлү, кекти алалы дегени байыркы түрк тилдүү эпосторундагы окшоштуктарды, жалпылыктарды билдирип турат.

Негизи, бул бөлүмдүн кызыктуу эпизоду бардык варианттарды салыштырып терең изилдөө, тактыкка алып келет - деп ойлойбуз. Манасчылар С.Орозбаков, Ш.Рысмендеев, М.Ашымбаев, Ы.Абдырахмановдордун варианттарында « Көкөтөйдүн ашы», «Манас» бөлүмүндө берилсе, С.Каралаев, Тоголок Молдо, А.Рысмендиев, Б.Сазановдордо «Семетей» бөлүмүндө айтылат. Биздин оюбузча: «Көкөтөйдүн ашы», «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүмүндө эле айтылышы туура, себеби үчилтикте, «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү болбосо, «Чоң казат» кайдан жаралмак. «Көкөтөйдүн ашы - чырдын башы» дегендей ушул бөлүмдөгү салттуу сүрөттөөлөр окуянын түйүндөлүшү, чыңалуусу – «Чоң казаттын» жыйынтыктоочу бөлүмгө айланып, теманын чечилишин шарттап жатпайбы.

«Көкөтөйдүн ашы» Манас эпосунун сюжеттик курамында кульминациялык баяндоого өтүүдөгү өзүнчө маанилүү композициялык ролду аткара турган ыкма катарында бөлүнүп турат. Бул эпикалык сюжет келечекте боло турган трагикалуу окуялардын алдын ала мотивировкасы катары сүрөттөлөт. Бул эпизод биз изилдеп жаткан варианттарда Сагынбайда, Саякбайда, Жусуп Мамайда, Тоголок Молдонун вариантында “Семетей” эпосунда орун алган. Бирок, Сагынбайдын вариантында «Көкөтөйдун ашы» «Семетей» эпосунун Жолойдун окуясында берилген. Сагынбайдын вариантында окуялардын жайгашканы салтка айланган сценарий ирети менен берилет. Саякбайда болсо,окуянын сюжетинин композициясындагы окуянын хронологиясына көп маани берилбейт. В. В. Радловдун жазып калтырган «Манасында «Көкөтөй» өзүнчө поэма болуп жаралганы айтылат, бул «Манаска» кийин кошулган болуу керек деген гипотезасын билдирет. «Манас» изилдөөчү окумуштуу Өмуркул Жакишев «Көкөтөйдүн ашы» поэмасы эпостогу өзүнөн мурунку жана кийинки окуяларды байланыштырган, бирин-бири улаган өзүнчө көпүрө болуп, эсептелинген чоң эпизод» - деп белгилейт окумуштуу. Ө.Жакишев. Ошондуктан,изилдөөчү мында «Көкөтөйдүн ашын» бекеринен «поэма» деп

атап жатканы жок. Окумуштуунун байкоосунда бул эпизод В.Радловдун баамдоосу боюнча байыркы учурда өзүнчө чыгарма катары жаралган деген пикир менен шайкеш келип отурат. Ө.Жакишевдин ушундай жыйынтыкка келгени бул эпизоддо «Манас» эпосунун мазмунуна сиңген, элдин жайчылык турмуштагы жашоо тиричилигин, салтын, үрп-адатын кеңири көрсөткөн өзүнчө поэма катары караганынын себебин көргөзүп турат. [Ж.Ө.- 43-б]

Көкөтөйдүн керээзи кыргыз эпосунун эң бир бир байыркы учурун элестеткен эпизоддорго жатат. Ушуга карабастан бул эпизод Тоголок Молдонун вариантында да айтылат. Бул керээз өзүнүн стилистикасы жана баяндоо ыкмасы байыркы кыргыз рунндардын, ташка чегип жазылгандардын импровизациялык көчүрмөсүндөй таасир калтырган. Бөтөнчө түрктөрдүн Енисейлик «Күлтегинге» арналып ташка чегилген жазуулардын сюжеттик баяндоосунда төмөнкү айтылган окуялар: «неимуших он сделал, многочисленными имевших колени, заставил приклонить колени имевших головы, заставил склонить…(головы)» Ушул стилистика Ч.Валиханов «Көкөтөйдүн ашын» жазып алган тексттеги төмөнкү саптары менен жакындашып турганын көрүүгө болот:

«Теле куш салдым, баатыр,

Куш кылдын, баатыр,

Тентиген жыйып, эл кылдым баатыр,

Кулаалы салып, куш кылдым баатыр,

Курама жыйып, эл кылдым баатыр…»

[Ч.Валиханов. Ч.Айтматов атындагы тил адабият институтунун кол жазма фонду. Инв. № 5187].

Манасчылардын вариантында туруктуу салтка айланган формулалык стилдин ар биринде закон-ченемдүү кайталанып, салыштыруунун аллегориялык күчөтүп айтуу ыкмалары колдонулат. Гипербола каармандын сүрөттөөсүн тереңдетип, эмоциялык таасиринин чыңалышын күчөтөт. Ар бир манасчы баатырдын элесин күчөтүү үчүн, каармандын сырткы көрүнүшүнүн ар бирин өзүнчө ажыратып, бүтүндөй касиет сапатын,

гиперболизациялап, эң бийик көркөмдүккө жеткизүүгө аракеттенет. Ушундай көркөмдүк салтка айланган системаны муундан муунга өткөн ыкмаларды манасчылар өзүнүн айтымында толук сактоого умтулат.

Ошондуктан, алардын Манастын көркөм образын сүрөттөгөндө бир топ типтүү окшоштуктарды көрүүгө болот деп Ө.Жакишев айткандай кыргыз эпосунун сюжетиндеги салтка айланган көркөм сүрөттөөлөр боюнча эң туура пикирине кошулбай коюга болбос. Бир мисалды Күл-Тегиндин эстелигинде анын казасына келген элдин санын жана өзгөчөлүктөрүн белгилегенин, кагандардын көпчүлүгүн сүрөттөгөнүн алып көрөлү: Көңүл айтууга күн чыгыш тараптан Бекли талаасынан табгачтар, тибеттин эли-аварлар, Римден-кыргыздар, Учкурукандар, Огуз-татарлар, кытайлар жана татабийлер ушунча көп белгилүү кагандар, ый-өкүрүк менен келишти – деп ташка чегилген. Ушул руниканын сюжеттик стили кыргыз эпосунун «Көкөтөйдүн ашына» келген элдердин көптүгүн сүрөттөөдөгү көрүнүш өйдөдө айтылган тексттин вариациясы катары кабыл алынганын Саякбайдын айтуусунда кандай берилгенин төмөндө карап-көрөлү:

«Ал да келди кобурап,
Асманга учуп топурак,
Ооган каны Акункан,
Желектүү найза желпилдеп,
Чоң тебетей селпилдеп,
Ооган келди жол менен,
Он эки миң кол менен,
Ара жерден чаң келди,
Анысы аз келгенсип,
Индустандан да келди,
Ордолуу шайык, көк чеке,
Оорчун Кокон, Маргулан,
Аргымагы түрсүлдөп,
Ала көөдөн күрсүлдөп,

Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Түрү суук көрүнүп,
Андыжяндын Акканы,
Аттарынын баары айгыр,
Куюшканы такыр жок,
Самаркандан Санжыбек
Бу да келди жол менен.
Он миңчелик кол менен,
Камчыларын бек тиштеп,
Жалгыз атын күш-күш деп
Кокон кандын Козубек,
Маргаландан Малабек,
Алты шаардан Алабек,
Букардын каны Темиркан
Мындан толгон кол келди» [Каралаев С. КРУИА. Инв. №552].

Мына ушундай руникалык жана эпикалык тексттерди орус окумуштуусу Л.Гумилов өз учурундагы пайда болуу менен алар бир адабий традициянын салтын ала жүргөн агым катары санап, боз үйлөрдө жашаган, (көчмөн) түрк элдердин сегизинчи кылымдарда өздөрүнүн ырчылары болгон деп эсептейт. [Гумилев Л. Древние тюрки. М-1957. 323-б.] Ушул биз келтирген бир топ мисалдар көргөзүп тургандай «Көкөтөйдүн ашы» манасчылардын айтымындагы байыркы сюжетке жатканын тастыктап турганын жана алар «Манастын» сюжетиндеги байыркы салттуу издерге жатканын билгизип турат. Бул жогоруда 2-главада көрсөткөн В.Радловдун пикирин ырастап тургандай сезилет. «Көкөтөйдүн ашы» мурда «Манас» эпосунун сюжетинде жок болгонун сезген Тоголок Молдо өзүнүн вариантында «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүн эпостун “Семетей” бөлүмүндө берет. Ошондой эле С.Каралаевдин вариантында бул эпизод «Семетейдин» тутумуна эмнегедир жалгап киргизилип башка варианттагыдай «Манас» бөлүмүнө кирбей калган.

Саякбай кийинчерээк унутуп калган эпизодун «Семетейге» жалгап койгондой сезилет. Бирок, жогоруда сөз болгондой «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү менимче “Манас” эпосунун сюжеттик курамында берилгени эле оң – деп ойлойм.

## КОРУТУНДУ

Экинчи бөлүмдөгү С.Каралаев, С.Орозбаков, Жусуп Мамай, Тоголок Молдонун “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмдөрүнүн салыштырылып изилденшинде төмөндөгүдөй өз алдынчалык салттуулук баяндоолор, сыпаттоолор байкалды. Жогорудагы варианттарда “Көкөтөйдүн ашы” Каркырада өткөзүлө тургандыгы айтылат. Сагынбайдын вариантында Мааникерди Коңурбай Манастан сурatканын, Кошой Манаска айталы дегени жана баатырдын ушул чечимге Кошойго аябай ачуусу келгени белгиленсе, Саякбайда Коңурбай Мааникерди сураткандыгы үчүн Манастан кечирим сурайт. Көкөтөйдүн керээзи Сагынбайда, Саякбайда берилсе, Тоголок Молдодо, Жусуп Мамайдын варианттарында атайын берилбейт. Тоголок Молдонун вариантында Көкөтөйгө аш бергенден тартып өз элин Оронбор, Казан тараптарга көчүрүп, аларда сары Ногойлор Жамгырчынын эли деп берилсе, Жусуп Мамайда аш өткөндөн кийин Бокмурунду Кеминге көчүрүп келгени сыпатталат. Бул бөлүмдөгү “Көкөтөйдүн ашынын” кыркын берген тойдо Жусуп Мамайда кытай калмактарды айдап, Манас уйгур элинин таламын көздөп, кашкар элинин башкаруу укугун Алакун деген уйгурга берет.

Мына ушул мотивдердин өз алдынчалыгы көргөзүп тургандай Жусуп Мамай кашкар тарапта жашаган кыргыздардын тарыхында чагылдарылган кээ бир окуяларын Манастын сюжетине киргизүүгө аракет жасагандыгын байкайбыз. Балким айтуучу өзү жердеп жүргөн тараптагы бир топ манасчылардын варианттарында ушул бөтөнчөлүккө окшогон кошумчалар болуу керек. “Көкөтөйдүн ашында” байгеге сайылган малдын жана алтын, күмүштөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн элге тартууланышы бардык варианттарда кездешет. Сагынбайдын, Саякбайдын варианттарында окшоштуктар байгеге сайылган малдардын саны айтылса, Жусуп Мамайда мал менен катар төө,

тогуз бедөө, жакшы ат, тогуз ичик, жүз чапан койулганы айтылат. Сагынбайда болсо  ар бир тулпардын портреттик сыпаттамасы кеңири берилет.

Ал эми Саякбайда “Көкөтөйдүн ашы – чоң чырдын башы” деп берилип, андагы жамбы атуудагы, аттардын чубатканында, күрөшкө чыккандардын жекеме-жеке салышкандары боюнча улам чатак чыгып кытай-калмактардын ар бир байгеге койулган малга нараазы болуп кыргыздарды атайын урушууга шарт түзөт. Ошондон улам Манас калмактарды өзүнүн чегине чейин кууп жиберет. Ошентип сюжеттин жүрүшүндө конфликт күчөй баштаганын байкоо кыйын эмес. Жусуп Мамайда эки тараптагы баатырлардын күрөшү, сайышы, жамбы атышы таасирдүү, жугумдуу сүрөттөлгөнүн көрдүк. Тоголок Молдодо болсо “Көкөтөйдүн ашы” “Семетей” эпосунда берилет. Мында окуянын жүрүшүндө Жолой жаңжалды аттардын чубатылышынан баштайт. Ал Сур Кунанды чаңдын арасынан Аккулага окшотуп байгени өзү алам деп чатак салат. “Көкөтөйдүн ашында” да, сюжеттин салттуу агымында да, композициялык түзүлүшүндө да, ар түрдүү кызыктуу өз алдынчалык мотивдердин пайда болгонун көрдүк. Жыйынтыктап айтканда биз бул бөлүмдү бекеринен “Көкөтөйдүн ашы – чоң чырдын башы” деп Саякбайдын сөзү менен атаган жокпуз. Бул бөлүмдө кыргыздардын үстүнөн кытай-калмактар үстөмдүк кылып турганы, аларга кол салууга себептер изделип жатканы байкалат. Ошондуктан бул экинчи бөлүмдүн сюжеттик сүрөттөлүш окуяларынын чечилиши сөзсүз түрдө “Чоң казаттын” окуяларын жаратууга шарт түзүп жатканын көрүү кыйын эмес.

## III БӨЛҮМ. «Манас» эпосундагы конфликтин кульминациялык чеги (“Чоң Казат”)

### 3.1. Алты хандын чатагы

“Чоң казат” – “Манас” эпосунда орчундуу курч-трагикалык эпизод.

Себеби, буга чейинки эпизоддордо (кейипкерлердин) негизги каармандардын төрөлүшү, балалык чагы, үйлөнүшү, кырк жигит курамы, айрым согуштук казаттарды жасап, тажырыйба топтоо өңдүү мотивдер топтоштурулган. Мында жалпылаштырылган, топтоштурулган окуялардын жыйындысы “Чоң казаттын” себебин жана чечилишин жасоого түрткү берет. Эпостогу башкы каарман Манастын, дөө-шаалардын, кырк жигиттин, жалпы эле баатырлардын эрдиги, кылык-жоругу, мүнөзү “Чоң казатта” сыналат. Көптөгөн кейипкерлердин мүнөзү ушул бөлүмдө ачылат.

“Чоң казат” эпостун бардык варианттарында ар тараптуу чагылдырылган. Бул бөлүмсүз эпостун жалпы сюжеттик-композициялык нугун толук кандуу чыгарма катары элестетүү кыйын. “Чоң казатты” ошондуктан бардык манасчылар кастарлап айтышкан. Бул бөлүм камтыган окуялары, көлөмү жагынан чоң эпизод катары бир нече урунттуу мотивдердин башын бириктирип турат. Андыктан, бул иштин үчүнчү бөлүмүндө Сагымбай, Саякбай, Ж.Мамай, Т.Молдонун варианттарындагы “Чоң казат” бөлүмүнүн окшоштуктарын, жалпылыктарын чечмелеп, жалпы “Манас” эпосунун сюжеттик курулушунун өзгөчөлүктөрүн тактоону, аныктоону чечүүчү эпизод катары кароого аракеттендик. Фольклорист Б.Н.Путилов: “В сфере сюжетики обратим внимание на два момента: во первых. На суүествование монументальных поэм, где отдельные эпизоды из жизни богатырей и историй эпического мира составляют единую цепь, описывается последовательно и подробно, в то время как в эпосе другого типа мы имеем дело с песнями, каждая из которых состовляет самостоятельное целое и замкнута в границах одного эпизода, так что связь между эпизодами установливается с трудом либо, не установливается во все; во вторых на наличие в ряде эпосов в сюжетах”,- деп бекеринен эпикалык

чыгармалардагы сюжеттик нук жөнүндө айткан эмес [П.Б.Н.-15-б.]. Окумуштуунун жогорудагы аныктамасын кыргыздардын “Манас” эпосунун “Чоң казат” эпизодундагы окуялар менен байланышта өнүккөнүн көрөбүз. Фольклорист Б.Н.Путиловдун сюжет жөнүндө айткан пикирине таянсак, ал эпикалык сюжеттик баяндоону эки түргө бөлүштүргөнүн байкайбыз.

Биз карай турган варианттардын сюжеттик өнүгүшүн талдап көрөлү. С.Орозбаковдун вариантындагы “Чоң чабуулдун” негизги мотивдери:

1. Жети кандын Манаска бирди кылмак үчүн Кошойго барып кеңешкени.
2. Кошойдун акылына кирбегендер Төштүктүн тоюна келип, өздөрүнчө кеңеш куруп, Манаска алты элчи жибергени.
3. Элчилердин Манаска барып учураганы. Манас той кылып, элчилерди шаани-шөкөт менен узатышы.
4. Элчилердин Манастан кайтып келиши жана алты канга айткан сөзү.
5. Алты кандын жолугуп Таласка келиши.
6. Конок күтүү.
7. Кандарды жыйып алып, так үстүндө Манастын айткан сөзү.
8. Колдун жоого аттанышы.
9. Каныкейдин чоролорду жабдышы.
10. Алманбет кан болуп, кошунду башкарганы.
11. Колдун жүрүшү, Кыргын чалдын жоругу.
12. Алманбеттин чалгынга чыгышы., күн жайлап, колдун Орхондон өткөрүшү.
13. Тазбайматтын Манасты унутуп калышы.
14. Алманбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү.
15. Ордо оюунундагы чыр.
16. Чубактын жаңжалы.
17. Алманбет Манаска Бээжинди көрсөтүп арман айтканы.
18. Куштан кабар алган душмандардын даярдыгы. Макелге куштун канатына байлап кат жибергени.

19. Макел-малгундун өлүшү. Бир жагына баш артып, бир жагына таш артып Алманбет менен Чубактын Манастарга барганы.

20. Манас Алманбет, Чубак, Сыргактын шаарга киргени.

21. Алманбеттердин Чабаланы баш аскери менен өлтүрүшкөнү.

22. Алманбеттин күн жайлаганы. Сыргак экөө душманча кийинип, душмандын аскерине дүрбөлөң салганы.

23. Алманбет атасынын сарайын, жер-суусун көрүп арман кылганы.

24. Алманбет менен Сыргак Каракулга жоолугуп. Карткүрөңдү жылкыга кошуп, жылкы сүргөнү.

25. Жылкы артынан келген Коңурбайдын колу менен болгон согуш.

26. Манастын уйкусу.

27. Сыргактын колду алып келүүгө барганы. Бакайга жолугуп, колду алып жүргөнү.

28. Манастын Айбанбоз менен чабуулга кириши.

29. Бакай алып келген Аккуланы минип, Манас Коңурбайды жарадар кылганы.

30. Душмандардын Манастардын алдына тартуу менен келиши.

Чоң казаттын экинчи бөлүгү

31. Манастын балам жок деп арман кылышы.

32. Семетейдин төрөлүшү.

33. Манастын уулуна той бериши.

34. Манастын баласын ат койдурушу.

35. Тойдо Коңурбай чатак чыгара турган болуп кайра Манаска кыз тартуулоого аргасыз болушу.

36. Манастын ажыга жөнөшү.

37. Манас, Алманбет, Сыргактар жолдо Көктатар менен согушуп жеңгени.

38. Манастын жогунан пайдаланып, душмандардын кол салышы.

39. Манас ажыдан келип, кол жыйнаганы.

40. Мыскал атасына айтып согушту токтоткону жана аялынан Алманбеттин жайын билип жөнөгөнү. Алманбет экөөнүн үйлөнүшү.

41. Баатырлардын курман болушу.

42. Манастын Коңурбайдан жараланышы жана өлүшү.

43. Каныкейдин кошогу.

44. Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.

Көрүнүп тургандай Сагынбайдын “Чоң казатка” кирген сюжеттик окуялардын саны 44 аталыштан турат. Алардын биринчи бөлүгүнө кирген окуялар 30 ар кандай эпизоддорду түзөт.

Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантындагы “Чоң казаттын” негизги мотивдери:

1. Он эки кан эл чогулуп, Манаска каршы масилет курганы. Кошойдун койгула деп акыл айтканы.

2. Жети кандын Таласка келип түшкөнү. Аларды байлап келүүгө Манас кырк чорону жибергени.

3. Конок күтүү. Алманбеттин кан шайланышы.

4. Каныкейдин шайман, жабдыктарды жайнатышы, баласын Семетейди алып келип, Кошойго чепкен жаап бата сурашы.

5. Аколпоктун жасалышы.

6. Алманбет менен Сыргактын чалгынга чыгышы.

7. Чубактын чатагы.

8. Манастын Тал-Чокудан дүрбү салганы.

9. Алманбет Бээжиндин жайын айтканы:

а) Алманбеттин төрөлүшү;

б) Алманбеттин ажыдаардан окуганы;

в) Он эки жашында Алманбеттин Каканчындан Бээжинге уруш салганы, Бурулчаны сүйүп калганы;

г) Алманбеттин кырк чоро курамы;

д) Алманбет атасын динге киргизмек болгону;

е) Коңурбай менен сайышуу;

ж) Алманбеттин Көкчө менен дос болушу;

з) Көкчө Алманбетти Акэркеч менен ойнош деп күнөөлөгөнү. Алманбеттин Манасты издеп жөнөгөнү;

и) Алманбеттин Мекеге барышы;

к) Алманбеттин Манаска кошулганы.

10. Алманбет менен Сыргактын Бээжинге болгон чалгынынын андан ары уланышы.

11. Түлкүнү, кулжаны өлтүрүп, Алманбет Коңурбайдын кеп тонун кийгени.

12. Алманбет менен Сыргактын Чалгунду өлтүрүшү.

13. Алманбет менен Сыргактын Канышайды өлтүрүшү.

14. Алманбет менен Сыргактын Бурулчага барышы.

15. Алманбет менен Сыргактын жылкы тийиши. Каракулдук кагып кутулганы.

16. Алманбет менен Сыргактын Коңурбайдын колу менен беттешкени.

17. Алманбет менен Сыргакка Манас, Чубактардын келип кошулганы.

18. Мадыкандын өлүшү.

19. Чубак Нескараны колго түшүрүп, айдап келиши.

20. Ажыбай менен Үрбүнүн Бээжинге элчиге барышы.

21. Эсенкан Манаска Бурулча менен Бирмыскалды баш кылып тартуу бериши.

22. Коңурбайдын Караканга: “Сураганын берели”, - деп ыйлап барышы.

23. Шуутуну Таласка сүйүнчүгө чаптыруу.

24. Шуутуга Коңурбай кол салып, Канықей берген катты сууга түшүрүп жибергени.

25. Таласка кайтууну каалагандарга Манастын уруксаты.

Чоң казаттын экинчи бөлүгү

26. Коңурбайдын Манасты жарадар кылышы.

27. Коңурбай “Манас өлдү” деп жарыялап, жоокерлерин кайра согушка алып кириши.

28. Баатырлардын курман болушу.

29. Каныкей Бакайга түшүн айтканы.

30. Манастын экинчи жолу жарадар болушу. Акыркы аракети.

31. Манас баатырдын Таласка келиши.

32. Манастын керээзи жана өткөндөрдү эскергени.

33. Тайбурулдун жайы.

34. Манастын досу Көкбөрүнүн уулу Коеналы менен Сайкалдын сайышы жана экөөнүн өлгөнү.

35. Манастын күмбөзү.

Т.Молдонун вариантындагы “Чоң казат” бөлүгүнүн негизги мотивдери

1. Манасчынын киришүү иретиндеги сөзү.

2. Манаска араздашкан 6 кан, 14 бектин Кошойго кеңешкени барганы.

3. Кошойдун тилине кирбегендер Төштүктүн тоюнда өздөрүнчө кеңеш курушуп, Манаска 6 элчи жибериши.

4. Элчилердин Манас баатырга учураганы. Манас той кылып, элчилерди шаан-шөкөтү менен узатышы.

5. Элчилердин Манастан кайтып келиши жана алты канга айткан сөзү.

6. Алты кандын колунан Таласка түшүшү.

7. Конок күтүү.

8. Кандарды жыйып так үстүндө Манастын айткан сөзү.

9. Колдун жоого аттанышы.

10. Каныкейдин чоролорду чабышы.

11. Алманбет кан болуп, кошунду башкарганы.

12. Колдун жүрүшү. Кыргылдын чыдамсыздыгы.

13. Тазбайматтын Манасты унутуп калышы.

14. Алманбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү.

15. Ордо оюнундагы чыр.

16. Чубактын жаңжалы.

17. Алманбет Манаска Бээжинди көрсөтүп, арман кылганы.

18. Алманбет башынан өткөргөндөрдү (Манаска келгенге чейин) айтканы.

19. Макел дөөнүн өлүшү.

20. Алманбет менен Сыргак чалгынга чыгып, көпүрө кайтаргандарды жайлап. Коңурбайдын тилчиси Көдөң менен аңгемелешкени.

21. Алманбет менен Сыргак Чабаланы алты дөөсү менен жайлап, аттарын Манаска жеткириши.

22. Алманбеттин күн жайлаганы. Сыргак экөө душманча кийинип, душман аскерлерин дүрбөткөнү.

23. Алманбет атасынын сарайын көргөндө арман кылганы.

24. Алманбет менен Сыргак Каспаңдан Каракулду кармап алып жылкыларды айдаганы.

25. Манастын Айбанбоз минип Коңурбайга каршы согушканы.

26. Сыргактын Бакайларга кабарга барганы.

27. Манас Коңурбай менен беттешип, аны жарадар кылганы.

28. Манастардын Коңурбайды капкадан чыгарбай камап жатышы.

29. Коңурбайдын кайрадан кол салып, Манастан жарадар болуп колго түшүшү. Манас экөө дос болгону.

30. Алманбеттин Бээжинге кан болгону жана Бирмыскалга үйлөнүшү.

31. Манастардын Таласка кайтышы.

Чоң казаттын экинчи бөлүгү

32. Коңурбай эли менен кеңешип, Манасты алдап өлтүрмөк болуп, Шоодайды Таласка жибериши.

33. Каныкей Манаска түшүн айтып, Бээжинге барба дегени.

34. Манастын Бээжинге (Коңурбайга) аттанышы.

35. Коңурбай Манасты алдап, беш күн меймандап, анан айбалта менен жарадар кылышы.

36. Кожожаштын чоролорду жайлаганы, өзү Сыргактан өлүшү.

37. Бакайдын кеңеши боюнча Коңурбайдан он күн мөөнөт сурап, колдун качышы.

38. Чубактын Шыңгага айткан керээзи. Ал жан таслим кылып жатканда (өлөр алдында жатканда) калмактардын кол салышы.

39. Бакайлардын жарадар Манасты Таласка алып келиши. Манастын керээзи.

40. Манас менен коштошуу.

41. Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.

Манастын ашы

42. Каныкей Манаска аш берүү жөнүндө кеңеш салганы. Көбөштүн аш берүүгө каршы чыкканы.

43. Ат чабылып, Тайбуурулдун чыкканы.

44. Эл чакырууга чабармандарды жөнөтүү.

45. Аш башкарууга Үрбү менен Агыштын дайындалышы.

46. Конок бөлүштүрүү.

47. Каныкейдин кошогу.

48. Көбөш Каныкейдин алты жылкысын айдатып кеткени.

49. Балбан күрөш.

50. Эр сайыш.

51. Эр эңиш.

52. Төө чечмей.

53. Таздардын сүзүшү.

54. Камчы чабыш (жылаңач этке).

55. Ат чабыш.

56. Ашка Кошойдун баа бериши.

Жусуп Мамайдын вариантындагы “Чоң казат” бөлүмүнүн негизги мотивдери:

1. Үрбү баштаган алты кандын Манаска кат жибериши, Манастын Калдайдын шорун катырышы.
2. Алманбеттин Көкчөдөн кетиши.
3. Манастын түшү, Алманбеттин келиши.
4. манастын Алманбетти алып калышы.
5. Каныкейдин алынды болушу. Алманбеттин Аруукеге үйлөнүшү.
6. Манастын Ооганга жортуусу. Чынаачынын жеңилиши.
7. Алманбеттин Көкчөгөздү өлтүрүшү, Айчүрөккө бел куда болушу.
8. Манастын жети канды чакыртышы.
9. Кандардын келиши, Бакайдын кан болушу.
10. Манастын Бээжинге аттанышы, Алманбеттин кан болушу.
11. Коңурбайдын сыйкырлуу кароолчулары.
12. Алманбет менен Чубактын чатагы.
13. Чалгындагы ийгиликтер.
14. Алманбеттин Сыргакка жер таанытуусу.
15. Ажаттын боюндагы жайма топ салгылашуулар.
16. Манас менен Коңурбайдын Ажаттын боюнда беттешүүсү, Коңурбайдын Бээжинге кире качышы, эки жактын согушка камданышы.
17. Ороңгу менен Борончунун өлүмү, катардагы баатырлардын алгачкы беттешүүсү.
18. Чубактын кырк Жаңжүңдүн баласын байлап келиши.
19. Коңурбайдын баш аламан урушта Жолой баштаган жети баатырынан айрылышы.
20. Кыргыздардын такка миниши, Күлүстөн менен Каңкелдинин туулушу.
21. Коңурбайдын Манастын чабышы.
22. Коңурбайдын Шыпшайдарды алдырып келиши, Көкчөнүн өлүшү.
23. Баатырлардын өлүмү.

24. Манастын дүйнөдөн өтүшү.

Сагынбайдын вариантында “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмүндө Манас улуу кыргыз элинин эркиндигин коргогон баатыр катары сыпатталат. Эр Манасты көрө албаган кандар кан Кошойго нааразычылыгын билдирип (14 бектин айтканы) кайрылганы айтылат. Кан Кошой: “Койгула балдарым, калыс сөзүм айтсам Манастын сөзүн сүйлөйт”,- деп ойлобогула. Тилимди албай, кан Манастын каарына калбагыла. “Жети өлчөп, бир кесип” сүйлөгүлө, - дейт. [О.С.8-9-беттер.] Бектер Үрбү кыпчакты тукурганы төмөндөгүдөй сыпатталат:

“Өткүр Манас канкордун,

Өнөрү болсо көрөлү.

Актан келген ажалга

Арга барбы өлөлү” [О.С.13-б.]. Кандар жети кандан кол барса, жер майып, мол барса, жеке Манас күтө албас. Конок менен шылтоолоп, кордук кылып коөлу, - деп өздөрүнчө күбүр сөзгө алданышат. [О.С.18-б.] Ошентип, Манаска элчи жиберүүнү көздөп, Эр Төштүк, Эштектердин Жамгырчы, казактардын Көкчөсү, кара тоок Үрбү, анжиандан Санжыбек, буудайыктан Музбурчак ж.б. бирден жигит тандашып элчи катары таарынычтарын билдирүү максатында Манаска жиберет. Каныкейдин ордосунда Манастын кан тактысында олтурганы төмөндөгүдөй сыпатталат.

“Кабылан Манас төрөбүз,

Кабагыңды бүркөсөң,

Кар түшкөндөй көрөбүз.

Каар айтып сүйлөсөң,

Жүрөк чыгып өлөбүз” [О.С.22-б.].

Казактан Жоорунчу, Кайгыл, Богол, Тоорулчу, Шыңчынын уулу Кербе, шыпты кашка Дөрбө, бөрү жолдуу Бөгөлү ырчы уул, Бозуул, Эр Тазбаймат болуп ордого келип кароолчуга кайрылып элчи экенин угузат. Манаска кабарлап, элчилерди түшүнүү менен кабыл алат [О.С.25-б.]. Кан Манас элчилердин кандардын көрө албастыгын тымызын туюп, алардын арам

ойлорунун ачыкка чыгышын түшүнүп кабыл алып элчилерге ат мингизип, сарпайы жаап, укканыңарды туура, ачык жеткиргиле, - деп кандарга кат бердиртет. Манас катта үч күндүн ичинде жооп берүү зарыл экенин тастыктайт. Эр Төштүк кандардын мындай  мамилесин билип мындайча жооп айтат:

“Төрө Манас баатырың

Аккула менен качырса

Айбатына жол тосуп,

Тура турган кимиң бар”, - ажыдаардын куйругун басып алдыңар, алкымына Манастын кирбей кантип калдыңар. [О.С.37-б.] Жети кан чогулуп, “Манастын адебин берелик” деген бүтүмгө келишет. Кан Манастын чырым уйку албай, эсеп-кысабы боюнча коноктун келээрине таң атса кырк күн болоорун байкап, кула атты жетелеп, боз дөбөгө чыгып, мылтыкка кочуштап дары салып, күн чыгышты карай атканда дөгүрсүгөн төрөлөр “төшөгүнөн чачылды”, - дейт. Кан Бакай баш болгон Кыргыл чал, Ажыбай, Чалыбай, Кутубай, Мажик, Чалик, Сатай, Атай, Үмөт, Жайсаң, Каракожо, Бообек, Шаабек, Шүкүр, Алтай, Тартай, Каратөлөк, Агыдай, Токотой, Элеман, Калкаман, Серек, Сыргак, Кожабыш, Ыбыш, Түмөн, Жайнак, Шууту, ж.б. жалпы жөнөп Манаска келишет.

Эр Төштүктү – Алманбет, Үрбүнү-Серек, Көкчөнү-Сыргак, Санжыбекти-Ажыбай, Жамгырчыны-Бакай, Музбурчакты-Чубактар конокко бөлүп алышат. Бектердин ичинен Эр Төштүк ат үстүндө туруп Манас менен амандашып көрүшөт. Конок күткөндүн эртеси Манас коноктorго кайрылып:

“Бектер сага жол болсун,

Тим жүр десем болбойсуң”.

“Көөр кылсам кандарым,

Капилет өлүп сойлойсуң”,– деп алардын шагын сындырат. Манас жыйналган элди таратпай туруп, Капсаңдын Кара тоосундагы капкалуу Бээжиндеги кан Коңурбайга казат уюштурсак кандай дейсиңер? – деп кайрылат [О.С.58-б.]. Кандар бир ооздон макул болуп:

Жоортуп чыкса – ак жолтой,

Жоого тийсе – сан колдой, - деп кан Бакайга токтолушат [О.С.61-б.]. Кан Манас: “Калк агасы бабаңды, кан көтөрсө канетет, калайыкка маалим деп, Даң көтөрсөк канетет?”, - деп элге кайрылып, эл колдоп Бакайга кандыкка токтолду [О.С.62-б.]. Казатка баруу кандардын айласын кетирип, алар эле эмес жалпы колдун, элдин алдындагы чоң жоокерчилигин, кыргыз элинин биримдигин, намысын күчөтүп, өлүмгө башын сайганга чакырды.

Алманбет:

“Чоң Коңурбай баатырды,

Шорун Алмаң катырды,

Капкалуу Бээжин шаарынан,

Чыккан чороң мен бармын, - дейт. Негизи, Алманбет казаттын жолун жакшы билгендиктен чоро катары ант берет. Кан Манас Алманбеттин сөзүн угуп, Чоң казаттын жалпы жүрүшүнө башчылыкка кан шайлап, эл аны колдоп, Бакай канга кол берип, Алманбетке жол берип бир чечимге келет. [О.С. 68-69-б.].

Шер Манас колдун минген аттарынын абалын билип, жылкылардан бөлдүрүп, азык-ашын белендеп, казаттын жолуна камкордук көрөт. Манастын максаты, Коңурбай баш болгон кытайларды талкалоо эле. Ошентип, отуз түмөн (30 миң) колду казатка сүрөйт.

Саякбайдын вариантында он эки кан чогулуп, кан Манаска каршы ой айтып, өздөрүнчө мындайча сүйлөшүшөт:

“Он эки кан мусулман,

Үйрүлмөнүн сазына,

Чогулманын сазына,

Чогулуп жыйын кылганы” [К.С.-72-б.].

Кандар Манасты “төбөсүнөн басалы, төрт түлүгүн чачалы, тийип алып бээсин, жакын келсе Манастын, жайната муштап мээсин, чычыралы кээсин” – деп агрессивдүү түрдө тескери маанайда иш жүргүзмөкчү болушат. [К.С.-72-б]. Бирок, Кошой алардын башын бириктирип, ынтымакка чакырып акыл-

насаатын айтат: “ушул турган мусулман, багып алчу эр эле, ушу кезде Манастын, кайраты кыйын эме эле, - Манастын каарына калсаңар бизди Бээжинге айдатып жер менен жексен кылбасын”. [С.Каралаев Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу. Инв. №540 4-5-беттер.] Бирок он эки кан Кошойдун айтканына көнбөй, түз эле Таласка аттанышат.

Тоголок Молдонун варианты боюнча “Чоң Казат” бөлүмү “Алты кандын Манаска араз болгону, элчи жибергени” деген чакан бөлүмү менен башталат. Манастын жери, Кең-Кол, Талас, Жети-Суу аймактары экенинен алдын ала кабарлап “Башында кудай жаратып, Баатыр кылган Манасты”, - деп түп атасы Угузкандан кыргызканды улап 32 атасын санайт. [Т.М.-228-229-беттер.] Буга чейин акын, окумуштуу О. Сооронов Тоголок Молдо, С.Орозбаков, С.Каралаевдин “Чоң казат” бөлүмдөрүн салыштырып изилдеген [Сооронов О. “Манас” эпосунун трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү. Фрунзе, 1981.]. 2013-ж. анын Тоголок Молдонун вариантындагы “Манас” эпосун арап арибинен азыркы жазууга которулган нускасы жарык көргөн. Бул эмгек кыргыз адабияты, фольклористикасынын изилдениш тарыхында олуттуу саамалык болуп эсептелет. Тоголок Молдонун вариантында Манастын канкордугу жөнүндө мындайча мүнөздөлөт: Кан Кошойго 6 кан, 14 бек келип Көкөтөйдүн ашында Манас тойду өзү бийлеп, бардык маселелерди өзү чечкенге нааразы экендиктерин билдирет. Эр Үрбү кыраан Манас канкорго, кылчаяр пенде калган жок. Оролду атып эл тапты, орусту барып бир чапты, Ойротту андай алган жок, Орустан буга дабаа жок. [Т.М.-244-б]

«Индини Муса дини деп,

Бизден башка зили деп,

Индистандан эл тапты,

Индини барып бир чапты”, – деп Манастын элди-жерди коргогонун, кыргызды кытай баскандагы бир топ эрдиктерин санайт. [Т.М.- 245-б] Алты кандын Манас менен алышууга дарманы жок, - деп эр Үрбү сөзүн бекемдейт. Эр Кошой 6 канга акыл айтып, кан Манастын эбегейсиз күчү, сүрү тууралуу:

“Манастын колу тийбеген, Орусуң кайдан соо калды, билимдүүмүн”, - деп жүргөн Англияны аксатты — деп туура кеңешин берет. [Т.М.- 233-б.] Бирок, 6 кан Эр Төштүктүн тоюнда “Манаска кыргын салалык, Чалдарын чаап алалык” - деп өздөрүнчө ант берип алтоо алты жигитти элчиликке жөнөтөт. С. Орозбаковдо да, Тоголок Молдодо да, аталган мотив окшош берилген. Ал эми Саякбай Каралаевде бул мотив берилбейт, Тоголок Молдонун вариантында Эр Үрбүнүн Кошойго караганда өзгөчө акылдашып, алты кандын ар биринин кемчилдигин бетине коюп, Манаска каршы аттанууга негиз жок экенин бекемдейт. Бул мотив Саякбайда берилбейт. Эр Манаска элчи жибербей 6 кан өзү барат.

Тоголок Молдонун вариантында Эр Төштүк: “Манас менден эр эмес, өзү бизден баатырбы? Амалы бизден артыкпы? Манаска кыргын салалык, Манастан кийин аксатып, чалдарын чаап алалык”,- деп алты канды күүлөп ант беришет:

“Төбөсү ачык көк урсун,

Төшү түктүү жер урсун.

Ак бараңдын огу урсун,

Ак милтенин чогу урсун” [Т.М.- 247-б.].

Алты кандан алты элчи Аңгирден чыгып, Кыя тоонун сеңирин кыдырып, Намут чөлүн жети күн жүрүп, Жаркенди аралап, Артыш аркылуу Чакмактын белин ашып, Чатыр-Көлдү басып, Нарынды (дарыя) кечип, Жумгалдан өтүп, Суусамырды кыдырып, Таласты көрүп, Алачты ашып барышат. [Т.М.- 250-б] Манас элчилерди Каныкейдин ордосунда күтүп, Жоорунчуга: элчилерди улуктугуң билгизип, сыпайычылык менен киргиз”- дейт. Эр Ажыбай элчилердин келген жөнүн сурайт. Эр Сыргак алты кандын катын Манастын паашалык тактасына жайып берет.“Оөн Манас султаның Окуп-окуп билди эми, Окуп болуп кагазды, мыйыгында күлдү эми. [Т.М.-260-б]. Эр Манас элчилерге алты күн той кылып, казынасын ачтырып, ар бирине 60 тан сарпай, 360 тан алты аргымак тартуулап, колуна кат берип, кандарга салам айттырат. Эр Манас элчилерге катты бергенине 41 күн болгонун эстеп, кула аттын

чылбырынан жетелеп, Боз дөбөнүн башына келип, Ак келтеге кочуштап дары салып, күн чыгышты карай күркүрөтө бек атты, нээти казат деп айтты:

“Атканда жер-суу солк этти,

Укканда жүрөк болк этти,

Күн күркүрөп басылды,

Туман түшүп ачылды,

Жер дүңгүрөп басылды,

Жер союлуп казылды” [Т.М.- 272-б].

Манастын алты канга болгон кыжырдануусу күчөйт. Заматта Эр Бакай баштаган кыргыл 40 чоро Манаска келет. Азан айтылып, Көк Дөбөнүн башында талаада намаз окулат. [Т.М.-277-б] Тоголок Молдодо Жамгырчыны кан Бакай, Эр Төштүктү Алманбет, Эр Үрбүнү Манас өзү коштоп, Серек, Эр Көкчөнү Эр Сыргак, Санжыбекти, Чалыбай (Күлдүрдүн уулу) Музбурчакты Чубак коноктойт. Алты кандын Эр Манаска тең келебиз дегени ишке ашпай Манас “казатка кан шайлоо”, жөнүндөгү жарлыкка буйрук берип, буйрукту Ажыбай менен Алманбет элге жарыя кылат. Кандыкка Манас кан Кошойду көрсөтөт. Аны Эр Үрбү, Алманбет колдоп, казатка даярдык башталат. Казатка аттанган жолдун бийлигин Манас Алманбетке берет.

Колдун Бээжинге аттанышында жетимиш жаштагы кан Бакай-токсон миң кошун, Агыш, Кожоштор алты түмөн, Бокмурун, Керкөкүл, Баймырза жаш Айдар төрт жүз миң кол, Көкбөрү эки түмөн кол, Манас оттуз түмөн кол, Сейит эки түмөн, Алымдын уулу Найман эки түмөн, Сакей эки түмөн, Эр Сыргак эки түмөн, Серек оттуз түмөн, Малабай, оттуз миң, Кутунай оттуз, Шаабек баатыр он эки, миң, Соботой, Тоготой, Алтай, Төртай, Шүкүрлөр элүү миң, Элеман, Калкаман, Карбоз элүү миң, Шыңгы, Кара Токо элүү миң, Эр Төштүк – жети түмөн, Эр Көкчө жети, Эр Үрбү – эки, Жамгырчы алты түмөн, Санжыбек алты, Музбурчак эки түмөн кол менен сапар тартат.

Жусуп Мамайдын вариантында Эр Төштүк “Кең-Тойун” деген жерде кыргызга той берип, анда кан Үрбү: “Жакыптын Манасы кимге кылды

жакшылык”, - деп алтын кандын башын бириктирип, баарын Манаска каршы үгүттөйт. Алты кан Манаска алты элчи жиберүүнү чечти. Элчилер Эркечтамды бойлоп Самаркан аркылуу Ордого келишет. Казактардан Борончунун Ордонун оозун сактамак болуп, келгендерге (элчилерге) Кан Манастын портретин тартканы төмөндөгүдөй берилет:

“Кабылан Манас төрөбүз,

Кабагыңды бүркөсөң,

Кар жаагандай көрөбүз.

Ачууң келип сүйлөсөң

Жаныбыз чыгып өлөбүз” [Ж.М.- 169-170-б].

Борончу буйрукту кан жарлыгын билдирип, Ажыбай элчилерден каттарды алып Сыргак экөөлөп жооп алышат. Манас, Ырчы уул, Бозуул, алты чоро калып 6 канды күтсүн дейт.

Калдай күпүлдөп, Төштүк, Сынчы, Кошойду чаап, Ташкенди талкалап, Самарканга барам дейт. Жылмалаң деген эр да (тулпары – Шаңгерик) Манаска каршы иштерди жасайт. [Ж.М.-174-б]. Эр Бакайдан Чубак бата алып, Жылмалаңды кулатат. Калдай кошуну менен Манас 40 чорого каршы аттанат (тулпары – Жыланкара). Ж.Мамайдын вариантындагы бул бөлүмүндө Каткалаңдын кыз Сайкалы кан Манасты сайып жарадар кылат. [Ж.М. 176-б] Эр Чубак байкап калып кыз Сайкалды атынан аңтара саят. Эр Манас Калдайдын башын кыя чабат.

Жусуп Мамайдын “Манастын жети канды чакыртышы” бөлүмүндө Коңурбай казак-кыргыз алаштан башка урууну түп көтөрө чаап, эрлерин кул, кыз-келиндерин күң кылат, - деп берилет. Муну уккан Манас Канықейге кеңеш берет: “Сарамжалдуу иш кыл, безген кандар келет, качыргандан чыккан, кармагандан жан чыккан, кара кулак шер келет”. Канықей жыйырма беш боз үйгө даярдык көрүп, коноктогонго шарт түзөт. (700 адам батчудай). Жакып кан жүз киши, Майбулактан Бакай кан жүз киши, Жайылмадан Жамгырчы жүз киши, Тескейдеги Текечи жүз киши, Соорандыктын Алманбет жүз киши, Чаткалдан Эр Чубак жүз киши, Кең-Күнгөйдөн Шыгай

кан жүз киши. Манастын коргонунун алдында эки Чынар теректин Сайасына миң киши ат-тону менен бата турганы өзгөчө берилет. Бул эпизод башка варианттарда кездешпейт. [Ж.М. 247-б].

Жусуп Мамайдын вариантында 7 кан жигиттери менен конок күтчү ордого чогулганда Манас: “Бейжинге барам чын үчүн, белдүү калча чыр үчүн, казатка барам ким үчүн, кан Коңурбай эр үчүн, калкым алаш эл үчүн”, - деп Казатка даярдык көрүү иштери тууралуу айтат. Кат жазылып (80 катчы чогулуп) Ажыбай жыйырма күндө эле бүтүрөм, - деп аттанып чыгат. Ажыбай Ат-Башыдан Кошойго, Эркечтам аймагындагы Эр Төштүккө, Жети-Өгүздөн Эр Агышка, казак элиндеги Эр Үрбүгө, аялы Жезбилек – Жеркендин кызы. Канык ей Ажыбайды чыдамсыздык менен күтүп, 16 күн дегенде келген чабарманды Эрназар кызы Урумканга ак чөйчөккө суу алып, башынан үч айлантып чачып, эсендик тилетет.

Кандардын келиши, Бакайдын Кан болушу бөлүмдө Манас Ажыбайды чакырып кандардын келишин карап, конокту  тосууну буйруйт. Жети кан (Санчыбек, Эр Төштүк, Бакай, Керкөкүл, Эр Агыш, Эр Үрбү, Музбурчактын) келишине Накылай “Кошойдон бата алам”, - деп, алдынан тосуп чыкмакка төөлөргө буюм-тайым жүктөтүп алып жөнөйт. Канык ей Кардыгачтын ичине (жердин аты деп берилет) токой өстүрүп, көпүрө куралы деп Бакайга кеңешет. Алманбет, Сыргак, Чубак, Борончуну сурнай тарттырып, көпүрө бүтөт. [Ж.М. -253-254-б.]. Бакай 14 канды чакырып, Айкөл шерди баш кылып кеңеш үйгө киргизип, “Бейжинге барып келгиче, Баш кишиңер ким болот?” – дейт Манас кандыкка Эр Үрбүнү сунуштайт. Үрбү Бакайга токтолот. Канык ей Кошойго Накылайдыкына конокко чакырылдыңыз деп билдирет. Эр Кошой баш болгон 14 кан Накылайдын ордосуна конушат. [Ж.М. 257-258-б.].

Саякбай Каралаевдин вариантында кырк чоро миңден боз үй тигип, он эки миң сан колду бөлүп алгандыгы тууралу кыска мүнөздөлөт. Эпостогу сюжеттик курулуш Тоголок Молдо менен С.Орозбаковдун варианты кээ бир

эпизоддук сүрөттөлөрдөн эле айырмаланбаса негизи, дээрлик бардык мотивдери окшош берилген.

Тоголок Молдодо кырк чоро келген кандардын колдорун конокко бөлүштүрүшөт. Коноктордун конок болуу салтанаты көп кырдуу сүрөттөлөт. Тазбаймат, Жойбур, Төлөк, Калдар, Албан, Алик өңдүү алты чорого конок жетпей калат. Алар намыстанышат. Бирөөнү кан көтөрүү керектиги тууралу Алманбет менен Ажыбай эл кыдырат. С.Орозбаковдун вариантында алты чоронун аты аталганы, аларга ондон конок бөлүштүрүлгөндөн башкасы бүт Тоголок Молдонун вариантындагы мотивдердей.

Сагымбайдын “Алманбеттин кан шайланышы” бөлүмүндөгү мотивдер негизинен Тоголок Молдонун вариантына окшош. Мында Алманбет кошууну он башы, жүз башы, миң башы деп бекитип, бектерге санатканы жөнүндөгү мотив Тоголок Молдодо кездешпейт. Сагымбайда Манас Ажыбай менен Серекти жөнөтүп Бакайдан кандыкты суратат.

Ажыбай:

“Тууга желек байлады
Турган жуда мусулман
Кандыкка сизди шайлады,
Кечээ берген кандыкты
Кайта сурап келгин деп
Канкоруң бизди айдады”, - деп кан Бакайга билдирет. [О.С. -118-б.] Бакай макулдугун берип, келгендерге ат тартуулап жөнөтөт. Натыйжада Манас Алманбетти кан көтөрөт. Бул мотив С.Каралаевдин вариантында:

“Кырк чоросу кашында,
Кырдуу Манас көк жалын,
Жете барды сан колго
Касиеттүү жан болгон,
Алтын айдар, чок бел боо
Азиз кандын жалгызы
Колду иретке салууга,

Кол эсебин алууга деп төрт – беш ыр-жол менен сыпатталат [К.С. -83-б.] Ал эми Т.Молдонун вариантында колдун жүрүшүнө ыраазы болбогон Алманбет Бээжинге минтип жетүү оор экендигин Манаска билдирет. Манас Бакайга Ажыбайды жиберип кандыкты суратат да, кандыкты Алманбетке ыйгаргандыгы мындайча мүнөздөлөт:

Алманбет кыраан кан болгон", -

"Кабылан Манас айкөлүң,

Кандардын мөөрүн бастырды.

Кан Алмаңдын колуна

Кагазын Манас тапшырды" [Т.М.].

Мында Алманбет сексен молдого кырк дептер берип, колдун эсебин жаздырат. Т.Молдодо Манас добулбас урдуруп, Алманбеттин кан болоорун айтат. Алманбет ата-энесине, агасы Шаңкөлөгө, иниси Шаяга жоолугат. Манас такка үч күн отургандан кийин:

"Арстан Алмам баатырым

Алты жыл падыша болот деп,

Жетинчи жылда Кан төрө

Өз ордуна конот," - деп жарыя кылат. Алманбет менен Бирмыскалдын тоюу үч күнгө созулат. Коңурбай Манаска дос болуп жашаганы бар. Башка варианттарда Алманбеттин агасы Шаңкөлө, иниси Шая тууралуу сөз болбойт.

Каныкейдин шайман, жабдыктарды белендеши Саякбай Каралаевде өзгөчө берилет. Себеби, Каныкей бул вариантта он эки канга кошунга аскерге керектүү ар кандай жабдыктарды даярдаганы айтылат. Мындан башка да, Каныкей аскерди керектүү жабдык менен камсыз кылуудан мурун Семетейди көтөрүп келип, Кошойго чепкен жаап бата сурайт. Демек, бул вариантта Семетей Манас Чоң казатка аттанаардан мурун төрөлөт. Ал эми Сагынбай Орозбаковдо Семетей Манастын ажыга кетээр алдында кичи казаттын башында төрөлүп, той берилет. Тоголок Молдонун вариантында Семетейдин төрөлүшү тууралу сөз айтылбайт. Тоголок Молдо менен

Сагынбай Орозбаковдо Чоң казатка аттанып жаткан Манас, Алманбетке Аруукенин боюнда бар экени билдирилет.

Саякбай Каралаевдеги Кошойдун Семетейге берген батасы төмөндөгүчө сыпатталат: “Колдоп жүргөн Кожосан, Колтугунан жөлөсүн, Кожо, Кыдыр, Шаймерден, Кара чаар Кабылан, Капталынан көздөсүн, Атаңдын шери ак жолборс, Арт жагыңдан калбасын. Алп кара куш согушта, Айланып учуп жандасын” [К.С. -81-б.].

Сагымбайда Каныкейдин кырк чорону он сыйрадан кийим-кече, ок-дары, жарак-жабдык менен камсыз кылып, аны жасоодогу кыйынчылыгы, демилгеси мүнөздөлөт.

Саякбай Каралаевдин вариантында Каныкейдин Ак олпокту жасаганы өзүнчө мотив катары мындайча берилет:

“Он эки бөлүп толгогон,

Манас кийсе кең болгон

Каныкей тиккен Ак олпок

Жакасы алтын жеңи жез” [К.С.-81-б.].

Саякбайда Алманбеттин чалгынга баруусун кан Манас өзү сунуш кылат.Үстүнөн эрди алдырбайт, Чалгынга минсе чарчабайт, Он күн тынбай согушсаң Чуркагандан тажабайт.

“Асыйын санап келгенде,

Бир канчага толду эле.

Ушул быйыл карт күрөң

Алтымыш асый болду

Карткүрөңдү минип бар”,- деп берилет. [К. С.-82-б.]

Бул мотив С.Орозбаков менен Тоголок Молдонун варианттарында негизинен окшош. Ал эми Тоголок Молдодо чалгынга баруу жөнүндөгү сунушту Алманбет Манаска өзү айтат. Алманбет менен Сыргактын чалгынга чыгышы бөлүмү үч вариантта окшоштуктарга, жалпылыктарга ээ. Саякбайда Алманбет Сараланы минип, Сыргакты алып, Карткүрөңдү коштоп Бакайдын батасы менен чалгынга жөнөп кетет. Бул бөлүм С.Каралаевдин вариантында

Чубактын ачууланып келгени менен башталат. Алманбет анын жолун тосуп: “Бээжинден келген кол барбы?”, “Бээжинден келген кол болсо, Сараланы минейин”, “Сандап келген кытайга жалгыз өзүм тийейин”, - деп келип, сени кан көтөрүп салайын дейт. Бирок, Сыргак Алманбетти жемеге алат. Алманбет ачууга алдырып:

Аңылдаган Чубак кул,

Кан кыл деп айттым киминди?

Каның экөөң бирикчи

Каңылдаган ит Чубак, - деп катуу кагып жиберет. Мында Бакай Манасты “Чубак менен Алманбетти жараштырып кел”, деп жөнөтөт. [К.С.-93-б.] Аларды Манас Сараланы оң, Көкөланы сол колу менен кармап ажыратып, “Чабышып алып Таласка кайра кетели деген экенсиңер” деп чычалатат.

С. Орозбаковдун вариантындагы мотивдин Тоголок Молдонукунан айырмасы Бакай менен Чубак айтышып турган жерде Манастын Айбанбозду минип жалгыз келишинде. Мында Аккулжа менен Өрдөк өлтүрүлбөйт. Алманбет жаш кезинен Манаска жоолукканга чейинки көргөн-билгендерин айтат. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында жаңжалды баштаган Чубакка Манас: “Аккуланы тарт”, - деп Бакайды жиберет. Кол кайтарылат. Манас, Чубак, Жойбурлар – Алманбеттердин артынан жөнөшөт. Алманбет менен Сыргак жолдо арак ичишип, душмандын капканын чаптырып, Аккулжасын, өрдөгүн өлтүрүп, канжасын тапканы баяндалат. Алманбет: “Артымдан кубалап келипсиң, кыянаттуу ит Чубак”, - дейт. Экөө көпкө чатакташат. Чубакка Алманбет арманын төмөнкүдөй мүнөздөйт: “Кан кыл дедим киминди? Башында кандын уулу элем. Качан сага кул элем? Каның экөөң бир болгун,

Кагайынбы жининди. Качан болсо ит Чубак, Кастыгың мага билинди”. [Тоголок Молдо. “Манас” ТАИнин кол жазмалар фонду. инв. 1071. 479-б.]

Алманбет менен Чубак көпкө кармашып, убара болушат. Манас менен Сыргак ортого чыгышып, күнөө Чубакта экенин айтышат. Чубак акыры

күнөөсүн мойнуна алып, Алманбеттен кечирим сурайт. Манастын Тал-Чокудан дүрбү салганы мотиви Саякбай Каралаевдин вариантындагы “Алманбет менен Чубактын” чатагы бөлүмүндө берилген. Манастын дүрбү салганы: “Айбанбоз минип астына, Тал-Чокуну бет алды. Тал-Чокунун үстүнөн, Мунарыгы чачылып, Булуту кетти агылып, Кечке жете жол жүрүп, Кечинде Чоку таянды. Тал-Чокуга таянса, Тоосунда кары бар, Этек жагы өтөктө, Бийик чыккан талы бар, Үстү жайпак бурчтанат. Тал-Чокуга барганда, Жыты жыпар жыттанат”, - деп сыпатталганын көрөбүз [К.С.-96-б.].

Саякбай Каралаевдин вариантында Алманбет Бээжиндин жайын айтканы мотиви “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө кеңири сыпатталат окумуштуу К.Рахматуллиндин сөзү менен айтканда эпизоддук деңгээлде болсо да, айрым өзгөчөлүктөрү боюнча башка варианттардан кескин өзгөчөлөнүп турат [Р.К.-127-б.]. Саякбайдын баяндоосундагы Алманбеттин окуясы Сагымбайга караганда көркөмдүк деңгээли жогору, окуяга бай иштелген десем жаңылбайм. Ошондуктан, бул мотив Саякбайдын манасчылык өнөрүнүн таасирдүүлүгүн дагы бир жолу аныктап турат. Негизинен бул мотив традициялык мотивке жатат.

Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Алманбеттин окуясын мотив катары карасак болот. Белгилүү адабиятчы Омор Сооронов өзүнүн “Манас” трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү” аттуу эмгегинде ушул Орозбаков Саякбайдын вариантындагы Алманбеттин окуясын сюжеттеги маанилүү мотивге кошконун көрөбүз жана Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы “Чоң казат” эпизодуна кыскача токтолуп Алманбеттин төрөлгөнүнөн Манаска келип кошулганына чейинки мезгилин өзүнчө эпизод катары эсептейт.

Саякбай Каралаевдин вариантындагы “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө Алманбет өзү туулганынан Манаска кошулганга чейинки мезгилин кенен айтып берет. Алманбет Бээжин аймагы жөнүндө: “Чет Бээжин деген жер ошол, Череги түмөн эл ошол, Каарына калганда, Каптап кетчү сел ошол,

Каарданып кан төгүп, Качып келген жер ошол. Ошол жаткан чоң Бээжин, Казып койгон ору бар. Камдалуу калың колу бар. Кайнатылган шору бар, Оңой Бээжин жер жер эмес, Ойлонбой барчу эл эмес, Манас! Тээтиги бүжүрөйүп көрүнгөн, Атам Азиз кандын багы ошол, Көөкөрдөн согуп жасаткан, Атакем Азизкандын тагы ошол", - (Каралаев С. "Манас" 2-китеп. Фрунзе, 1982. 101-б.) деп мүнөздөйт. Ал эми Алманбеттин туулганы тууралу мындайча сыпаттаганын көрөбүз: "Курган энем тууганда, Кулагым учу тешилүү, Түшүптүрмүн курсактан. Сүнөттөлүп кесилүү. Карарып жалын бөлүнүп, Мени жерден алганда. Менин эки колумдан, Каракан кеткен төгүлүп, Курсактан мен түшкөндө. Чекем жерге жетиптир, Каканчыңдын Бээжинде, Жетимиш күнү күн жаап, Жер титиреп кетиптир". [К.С.-106-б.].

Тоголок Молдодо "Алманбеттин төрөлүшү" деген атайын бөлүм жок. Саякбайда деле бул мотив "Алманбеттин жомогу" бөлүмүндө тезис катары берилет. Демек, жогоруда белгилегендей Саякбайда Семетей, Манас Чоң казатка атанаар алдында төрөлөт. Сагынбай Орозбаковдо Манас ажыга кетээр алдында Семетейдин төрөлгөнү сыпатталат [О. С. -352-б.].

Саякбай Каралаевдин вариантында бул мотив "Алманбеттин жомогу" бөлүмүндө кыскача берилет. Азизкан Алманбетти алты жашынан ажыдаарга окууга жөнөтөт. Ажыдаардын күчү мындайча сүрөттөлөт: "Күндүзү бүркөк, түнү ачык. Бурганактап шыбыргак, Кубултуп күндү бузуучу. Жайдын жайын окутат. Атышка кирсең алдырбас. Октун жайын окутат, Адамды өрттөп жиберер, Чоктун жайын окутат" [К.С.-107-б.].

Алманбеттин алты баштуу ажыдаарга төрт жыл барып окуганы төмөндөгүдөй мүнөздөлөт: "Он миң бала бир барып, Он миңи бирдей кырылып. Он бала тирүү биз калдык, Жер жүзүндө жүрүштү, Окуп билип мен калдым" [К.С.-107-б.].

Башка варианттарда "Алманбеттин ажыдаардан окуганы" мотиви кездешпейт. Алманбеттин он эки жашында Бээжинге уруш салганы жөнүндөгү мотив Саякбайдын вариантында "Алманбеттин жомогу" бөлүмүндө берилгенин көрөбүз. Бул мотив башка варианттарда кездешпейт.

Алманбет он эки жашынан баатырдыгы билинип калган кезде Эсенкандын кызы Бурулчаны сүйүп калат.

С.Каралаевдин вариантында Алманбеттин өзүнчө кырк чоро курашы тема болуп берилбесе да “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө тезис катары айтылат [К.С.-116-б.]. Бул мотив күтүүсүз сюжетке жатат. Алманбеттин атасын динге киргизмек болгону жөнүндөгү мотив да Саякбайда эле кыскача берилет.

Азиз кан:

“Капыр да болсо атакең,
Азизди тирүү таштаба.
Тилиңди алса Азизкан
Ата кылып алып кел,
Тил албаса атакең
Дини кара чочкону
Так үстүнө жарып кел”, – деп Алманбетке кайрылат [К.С.-113-б.]. Алманбеттин атага болгон мамилеси (ата-бала проблемасы) мындайча берилет:

“Алтын тагын кан кылдым,
Мусулман болбой койду деп,
Каапыр да болсо атамдын
Башын кесип жай кылдым” [К.С.-113-б.].

С. Каралаевдин вариантында Кытайлардын Карыкан Алманбетти тирүү кармап келүүгө Коңурбайды жиберет. Анын артынан Нескараны, Бөрүкөз, Канжарколдорду согушка салат [К.С.-114-б.]. Алманбеттин Көкчөгө дос болушу жөнүндөгү мотив Саякбай Каралаевде кыска берилет. Алманбет Көкчө менен дос болуп алты жыл чогуу турат. Бирок, ымаласы келишпей Көкчө Алманбетти өлтүрмөк болгондо Акеркеч аны баатырга айтып коөт. [К.С.-120-б.]. С.Каралаевдин айтымындагы “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө Көкчө Акеркеч аялы менен ойнош деп күнөөлөйт. Алманбет ачуусуна чыдабай Көкчөнү урганы мындайча берилет: “Карап турсам

ошондо, Айдаркандын эр Көкчө, Качып барат алдыма. Көгала минип дыркырап, Сарала менен чуратып, Жебеден мурун жеткемин. Жеткен жерде Көкчөнү, Төбөгө салып өткөмүн, Бир чапкандан чыгарбай, Жыга чаап кеткемин” [К.С.-121-б.]

Акеркеч Алманбетти Манаска барууга кеңеш берет. Канықей Алманбеттин келээрин билип, Эр Шуутуга Желмаянды мингизип тостурат. Андан ары Бакай кан Алманбетти Букарадан тосуп алат. Саякбайда Алманбетти Канықей тостурганда Букардан Агынай дегендин он жетидеги кызы Аруукени нике кыйдырат. Алманбеттин Манаска кошулушу жөнүндөгү мотив “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө тезис катары мотивировкаланган.

Алманбет менен Сыргактын Бээжинге болгон чалгынынын андан ары уланышы мотиви Тоголок Молдонун вариантында кенен берилген. Алманбет менен Сыргак көпүрөдөн аны кайтаргандарды жок кылып, Чар-Дөбөдөн Көдөңдү кармап алышат, андан кытайдын ал жайын сурайт. Көдөң Алманбеттин апасы Канчайым уул төрөп, атын Шая койгонун, ал он алтыда экенин айтат. Бозкертик менен Борончу Манастын келатканын билип Түп Бээжинге качканын сөз кылат. Ал өзү Манас тарапка өтүүгө көңүлдүү экенин айтат. Алманбет Көдөңдү Коңурбайга жөнөтүп: “Алманбет келди, алдыман тосуп чыксын, Алгарасын тартууласын”, - деп айтууга буйруйт. Көдөңдү Аккулжа, Куу Өрдөк, Тилсымдар урушат. Сагымбай, Саякбайдын варианттарында бул мотив кездешпейт.

С. Каралаевдин вариантында “Түлкү, Кулжаны атып Алманбет Коңурбайдын кеп тонун кийгени” деген мотив “Алманбеттин жомогу” бөлүмүндө атайын темага бөлүнгөн эмес, кыскача берилген. Мында негизинен Коңурбайдын түлкүсүнүн он күндүк жерден жыт билгени, алты күндүк жолдон таамай көрө билгени, кароолдук милдетти аткарганы сүрөттөлүп, Алманбеттин калтар түлкүнү атканы мындайча сыпатталат:

“Түлкү демеп дыр койду,
Караган, бадал, калың чер
Качып түлкү кирерде

Кабылан берен Сыргагың
Капталдата бир койду.
Аттан түшүп түйүлүп,
Азизкандын Алманбет
Түлкүгө келди жүгүрүп.
Кара болот нар кескен
Кындан алып сууруп,
Алты бөлүп таштады
Түлкүнү канга жууруп.
Караган шак, калың таш,
Ошол таштын ичинен
Жаткан тоодой шири кап
Азизкандын Алманбет
Эр Сыргактын алдына
Алып келди көтөрүп,
Ичин жарып караса
Коңурбайдай калчанын
Камдап койгон тону экен,
Кароолго келгенде
Кие турган тону экен.
Коросонго кой айтып,
Бабединге бата айтып,
Ай туяктан ат айтып
Алманбет турду сүйүнүп [К.С.-128-б.].

Ал эми Алманбеттин Кулжаны атканы тууралу мотивдин берилиши:

Туура тартып турганда
Кара калпак кыргагы
Кабарыңда бар бекен,
Кан Манастын Сыргагы,
Колундагы чорт келте

Окчо кармап бир койду.

Кулжаны минтип кулатты,

Бала Сыргак кой кашка

Аткан жерге сулатты, -деп сыпатталат. Бул мотив башка варианттарда кездешпейт [К.С-132-б.].

С.Каралаевде “Алманбет менен Сыргактын Малгунду өлтүрүшү” деген мотив “Чалгын” деген бөлүмдө берилет. Анда “Макел”, “Дөө” деген сөздөр кездешпейт. Макел дөөнүн аты Малгун деп берилет. Сагынбай Орозбаков менен Тоголок Молдонун вариантынан айырмаланып Малгун кырк кечилге башчы болуп кароолдо турат. Малгун Алманбет менен Сыргакка каршы согушат. Сыргак менен Алманбет алты күн сабап, туулгасын ыргыта койгондон кийин Малгундун өлүмү жөнүндөгү сүрөттөө мындайча сыпатталат:

“Атайы соккон асыл курч,

Азизкандын жалгызы,

Чындап колго алды эми.

Кыйгай тартып Малгунду

Башка шилтеп калды эми

Бир чапканда Алманбет

Чоң Малгунду сойгон соң

Алманбеттей шер болбойт

Артып берсе атына

Кайран Сыргак тең болбойт” [К.С.-132-б.]. Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Тоголок Молдонун варианты жалпысынан окшош болгону менен Сагымбайдын сюжеттик нугу кенен, масштабдуу мүнөздөлөт. Сагымбайда Макел-Малгунга байланыштуу окуялары куштан кабар алган душмандардын даярдыгы, Макелге куштун канатына байлап кат жибергени, Макел-Малгундун өлүмү деп бир нече мотивировкаланат. Тоголок Молдодо куштун канатына байлап кат бергени деген сюжеттик нук берилбейт. Сагымбайдагы дагы бир өзгөчөлүк - Алманбет Макелди атарда биринчи

жүрөгүнө, оозуна, анан көзүнө мелжеп көпкө чейин ойлонгондугу жөнүндөгү мотивдин берилиши. Сагымбайда Макел дөөнү Алманбеттин атканы мотиви мындайча берилет: “Ооз оту жарк этти, Үнүнөн мурун ок жетти. Көкмилтеден чок жетти, Алманбаштан ок кетти, Керигинин үстүнөн, Кез боюндай солк этти, Ок көзүнө мылгыды, Чечекейи челектей, Жерди көздөй ыргыды” [К.С.-132-б.]. Бул бөлүмдүн сюжетинин өнүгүшүндө, акыры Алманбет, Чубак экөөлөп Макел дөөнүн башын кесишет.

Ал эми Тоголок Молдодо Коңурбай төлгө салдырып, Манастын келетканын билип, жолун тостурмак болот. Макел дөө үйдөй темир үйүнүп, үстүнө темир кийинип” жалгыз аттанат. Макел дөө мындайча мүнөздөлөт: “Тоо жылгандай көрүнүп, Шаардан чыкты бөлүнүп”. [Т.Молдо Манас ТАИнин кол жазмалар фонду ИИВ 1071, 557-б.]. Аны көргөн Алманбет олку-солку болот. Чубак жоодон качуу урукта жок экендигин айтып Макел дөөнү, Айтылуу Алмаң көзгө атып, Белгилүү Чубак безге атып, [Т.М. -563-б.] Жыгышат да башын кесип бир жагына таш артып, бир жагына баш артып Манаска алып келишет.

С. Каралаевдин вариантында “Алманбет менен Сыргактын Канышайды өлтүргөнү” деген эпизоду “Алманбет тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” деген бөлүмдө масштабдуу мүнөздөлөт. Анда Канышайдын өлүмү мындайча сыпатталат: “Кара тоонун белинде, Кагып кеткен катынга, Кирдирбестен жетти эми, Жеткен жерден катынды, Ылаачындай эр Сыргак, Көмө коюп кетти эми. Оңолуп катын турганча, Азизкандын Алманбет, Башын кесип кетти эми”. [К.С. -132-б.] Бул мотив Сагымбай, Тоголок Молдодо берилбейт. Бээжинге жол жүрүп баратканда жол тоскондордун күчтүүлөрүнүн бири – ушул Канышай эле.

Алманбет Бээжинге жол жүрүп жакындаганда атасы Азизкан сейилге кийүүчү кандын кийимин кийип алат. Бээжиндин жарым каны деп он башы, миң башылар таазим кылганы Каралаев Саякбайдагы “Алманбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” деген бөлүмдө берилет. Эсенкандын кызы Бурулча Алманбет тууралуу түш көрөт. Эпостордогу кейипкерлердин түш

көрүү эпизоддору эпикалык чыгармалардагы туруктуу сюжеттик курулуш. Түштөн улам Бурулча сакчыларга ордонун эшигин ачык коюуну айтат. Алманбет келип Бурулчага жолугат. Бул мотив да башка варианттарда кезикпейт.

С.Каралаевде жылкычылардын башчысы Каракул менен Жаңыбай экени айтылат. С. Орозбаков, Тоголок Молдодо Жаңыбайдын аты эскертилбейт. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Каракулду тез эле кармап, жылкыны айдатып Карткүрөңдү кошуп жиберсе, С.Орозбаковдо Каракулга Алманбет өз киши болуп көрүнүп, аны алдап кармоого аракеттенет. Шек алып калган Каракул Сыргактын ким экендигин, Карткүрөң кайдагы жылкы экендигин сурайт. Аягында Алманбеттер жылкычылар менен беттешет.

Каракул жараланып сууга түшүп качып кетет. Минген Төрайгыры Коңурбайга барат. Жылкы тийүүнү Сагымбайда Төрайгыр билдирсе, Тоголок Молдонун вариантында Каракул билдирет. Алманбет, Сыргак менен жылкычылардын ортосунда катуу күрөш жүрөт. Бардык (үч вариантта) варианттарда Каракул тирүү калат. Негизи, бул мотивдин өнүгүшүндө Сагымбай менен Саякбайдын варианттарында окшоштуктар бар.

Саякбайда бул мотив да, “Алманбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” деген бөлүмдө берилгенин көрөбүз. Бирок, аталган бөлүмдөгү (окуялардын) сюжеттик өнүгүү процесси кытай-калмак менен кагышуу, Коңурбайлардын колу менен беттешүүгө арналат. Мында:

“Айда кытай, айда – деп
Айдап кирди Коңурбай,
Балбандарын бакырып
Шайлап кирди Коңурбай
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,” - деп Коңурбайдын согушууга астейдил бел байлап, элин, колун үндөгөнүн жогорку ыр саптар бекемдеп турат. [К.С.-145-б.].

С. Орозбаковдо бул мотив “Коңурбай жылкынын аркасынан келип урушканы” деген бөлүмдө мүнөздөлөт. Бөлүм Коңурбайдын Кент мунарасындагы коңгуроону уруп элди, колду жыйнап чабуулга аттануусу менен башталат. Кагылышуу катуу жүрүп, Жолойдун кыргыздардын колу, баатырлары жеңилбес күчкө ээ экенин белгилеп, айтканы менен бөлүм бүтөт. С. Оробаковдо Айбанбозго байланыштырылган мотив кездешпейт. Коңурбайдын уруштагы абалы мындайча сүрөттөлөт:

“Коңурбай колго баш болду,

Коркбойсуң деген – какшык сөз,

Ошондо оозу таш болду.

Коңурбай барат кансырап

Айтаарын билбей тантырап,

Акылдан танып алсырап” [К.С.-303-б.].

Сагымбайда Айбанбоз ит ичпес деген сууга түшүп териси катып калат. Коңурбай ошондон пайдаланып найза саят. Калган сюжеттик өнүгүш Тоголок Молдонун вариантына окшош. Бул мотив Т.Молдо, Жусуп Мамайда башка темадагы аталыштар менен берилет. Тоголок Молдо ушул эле мотивди “Манастын Айбанбоз менен Коңурбайга каршы согушканы” деген аталышта берилет. Мында жылкыны Көдөң менен Жойбурга айдатып жиберип, Манас, Сыргак, Алманбет, Чубактар Коңурбайдын колу менен беттешет. Негизи, бул мотивировкалардын окшоштугу Сагымбай менен Тоголок Молдодо бирдей берилгенин көрөбүз. Бул мотив Каралаев Саякбайдын вариантында “Алманбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” деген бөлүмдө тезис катары берилет. Баатырлардын кошулганы төмөндөгүдөй сыпатталат: “Алманбет бар, Чубак бар, Ажыбай бар, Сыргак бар. Кырк чоронун баарысы, Кыргыл баштын карысы. Кырааның баатыр Манаска, Кирип келди бакырып, Айдап жүрдү Манас кан, Кытайлардын баарысын, Каканды көздөй сапырып. Мунарыкты көр, чаңды көр, Төгүлүп кеткен канды көр, Өлүп жаткан жанды көр”. [К.С. -148-б.] Башка варианттарда аталган мотив өзүнчө тематикалаштырылып берилбейт.

Кытайдын кыйын баатырларынын бири – Мадыкан. Мадыкандын өлүмү мотиви да, С. Орозбаковдун, Жусуп Мамай, Тоголок Молдонун вариантарында кездешпейт. Бул мотив Саякбайда “Алманбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” бөлүмүндө тезис катары гана сыпатталганын көрөбүз. Баатырдын өлүмү мындайча мүнөздөлөт: “Камданып туруп эр Чубак, Алдындагы буканын, Башын кесип өттү эми. Ошол чакта эр Бакай, Ач болотун колго алып, Айкырып мурун жетти эми, Жеткен жерден Мадыкан, Башын кесип өттү эми”. [К.С.-152-б.] “Чубактын Нескараны колго түшүрүп, айдап келиши Саякбай Каралаевдин вариантында да “Алманбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” кыскача берилет. Анда: Намаз окуп болордо, Жаңы салам берерде, Кыргынды Чубак салыптыр, Кырылышып кан менен, Мажнунун каны Нескара, Нескараны баш кылып, Кырк төрөсүн Кытайдын, Кыраан көк жал Чубагың, Жалгыз байлап алыптыр”, - деп Нескаранын колго түшкөнү ишенимдүү сүрөттөлөт. [К.С.-155-б.] Бул эпизод Сагымбай, Тоголок Молдо, Жусуп Мамайда сөз болбойт.

Ажыбай менен Үрбүнүн Бээжинге элчиге барышы жөнүндөгү эпизод да, Саякбайда тезис катары сүрөттөлөт. Элчиликке Ажыбай менен Үрбү барат. Эсенкан Манаска Бурулча менен Бирмыскалды баш кылып тартуу бериши эпизод да “Алманбеттин Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү” деген бөлүмдө тезис сыяктуу кыскача берилет. Анда колго түшкөн Нескара: “Мени өлтүрбө кан Манас, Таш сыйынган кытайдын, Тазасынын озү элем, Кара чоктуу калмактын, Караган кара көзү элем! Өлтүрбөй мени бек байла. Кабар бергин каныма, Каканчындын шаарына! Эсенкан кызы Бурулча, Кызын тартуу кылайын! Айжаңжуң кызы Бирмыскал, Узду тартуу кылайын”, - деп чечим чыгарат. Эпикалык чыгармалардын сюжеттик түзүлүшүндө көрүнүктүү кандар жеңилүүгө учураганда тартуу берүү шарты белгиленип жүргөнү салттуу традиция катары чагылдырылып жүрөт.

Коңурбайдын Карыканга: “Сураганын берели”, - деп ыйлап барышы мотиви Саякбай Каралаевдин вариантында “Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска Чет Бээжиндин кандыгын бергени” деген бөлүмдө

мотивировкаланат. Негизи, Кытай жеңилгенден кандары Эсенкан, Ай-жаң-жуңдар Манасты ынтымакка чакырып Бээжиндин кандыгын берип, Кошой Бурулчаны Алманбетке, Бирмыскалды Чубакка нике кыят. Жеңилүүгө дуушар болгонуна көзү жеткен Коңурбайдын ою: “Манасың кыйын эр экен, Шай колдогон шер экен. Зорлугу тоодой неме экен, Бир караса бир киши, Жанына барса миң киши. Аркасынан качырса, Ажыдаар түрү бар. Айкырып найза сунганда, Алты миң эрдин сүрү бар. Чоң канына барганда, Кытайлардын Коңурбай, Көзүмүн жашы он талаа”, - деп сыпатталат. [К.С.-162-163-б.]. Алты жыл мурун эле Манастын кан болоору даңсабызга жазылган деп Карыкан ынанат.

Саякбайда Манас Бээжинге кан болду деп Желмаянга Шуутуну мингизип, Бакай, Кошойлор Таласка сүйүнчүгө жөнөтөт. Эпикалык чыгармалардын түш көрүү мотиви салттуу сюжеттерден. Саякбайдагы “Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска Чет Бээжиндин кандыгын бергени” деген бөлүмдөгү Каныкейдин Шуутудан Манаска берген каты, түш көрүүсү мотив жагдайга жатат. Бул мотив (түш көрүү) Тоголок Молдонун вариантында “Каныкей түшүн айтып, Манасты Бээжинге барба дегени” деген темада берилип, Каныкей Манаска көргөн түшүн төмөнкүчө айтат: “Кумараң күмүш, мисиң жок, Кумга бассаң изиң жок. Абыкең кошо баратат, Артында калган кишиң жок. Самооруң алтын, жезиң жок, Дасторкон жибек, бөзүң жок. Самаган досум Коңур деп, Сапарга чыгар кезиң жок. Ак шейшеп жибек, бөзүң жок, Айланайын айкөлүм, Алыска чыгаар кезиң жок”. [Тоголок Молдо. “Манас”. ТАИнин кол жазмалар фондусу. Инв. №1073. 569-б.] Ушул эле түш көрүү мотиви Саякбайда мындайча мүнөздөлөт. Каныкейдин түшү: Таластан чыгып өрт күйүп, Белестен баары ураптыр. Чалкар көл дайра соолуп, Чынар терек куураптыр [К.С.-163-164-б.].

Шуутуга Коңурбай кол салып, Каныкей берген катты сууга түшүрүп жибергени мотиви Саякбайдын вариантында “Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска чет Бээжиндин кандыгын бергени” деген бөлүмдө тезис катары берилет. Шууту Каныкейдин катын алып келатып Коңурбайга туш болуп

атын сууга бурганда кат сууга агып кетет. Алманбет келип калып Коңурбай качып кетүүгө аргасыз болот. Башка варианттарда (СОВ, ЖМВ, ТМВ) бул мотив кездешпейт. Таласка кайтууну каалагандарга Манастын уруксаты. Бул мотив да, тезис катары берилет. Саякбайда кытай жеңилгенден кийин Манас Бээжинге кан болуп элди. Кошой баш болгон баатырларды Таласка кетүүгө мүмкүндүк берет. Манас тогуз кан менен Бээжинде калат. Муну укkан Коңурбай кол салууну ойлойт.

Эпостун Манас, Канықей, Чубак, Бакай, Сыргак, Кошой, Семетей, Күлчоро, Сейтек, Айчүрөк сыяктуу оң каармандарынын бардык кыймыл-аракеттери элдин ар-намысын, тагдырын жактоого, элдин жыргалчылыгына арналган. Алар алыста жүргөндө дайыма тууган элди, өскөн жерди сагынат, аны көрүүгө куса болот. Эл ичине келгенде кыргыздардын байлыгына көз арткан баскынчылардын сазайын берүү үчүн, эл ичиндеги чыккынчыларды жоюу үчүн кашык канын аябайт. Бул жагынан алганда, терс каармандардын саясий анты бешенеси тетирисинче, контраст менен сүрөттөлөт. Көзкамандар, Көбөш, Чынкожо, Канчоро, Чачыкей сыяктуу чыккынчылардын эл менен, анын тагдыры менен иши жок, алар өздөрүнүн гана башынын камын жешет; жеке керт баштарынын жыргалчылыгы үчүн, мансап, байлык үчүн алар тырмактайдан бирге өскөн достору гана эмес, бүт элди, жерди кыйып жиберүүдөн баш тартышпайт. Өздөн чыккан жоолордун Көбөш менен Канчоронун такка отургандан кийинки элге көрсөткөн зордук-зомбулугу жана кыянатчылыгы четтен келген баскынчы жоолордукунан ашып түшөт. Бекерден кыргыз элинде байыртадан айтылып келген төмөнкүдөй накыл сөз бар:

Өзөктөн чыккан өрт жаман

Өздөн чыккан жат жаман.

Ошентип, эпостогу окуяларга катышкан каармандардын жалпы элге түшүнүктүү, жеңил, бирок терең маанилүү сөздөр аркылуу устаттык менен тартылган сүрөттөрү окуучуларга өтө күчтүү таасир кылат, Ар бирөө бири бирине окшобой берилген образдар жомокту укканда же окуганда көзгө

тирүү адамдай көрүнөт. Жогорку идеяны көксөгөн оң каармандардын баатырлык иштерин, айткан сөздөрүн окуганда аларга адамдын жан тартып, болушкусу келип, ички сезимдери козголот. Тетирисинче, терс каармандардын кылык-жоругу жөнүндөгү ырларды окуганда, аларга наалат айткысы келип, жек көрүүчүлүк сезим пайда болот.

"Манас" эпосунун элдик мааниси, элдин аны аябай сүйгөндүгүнүн, дүйнөлүк адабияттан анын кең орун ала тургандыгынын чоң себептеринин бири мына ушунда. Ошондуктан эл аны кылымдар бою сактап, ооздон түшүрбөй биздин заманга жеткизди. Эл өтө сүйгөндүктөн Манас, Бакай, Айчүрөк, Семетей, Күлчоро сыяктуу каармандарын алиге тируу журөт деп түшүнүп, жерге, сууга, тоого алардын аттарын эстелик кылып коюп келген. Кыргызстанда, Синцзянда жана башка жерлерде Манастын атына эл тарабынан коюлган суулар жана жерлер бар. "Аккуланын мамысы", "Кошой коргон", "Кырк чоронун ордосу" деген сыяктуу аттарды да эл эпосту өтө сүйгөндүктөн койгон. Биз билген дуйнөлүк эпостордун каар-мандарына бул сыяктуу коюлган наамдар чанда учурайт. Бул да – "Манас" жомогунун өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Жомоктун каармандарынын образдары гиперболикалык стилде берилгени менен, алардын көздөгөн максаттары, ойлогон ой-пикирлери, кулк-мүнөздөрү элдин жөнөкөй турмушунан келип чыккан. Аккула менен учуп жүрүп, Аккелтенин бир огу менен миң кишини кулаткан Манастын, жай таш аркылуу күндү алай-дүлөй жаадырып жүргөн Алманбеттин аракеттеринин негизги максаттары – элге кордук көрсөткөн жоону жеңип, элге намыс алып берүү, — патриоттук сезим.

Турмушта болбогон баатырлык күч жумшап, жоопкерчилик өнөр көрсөтүп жүргөн алптар жөнөкөй коомчулуктун тилегин тилейт, күндөлүк турмушта кадимки адамдарча достук мамиле жасашат.

Каармандарынын кыймыл-аракеттеринин чыныгы турмушка байланыштуулугу эпостун көркөмдүк жана идеялык маанисин ого бетер көтөрүп, аны атактуу дүйнөлүк эпостордун катарына кошот.

### 3.2. Алманбеттин окуясы

«Манас» эпосунун варианттарында Алманбеттин образын жана ал катышкан чоң казаттын башкы бөлүмдөрдөн өзгөчөлүгү анын эрдиги, баатырдыгы, Манастан кем эместиги, тагдырынын татаалдыгы (Ажыдаардан окуп, жайчылыкты мыкты өздөштүргөндүгү). Алманбеттин бойго бүтүшү, төрөлүшү, балалык чагы, карманган буюм тайымдары, чоң эрдиктери, көк жалдыгы, адамгерчилик сапаты, үйлөнүшү, трагедиялуу өлүмү эпостогу негизги сюжеттер. Алманбет Бакай, Кошойлор сыяктуу эле ири персонаждардын катарына кирет (айкөлдүгү, адамгерчилиги, баатырдыгы, жайчылыгы ж.б.). Андыктан, М.Ауэзовдун: Алманбет «Манас» эпосундагы негизги окуялардын өнүгүшүндө Манастай эле орчундуу орунду ээлейт, - деп жазганы бекеринен эмес. [М.А. С.65.]. Себебии «Манас» эпосунун кайсы вариантын албайлы «Чоң казат» бөлүмүндөгү окуялардын өнүгүшү муну далилдейт. Алманбеттин образы «Манас» эпосундагы кейипкерлердин образдарынын башаты десек да болот.

В.Жирмунский: «Герои и сюжеты, восходящие к этому слою находят близкие аналогий в богатырских сказках тюркских народов Сибири и ведут нас на древнюю родину киргизов в верховьях Енисея», - деп жазган. «Манас» эпосу мифологиялык катмарларды өзүнө камтыган баатырдык жомоктун түргө кирет. Андыктан «Алманбеттин окуясы» бөлүмүндө анын төрөлүшү өзгөчө мааниге ээ [В.М.Ж. 323-б.].

В.В.Жирмунский кереметтүү бойго бүтүү мотиви жөнүндө: «Этот рассказ С.Каралаева о чудесном зачатий Алманбета, может быть связан с мусулманской легендой с рождении пророка Исы (Исуса) от архангела Гаврийла и представляет собой мусульманизованный вариант древнего мотива о чудесном зачатий эпического и сказочного героя» - деп жазат [В.Ж. С.31.].

Чынында Алманбеттин керемет аркылуу бойго бүтүшү элдик мифтердин негизинде түзүлгөн. С.Каралаевде: «Энекем алтындан торко кийчү экен, Балалуу болуп өлсөм деп. Ошону тилеп жүрчү экен, Бала десе буркурап, От

жалындай күчү экен. Ботодой боздор жүргөндө, Ошондо кирген түшүнө. Аксакал чал дубана, Чыбыктай чырпык балдардан, Кыдырата жыйыптыр, Нурдун кызы ушул деп, Ошол келген дубана, Нурдун уулу ушу деп, Түнүндө нике кыйыптыр, Таң кашайып сүргөндө, Жерге жарык тийгенде, Төшөктөн энем турганда, Кусул сууну кылганда, Койнундагы жаш бала, Көздөн кайым болуптур, Кайым болгон баланы, Кайра дагы көрсөм деп, Качан болсо оюнда. Талгак болуп калыптыр, Үч айлык бала боюнча, Энеме кубат, минтип төрөлгөн, Куру кытай дей берип, Күйгүзбөгүн эр Манас, менин уругум актан жаралган» - деп берилет. Алманбет Нурдун кыз уулунан төрөлгөнү айтылат, анын энеси уктап жаткан учурда “Аксакал чал дубана” келип, Нурдун уулу менен “нике кыйып” кетет. Эртеси Алманбеттин энеси койнунда жаткан жаш баланы көрүп калат, ал заматта “көздөн кайым болуп кетет”, ошондон тартып энесинин боюнда болуп, “Алманбет бойго жеткенде, уругум актан жаралган”, - деп  айтылып жүрөт (С.К. ТАИ. КФ. Инв. №919, 1039-1040).

Алманбеттин төрөлүшү К.Саякбайда: «Жетимиш күнү күн жаап, жер титиреп кетиптир» - деп берилсе, ал эми В.Радлов жазып алган вариантта:

“Алманбет туулду дегенде,

Ала-Тоо корккonунан бас болду.

Агын суу корккonунан сай болду.

Үч атанын улуу Бусурман.

Корккonун суунун башын көздөй качты” – деп мүнөздөлөт [К.С.-1665-бет] [В.Р. ТАИ,-7-бет.]. Ал эми С. Орозбаковдо Алманбет төрөлөрдө бир ай бою тынбай күн жаап, бала жарык дүйнөгө келгенде күн ачылат.

Алманбет окуясында «Чоң казатта» кайсы вариантта болбосун өз жерине Бээжинге барганда жаш чагында өз колу менен тиккен бай түп даракка сүйөнүп, балалык кезин эстейт. Маселен Сагынбайда:

“Кирди-чыкты жаштыктан,

Кишиликке жанган жер,

Дүнүйөсү курусун,

Киндик каным тамган жер.

Адамдыкка турган жер,

Ар ишке моюн сунган жер” - деп сүрөттөлөт. [С.Орозбаков. Манас, ТАИ. КФ. инв №585. 235-б.].

Жаратылыштагы даректардын байыркы белгилеринин кийинки мезгилдеги диндер менен жуурулушуп калышы бир эле кыргыз эпостору эмес, Афганистан, Палестина [Дж.Фрезер, фольклор в ветхом завете. М,-Л, 131, стр.324], Якут элдеринин дастандарына да мүнөздүү [П.Окладнков, История Якутской АССР. Т.1. М,-Л., 1955. С.271.], (Энелик касиетке ээ Аан-алахчын – Хотун касиеттүү чынар) (Якут элиндеги дуб ж.б. касиеттүү сегиз бутактуу дуб).

Саякбайда: «Алты күндө жарык күндү көргөзүп энемди алып барып сийгизди, сийген жерин караса эки сөөм, бир эли сийдик жерге кириптир, кытайлар муну көрүп, энемдин эр тубарын билиптир. Жумуру баштан табылса, Шер тубарын билиптир», - деп мүнөздөлөт. Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларында жогорудагы Саякбайдын вариантындагы Алманбеттин болочокто баатыр болуп төрөлүшү жөнүндөгү мотив көп учурайт. Ошондуктан, В.Я.Пропп: «Образ посвящения был школой, учением в самом настоящем смысле этого слова. При посвящении юноши вводятся во всем мифические представления, обряды, ритуалы и приемы племени. Исследователи высказывают мнение, что им здесь преподносится некая тайная наука, т.е. что они приобретают знания. Действительно, им рассказывают мифы племени. Один очевидец говорит что и они сидели тихо учились у стариков; это было подобно школе», - деп жазган [В.П. С. 89.].

Саякбайдын вариантында: «Алманбет кытайдын жалгыз көз деген элинде, Суук-Төр деген жеринде, Абарган деген көлүндө, Бир жакка башын көтөрсө, Жамгырдай жайнап отчыккан, Бир жакка башын көтөрсө, Каптап жалын, чок чыккан» - деп алтымыш баштуу ажыдаардан жайчылыкты өздөштүрөт»,- деп сыпатталат [К.С. «Манас». ТАИ КФ. инв №919]. Алманбетте ажыдаар окуткан магиялык күч көп (С.К.). Ошондуктан, Алманбет жашынан магиялык күчкө ээ болуп, эрдигине эрдик кошкон

белгилер Култегиндин жазмаларында жоолордун огу, соотуна, жез туулгасына жүздөп тийсе да, өлтүрө албайт [И.В. 118-119-бб.]. Алманбеттин жайчылыгы жөнүндө төмөндөгүдөй маалымат бар:

Саякбайда:

“Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,

Суук-Төр деген төрүндө

Абирден деген көлүндө.

Алтымыш баштуу ажыдаар,

Андан барып окуп кел.

Күндүзү бүркөк түнү ачык,

Бурганактап шыбыргак,

Кубултуп күндү бузуучу

Жайдын жайын окутат”, – деп берилет [С.К. ТАИ. КФ.1673-б.].

Жусуп Мамайдын вариантында Алманбет Көкчөгө келип, ханга жагып, хан дос болгонуна он жыл болгондо, хан ордодо аны Акэркечке жабыштырып ушак сөз жүрүп, эки достун ыркы кетет (Буудайбек Көкчөнүн кичүү аялы). Алманбет “Кылжейренин таптап, Манаска жолугам” деп жүргөндө Көкчө:

“Жыйырмаң бий, кыркың бай,

Куп жыйылдың баарыңар.

Арамдык кылган Алманбет,

Бир айласын табыңар”, – деп Алманбетти өлтүрүп, Акэркечти кер байталга мингизип, Каракандын шаарына алып барып таштаңар – дейт. Кан ордодон Токтор менен Чайан деген жигиттер Алманбетти хан чакыртканын айтат. Акэркеч Алманбетке көңүл айтып, ал Көкчөнүн бир туугандайы экенин бекемдейт: “Кайда жүрсөң эсен жүр, кабарың угуп турайын, кербендерден сурармын, кебиңди угуп тураармын” [Ж.М. 184-б.]. Алманбет ордого барганда эр Көкчөнүн Карагул баатырга кыр көрсөтүп, тап берет. Алманбет Карагулду өлтүрө тээп, Кылжейренди теминип, Батышты көздөй жол тартат.

Эр Манас жума күнү жакшы түш көрөт. Түшүндө Аккуласын минип, Аккүбө тонун кийип баратып, “Кызымталдуу кылыч” таап алат. Манас кылычты сынап, уйдай ташты чаап сынаса, таш чачырап бөлүнүп, кылыч мизи кетилбейт [Ж. 185-б.]. Карабөрктүн ак ордосунда Акбалта, Бердике, Жамгырчы, Байжигит, Текечи, Шыгайкан. Кыргыл чалдар, кырк чоролор кымыз ичип дуулдап олтурушканда Манас Накылайдын (Акылай) үйүнөн чыга калып: “Жазында сонун түшкөрдүм, жоруй албай тим жүрдүм. Жоругула түшүмдү, жоготомун калчактап, буруп айткан кишиңди, Бүтүрөмүн ишиңди”- деп кабагын бүркөйт [Ж.М. 185-б]. Кан Жакып карбаластап Манаска “Катының эркек төрөйт көрүнөт” десе, кыпчактын уулу Абдылда “Түшүңдүн төркүнүн айтсаң ошого карап жоруйбуз”- дейт. Анда Манас: “Уйдай ташты бор кескендей шарт кести, кылычым болду маа жолдош, жортуулда бирге чоромдой, жолборс болду маа жолдош”, “Алдымда дөбө кезигип, жолборсум менен бирге чыктым, Жолборс туш тарапка карап, көтөрүп тумшук жыт бурап, куйругу жерди токмоктоп, жолборс турду күркүрөп, дөбө турду дүңгүрөп”. “Төрт тараптан айбанаттар түрүлүп келип, сегиз арыш буту бар, куйругунда куту бар. Алп кара куш асманды карап чаңырып, куйрук башы жалтылдайт, кушту колума кондуруп алдым”, - деп жүзүн нур жайды. Анда Абдылда: “Кылычтай өткүр жолборсуң, Алманбет экен жолдошуң” – деп жооруйт [Ж .М. 189-б.].

Манас: “Бекер беш ай жаттыңар, Беш теңге кайдан таптыңар, беттешип жоого ок атпай, мылтыктын ичи дат болду. Чүйдүн талаасы ээн. Ат токугула, аттаналы” – деп буйрук берет. Кырк баатыр: 1. Караногой мажик, 2. Камбардын уулу Чалик. 3.Кайгуул, 4. Бөкүл, 5. Торолчу, 6. Шыңгынын Кербени. 7. Саргыл аттуу Затай. 7. Атай, Үйшүндүн Үмөт. 8.Үмөтаалынын Жайсаңы. 9. Бообек, 10. Шаабек. 11. Шүкүр, 12. Аргындын Каракожосу, 13. Калкаман, 14.Эламан, 16.Топу башы Токоной. 16. Казак боронч у, 17. Каракалпак – Турна. 18. Кутунай, 19.Кошалдаш, 20. Кыргыл, 21. Бала Алдаш, 22.Төлгөчү – Караток, 23.Далы көрүүчү – Актай, 24. Алакен аалым, 25.Ырчы уул, 26.Боз уул, 27.Тазбаймат, 28.Күлдүрдүн уулу – Алыбай, 29. Алымбай,

30. Ажыбай бий, 31. Кадыр, 32.Эр Шууту, 33.Түмөн калктын куусу, 34. Серек, 35. Сыргак, 36.Аалы мүнөз – Чубак, 37.Бакай, 38.Манас, 39.Жайнак, (жалпы 480 адам), кийик уулап (Мастан аюу деген жерде) аңчылык кылып (500 кийик, илбирс, чөө, бугу), Манас баштаган баатырлар он беш күн дегенде Нарынга жетет. Кошой: Манаска Тыргоот деген элденбиз, Дөөлөс эле эрибиз, Көтөлөк деген жерибиз дейт. Манас "Калмакча аттарды койбойлу, Көтөлөк деген эми өзгөртүлсүн деген сунуш киргизет. Чоролордун бири Көтөлөк – Талас болсун, Таластын ээси Манас болсун деп ишенимдүү кайрылат [Ж .М. "Манас". Шинжиан эл басмасы. 2004. 193-б.].

Алманбет Көкчөдөн айрылып, Манасты издеп жөнөйт: "Меккени карай бет алдым, өлүмдү алдым этиме, каралашкан казыгым, казагым берип азабым, каңгып жүргөн бир жаным, кайсы жолду басамын (Ж.М.-195 б.). Алманбет Аракөл деген жерге барып, саздуу жерде Ызгыч кушка жолугат: "Канаттуудан сен жалгыз, какшыган чөлдө жүрүпсүң, кара башым мен жалгыз",- десе, Ызгыч куш: "Өз жериңде жүргөндө, өкүмөт күткөн бир далай, өзүңчө келип Көкчөгө, нөөкөр болгон бир малай", - деп кайрылат. [Ж.М.-195-б.]. Ачуусу келген Алманбет жаа атып кушту канатынан жарадар кылат. Бирок баатыр кара, кызыл даарыларды куштун канатына сыйпап, айыктырып Ызгыч кушту көккө учурат [Ж. М. «Манас". Шинжиан эл басмасы. 2004. 197-б.]. Манас Аккуласын минип Алманбеттин келатышын көз салып турган, ал баатырларды оюн –шоок кылып тосуп алууга буйрутат. [Ж.М. 198-б.]. Алманбетти Мойнок деген белден Эр Сыргак тосуп алат. [Ж.М. 196-б]. Алманбет аттан түшүп (эреже боюнча) Манаска салам айтат. Манас Бакай баш болгон баатырлар ортого алып сыйлап, Алманбеттин (Сылаба, Салоба, Солола, Соорондык ж.б.) ата-теги менен таанышышат. Алманбеттин өз аты Солалы, эркелетип Сошойа деп коору айтылат. [Ж.М.-202-б.]. Алманбет: "Атышып чыгып тогоштум, Коңурбайга жолгоштум. Жалгыздыктын айынан жалтаарып чыккан жолборсмун, Азып келип Алманбет, Айдарканга эл болдум", "Көрөйүн деп Меккени, каалап жүргөн бир жанмын" – дейт. Алманбеттин кандык титулун сыйлап кан Манас: "Кан

тартуусуз түшчү эмес, жолун жасагыла” – деп буйрук берет. Ырчы уул Алманбеттин Манасты издеп таап келген жолугушуунун урматына Аккуладан баштап, Сарала болуп көп тулпарларды жарышка салат. [Ж.М.-202-б.]. Атчабышка кырк миң кызыл алтын чачтырып, бедерлүү тон кийгизип, Алманбеттин кан экенин билгизип, Манас баатырды ак дилден тосуп алат. Алманбетке берилчү Сарала биринчи келет, Серек, Бозуул, Мажик өңдүү жети баатыр чоро бололу деп көңүлүн көтөрөт. [Ж.М. 203-б.].

Чыйырдыны он беш, Бакдөөлөттү он эки кемпир коштоп, Алманбетти көргөнү келет. Окуянын жүрүшүндө Жусуп Мамайда кан Жакып Алманбетти көрүп алып бакырып, Сакалын чыктап жаш кылып, Сагынышкан немедей, Мээримдүү кучак жайышты, Бекем сыга калышты, Алманбеттин мойнунан, Бай Жакып жыттап калышты, Айал-үйөл дегиче, Артынан барды байбиче, Боз жоргосу азынап, Үнү сонун даркырап, Үйүр жүргөн мурдагы, Туучунак атка тийиптир, Балам Манас келгин – деп, Оң эмчегин алганы, Оозуна Манас салганы, Сол эмчегин алганы, Алманбет соруп калганы,-деп мүнөздөлөт. [Ж.М.205-б] (Манас отуз жашта деп берилет).

Жакыптын үйүнө Бакай, Жакып, Акбалта, Жамгырчы, Байжигит, Бердике, Ошпур, Шыгай болуп жүз сексен адам Алманбеттин келишине жыйналып масилет курулат да: 1. Жайылмага Жамгырчы, 2.Күн тийбеске Текечи, 3. Жакакташка –Жакыпкан, 4. Кеңартууга –Шыгайкан, 5.Кара-Буура, Чаткалды – Балтакан, 6. Май-Булакка – Бакайкан, 7.Таласка – Алманбет (мурунку аты Көтөлөк) жайлашсын – деп чечим кабыл алынат [Ж.М.206-б.].

Жусуп Мамайдын вариантында Накылай менен Карабөрк айлакерленип, Манас, Каныкейди кагыштырып коёт [Ж.М.208-б.]. Күпүр сөзгө ишенген Манас Самаркандын Кара-Суу деген жерине жыртык боз үй тигип жайгаштырып коёт. Алманбет күндү жайлап (кар жаадырып) Айкөл Манас, Бакай, Чубак, Сыргак, кырк чоролор бирдикте арстандарды жарыштырып, куш салып, кекилик, чил тээп чер жазат. Алманбет ырчы уул, Бозуулдун куштарына баа берип мактоого алат [Ж.М.- 209-б.].

Ошентип, Алманбет Манас менен Каныкейдин алты жыл арыздашканын жазууга көмөктөшөт. Кан Жакып Алманбетти үй-жайлуу кылалы дейт. Аны Каныкей коштоп, Шаатемир Бадыколдун ордодон келген кыздын аты Аруке (27 жашта) баатырга жылдызы жагаар деген ойду айтат. Жакып Караканга барып Аруукени сурайт. Каракан адегенде «кулга» кыз бербейт деп, кийин Алманбеттин чоо жайын түшүнгөндөн кийин макулдашып отуз кун той берип, эки жүз төөгө керегин артып, санатына жүз нар алып узатат. Каныкей той башкарат [Ж.М.-2016-б.]. Ошентип, Алманбет Аруукеге баш кошот.

Жусуп Мамайдын вариантында Алманбеттин Көкчөгөздү өлтүрүп, Айчүрөккө бел куда болушун сүрөттөгөн бөлүм да өзгөчө. Манас Ооганды жеңип, Кашкарды көздөй жол тартат. Алманбет баш болгон Күлдүрдүн уулу Алыбай, Мажик, Сыргак болуп Көкчөгөздү кармап, Канпалаңды (экөөнү) эр Мажитке айдатып, Жаркенге Малабекке каматып, зынданга салат. Алманбет Көкчөгөздүн ичин тирүүлөй жарып, ичегисин итке салганын эр Манаска көргөзөт. [Ж.М.233-234-б.]. Алманбет ымыркай бала көтөрүп бараткан келинди көрүп, уулбу же кызбы - деп сурап, кыз экенин билип, кыздын аты Чүрөк болсун, Айчүрөк болсун деп Акункан ороосу менен таап алган кызга аты коюлат. Кызга бешик той берилип, Алманбет бел куда түшөт [Ж.М.225-237-б.].

Жусуп Мамайдын вариантында Манас баштаган он төрт кан Накылайдын ордосунан чыгып, Бейжинди көздөй аттанып, Каныкейдин айлынан өтө бергенде Алманбет: Каныкей жеңеме жолугуп, аркандагы жалгызды көрүп өтсөк не болот? – деп, Кошой аны колдоп, Каныкей: “Он төрт бокчо товар” берип, баатырларга (кир көтөрүмдүү) көп күн кийсе кирдебеген кийим кечелерди тартуулап: “милте жанса чок өтпөс, чапса кылыч кесе алгыс, сайса найза теше алгыс кандагай менен каттадым” – дейт. [Ж.М. 259-б.]. Каныкейдин кандагайы чойсо узарары жөнүндө сөз болуп, баатырлардын ынтымак болушун тилейт. Алманбет Каныкей жеңесине түйүнчөк берет. «Сай сагызган карматып, периден молдо алдырып, кырк ороо тилди мант кылып, койдум эле байлатып, эркек тууса Аруке муну

менен оозанткын, кыз төрөсө кокустан оозантпоо керек, арты жакшы эмес дейт» [Ж.М.163-б.].

Окуянын жүрүшүндө Канықей: «Каңгайдын Каратоосунан, Капчыл кара зоосунан, Катарлап белин ким ашкан? Үрүстөм, Дастан бир ашкан, Амири болбой алладан, Ара жолдон ал кайткан. Амир-Темир көрөгөн, Ай ааламдын баарысын. Алдына салып түрөгөн. Ошол бейжин шаарында, Өтүптүр жалган дүйнөдөн» [Ж.М.262-б.]. деп, Алманбетти алтымыш бир жашта (мүчөлү жаш) баратасың аман бол – деп коштошот. Алманбет жолду мыкты билгендиктен Бакай, Манас болуп Кара Чокуда дүрбү салып отурганда Бейжинге Мүзөт деген белди ашып, беш айда жетээрин айтат [Ж.М. 263-б.].

Манас: «Бейжинге барчу беш жолду, Билген журтум барсыңбы?» - деп жакындарына кеңеш кылганда Алманбет «күн чыгышты карата жүргөн киши мен бармын, күжүрөгөн кытайды сүргөн киши мен бармын» – деп ишенимдүү айтат. Манас ырчы уул, Боз уулду Бакайга чаптырып, Бакай кандык такка Алманбетти көрсөтөт [Ж.М.264-б.]. Алманбет аскер күчтөрүнө реформа жасап, он башы элүү башы, жүз башы, миң башыларды бекитип, ички тартипти күчөтөт.

Жусуп Мамайдын вариантында Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчуларынын сырларын Алманбет гана биле тургандыгы өзгөчө сүрөттөлөт. Алманбет баштаган кол Оркун чоң дарыясына барганда кечип өтүү мүмкүн эместигин билип, ташты окуп, күндү жайлап өтпөсөк болбойт» - деп муз тоңдуруп өтүшөт. Коңурбайдын: Санкору деген айбаны сийдиги жерди өрттөгөн, каршы келсе адамга, как жүрөктөн тутат дейт. Кара ташты чайнаса, нандай бурдап жутат дейт. Кайголду деген дагы бар, бир жагында канат бар, бир жагында карасаң канаты жок мулжуйган, экөө келип биригип, бир куш болуп учат дейт. Куу өрдөгү дагы бар, булуттун үстү менен учат. Бугусу жыт алып, кабар чалганда маш (Кулжа) кулжанын жатчу жери жалгыз арча Ачмойнок экен. Ал жер отуз коктунун оозу, үстү тоо, тогуз жолдун тоому экен. Кулжа алты күндө бир жолу жолду карап турчу. Алманбет ай күнүн тактап эсептесе кеч бешинде кулжа чокуга келер күн экен. Алманбет

Ачмойнокту октоп, Кулжаны тумшукка атып жыгат. (Ж.М.-274). Кулжанын каны, өтү даарылыкка дабаа экени айтылат. Куу өрдөктүн терисин үч жолу силкип жамынса Коңурбай кейпин кийет, кургатып алып жамынса Соорандыктын кейпин кийет. Ал эми түлкү Кароол- Дөбө деген жерди жатак кылат. Кум деген да жери бар. Алманбет Кумга да, кар жаадырат, бирок түлкү чыкпайт. Түлкү үч күндүк жерден жыт алып, жети (коен, мышык, жылан, чычкан, ташбака, кирпи, жандар (чөлдө жашаган) айбанга кубулат. Манас Түлкүнү сырнайзага кабыргасынан илет [Ж.М.279-б.]

Алманбет дүрбү салып олтуруп, Кумсары деген жердин оюнда. Жолдо эки караан келатканын көрүп, Көктеке менен Айбанбоз өрчүй басып келатканын байкап, Чубактын өңү өзгөрүп, жүзүнө каары толгонун сезет. Аңгыча, Айбанбоз минип, Манас келип калат [Ж.М.286-б.]. Алманбет: “Манас аңкоосунбай эле кой, кытай экенимди Чубак билиптир. Каканда кандын уулу элем, кааладым - келдим диниңди, кагайын сенин жиниңди, сойойунбу өзүңдү, ойойунбу көзүңдү”, - деп Чубактын калмак дегенине таарынып, араздашуу башталат. Чубак Алманбеттин ким экендигин түшүнгөндөн кийин кечирим сурайт [Ж.М.286-б.].

Соорондыктын доорунда Жүйрүн дөөгө алты жүз бала (Туңша жердин аты) окууга барып, андан алтоо эле калат. Алманбет кийинки жылы болгондо тогуз жүз бала бир барды. Тогуз ай болбой жеп койду. Тогуз бала бир калды. Үч жыл бүтүп, үч айлык окуу калганда “Соорандык ноокас болду”- деп кат келди. Жүйрүн өзүнө чакырып, сабы алтындан шамшарды мага берди. Мен белиме байладым, катты чөнтөккө салып, Сары деңиздин үстүндөгү сыр көпүрөдөн куран китепти көргөм. Куран китепте бейишти, тозокту жазыптыр деп билдирет. Негизи, Жусуп Мамайдын вариантында Алманбеттин кытайча аты Сошойа деп берилгенин көрөбүз. Алманбеттин атасынын катчысы: Коңурбай Эсенканга келип, буруттан Манас деген чыкты. Каңгайдын жерин ээлик кылууда. Калмакка жер керек, жардам бериң дегени бар [Ж.М.288-289-б]. Алманбет түшүндө: “Эшиктен бир киши кирип Мухаммед деген менмин (орто бойлуу, нур жүздүү, өңү кызыл тегерек). Ак ислам дини деп көп

кыйналдың, ачкын балам оозуң – деп бир ууртам суу ичирет. Көөнү ачылып, көөшүй түшөт. [Ж.М.292-б.] Түш көрүү мотиви Жусуп Мамайда да, абдан ыктуу сүрөттөлгөнүн көрөбүз. Алманбет Көкчөгө келип, айлына апасын көргөнү барып келээрин айтат. Бээжинге Алманбет барып кан атасына жолугат, атасы алик албай коет да, иконду коюп чокун, оозуңа келме албагын дейт. Алманбет: “Кудай бар ата, кудайсыз дүйнө карк болот” – деп өзүнүн сөзүн бербейт. Соорандык кылычын кындан сууруп Алманбетти кууп чыгат. Сыртта Алманбет Кылжейренди минерде апасы: “Асман да бар, жер да бар, Жарык дүйнө кайра бар, Жылдыз да бар күн да бар, Жыргалдуу дүйнө кайда бар, Ушуларды жараткан, Баарынын ээси кудай бар”, же: “Кайда барсаң ала кет, Аркаңа бала сала кет. Сен мусулман болгону. Алты айга дагы толо элек, Мен мусулман болгону, Нечен жылда толгону, Нечен жылдар болгону, Алдымда бар беш катын, Баштап аны койгомун” – деп кудайга болгон ишеними бекем экендигин билдирет. [Ж.М.293-б]. Үйдүн сыртына чыкса, көп аскер курчап туган болот. Алманбет аларды көгүчкөндөй дыркыратып кууйт. Аңгыча кырк бала чогулуп: “Төрөбүзсүң Алманбет, төгүн эмес айткан кеп. Таштабай бизди алакет, жаныбызсың Алманбет” – деп ээрчип, кырк чорого айланат. Коңурбай, Буудаңчаң баатыр Карткүрөң тулпарын минип, Алманбетти торойт. Алманбет 41 миңдей кытайды кырып, Буудаңчаңды талкалайт. Кебез өтүк, Кендирбай кырк миң колу менен Коңурбайлар (жети кабат кене тор) Алманбетти аты менен кошо орго салдырат [Ж.М.294-б.].

Алманбет түшүндө: “Анттуу досум эр Көкчө, Көкала тулпар, көк күбө, көрүндү көзгө бөлөкчө. Аккула минип болтоюп Айкөл шер турган зоңкоюп, келген экен. Булар деп көзүмдү ачсам булар жок” – деп кабатырланат [Ж.М.295-б.]. Кылжейрен (кырк кулач Сепилден) тогуз күн сепилде жатып секирип чыгып кетет. Алманбет Туңшанга жетип, апасынын сөөгүн жүктөп, он сегиз күн ат жетелеп, капчыгайды өрдөп, белге чыгып келип, Чубакка насаат айтат. Чубак Алманбеттен кечирим сурайт. Алманбет менен Чубактын

чатагы бүтүп, Манас Алманбет, Чубак, Сыргак төрт баатыр сапарын улайт. [Ж.М.296-б.].

Алманбет менен Чубактын чатагынан кийин кытайдын сансыз эли жашаган Сайаз деген тоосунда Манас, Алманбет, Чубак, Сыргактар “Тал Чоку” деген чокуга келип дүрбү салат. Манас чоку тууралу Алманбеттин айтып берүүсүн сурайт. Анда Алманбет: “Түштүк жагы тегиз тоо, Кайнады деген жери бар, канаттуу менен жыландын мекени. Чыгышы бүт деңиз. Түндүгүндө “Чачбейсең” деген тоосу бар, коруйанын жери, Жүйрүн дөөнүн эли бар (сегиз миң жыл жашаган) Чепечеп шаанын шаары, Сандуба деген жери ошо – деп, кытай жерлеринин тарыхын кенен айтып берет. Чубак менен Алманбет дүрбү салып караса Коңурбай жыйырма батман туулга кийип, Жаңжуң, Дуудус, Доотай оюн күлкү салып туруптур. Алманбет куу өрдөктү атат. Коңурбай өрдөк карып калды деп балапан өрдөктү кошо багып, ал Бейжинге учуп кабар берип турчу экен. [Ж.М.298-б.]. Эсенкан жалгыз көздүү Макил дөөнү түмөн кол менен урушка даярдантат. Макил дөөгө (он миң эшек, жылан, доңуз) он миң дөөгө азык-түлүк жүктөп, мингени бийиктиги миң кулач Шаңкерек тулпар. Ал тереңдиги миң кулач дайраны кечип өтүүгө жөндөмдүү экендиги айтылат. [Ж.М.300-б.].

Алманбет: “Көпсөрдүн оозун чойгулап, куржун башы дарыны, кур дедире куйду эле, коло чоюн аралаш, кунан уйдай коргошун, кулдуратып урду эле, Макил дөөнү зоо кулап таш басып калат. Дөө таштардын арасынан чыгып кетүүгө аракеттенип жатканда Алманбет милтеге эки жолу чок коөт, ок чекеге кадалат. Эр Чубак найзаны дөөнүн ааандай ачылган оозуна матырат. Макил дөө чалкасынан кулайт. Чубак, Алманбет экөө дөөнүн башын кесип алып, таштардан теңдеп атка артат. Төрт баатыр Бейжиндин четине келгенде Алманбеттин досу Кожаалы тосуп алат (Көктокол Кожаалынын тулпары) Алманбет Көктоколду минип калаага чалгындайт”.

Каңгайдын молдосу Ыраңкүдүк үч жүз он беш жашта эле, ал Манасты туула элегинде эле билип, Манас туулат деген. Коңурбай Ыраңкүдүктү чакырып, жаш өрдөктөн кабар келди, китебиңди ачып көр – деди. Ал

“Ыстырлап” китепти ачып, куу өрдөк, кулжа, түлкү кыргыздан өлдү, Макил дөөнүн башы кетти. Кыйба-Турнанын башы дарбазага асылды, кытайга кыйын, андыктан сулуу кыз берип, ынтымакка гана келүү керек – дейт. Сыргак Чабаланы (тулпары чаңдуу боз жети кабат темир тону бар) сайып өлтүрөт. Алманбет Коңурбайдын чен-тонун кийип, кумурскадай кытайды артка кайрыптыр.

Тоголок Молдонун вариантында эр Манастын чоролору Канықейдин кийим-кече менен жабдышы, Сагымбайдын вариантына үндөшөт [Т.М. 334-б.]. (Жарак-жабдыктарды да, жабдыганы айтылат). Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында Семетей Манас баш болгон кырк чоронун Чоң казатка жөнөөр алдында жарык дүйнөгө келет. Андыктан Канықей алып келип кан Кошойдон бата алат. Сагымбайда болсо, Семетей Манас ажыга сапар тартаар алдында төрөлөт да, той өткөрүп бата тиленет. Бул көрүнүш кичи казаттын башталаар мезгилин шарттайт. Саякбай Каралаевдин Манасында он эки кандын аскерлерин кырк чоронун жалпы баарын тиешелүү кийим курал-жарактар менен Канықейдин камсыздашы ырааттуу сүрөттөлөт. Тоголок Молдодо Семетейдин төрөлүшү бир да бөлүмүндө эскерилбейт. Тоголок Молдодо Канықейдин жоо кийимдерин даярдаганы төмөндөгүдөй айтылат: “Токсон кемпир чогултуп, Тырмакка салып тыттырып. Келинге кесе бастырып, Кыздарга кыя тиктирип. Тогуз ай башта кылдатып, Ууздан узга сындатып, Найза сайса тешкисиз, Чапса кылыч кескисиз” [Т.М. 334-б.].

Тоголок Молдонун вариантында Алманбет Канықейге Аруукенин алты айлык боюнда бар экенин эскертет. Окумуштуу Омор Сооронов “Манас” трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү” деген эмгегинде: “Сагымбай Тоголок Молдодо Аруукенин боюнда күмөн бар экени чоң казатка узап жаткан Манас менен Алманбетке билдирилет” – деп айтылганы бар. Менимче Аруукенин алты айлык боюнда бар экенин Канықейге алдын ала билдирген. [Сооронов.О-42-б]. Канықей Манастын жалгыз экендигин, Алманбеттин Манасты карап, коргоп жүрүшүн эске салат. Манас Алманбетти кан болосуң, Айбатың катуу баатырсың,

Ажыдаардай жан бол – деп, Колду өзүң башта – деп, Жолду өзүң башта – деп ишенимдүү бекитет [Т.М. 347-б.]. Ажыбай Манастын оюн кан Бакайга жеткирип, Алманбет кан болсун деген Бакайдын кандык катын алып келет.

Алманбет кошунду тартипке киргизип, он башы, элүү башы, жүз башы, миң башы, түмөн башы [Т.М. 353-354-б.]. өндүү аскер башчыларын тактап, жүрүшкө даярдайт. Алманбет баштаган кол Кордойду ашып, Аңырайкой, Ыргайты, Жаматы, Кашкелең, Каштек, Кара Кыштак, Узун Агач, Карчалы, Шамалкан, Арал, Эки алматы, Талгар, Челек, Чарыңды, Илеге келгенин Тоголок Молдо: Чоң дайрага чөмүлүп, кырк чилтен кайып бир болуп, кызыр бабаң жар болуп, Аман өттү көп кошун, Иледен кечип кылкылдап, ээр токуму чылпылдап" – деп ыраттуу сүрөттөп берет. [Т.М. 557-б.]. Жолдун жүрүшү күчөп, Алманбеттин башчы кан катары жол баштап чечкиндүү кадам жасаганын кан Манас колдоп, Кырчыл чалга тоскоолдук кылба- дейт.

Алманбет Шаңкайга бүлүк салып, 90 шаар көп кытай колуңду караганда ичинде кеги калганын айтат. Андыктан, баатырым сага эп болсо батыраак чалгын чалайын. Сыргакты кошуп алайын–деп Манаска кеңешет, баатыр эп көрөт [Т.М.-372-б.]. Тоголок Молдодо Эр Манас, Кыргыл чал, Чубак, Бозуул, чүкө ойноп атып, Чубактын намысына Бозуул тийип, чырдын чыгышын шарттайт. Алманбет менен Сыргак ошентип Калыкур деген жерге келишип. Алманбет: Калдайдын уулу Капырдын, Кан Коңурбай баатырдын, Тилсим кылган жолу бар (капкан) жайып койгон тору бар, Арып менен иштеген Алда канча колу бар" – деп Сыргакка Коңурбайдын сыйкырдуу күчтөрүн баяндап берет. Ак кулжа Коңурбайдын кабарчысы, тилчиси, тумшугунда кылы бар зым менен сүйлөшөт [Т.М. 384-б.].

Малгун Макел дөө – күн чыгыш элинен Сазаңшаа деген шаардан Жажуж Мажуж уругунан [Т.М. 381-б.]. Ал күнүнө отуздай кой, он батмандан нан жейт. Мындан башка Коң баатыр палван болгон. (ат көтөрүп жүрө албай, арабага салдырган). Мында Коңурбайдын тыңчы, кабарчысынын милдетин аткарган Куу өрдөктүн орду чоң экендиги төмөндөгүдөй берилет: "Кудукта жаткан өрдөктүн, өзүн анык көрүшүп, тикирейип караган, көзүн анык

көрүшүп, тумшугунда тартылган, кылын анык көрүшүп, кыл эмес тарткан дилгирем, сымын анык көрүшүп [Т.М. 335-б.]. Бакай менен Манас Калыкур капчыгайына Алманбет Чубактын артынан барса, Ак кулжа андан өтүп, куу өрдөктүн өлүгүн көрүшөт [Т.М. 393-б.].

Коңурбайдын сакчыларын Алманбет, Чубак атып жол тазалаганын кийин барган Манас түшүнөт. Чубактын айрым түшүнбөстүк мамилесине Алманбет таарынып, арман кылганы бар. Түйүнчач деген жыланы, жүз кулач жерге сойлоп, тиешелүү кабарларды касыздайт [Т.М.-398-410-б.]. Тоголок Молдонун вариантында автордук баяндоо ыкмасы абдан өнүккөн. Сагынбай Орозбаков айткан варианттай эле, Алманбет Баң-Баң калаасын атасынын сарайын көргөндө үйүнүн алдындагы өзү тиккен Чынар теректин бай түпкө айланганын эскерет. Негизи Алманбет Сыргакка өзү жашаган үйдүн тарыхын, короосун, кан ордону, энеси Канчайымды көрсөтүп, көзүнө жаш алат [Т.М. 462-466-467-б.].

Алманбет капкалуу Бээжинге он чакырым он чакырым калганда көкүрөгү көөп,ичиндеги кайгы-муунү күчөп, өзүн токтото албай арманын төгүп айта баштайт: “Кан Соорандык өз атам, он алтыга чыкканда кан көтөрдү өзүмдү. Уктап турсам түшүмө Мекке кирип, Түркстанды аралап, Ал-Тоо, Керме Тоону кыдырдым” ж.б.у.с. динге байланыштуу мотивдер киргизилет. Дуудунун кызы Бирмыскал колуктум калды кытайда. Лайы-Лааха илалла келме түшүмө кирип, мусулман болдум. Он сегизде кытайдан качып чыктым. Азизканга мусулман болдум деп айттым. [Т.М. 421-б]. Азизкан Коңурбай, Борончуларга кат жөнөтүп, Алманбетти орго салгыла дейт. Алманбет аргасы кетип, согуш баштайт, алты күндө Коңурбайдын колун кайтарат. Алманбет Боз дөбөнү көрсөтүп, (кытай колдорунун баштары үйүлгөн жер) кыргындан шейит кеткендер ушул жерде жатат дейт. Тоголок Молдонун вариантында Талчокуда жатып, Бээжинге дүрбү салып, жол ачылат. Жалгыз көздүү Макел дөө алтымыш кой, он эшек, он батман нан жеп Манаска аттанат. Бирок, Алманбет дөөнү көзгө атып, белгилүү Чубак бетке атып, Коңурбайдын мизин кайтарат

[Т.М. 429-432-б.]. Алманбет, Сыргак, Чабаланын алты дөөсүнүн башын чаап, Бээжинге кирет [Т.М. 434-456-б.].

Алманбеттин окуясы: “Манас” эпосунун негизги варианттарында (С.Каралаев, С.Орозбаков) да, Жусуп Мамай менен Тоголок Молдодо да өзгөчө мааниге ээ. Себеби, “Чоң казат” бөлүмүнүн окуяларынын өнүгүп жыйынтыкталышында албетте, Алманбеттин (Сошойанын – Ж.М.) ролу өзгөчө. Андыктан, эпостун бардык варианттарында “Алманбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү” бөлүмү (кульминациялык окуялардын) эпостун кульминациялык окуяларынын башатын түзөт. Сагынбай Орозбаковдун вариантында Манас чалгын чалууну Алманбетке тапшырат. Манас атайын жылкыларды бөлүштүрүп мингич аттар бекитилет. Алманбеттин Карткүрөңдү мингени, жылкыны тийген учурлары таасирдүү сүрөттөлөт. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Алманбеттин чалгынга барышын Манас чечет. Саякбай Каралаевде болсо, Алманбет баштаган кол жыйырма күн-түн жол жүрүп, Алтайга жетээри менен тыныгуу жарыяланат. Чубактын Алманбет менен чатагы бардык варианттарда бирдей берилгендиги, манасчылардын айтуучулук шык жөндөмүнө жараша өзгөчөлөнтүп сүрөттөөсү байкалганын көрөбүз. Саякбай Каралаевде Бакай Манасты Алманбет менен Чубакты жараштыр деп жиберет.

Чубактын суук түрүн байкаган Алманбет Сыргакка: “Эгер непаада көз жумсам, Аруукени Мажикке ника кыйып, Сараланы союп, сөөгүмдү өзүң кой” – деп, керээзин айтат. Чубак Алманбетти “ит” деп чычалатат. Манас Сараланы оң, Көкаланы сол колу менен кармап, “Чабышып алып Таласка кайтайлы” деген турбайсыңарбы – деп акыл айтат. Арданган Чубак чылбырын мойнуна салып кечирим суратат. Алманбет Чубак экөө жарашып, Сарала менен Көкаланы Манаска тартуу кылышат. Ал эми Сагымбайда Бакай менен Чубак айтышып турганда Манас Айбанбозду минип жалгыз келет. Аккулжа менен Өрдөк өлтүрүлбөйт. Коңурбайдын бул сакчылары Алманбеттин жытын билип, алдын ала качууга үлгүргөндүгү айтылат. Алманбет бала кезден Манаска жолукканга чейинки көргөн окуяларын бүт

айтып берүүгө үлгүрөт. Тоголок Молдо айткан вариантта Манас Чубакка Бакайды Аккуланы тарт – деп жиберет. Натыйжада жолдогу аскер артка кайтарылат. Чубак, Манас, Тойбурлар Алманбеттин артынан жөнөйт. Алманбет менен Сыргак жолдо мас болуп, душмандын кулжасын өрдөгүн өлтүрүп, канжарын өзү бекиткен жерден тапканы иреттүү сүрөттөлөт.

Чубак менен Алманбет көпкө тирешет. Манас күнөөнү Чубакка коюп, арачалайт. Чубак күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурайт. Экөө жарашат. [О.С.-45-46-б.]. Алманбеттин окуясы- бул традициялык мотив. Бул мотивди бардык манасчылар айткан. Сагынбайда Алманбеттин төрөлгөнүнөн тартып, Көкчө Манаска кошулганына чейин эпизод катары “Алманбеттин келиши” деген аталышта баш жагында (ооган каны Шоорук менен болгон уруштан кийин) айтылат [О.С. 432-б.]. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында Алманбеттин окуясы өзүнчө эпизод болуп берилбегендиги менен Чоң казат бөлүмүндө накта эпизоддун деңгээлинде чагылдырылган. Белгилүү окумуштуу К.Рахматуллиндин оюна кошула турган болсок, Саякбайдагы “Алманбеттин окуясы” Сагымбайга караганда окуяга бай, көркөмдүгү да жогору [Рахматуллин К. Творчество манасчи. В ин,: “Манас – героический эпос кыргызского народа”.127-б.].

Тоголок Молдодо “Алманбеттин окуясы” деген атайын бөлүм берилген эмес. Алманбетке байланыштуу сюжеттер “Чоң казат” бөлүмүндө тезис катары мүнөздөлөт. Тоголок Молдонун вариантында Коңурбай кан Манастын жолун тостурмакка Макил дөөнү даярдайт да, сен Манасты жеңсең, Бээжиндин бирин берем дейт. Дөөнүн портрети: “Тоо жылгандай көрүнүп, шаардан чыкты бөлүнүп” – деп берилет. (Т.М. -556-557-б.) Алманбет шаардан чыккан Макил дөөнү көзгө атып, белгилүү Чубак безге атып өлтүрөт. Ал эми Саякбайда “Макел дөө” деген сөздөр кездешпейт. Макел дөөнүн аты Малгун деп берилет. Бул вариантта Малгун баатырлар менен кармашууда баатырлардай урушканы байкалат. Жусуп Мамайда Макил дөөнү Эсенкан даярдайт. Макил дөөнүн тулпары миң кулач бийиктиги (Шаңкерек тулпар). Тулпары тереңдиги миң кулач дайрадан сүзүп өткөнгө жөндөмдүү экени ыктуу мүнөздөлөт.

### 3.3. Коңурбай менен Манастын чатагы, кырк чоронун өлүмү

Саякбайдагы «Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска Чет Бээжиндин хндыгын бергени» деген бөлүмдөгү Канықейдин Шуутудан Манаска берген каты, түш көрүүсү мотив жагдайга жатат. Бул мотив Тоголок Молдонун вариантында «Канықей түшүн жоруп, Манасты Бээжинге барба дегени» деген темада берилип, Канықей Манаска көргөн түшүн айтканы: “Кумараң күмүш, мисиң жок, Кумга бассаң изиң жок, Абыкең кошо баратат, Артында калган кишиң жок, Самооруң алтын, жезиң жок, Дасторкон жибек, бөзүң жок, Самаган досум Коңур деп, Сапарга чыгаар кезиң жок. Ак шейшеп жибек, бөзүң жок, Айланайын айкөлүм, Алыска чыгаар кезиң жок” [Т.М.-569-б.]. Ушул эле түш көрүү мотиви Саякбайда мындайча берилет, Канықейдин түшү: “Таластан чыгып өрт күйүп, Белестин баары ураптыр. Чапкар көл, дайра соолуп, Чынар терек куураптыр”,- деп сыпатталат [К.С.-163-164-б.].

Шуутуга Коңурбай кол салып, Канықей берген катты сууга түшүрүп жибергени жөнүндөгү мотив Саякбайдын вариантында «Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска чет Бээжиндин кандыгын бергени» деген бөлүмдө тезис катары берилет, Шууту Канықейдин катын алып келатып Коңурбайга туш болуп, атын сууга бурганда кат сууга агып кетет. Алманбет келип калып Коңурбай качып кетүүгө аргасыз болот. Башка варианттарда бул мотив кездешпейт. Таласка кайтууну каалагандарга Манастын уруксаты – жөнүндөгү мотив да, тезис катары берилет. Саякбайда кытай жеңилгенден кийин Манас Бээжинге хан болуп элди, Кошой баш болгон баатырларды Таласка кетүүгө мүмкүндүк берет. Манас тогуз хан менен Бээжинде калат. Муну укkан Коңурбай кол салууну ойлойт.

С. Каралаевдин варианты боюнча Коңурбай дубана кейпин кийип, Манасты өлтүрүүгө аракеттенет. Ашпозчу Шуйкучу кат жазып, аны камырдын ортосуна салып нан бышырып, Коңурбайга жеткирет. Катта баатырды кантип өлтүрүүгө боло тургандыгы мындайча мүнөздөлөт: “Таң

кашкайып сүрөрдө, Жерге жарык кирерде, А дегенде артын жууп, Анан кийин бетин жууп, Бүткөн боюн тазалап, Эң акыркы бутун жууйт, Өтүк кийбейт бутуна, Жарагы жок үстүндө, Жалаң чапан жамынып, Кооп кылбайт кишиден, Жерге жарык тийбестен, Таң кашкайып сүрбөстөн, Өзү чыгып мунарга, Күн батышты бет алып, Алла деп колун көтөрүп, Азан айтып турганда, Ал ырымын кылганда, Ушундай айла болбосо, Зили чукуйт көзүңдү, Жок кылат сенин өзүңдү”.

Коңурбай Манасты азан айтып жатканда ай балта менен шилиге чаап жарадар кылат. Ал эми Сагынбайда согуш талаасында Манас атынан ажырап калган мезгилде Коңурбай айбалта шилтеп жарадар кылат. Тоголок Молдонун вариантында Коңурбай Манасты конокко чакырып, беш күн сыйлап, Каракул, Шоодай айбалта даярдашат. Конокко чакырганда Коңурбай өтө куулук кылып, колунан өөп, өтө сыйлаарын, Эки кайыш, бир тизгин, Ортосунан тилебиз, Кытай менен кыргызды, Ортого салып билебиз, - деп билдирет [К.С.-169-б.].

Коңурбай «Айбалтаны сизге белекке берели», - деп алдап туруп жарадар кылат. Бакай баш болгон кырк чоро келип согуш башталат. Манас баатырдын Коңурбайдан жарадар болушу ар вариантта ар кандай мүнөздөлөт, бирок Коңурбай өтө куулук аркылуу курал-жараксыз, унаасыз отурганда айбалта чабат.

С. Каралаевдин вариантында бул мотив да, тезис түрүндө берилген. Коңурбай Ажыбайдын найзасынан жарадар болуп, качканына карабай «Манас өлдү» деп элге жарыя кылып, колду согушууга чакырат. Бул сюжеттеги мотив башка варианттарда кездешпейт. Баатырлардын курман болушу тууралуу мотив Саякбайда «Кытай жеңилип, Эсенкан Манаска чет Бээжинди бергени» деген бөлүмдө мотивировкаланат. Коңурбай жеңилип баратып, Манаска Чаңтыйбасты элчиликке жөнөтүп, жети күнгө урушту токтотуу жагын сурайт. Манастын макулдугун укkан Алманбет нааразы болот. Тоголок Молдонун вариантында бул мотив башкача берилет. Мында Коңурбай курчоодо калат. Алманбеттин айтуусу боюнча капканы (курчоону)

айлантып чеп курушат. Аңыла, Чабал деген деген эки дөө шаты аркылуу чыгып Манасты баатырлары менен көрүп Коңурбайга мактап айтышат.

Сагымбайда баатырлардын курман болуп, Аккуланын окко учушу - чоң казаттагы окуялардын, жалпы эле эпостун сюжетинин чечилишин шарттаган мотивге жатат. Саякбайда Кожожаш Көкчө менен Музбурчакты, Сыргакты атып өлтүрөт. Алманбет да Кожожаштын огунан шейит болот. Манас туулганда касиеттүү думана берген ок аколпоктун жакасына тигилүү болот, ок менен атканда Кожожаш менен кошо сегиз кытай баатыры окко учат.

Саякбайдын вариантында «Көкчөнүн өлүмү» деген бөлүмдө «Канукей Бакайга түшүн айтканы» мотиви тезис сыяктуу сүрөттөлөт: “Тултук мүйүз көк бука, Туу түбүндө кыйкырат, Султаным Алман өлгөн бейм? Карга айдаган ак шумкар, Канаты жок калыптыр, Кан Балтанын Чубагы, Бир кордукту көргөнбү? Узун бойлуу чынары, Кыбыла көздөй сулаптыр”, - деп берилет. Бул мотив башка варианттарда кездешпейт. Бул бөлүмдөгү сыпаттоолор сюжеттик курулуш-мотив жагдайга жатат.

Манастын экинчи жолу жарадар болушу мотиви Саякбайда “Манас Тайбуурулду мингенде кайра уруш башташы, чаркы келбей кол тарап, жерлерине кайтышты”, деген бөлүмдө мотивировкаланат. Манас намаз окуп жатканда Коңурбай айла-амал менен келип найза сайып экинчи жолу жарадар кылат. Манас белиндеги найзаны Алтыбайга тарттырганда найзанын учу сынып белинде калып калат. Сагымбайда Манас ажыдан келип калмак кытай менен болгон жаңжалды угуп, кол жыйнайт. Душман менен болгон беттешүүдө Манас, Алманбет, Чубак, Сыргак шейит болот.

Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Кожожаш өтө кыл мерген болот. Мында Кожожаштын Манаска жакын тууган экендиги айтылат: “Чоң атасы Көзкаман (Арада өткөн көп заман), Дайын болгон атагы, Көз камандын көп жаман. Арбалдайдын иниси, Дөрбөлдөйдүн баласы, Башынан бери Манаска, Бузук экен санаасы”, - деп сыпатталат.

Саякбай менен Сагымбайда Кожожаш Үсөндүн (Көзкамандын) небереси экени айтылат. Ал эми Үсөн хан Жакыптын бир тууганы экени белгилүү.

Тоголок Молдонун вариантында Көзкамандар окуясы кездешпейт. Ошондуктан, Жакып менен Үсөндүн туугандыгы тууралуу маалымат берилбейт. Бирок, Кожожаштын: Атамдан калган кегим бар, Бата албай жүргөн кебим бар, Бабамдан калган кегим бар, Баатыр башы, Коң төрө, Сен алып берер эбиң бар, Атабыз бирге бир тууган, Манаска жакын тууганмын. Башынан кылган кастыкты, Канкордон дилим сууганмын,- деп Коңурбайга айткан оюна назар салсак, айрым уруучулуктун кесепетинен атасы Үсөндүн Манаска болгон таарынычын кубаттап душман тарапты колдогону байкалат. Бул вариантта Кожожаштын ата-бабасынын Манаста кандай өчү бар экени жөнүндө так ачык айтылбайт. Көзкамандын балдары Дөрбөлдөй, Арбалдай тууралуу сөз болгонун эске алсак Сагымбайдын вариантына окшошуп кетет.

«Кичи казатта» Кожожашты адис, кыл мерген катары бааланганы эске алсак бул мотив С. Каралаевдин вариантына үндөшөт. Саякбайда Кожожаштын мергенчилик өнөрү жогору бааланат. Ошол себептен Коңурбай баатырларды атып берүүсүн сурап Кожожашка кайрылат. Мында Кожожаш Каражойдун уулу катары берилип, Манаска туугандыгы тууралуу эч сөз болбойт. Кожожаш атасы Каражой кытайлар тараптагы каармандардын бири катары сыпатталат. Тоголок Молдодо Кожожаш Сыргактан өлөт. С.Орозбаковдун вариантында Кожожаш мерген жөнүндө сөз болбойт. Сагынбай, Саякбайдын варианттарында Ногойдун балдарын кытай кыргыздарды басып алганда таратып жибергендиги айтылат. Ошол шартта Жакыптын бир тууганы Көзкаман жоо арасына айдалганы бар. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Көзкаман Манаска таарынып өчөшкөндөй таасир калтырат. Бул вариантта Кожожаштын дареги мындайча мүнөздөлөт: “Өзү адис мерген кул, Далай жерди көргөн кул. Манастан качып атасы, Коңурбайга келген кул. Коңурбайдын колунда, Кечилдер келип көмгөн кул”. [Т.М.-132-б.]. Бул эпизод Саякбайда «Манас Тайбуурулду мингенде кайра уруш башташы, чаркы келбей кол тарап, жерлерине кайтышы» деген бөлүмдө мотивировкаланат. Сагымбайда бул мотив атайын бөлүм катары айтылбайт. Тоголок Молдонун вариантында Манасты Таласка алып келери

менен тиешелүү ырым-жырымдар жасалат. Канықей чоролорду кошуп ыйлайт. Манас керээзин элге айтат. Аялдары Канықей, Акылай, Билериктерге, а дүйнөлүк жары Сайкалга кеп-кеңешин айтат. Өлөөр алдында Манас Абыке, Көбөшкө кайрылып, аларды ынтымакка чакырат. Саякбай, Сагымбай, Ж.Мамайларда Манастын Билерик аттуу аялы эскертилбейт. Бирок, Билерик аттуу ысым Сагымбайдын вариантында Жаангер кожонун уулу (Ай-Кожо) экени айтылат. Билерикти Кырмусшаа зынданга салган жеринен Кошой бошотот. Ал эми Саякбайдын варианты боюнча Билерик Айкожонун баласы экени айтылат. Манжунун каны Нескарага аңчылык кылып жүргөн Билерик капыстан жолугуп калат. Аны кырк кулач зынданга салдырып коөт. Кан Кошой Билерикти зындандан бошоткону мындайча мүнөздөлөт: “Он эки супа, төрт сурпту, Кийгенден Кошой коркпоптур. Ээр белдей кыраңын, Ашкандан Кошой коркпоптур. Темир аркан торунан, Жарманас менен Билерик, ажыратып алыптыр, Эсенкандын колунан”. [К.С.-147-б.]. Бул вариантта он эки жашар Билерик айтуучу тарабынан чоң баатырларды сүрөттөгөндөй традициялык сүрөттөөлөр аркылуу мүнөздөлүп берилет. Тоголок Молдонун вариантында Билерик Кожонун кызы катары мүнөздөлүп, Манастын аялдарынын бири деп айтылат.

С. Каралаевдин вариантында “Манастын керээзи жана өткөндөрдү эскергени” деген бөлүм тезис катары берилет. Манас Таласка жарадар болуп келгенде кырк чоросу, Алманбет, Сыргак, Музбурчак, Чубактардын шейит кеткенин эскерип элге угузат. С. Орозбаковдун вариантында Манас согушта каза болот [О.С. 353-б.]. Ал эми Саякбай, Тоголок Молдонун вариантында хан Манас Таласта Канықейдин колунда көз жумат. Манастын өлүмү манасчылар тарабынан өтө күчтүү, көркөм сөз каражаттар менен сүрөттөлөт. “Күндүн көзү бузулуп”, “Айдын көзү тутулуп”, “Дарыялар толкундап”, “Канаттуулар учпай калат”.

Жусуп Мамайдын Манасындагы Коңурбай менен Манастын чабышында бир топ жоготуулар болот. Башында Алманбеттин аялы Бирмыскал уул төрөп, атын Канықей Күлүстөн коёт (Эсен кандын кызы). Айжаңжүндүн

кызы Бурулча Чубактын аялы да уулдуу болуп, атын Канықей Канкелди коөт. Канықей Шуутудан кат аркылуу Алманбет, Чубакка сүйүнчү айттырат. Алманбет, Чубак Шуутуга Алтайдагы Сарысүмбө шаарын сүйүнчүгө берет.

Бакай Таласка кетүү тууралуу сөз козгоп, Алманбет менен кеңешет. Ошентип, он төрт хандын тогузу Таласка аттанат. Бейжинде Жакып кан, Бакай, Алманбет, Чубак, Сыргактар калат. Манас Тазбайматты кандыкка сунуштайт. Коңурбай айбалтасын алып дарбазага келерин байкап, Манас келгенде шилиге чаап качып кетет [Ж.М. 374-б.]. Манас кенебей үч күндөн кийин мойну кычышканын айтып, Тазбайматты карап кой дейт. Манастын мойнундагы сайылган балтаны Алманбет чылбыр байлап, араң тартып чыгарат. Бирок, жараат ырбап кеткендиктен, Алманбет Манасты Таласка кол менен узатат. Коңурбай алп Мадыны 60 миң колу менен (40 жашта) Каракоңур атын мингизип Манаска каршы аттантат. Эр Чубак Көктеке тулпарын теминип, Мадыдан мурда камынып эки жолу найза урат. Алманбет кылыч менен Мадынын башын алат. Ушундай оор кагылышуу болсо да, Коңурбайдын он беш күнгө урушту токтотуу жөнүндөгү суранычын эмнегедир Манас колдойт. Шыпшайдарды Коңурбай тез чакырып, урушка салат. Шыпшайдар Жүйрүн дөөдөн жайчылыкты окуган. Алманбеттин Шыпшайдарга берген мүнөздөмөсү: “Жерде шамал, көктө жаан, Мындайы бар кээ кээде. Кээде туман, топурак. Обо ачык, жер бүркөк, Он эки түрлүү кубулат”,-деп сүрөттөлөт [Ж.М. 379-380-б.].

Коңурбай, Нескара, Мурадилдер Көйгөнү ээлеп алып далыга найза сайып, Коңурбай Көкчөнүн башын кыя чабат. [Ж.М-383-б.] Алманбет Көкчөнү атка жүктөп Аккеркечке жөнөтөт.

Жусуп Мамайдын варианты боюнча Коңурбай менен Манастын чатагында кырчылдашкан салгылашуулар болду. «Найзанын учу жылтылдап, Адамдын башы кылкылдап, Келе жаткан көп колду, Карап турду кыргыздар» - деп согуш талаасын манасчы элестүү сыпаттайт. Манжудан Нескара, Калмактан Уушаң кыйкырып, жүз кишиге бир-бирин, кыргыз жетпейт, бизге деп Жолой көп кол менен каптайт, кан Манасты Бакай карап, Алманбет

чекелеп, Шыпшайдарды мекелеп аңдыйт [Ж.М. 386-б.]. Шыпшайдар «Алманбеттен кайгы жеп, Манастын Чорлорунун канын төгөм» - деп элдин ичинде калкаланат. Кыл мерген амалдуу Шыпшайдар Кутунай, Ажыбай, Күлдүр, Жайсаң, Алымбай өңдүү беш баатырды жаа атып сулатат. Ажыбайдын Карткүрөңүн калмактар кармап алып, Эсенкан мине турган тулпар экен деп тамшанышат [Ж.М. 387-б.].

Карткүрөңдү «алты ай минсе арыбас» экенин билген Уушаң тулпарды Кыйтур деген калмакка жетелеткенин байкаган, Сыргак Кыйтурду өлтүрүп, Ажыбайдын сөөгүн Карткүрөңгө артып, Кошойго Ат-Башыга алып барат. Анын артынан эле «Кайран Мажик калдайып, окко учуп кетиптир» Коңурбай, Макил дөө, Солоке, Беш Куландардан айрылганын өксүп Шыпшайдарга айтып: «Армандуу дартты буруттан, Алып бергин Шыпшайдар, кырк чоросун Манасты, атып бергин Шыпшайдар», - дейт Шыпшайдардын жебеси Музбурчакты өлтүрөт. Чубак Мурадилди сулатып, Музбурчактын өлүгүн Бакайга жеткирет [Ж.М. 389-391-б.].

Шыпшайдар Чубакты, Алманбетти атып өлтүрөт. Жусуп Мамайдын вариантындагы баатырлардын өлүмү кайталангыс трагедия катары сүрөттөлөт. Манас чоролорунан ажырап жаны ачып Шыпшайдарды чыкыйга атып өлтүрөт. Сыргакты Коңурбай Очогор менен чаап өлтүрүп, Серектен качып, Бейжинге жан сактап калат (Ж.М. 396-б.).

Тоголок Молдодо хан Манастын кырк чоролорунун өлүмү тууралуу төмөндөгүдөй “Эки күнү, эки түн, Ай көрүнбөй жаркырап. Жылдыз чыкпай жалтырап, Күн көрүнбөй бүпбүтүн”, - деп таасирдүү ыр-саптар аркылуу гиперболизацияланганын көрөбүз [Т.М.-192-б.]. Канукей Манастын мүрзөсүн коогасыз жерге коюу керектигин мындайча билдирет: “Бул мүрзөнүн түбүндө, Он үйлүү кара калча бар. Казынактын капкасы, даярдап койгон арча бар” [Т.М. ТАИнин кол жазмалар фонду. Инв.№1073. 199-б.].

Манас мүрзө жайын өзү көрсөткөнү айтылат. Мында сөөктү он адамга жуудуруп, тогуз буудан токутуп, алтымыш киши менен Буйгатты деген жерге көмүп келишет. Сагынбайда Манастын сөөгүн Үрбүнүн калаасынан,

Баяндын талаасына, он беш күндүк алыс жолго коёт. Ырым-жырымдар Тоголок Молдо менен Сагынбайда окшош сүрөттөлөт. Саякбайда Манастын сөөгүн кырк эшенге көтөртүп, Кошой, Төштүк, Көкбөрү, Коенаалы, Канықей болуп оозу чакан ичи алты миң кой баткандай кең жасалып, алтындан түркүк коюлуп, арчанын күлү төгүлүп, жарык болсун деп жакут, каухар төктүргөн мүрзөгө коёт. Жусуп Мамайдын вариантында хан Манастын дүйнөдөн өтүшү мындайча мүнөздөлөт: «Айкөл Манас баатырың, аттана турган чак болду, катар турган көп элден, Кошойду карап коюлуп, Бакайды тиктеп баатырың, Төштүктү тиктейт кол сунуп, Көкбөрү карай сүзүлүп, Канықейди бир карап, кайран эр кетти үзүлүп»… (Ж.М. 409-б.). Канықей Абыке, Көбөштү алдырып, тажияга келген коноктору карап, аш берип, ат чабыш өткөрүлөт. Көр байге чабылып Манастын Аккуласы биринчи келип, мурдунан кан агып, кыбыланы карап жыгылып жан берет. Биз тексттерин карап салыштырып изилдеген варианттардагы сюжеттик-композициялык өзгөчөлүктөр көбүнчө автордук баяндоолордо байкалат, айтуучунун өзгөчөлүгү, биринчиден, анын талантына жана жекелик даярдыгына байланыштуу болот, экинчиден, айтуучу кайсы аймакта, кандай манасчылардан таалим алганына байланыштуу болот. Мындай учурлар эпосту айтуудагы вариацияларга жатат. Бирок, эпостун салттуу сюжети ар бир айтуучунун баяндоосунда сактоого чоң аракет жасалат. Салттуу сюжеттин окуяларына көз жүгүртсөк, мисалы, эбегейсиз чоң кагылышуулар, уруштун башталуусу жана аякталышы, баатырлардын жекеме-жеке кагылышуулары, алардын портреттик сүрөттөөлөрү, мүнөздөрү, баатырдык күч-кайраты, эрдиги, тулпарларынын сүрөттөлүшү, ж.у.о. бир топ баяндоолор ар бир варианттарда бирин-бирине жакын, динамикалык сюжеттердин алкагында берилгенин көрүүгө болот. Ошентип, ар бир варианттардын арасында сюжеттик салттуу окшоштуктар кеңири орунду ээлегенин көрөбүз.

Бул бөлүмдө күч сыноолордон кийин “Чоң казаттын” глобалдуу кагылыштары, аёсуз салгылаштары башталат, бул кагылышуулар кеңири сүрөттөөлөр аркылуу берилет, майда-чүйдөсүнөн баштап, чоң кырылышка

чейин берилген баяндоолор манасчылардын айтуусунда сюжеттик чыңалуулардын чекитине чейин жеткизгендерин көрөбүз. Мындай салгылашууларда биринчи иретте Манастын жана Алмамбеттин, кырк чоролордун баатырдыктары, тайманбастыктары кеңири планда берилет. Бул салгылашууларда кыргыздар жеңишке жетишип, каза болгондорун санашып, Бээжиндин коргонун ичинде урушун жүргүзүүгө киришет, андан кийин уруштун жыйынтыгында, жеңилген душмандын баш ийгени жана алар кыргыздарга согуштук олжолорду - алтын, күмүш, баалуу буюмдар менен келгени сүрөттөлөт. Ушул сюжеттин жүрүшүндө дагы бир кыстарылып кеткен конфликтти көрүүгө болот, ал Манас менен Алмамбеттин ортосунда колго түшкөн Алтынайды кызыккан эки баатыр талашканы жана Алмамбет менен Чубактын жол талашкандары, бул конфликттер эки тараптардын бирин-биринен кечирим сурашкандары менен чечилет.

Академик В.М.Жирмунский: «Алманбет, первый из богатырей Манаса в его названный брат, китайский царевич, отрекшийся от язычество ради «истинной веры», проводник Манаса его походе на Бейджин, имеет наиболее сложную и законченную биографию» – деп жазган. Ал эми К.Рахматуллин: «Сличение вариантов показывает, что история Алмамбета в описаний Саякбая богаче событиями и красочнее, чем у Сагымбая. Кроме того, переход Алманбета к Манасу Саякбай объясняет не только религиозными мотивами, как делает это Сагымбай, но и политическим конфликтом – с сорой с китайскими ханами» - деп жазган. С.Каралаевдин вариантында Алманбет нурдан бүтөт:  Энекем алтындан торко кийчү экен Балалуу болуп өлсөм деп Ошону тилеп жүрчү экен.  Нурдун кызы ушул деп Ошол келген дубана Нурдун уулу ушул деп Түнүндө нике кыйыптыр.

В.Я. Пропп өзүнүн «Мотив чудесного рождения» аттуу эмгегинде кереметтүү төрөлүштүн көптөгөн түрлөрүн, мотивдерин кеңири анализге алган. Алмадан, же башка жер жемиштин түрлөрүнөн, сөздүн магиялык күчүнөн, батадан, нурдан ж.б. бойго бүтөрүн конкреттүү мисалдар менен берген. В.В.Радлов белгилегендей, Алманбет менен Манастын кереметтүү

төрөлүшүндө жомоктун элементтери да бар, мисалы, Алманбет төрөлгөндө энеси кырк күн толгоо тартат. С.Каралаевде: Курсактан мен түшкөндө, Каканчындын Бээжинге, Жетимиш күнү күн жаап, Жер титирейт деп апыртылып сүрөттөлөт. Алманбет төрөлүп жатканда жаратылыштын ушундай эле кескин өзгөрүүсү В.Радлов жазып алган вариантта жана С.Орозбаковдун вариантында да учурайт. «Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарында Алмамбет төрөлгөндө эле мусулман болуп төрөлөт. Ал башка диндеги элдин арасында жашагысы келбегенин ачык эле айтат.

Алманбеттин жайчылык өнөрүн, ажыдаардан окуганын негиз кылып алат. «Манас» эпосунда жалгыз Алманбетке мүнөздүү жайчылык касиет, баатырларды кыйын, татаал абалдан көп учурда куткарат. Арстан Алмаң көк жалың Алды ташты колуна Асмандан мөндүр төгүлүп Жайдын күнү кыш болуп Таталаган көп кытай Кара чокту калмактар Качаарына жер таппай Чоң бүлүктү салганы. С. Каралаев «Алманбеттин жомогун» өтө көркөм, ар бир деталына чейин кеңири баяндоого алып, муңдуу, кайгылуу мүнөздө баяндайт да, Алманбеттин трагедиялуу, монументалдуу образын жаратат.

Алманбет Коңурбайдын элдешпес каардуу душман экенин сезип, Манастын бийлик, байлыкка азгырылып, акылынан адашканын көрүп, Манаска Коңурбайды өлтүрүү керектигин айтат. Бирок Манас анын сунушун четке кабыл алган эмес.

Сагымбайдын вариантында казаттар, чоңу болобу же болбосо майда казаттар болобу өзүнчө чакан бөлүмдөр менен берилип, алардын арасында кээ бир казатка тиешеси жок каармандардын бири-бири менен болгон атаандаштары берилет. С.Каралаевде болсо, “Чоң казат” бөлүмү Манастын бүт казаттарын өзүнө камтып берилгенин көрөбүз. Бөтөнчө акыркы казаты кеңири баяндоо менен берилет. Алар өзүнчө эле топтолгон баатырдык эрдиктердин баяндоосуна жетет, ар бир кагылышты манасчы деталдаштырып, Манастын кол алдында кырк чоролорунун эбегейсиз эрдиктерин сүрөттөйт, ошондой эле душмандардын баатырларынын оңой эмес эрдиктери да кеңири планда берилет.

Эгерде Сагымбайда Алмамбеттин окуясы өзүнчө бөлүмдө берилсе, Саякбайда “Чоң казат” бөлүмүндө Алмамбеттин келиши, казатка катышы анын өзүнүн кеңири монологунда ачылып берилет. Сагымбайда Манастын чоролорунун “чоң казаттагы” кырылышы өзүнчө бөлүмдө баяндалса, Саякбайда чоң казаттын ичиндеги окуялар менен байланыштырып, бир бүтүн кеңири мүнөздө берилгенин көрөбүз.

Сагымбайдын вариантындагы Манас Бээжинди жеңгенден кийин бейкапар жашап, өзүнүн колунун алдында отурган бир топ аскерлерди башкарган хандарга, алардын кол алдындагы аскерлерди үйлөрүнө кайтууга уруксат берет. Канықей жазып жиберген катта, Манасты Таласка кайтып келүүсүн өтүнөт.

Сагымбайда “Пайгамбар батып албаган, Искендер изин салбаган” каардуу жерге кол салып Манас чоролорунан жана башкарган колунан ажырайт. Бакай баш болуп он төрт хандын тогузу Таласка кетет. Манастын мойнундагы жарасы кенебей жүргөндө, жарасы ириңдеп, Тазбаймат Манастын мойнуна сайган балтаны Алмамбет белине чылбыр байлап араң тартып чыгарат. Жараты ырбап кеткенден кийин Алмамбет Манасты аскери менен Таласка узатат.

## КОРУТУНДУ

Чоң казаттын сюжетинде кыргыз урууларынын баатырлары өз элин, жерин чет элдик баскынчылардан коргоо үчүн жасаган аракеттери баяндалат. Хан Манастын жолун тоскон кыргыз уруу башчыларынын каршылыгы, «Алманбеттин окуясы», колдун жүрүшү, Коңурбай менен Манастын тирешүүлөрү, кырк чоронун Манаска кылган кызматтары, эрдиктери, аларга атайын жасалган курал-жарактар, аскердик кийимдер (Бердибай, Канықей), урууларарасындагы конфликттер, душмандын дөөлөрү, баатырлары Коңурбайдын куулук менен Манасты жарадар кылып, кайткан окуялар кеңири импровизациянын берилген.

Саякбайда Алманбеттин Бээжиндин жайын айтканын олуттуу окуяга айландырганын көрдүк, Сагынбайда бул мотив тезис катары берилет.

Саякбайдын вариантында Манас азан айтып жатканда Коңурбай айбалта менен шилиге чаап жарадар кылат. Сагымбайда согуш таласында Манас атынан ажырап калган мезгилде Коңурбай айбалта шилтеп аны жарадар кылат. Тоголок Молдодо Коңурбай Манасты конокко чакырып, беш күн сыйлап, анын жакындары Каракул, Шоодай айбалта даярдашат. Коңурбай айбалтаны Манаска берели деп, алдап туруп айбалта менен жарадар кылат.

Саякбай, Сагынбайда Кожожаш Көзкамандын небереси деп айтылат. Тоголок Молдонун вариантында Кожожаш Манасты бабам деп атап, «андан калган кегим бар» -, деп Коңурбайдан кегин алып берерин суранат, бирок эпосто Кожожаштын кандай өчү бар экени ачык айтылбайт. Тоголок Молдодо Кожожаш Сыргактан өлөт, анда Кожожаш: «Манастан качып, атасы Үсөн «Коңурбайга келген кул» - деп айтылат. Саякбайда Манастын сөөгүн «кырк эшенге көтөртүп, Кошой, Төштүк, Көкбөрү, Коенаалы, Канықей болуп оозу чакан, ичи алтын» Үрбүнүн калаасына, Баяндын талаасына коюлат.

Салттык сюжет манасчынын эс тутумунда дайыма сакталып турган темалар. Буларга теманын бөлүктөрү, стилдик формулалары, сюжеттин ири окуялары кирет, ушулар эпостун авантекстин (байыркы мотивин) түзөт, бул өзүнчө манасчынын эс-тутумунда сакталат, драмадагы сценарийдин ролун аткарат, салттын конструкциясын түзүүгө жардам берет. Манасчы окуяны өтө берилип айтып жатып, кээде эпостун сюжетинде кезикпеген тарыхый микросюжеттерди кошуп кеткен учурларды байкоого болот.

Үчүнчү бөлүмдөгү эпостун кульминациялык чеги деп аталган «Чоң казаттагы» сюжеттин өзөгүн ири конфликт түзөт, ал ата-бабалардан калган ыйык жерди баскынчылар: калмак-кытайлардан бошотуу, элди бириктирүүгө жасалган аракеттер баяндалат.

«Көкөтайдын ашында» мурдагы уруу башчыларынын ортосундагы тирешүүлөр өзүнүн туу чокусуна жетет. Тойдо Алмамбет менен Чубак аттар сүрөлбөсүн деген убаданы биринчи бузушуп (Шапактын вариантында), алдында келе жаткан Жолойдун Ачбуданын тар жерден туурасынан

койдуруп өтүшөт. Натыйжада Аккуланы чылбырдан алып, сүрөп чыгарып кеткенин Жолой менен Коңурбай билип калышып кыргыздарга колу менен каптап киргенде Агыш, Жамгырчы, Эр Үрбү, Жүгөрү, Эр Көкчө, Эр Төштүктөр Манаска болушпастан, туш-тушка тарап кетишет. Ушундан тартып кыргыз хандары «Чоң Казаттын» алдында Манаска каршы чыгышкан.

Бул жерде эпостун сюжетинин өөрчүшү, «Казатка аттануу» мотивин «Көкөтөйдүн ашында» эле башталгандыгын байкоого болот. Эпизод хандардын нааразычылыгынан башталат, Манас аларды казатка барууга көндүрөт. Сагынбайда согуштун натыйжасы, Манастын Бээжин тагына отурганын, кытай-калмактардын жеңилип, амалкөй жолдорду издегени айтылат. Алар Манасты алдап, беш күн сыйлап, Коңурбайдын жакындары Каракул, Шоодай белекке бериле турган айбалта менен Манастын өзүн жарадар кылгандыгы баяндалат.

Натыйжада, тирешүүлөр күч алып, чоң кагылышуулар башталат, Манастын чоролору окко учуп, баатыр жарадар абалында ордосуна кайтат.

Үчүнчү бөлүмдө эпостогу сюжеттик кульминациялык чеги орчундуу эпизод катары берилет. Бул эпизод бардык варианттарда орун алган жалпылаштырылган окуялардын жыйындысы жана чечилиши катары бир нече мотивдерди өзүнө бириктирип турат.

Сюжеттин жүрүшүндө Манас, Алмамбет жана Коңурбайдын образдары кенен ачылып берилген. Алмамбет бир катар ири согуштарда катышкан каарман. Ал баатырлар, дөөлөрдү өзүнүн сыйкырдуу күчү менен жеңген. Бул бөлүмдө эки колдун кагылышы (калмак кытайлар менен) «Чоң казаттын» сюжеттик баяндоосунда кульминациялык чекитине жетет.

«Чоң казаттын» варианттарында колдонгон сүрөттөө ыкмалары көбүнчө диалог, монолог аркылуу берилет. Бул бөлүмдө өтө курч конфликти көргөзгөн чоролор ырчы уул менен Чубактын ордо атуудагы чатагы да, бир топ ачуу диалог түрүндө берилип, сюжеттик баяндоонун ажарын ачып турат. Чоң Казаттын сюжеттик төрт варианттарда салтка айланган окуялар бардык варианттарда ар түрдүү сакталганын көрдүк, варияциялардын мол

берилгенине карабай Манастын «Чоң казатка» аттануусу жана анын аякталышы сюжеттик баяндоосунда олуттуу окуялары - кыргыз урууларынын баатырлары элин, жерин бошотуу, бириктирүү үчүн жасалган эрдиктери, аракеттери ири согуштук аракеттердин негизинде баяндалат. Манастын жолун тоскон кыргыз урууларынын хандарынын каршылыгы, «Алманбеттин окуясы», колдун жүрүшү, Коңурбай менен Манастын тирешүүлөрү, алардын баатырдык аракеттери, кырк чоронун Манаска кылган кызматтары, эрдиктери, аларга атайын жасалган курал-жарактар, аскердик кийимдер (Бердибай, Канык ей), уруулар арасындагы конфликттер, душмандын дөөлөрү, баатырлары Коңурбайдын куулук менен Манасты жарадар кылып, кайтканы жана ушул өңдүү окуялар куюлуп, кеңири импровизациянын кубулуштары менен берилгенин көрдүк.

С. Каралаевде, Жусуп Мамайда биз анализдеген тексттери бир топ өзгөчөлүктөрүнө карабай, “Алманбеттин жомогу” деген эпизод кеңири, көркөм берилгенин көрсөк, С.Орозбаковдо кыскача берилсе, Тоголок Молдодо болсо бул мотив кезикпегенин көрөбүз [Мелетинский Е.М. Палеоазиатский мирологический эпос. М., 1979. Рафаева А.В. Исследование семантических структур традиционных сюжетов и мотивов. Дисс. Канд. филол. наук. М., РГГУ. 1998.]

Алманбеттин атасы Азизкан менен конфликти, Алманбеттин казак ханы Көкчө менен болгон келишпестиги, анын керемет аркылуу бойго бүтүшү (нурдан - С.Каралаев.), бир ай тынбай күн жаап (С.Орозбаков.) жер титиреп кеткендери, Алманбет менен Чубактын жол талашып чыккан диалогдору, анын Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчуларынын сырын айтып бергени, чоң дайраны күндү жайлап өткөндөрү, кытайлардын Макел дөөсүн өлтүргөнү, чалгынга Сыргак менен чыккандары сыяктуу окуялар сюжеттин сызыгын бузбай, сактап берилгени баяндалат.

Ошону менен бирге оозеки айтылып, жазылып калган варианттарынын катарында (С.Орозбаков, С.Каралаев), өздөрү жазып берген варианттарында (Тоголок Молдо, Жусуп Мамай) салтты сактоо менен бирге жеке  окуялар да

кезиккенин айтуу керек. Бул өзгөчөлүктөр бир жагынан негизги варианттардын бир-биринен башка региондордо түзүлгөнү менен түшүндүрүлсө, экинчи жагынан жазылып түзүлгөн варианттарда автордук өзүнчөлүктүн таасири көбүрөөк орун алганын байкоого болот. Ушундай өзгөчөлүктөр “Алманбеттин окуясында” да бар экендигине күбө болдук. Мисалы, С. Каралаевдин вариантында Алманбет асмандагы Нурдун уулунан төрөлгөндүгү айтылат, Жусуп Мамайда болсо кырк чоронун бири Көтөлөк деген жердин атын – “Талас” болсун деп айтканы, Алманбеттин өз атын Солалы дегени, анын Аруукени жыйырма жети жашында алганы, Алманбет Соорондук атасына Ислам дини боюнча насаат айтканы, Тоголок Молдодо Коңурбайдын кабарчысы Аккулжа жана Куу Өрдөк Алманбет менен Сыргактын келе жатканын “темир зым” аркылуу “дилигрим” (телеграмм) бергендери өзүнчөлүккө ээ. Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында жер, адам аттары да бир топ өзгөрүлүп берилгенин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Жусуп Мамайдын вариантындагы Алманбеттин баяны сюжеттин тематикасынын бөлүштүрүүсүндөгү башка варианттардан салттуу болуп калган окуялардан анча деле айырмасы жок экени байкалат.

Биз ушул төрт варианттардын сюжеттик окуялардын тематикасын салыштырганыбызда бир маанилүү жыйынтыкка келдик. Варианттарда көрүнүп турган ар түрдүү мотивдердин көптүгүнө карабай, алардын арасындагы улам кайталанган сюжеттер кездешет, анын башатында өзүнчө бир семантикалык бүтүндөй сюжеттик жана мотивдик фонд бар экендигин байкоого болот.

# 4-БӨЛҮМ. ЭПОСТОГУ КУЛЬМИНАЦИЯЛЫК КОНФЛИКТТИН ЧЕЧИЛИШИ

## 4.1. Манас баатырдын керээзи

Кыргыз элинин байыртадан келе жаткан үрп-адат, каада-салттарында ар бир адамдын акыретке аттанаар алдында өз үй-бүлөсүнө акыркы керээзин айтууга жол берилет. Керээз – каада-салт ырларынын орчундуу бир түрү. Ал элдик поэзияда, эпостук чыгармаларда орун алган.

Кыргыздын фольклордук чыгармаларында ошол доордун диний көз караштары кошо кирген. Үрп-адат ырларына кошоктор, (киши өлгөндө, кыз узатканда айтылган), керээз ырлары, арман ырлары кирет. Кошоктор өкүнүү, күйүү маанисинде ички сезим менен муңдуу айтылуучу кайгылуу ыр. Кошоктор экиге бөлүнөт. Алардын бири киши өлгөндө кошула турган кошоктор, экинчиси кыз узатканда кошула турган кошоктор. Кыргыз фольклорундагы үрп-адат ырларынын ичинен кошоктор өзүнүн чыгышы жагынан байыркы жана эл арасына кеңири таралган жанрлардын бири. Өлгөн кишиге арналган кошоктун мазмуну ошол кишинин тирүүсүндөгү коомдук турмуштан алган ордун айкын көрсөтөт. Ошондуктан кошок ырлары коомдук мааниге ээ болгон. Керээз ырлары кыргыз элинде өлүм алдында жаткан киши артында калуучу үй бүлөсүнө же башка ишеничтүү кишисине өзүнүн акыркы оюн, акыл-насаатын, аласа-бересесин айтып кетүү адаты болгон. Тирүү калгандар ал адамдын өлөөрдөгү айткан сөзүн иш жүзүнө аткарууга аракет кылган. Ошон үчүн ал киши эстен танып бара жатканда, үй-бүлөдөгү, же айылдагы жакындары эмне айтасыз? деп сураган. Өлүм алдында жаткан кишинин тирүү калгандарына айткан акыркы сөзү керээз деп аталган. Керээз өлөр кишинин өз бүлөөсү жөнүндө же өлгөндөн кийинки ага жасалуучу зыйнат жөнүндө айтылган акыл-насааты же тапшырмасы болгон. Мындай керээздерди көбүнчө эл башкаргандар, эл акындары, эл баатырлары айта турган. Көпчүлүк үчүн маанилүү болгон керээздер ыр түрүнө айландырылып, элге тараган.

“Манас” эпосундагы Көкөтөйдүн керээзин классикалык үлгүлөрдөн деп айтсак болот. Керээз салттык ырлардын байыркы түрүнө кирет. Буга 1858-ж. каза болгон Боронбайдын керээзи далил:

“Журтум, Ысык-Көлгө ыктаңар,
Кең Текес көздөй чыкпаңар.
Жерге салган эгинди,
Тегиз уккун кебимди.
Түп, Жыргалаң кыштаңар,
Четтен келген коңшуну.
Өз туугандай куштаңар,
Эки семиз байлаңар.
Эл жайлоого чыкканда,
Серүүндүн жолун жайлаңар.
Аштыкка жайлуу жер эле,
Чычканга эгин салыңар.
Ага-ини сыйлашып
Ынтымак болсун баарыңар” [Кыргыз эл ырчылары, түзгөн Б. Кебекова. Б,, 1994. 146-294-бб.]

Керээз – каада-салт ырлары “Манас” эпосунда салттуу көрүнүш катары белгилүү. Маселен: Саринжи-Бөкөй “эпосунда Жамгырчынын бир тууганы Бөкөйгө айткан керээзи: “артымда калган жетимди, Бөкөй өз баландай көрүңүз! Кайгырбасын Саринжи. Биз тирүү эмес өлүүбүз”. “Курманбек эпосунда Курманбектин досу Акканга айткан керээзи: “Ардактап жакшы багып ал, Аркамда жалгыз баламды,”- деп берилгенин айтууга болот [Кыдырбаева Р.З. Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. Б., 2004. 218-919, 571-бб.]. Андыктан “Манас” эпосундагы Манастын керээзи да, классикалык салттуу белгилерден.

С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарында керээз, кошок, арман тууралуу сөз болбойт. Саякбайда Манас алтымышка чыкканча эркек балалуу болбой жүргөнүн ойлоп арман кылып, Меккеге ажылык сапарга барууга

ниеттенет. Канықей түш көрүп, түшүндө балалуу болоорун айтат. Жалпы эл Манастын Меккеге баруусун бир жылга токтотушат. Канықей уул төрөп, Манас Алайда той берип, тойго Коңурбай баш болгон Жолой, Борончу, Мурадил сыяктуу душмандарын бүт топтойт. Балага 580 жаштагы Абунасир “Семетей” деген ат коёт. Манас Акунканга бел куда болгондон кийин Ажыга кетет, эл Көбөштү хан көтөрүп, калмак-кытайга каршы согушат. Манас кол жыйнап чоң урушка катышат. Алманбет, Чубак, Сыргак өлүп. Манасты кара-калмак Кыяңкуунун Токтугу жаа менен атып өлтүрөт. Манастын сөөгү Баяндын талаасына коюлат, күмбөз салынат, - деп кыскача берилет [К.С.-335-б].

Тоголок Молдонун вариантында Манас өлөр алдында Бакайга: “Сенин кызматыңын чени жок, кыямат болгон чени жок, жалгыз балам Семетей. Жанынан кетпей санап жүр,”- деп керээзин айтып, журт башы катары жары, чоролоруна, баатырларына, элине төмөндөгүдөй кайрылганы төмөндөгүдөй аянычтуу сыпатталат:

Чыйырдыга :

“Адилет кетээр кез болду,
Ак сүтүң кеч деп айтты”
Бакдөөлөткө кеп айтты,
Байкап жүргүн”,- деп айтты.
Абыкеге:
“Агаңын тилин алып жүр,
Кан Жакып карыды,
Ата- энеңди жакшы бак.
Талаа толгон мал калды,
Казына толгон зер калды.
Алты жүз кызыл нар калды.
“Элиңе душман тоорутпа,
Элиңдин көөнүн оорутпа,

Элиңе душман тоорутпа”. Ал эми Манас өмүрлүк жары Канықейге жана Кыз Сайкалга өз керээзин мындайча билдирет: “Жалгыз балам султанды, Жакшылап баккын деп айтты”. “Менден калган Канықей, Белегим ушу”,- деп айтат же: Кыз Сайкалга: “Олуянын кызы элең, ойроттон чыккан уз элең. Акыреттик жар элең. Адамдан башка жан элең. Кыргызга сонун жан элең ,”- деп аялдарынын ар бирине турмуштагы ордун, акыреттик жар экенин, баласы Семетей Канықейге Манастан калган табылгыс белек экенин тизмелейт. Акылайга (2-аялы) болсо, “Акылайга кеп айтат, наалат алба деп айтат”,-деп манасчы тарабынан элден чыкпа, калыс иш жасап же сөз сүйлөп наалатка калбай жүр, - деген керээзин калтырат. Манас аялдарынын ичинен Билерикке: “Кожонун кызы Билерик, кооматтуу болгун”, - деп айтат. Армандуу коомат мына ушул, жакында алдым өзүңдү. Жайланып жакшы сүйлөшүп укпай калдың сөзүмдү - деп айтат. Кожонун кызы экенин, аз жашап, Манас баатырдын уюткулуу сырларын көрбөй калганын санап өтөт” [Т.М. 609-б.]. Тоголок Молдонун Билерикти Эркектин ысымына шайкеш эместигин байкап, Айкожонун кызы катары эр Манаска турмушка чыгарып койгондугу туурадай көрүнөт. Себеби, С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарында Билерик Айкожонун уулу катары сыпатталат.

Тоголок Молдонун вариантында эр Манастын Чоролорго калтырган керээзи төмөнкүдөй берилет: “ Чогулуп уккун – деп айтат, ынтымак болуп бөлүнбөй. Чогу тургун деп айтат”. Чоң казаттын аягында 84 чоро баатырдан 44 өлүп, калганы катуу запкы жегени айтылат [Т.М.-609-б.].

Тоголок Молдо Манастын өлөр алдындагы абалын автордук баяндоо аркылуу сүрөттөп, элестүү калтырганын байкайбыз: “Керээз айтып олтуруп, кебин сайрап толтуруп, Ажал жетип, күн бүтүп, иче турган суу бүтүп. Эр канаты эки кол экөө бирдей суналып, эр чырагы эки көз, экөө бирдей тунарып, кара көзү сүзүлүп, кабылан Манас үзүлүп. Акыретке узап, жалпы кыргызды кайгы-мууңга салды [Т.М.-611-б.]. Манастын өлүмү төмөнкүдөй ыр саптар аркылуу сүрөттөлөт: “Айдын көзү тутулуп, күндүн көзү бузулуп, Асманда жүргөн ай өлдү, Арстан Манас кан өлдү. Ай көрүнбөй жаркырап,

Жылдыз чыкпай жылтырап, Күн көрүнбөй бүпбүтүн, Караңгы болду дүнүйө”. Эр Манастын керээзи Жусуп Мамайдын вариантында таасирдүү берилген: Манас; Алманбет; Чубак өлдү, Серек. Сыргак- жок деп турганда Сергек миң тулпар алып, Сыргактын сөөгүн артып келип калат. Алманбетке келген элди- Боозулга, Чубактын элин – Ырчы уулга, Жакыптын элин – Серекке, Бакайдын колун баарына бөлүп, шейит кеткен баатырлардын сөөгүн элге бөлүп берет. Манас баатырдын бул вариантта да эли, жерине, чоролоруна айткан керээзи, арманы кыргыз фольклорундагы каада-салт ырларынын мыкты үлгүлөрүнө кирет. “Абыке, Көбөш - эки иним, ээ кылышпайт тегеле. Бакайды башка сенсиң дейт, Алманбет, Чубак, Сыргак жок, Бакайды эми теңсинбейт”. Манастын керээзи: Жусуп Мамай тарабынан ар тараптуу сыпатталганы төмөндөгү мисалдарда көрүнөт: “Көзүмдү жумсам нетерсиң, Күн-түн дебей жетерсиң, Башында туруп башкарып, сөөгүмдү коюп кетерсиң, Сарамжалын бүт кылгын туугандарга он бештен, Бар кийимин жыш кылгын. Баары журтум жардаткан, Бакайга башым карматкын, Ыскат атын токуткун, Кыяматтык дос элем. Кызыл арстан молдого жаназамды окуткун” [Ж.М. 411-б.].

Мисалдан көрүнүп тургандай Манас өзү керээз, арман иретинде жакындарына кайрылып, көмүү аземине тиешелүү каада-салттардын так аткарылыштарынын талап кылган. Эр Манастын чоролорунун өлүмүнө болгон арманы мындайча мүнөздөлөт: “Көпчүлүгү чоронун, өлүп кетти баарысы, түндүктү туура бетке алып, маңдайдагы акбаш тоо, керме тоо, заңкыйган, карт Тийаншан, ары ашсаң, Ысык-Көл “Алманбет сөөгүн билгизбей, Адам көргүс жерге кат,” же, “Ысык-Көлдү аралап, Талаасына жетип бак, ырчы болуп өзүң баш, Чубактын колу зындан аш, Белди ашырып жүктөбөй, Чубактын сөөгүн бекем кат”. “Серектин колу суу бойло, Телкызыл жооруп басалбай, Туруп калар болжолдо, Таштын боюн оюп кет, Тел кызылдын баш сөөгүн, төбөсүнө коюп кет” [Ж.М. 400-401-б.].

Манастын Эр Төштүккө айткан керээзи баатырдын өлүмгө тиешелүү көп каада-салттардын белгилерин туура, так жасоого түртkү берет. Мисалы:

“Жакып кан, Буурул токой жердеген. Сенин атаң Эламан Кебез тоону элеген. Алтайда туулган мен элем, кең Кашкарда сен элең. Бала кезден бер жакка атагы чыккан эр элең”, - деп Эр-Төштүктүн ырым-жырымдарга тиешелүү салттын көп белгилерин аткарып, элди, туугандарды бириктирүүгө даяр турушун эскертет. Жусуп  Мамайда деле Манас керээз калтырып эле тим болбой турмуштук иш-аракеттериндеги аткарылбаган ой-тилектери, өксүктөрүн төмөндөгүдөй берет: “Алманбет, Чубак- эгиз эр. Акжолтой тууган берендер, Алдымда турса бел эле, Артымда сан кол эл эле, жоого чыкса эр эле, жойкундаган шер эле, Арууке аяш, карпайганкаңгайга барып каңгырап, Ажырап келдим момингип, Алманбет менен Чубактан, Аталашым Сыргактан”,  “ Алманбет, Чубак барында, Ааламды баскан мен элем. Сыргак үчөө тең турса, кем-керчим жок дээр элем, канатым сынып бүктөлдүм, кара арпадай түктөлдүм. Жер таянып конорго, куйругум сынып кетилдим, курдаштардан айрылып, куубаш болгон жетиммин” [Ж.М.-405-б.].

Жусуп Мамайдын “Манастын дүйнөдөн өтүшү” деген бөлүмүндө Манастын аакыркы көз ирмемдери  төмөндөгүдөй берилет: “Айкөл Манас баатырың, Аттана турган чак болду. Катар турган көп элден, Кошойду карап койулуп, Бакайды тиктеп баатырың, Төштүктү тиктеп кол сунуп, Көк бөрү карай сүзүлүп, Каникейди бир карап, Кайран эр кетти үзүлүп”. Жогорудагы биз талдаган вариантардагы Манастын керээзи кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы керээз жанрынын классикалык үлгүлөрүнө жатат [Ж.М. 409-б.].

### 4.2. Каныкейдин арманы, кошогу, күмбөз салдыруу

Арман, кошок ырлары кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын өзүнчө бир жанры. Элдик кошоктор болуп өткөн конкреттүү бир окуяга, бир адамга арналып ырдалат. Мисалы,Тоголок Молдонун кошокторунда ар бир адамдын жеке сапаты так, көркөм сүрөттөлөт.

Жусуп Мамайда Каныкейдин кошогу: “Кайырма жака, киш ичик желбегей жеңин бош таштап, кайрылбай кеттиң эч кимге, кайгырамын көз жаштап. Кыргыздан чыккан арстаным, кылымга алдың дастаның. Кыяматка айтылат, Кытайдан эшик ачканың! Алаштан чыккан арстаным, Айтылат сенин дастаның. Акырга чейин калбайбы, Анжудан эшик ачканың. Аркаңда балаң жаш калды, Акыл эстен бош калды, Атактуу Талас жер калды. Курама темир курч кылдың, Кытай-калмак кулданып. Ажыратып баарысын, Алтымыш уруу алам деп, Ай-ааламга дүң кылдың, - деп берет [Ж.М.-410-411-бб.].

С. Каралаевдин вариантында Манас баатырдын Алмамбет , Сыргак, Чубак баштаган чоролорунун теңдешсиз кармашта шейит болгонун элге, алардын жесирлери Аруuке, Бирмыскал, Бурулчага өкүрүп ыйлап угузуп турганы армандуу жоктоосу, жесирлердин муң-зары жана айкөлүнөн ажырап, жалгыз уулу Семетейди каякка качырып баш калкалатарын билбей жан алакетке түшүп турган Каныкейдин армандуу кошогу, эл атасы Кошойдун Манасты жоктоосу, Алмамбет менен Манастын армандуу керээзи жогорку көркөмдүктө, терең психологизм менен берилген. Философиялык терең мазмунга ээ Көкөтөйдүн керээзи (С. Орозбаковдун вариантында) да угуучуларды кайдыгер калтырбайт. Бирок, “Манастын” бардык эле варианттарында К.-с. ы-нын алган орду, көтөргөн жүгү бирдей эмес. Ал ар бир манасчынын талантынын күчүнө, чыгармачылык баамынын кеңдигине жараша ишке ашат. Мисалы, Радлов жазып алган вариантындагы керээз ырларынын стили турмуштук ырларга көбүрөөк жакын болуп, баатырдык тема ачык көрүнбөйт. Бул Манастын өлгөнүн (биринчи өлүшүн) Алмамбеттин Жакып канга угузуп турган жеринен, Манастын керээзинен

көрүнөт. Тескерисинче Саякбай Каралаевдин варианты нда жоктоо ырлары күчтүү айтылып, салттык ырлардын чегинен чыгып, баатырдык эпостун табиятына баш ийдирилип, багыты, стили жаңыланган. Буга Саякбай Карала уулунда Манастын Алмамбетти жоктоосу ачык күбө. Мисалы, Алтын айдар чок белбоо Алмамбет достум, ала жат, Колоттогу карагат, Кол кармашып кеткенге Кокуй күн Алмам, ала жат сыяктуу салттуу ыр саптарын баатырдык эпостун салмагын көтөрө турган: Алакем, кара жаак айбалта Кайкалатпай ким аштайт? Каран түн түшкөн Бээжиндин Кадимки жолун ким баштайт? өңдүү ыр жолдору менен бекемдеши чыгармадагы баатырдык идеяны тереңдетет.

Армандуу ыргакта айтылган Кошойдун Манасты жоктоосу да баатырдык теманы тереңдетип, көркүнө чыгарат. Кошой Манастан мурун өлбөй, айкөлдүн артында калганына, башчысыз калган кыргыздын тагдырына жаны кейип, аңгырап ыйлап, муңдуу жоктойт: Манасым, кара жаак айбалта Кайкалатпай ким аштайт? Алакандай журтумду, Муну капа кылбай ким баштайт? Долоно саптуу айбалта Толгондурбай ким аштайт? Тозок келсе кытайдан Береги толкуп жаткан журтумду Тополоң кылбай ким баштайт (С. Каралаев, 2.246).

Каныкейдин кошогу да кадимки салттуу поэзиянын нугунда айтылат: “Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып”, кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылгандагы армандуу күйүтүн кошокто чагылыштырат. Саякбай Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы менен таасын тартат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей “тарак тийбес кара чачынан” жулуп ыргытканда “тал-тал токой бүтөт”, көз жашынан “дайра болуп кара суу агат”. Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги жөнүндөгү ой, ата журт темасы алдыңкы катарга чыгат: А дүйнө кеткен сен болдуң, Азапты тарткан мен болдум. Береги кара жаак айбалтаң, Кайкалатпай ким аштайт? Сурап ичсе тойбогон, Сугалагын койбогон, Аргын кыргыз элиңди

Тополоң кылбай ким баштайт? (С. Каралаев, 2.249). Эпосто өз орду жана чыгармачылык чеберчилик менен колдонулган жоктоо ырлары окуянын кульминациялык чегин, башкача айтканда жалпы кыргыз журтчулугунун башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Эпосто берендерден ажырап, казаттан кайгылуу кайткан Манаска Каныкейдин көңүл айтуусу кадимки каада-салт ырынын нугунда, салтында түзүлгөн. Мазмуну, формасы жагынан элдик көңүл айтуу ырына жакын. С.Каралаевдин вариантында окко учкан чоролорунун сөөгүн жерге тапшырып, алапайын таппай жер жаңыртып, өкүрүп турган Манаска Каныкей нускалуу сөз таштайт. “Телегейи тең да өтүп, ааламды гана бузган шер да өтүп” дүйнөгө түркүк болгон адамдын жоктугун, Чубак, Сыргак, Алмамбет айта берсе түгөнбөс асыл эрлерден экендигин баяндай келип: Эчен бир дөбө жер өткөн, Баатыр ай, ал эмес атабыз Адам тең өткөн. Өткөнгө өксөгөн менен айла жок, Кеткендерге кейиген менен пайда жок (С. Каралаев, 2.225), - деп, баатырдын көңүлүн жубатат. Кыргыз фольклорунун байыркы түрүнөн болгон керээз (Көкөтөйдүн, Алмамбеттин, Манастын) көпчүлүк манасчылардын репертуарынан орун алса да, ар бир вариантта ар кандай көлөмдө, ар башка көркөмдүк деңгээлде, мазмундук айырмачылыктары менен айтылат. С. Орозбаковдун вариантында Көкөтөйдүн керээзи лирика-эпикалык деңгээлге көтөрүлсө, С. Каралаевдин вариантында Манастын керээзи көлөмдүү, мазмундуу жана көркөм айтылып, эпостун корутунду бөлүмүнүн окуясынын өнүгүшүндө ролу чоң. В.Радлов жазып алган вариантта Манастын бир уядан жалгыздыгына басым жасалып, керээз турмуштук эпостун стилине жакыныраак айтылат.

Кошок ыр кыргыз элинде көзү өткөн адам менен коштошуу аземи учурунда айтылган.

Кошоктордун башаты “Орхон-Енисей” эстеликтерине барып такалат. С.Е.Малов Энесай жазууларын «Күмбөз поэзиясы», ал эми С.Н.Крамер аны “эң алгачкы кошоктор” деп атаган.

Кошок жоктоо, кош айтышуу, керээз, арман-күйүт маанисинде айтылат. Өлүмгө байланышкан ырым-жырымдардын, салт-санаалардын жана фольклордун жашашына түздөн түз аралашып, бирок өз алдынча поэтикалык жанрдын негизги көрүнүшү болуп эсептелет. Мазмунунда адамдын ички кайгысы, жоктоосу, муң-зары, мактоосу, каргышы, арманы, акыл - насаатын билдирген ыр түрмөгүнөн топтолгон

Кошоктордо инсандын жасаган иш аракеттери, адеп-ахлагы чагылдырылат.

Кошоктор каада-салт ырларынын ичинен эң көп тармактуу жана өнүккөн түрү.

Бул көрүнүш “Манас” эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

“Кайың менен тал ыйлап,
Жараткандын баары ыйлап.
Жашыбаган таш жашып,
Ай-ааламды кайгы басып.
Тунжураган түн болуп,
Төбөң түшкөн дүнүйө ай.
Жоктоп турду баатырды”.

«Каныкейдин кошогунда» Манасты жоктоо менен бирге элдин өткөн турмушу, эрдиктери, эми алардын кайталангыстыгы баяндалат.

И. Стеблева белгилеген кошоктор менен керээздер кыргыздын бардык эпосторунда кездешет. Билге кагандын керээзи «Манастагы» Көкөтөйдүн, Манастын керээздери менен үндөшүп турат. Күлтегиндин тажиясына көп эл топтолушу Көкөтөйдүн ашындагы көп элдин келиши сыяктуу, бул көрүнүштөр байыртан келе жаткан салттык жөрөлгөлөр деген ойго алып келет. Манас баатырга эстелик күмбөздүн салынышы, анын эрдигин чагылдырган сүрөт - чиймелердин жасалуу салты архитектуралык өзгөчө комплекс мүрзөлөрдү куруу уланып жатат.

Кыз Сайкалдын кошогу төмөндөгүдөй берилет:

“Ороздунун он уул,

Бай Жакыптан сен элең,

Каткаландан карача.

Карачадан мен элем.

Аладан көйнөк кийгемин,

Ушул мезгил жаман чак.

Ак калпак кыргыз элиңди,

Атагы Талас жериңди.

Аркаңда жалгыз белгиңди,

Алганың Каныш билгичти.

Арстаным, арбагың менен колдой жат” (Ж.М. 410-б.).

Жусуп Мамайдын вариантында Канықей Абыке, Көбөштү алдырып тажияга келген коноктору карап, аш берип, атты чапкыла дейт. Көп байге чабылып, Манастын Аккуласы байгеде биринчи келип, мурдунан кан агып, кыбыланы карап мүрт кетет. Эр Төштүк Аккуланы Манаска атап мууздап жиберет (Ж.М. 411-б.).

Манастын арбагына багыштап, улуттук каада-салттарды уюштуруу Тоголок Молдонун вариантында бир топ кенен вариацияланат. Канықей Абыке, Көбөшкө Манастын ашын берүү зарыл экенин айтып, Бакай, Жакып, Көбөштү макулдатып, ашты Бакай хан башкарат. Бакай элди чакырууга атайын кат даярдатып, чабарман чаптырат: Кокондон Санжыбек (беги), Ташкендин беги Кайымбек, Букардын каны – Шамурат, Алай башчылары – Маңгыт, Эштек, Хан Жакыптын кайниси – Эштектин Жамгырчы, Чыйырдынын иниси, Котондон (Кашкар) –Эр Төштүк, Айран Суу аймагынан – Агыш, Ат Башыдан – Кошой, Чоң Кеминден – Сарман таздын баласы – Көкчө (аялы Акеркеч) Канықейдин эжеси чакырылат.

Мында Нойгуттун уулу Шыгайканга кабар жетпегендиктен, Манастын тажиясына келбей калат. Манастын ашын өткөрүү боюнча: төө чечмейге – 19 жылкы, 2 төө, баатырлардын байгесине – 30 кызыл нар, 10 жамбы күмүш, төрт баатырдын байгеси үчүн 120 төө, 40 жамбы, эр эңишке экиден тогуз ат 8

жылкы, бир төө салтанаттуу түрдө берилет. Төө чечмейге Ордокандын сиңдиси – Ороңгу чыгып, жеңет.

Тоголок Молдодо аш берүү салтында: Тайбуурул, Чалкуйрук, Эр үрбүнүн – кыйды Кара аты, Боз буудан, Көкчөнүн көкаласы, Кошойдун – Жоорукер, Эр Агыштын – Каскара, Ажыбайдын – Карткүрөң, Жамгырчынын – Ачбуудан, Санжыбектин Аргымак, Тазжетимдин – Тайкарат, Эр Үрбүнүн – Чоң Кара ат, Эр Багыштын Калдуукөк, Кайымбектин – Актелки Көктелки, Шамураттын – Суркийик, Эр кожоштун – Көктору, андан башка да он үч тулпар байгеге чабылганы айтылат. Анда Манастын кыркын өткөрөрү менен Канықей Абыкени чакырып, Бакайга кеңеш куруп, Манаска күмбөз салдырууну айтат (Ж.М. 614-б.). Ошентип, Канықей Анжияндан күлбото алдырып, Таластан ак топурак ташытып, чарага салып элетип, алты жүз уста чакыртканы төмөнкүчө баяндалат:

Көк сарай деп ат коюп:

“Алты жүз эркеч майына,

Кыш бышырып бек салды.

Алты кылым өткөнчө,

Бузулбасын – деп салды”. (Ж.М. 618-б.)

Күмбөзгө Манастын, кырк чоронун сүрөтүн тарттырып, бул сарайга жазган катым деп – Рапия атым деп жаздырат (Канықейди Рапия деп Манас эркелетип айтчу экен). Усталар күмбөздү алтын жалатып, оймо-чиймелер аркылуу кооздойт.

Күмбөз салдыруу Жусуп Мамайдын вариантында да абдан мыкты берилгенин көрөбүз: “Арзанга адам байкабас, Алды жагы кош канат. Кашаттан ташты ойдуруп, Ичине киши киргенде, Ар тарапка чойдуруп, Беш жүз киши баткыдай, ичин мындай чоң кылып, топосун ичке үйдүрүп, Түн ичинде жеңекең, Акбалбанга көтөртүп, Агын сууга куйдуруп, Бир жерге эмес ар жерге, Агыны катуу шар жерге, Төктүрүп сууга урдуруп, Түк билгизбей кишиге, каздырып жайын бүтүрдү. Канықей көөнүн тындырып, казылып жай бүткөнчө, Өнөрүн Каныш аткарды, Зоодон ойгон бул жайдын, сыртын

мындай жашырды, Алдындагы кара суу, Аскадан түшпөй шар аккан, тоону коюп түбүнө, Тактайдан кынап жасаткан". Негизи, күмбөз жөнүндөгү маселе көптөгөн окумуштуулардын оюн өзүнө бурган. Каныкей белгилүү ууз, чебер эле болбостон, Манас баатырдын даанышман жары да болгон. Ошондуктан, башка аялдарына караганда Каныкей Манастын акыретинде өзгөчө кошок кошуп, кыргыз элинин салтындагы күмбөз салдырууну идея катары көтөрүп чыгат.

Манастын сөөгүн жашыруун алып барып көмөт. Манас тирүүсүндө кара зоо боюн ойдурган. Манасты ошол жерге алып барып коюшат. Манасты жашыруун көмгөнгө Бакай, Айкожо, Кошой гана катышат. Арстан Манас айкөлдүн сөөгүн Бууранын белине жашырып, эч адамга билгизбей, жан кишиге көргөзбөй көмүшөт. Манастын күмбөзүн дүйнөнүн ар кайсы жеринен келген чебер усталар кооздоп, көркөмдөп, жазуу сызып, өзгөчө кылып салышат: ЫЛайын майга чалдырып, Алыстан уста алдырып, Топурагын бышыртып, Кыштын бетин ойдургуп, Кыштан окуу болсун деп, Бөтөнчө күмбөз салдырган. Күмбөздүн ичин да кооздогон, Манастын кылычын төргө илип, баатырдын эрдик иштерин күмбөзүнө жаздырган. Манас каза болгондон кийин ага күмбөз салуу бир катар манасчынын вариантында кеңири сюжет болуп баяндалат. С.Каралаевдин вариантында Манастын күмбөзү жөнүндөгү узун тарых «Семетей» бөлүмүндө «Каныкейдин жомогу» деген ат менен кеңири, бийик көркөмдүктө баяндалат.

Окумуштуу А.Вышнегорскийдин макаласында Манастын күмбөзү жөнүндө алгачкы маалымат берилет ("Олуя Ата уездиндеги азыркы учурдагы кара кыргыздардын калмак доорундагы аңызы". Ташкент, 1888-ж.). Күмбөз жөнүндөгү маселелер 1897–1899-жж. В.В.Бартольддун эмгектеринде ("Отчёт о поездке" в Среднюю Азию с научной целю в 1893-1894 гг." жана "Записка Академии Наук историко-филологического отделение", 1897-жылы жарык көргөн) кеңири баяндалат. Ал эми "Сообщение о чтение надписи на мазаре Манаса" аттуу макала "Орус археологиялык коомунун чыгыш бөлүмүнүн каттарынын" XII томунда 1899-ж. жарык көргөн. Аталган макалаларда

Ахырташ, Кошой-Коргон курулуштарынын Манастын аты менен байланыштуу экени, Манастын күмбөзүнүн бет маңдайындагы жазуунун (порталында) окулушунун варианттары берилген. Окумуштуулар В.А.Коллаур, А.М.Беленицкийлер да аталган жазууну окуп, тактоого аракеттенген. Бирок, анын эң акыркы редакциясы М.Е. Массонго тиешелүү. Казак окумуштуусу Ч.Ч.Валиханов которгон “Манас” эпосунун үзүндүсү тууралуу Н.М.Веселовскийдин доклады 1902-ж. “Археологиялык комиссиянын жаңылыктары” журналынын 21-мартындагы санында жарык көргөн. “Туркестанские ведомости” газетасынын 1903-1913-жж. аралыгындагы 98-102-сандарында Н.Н.Андреевдин “Манас” эпосу тууралуу “Алиби” деген ат менен көптөгөн кызыктуу маалыматтар жарык көргөн. Анда автордун Таласка болгон жолдогу эскерүүлөрү жарыяланган. Автор Манастын күмбөзүнүн ички түзүлүшүн, жасалгаланышын сүрөттөйт. Негизи анда “Манас” эпосуна мүнөздөмө бергени айтылат. Ал өзүнүн “Кыргыз ырчылары жана алардын искусствосу” аттуу “Манас” эпосу жөнүндөгү изилдөөсүн “Туркестанские ведомости” газетасынын 1903-ж. 102-санына жарыяланганы белгилүү.

Орус окумуштуусу Н.Н.Петрусовдун эмгегинде [“Заметки о древностьях Семиреченской области, надписи Кошой-Коргон”. “Известия императорской археологической комиссии”. 1909 г. №12] Талас өрөөнүнүн архитектуралык эстеликтери тууралуу айтылган. Анда Манас Олуя-Ата чөлкөмүнүн ханы болуп, Кошой анын баатыры болгондугу, бйыркы Кошой-Коргон чебин Коңурбай, Жолой баатырлар кытайлардан бошотуп алганы тууралуу маалымат айтылат. Мындан башка да Алоокенин колу калмактардын Акырташ (Отрар шаары) шаарына жортуул жасаганы А.К.Клардын баяндамасында айтылат (Түркстандагы археологияны сүйүүчүлөрдүн кружогу. “Известия императорской архелогической комиссии”. 1905. №15.).

# КОРУТУНДУ

Изилдөөлөр көрсөткөндөй манасчылардын варианттарында белгилүү бир жалпылык жана туруктуу сюжеттик фонд бар. “Манас” эпосу убакыттын өтүшү менен өзүнүн мазмунуна жаңы тарыхый окуяларды камтып, улам жаңыланып турган. Эпостун сюжеттик өнүгүшү бир нече калың катмарларды: мифтик, диний, жомоктук образдарды жана реалдуу тарыхый окуяларды өзүнө камтыйт.

“Чоң казаттагы” сюжеттин өзөгүн чет элдик баскынчыларга каршы күрөшүү, ата мекенди коргоо жана элдин башын бириктирүү идеясы түзөт. Мында кеңири масштабтуу салыштыруулардын негизинде Манас жана анын чоролорунун эрдиктери чагылдырылган.

Манастын керээзи жана Каныкейдин кошогу бөлүмүндө Манастын колунун кыйрашынын негизги себептери, анын кайгылуу тагдыры көркөм ыкмалар жана образдар менен баяндалат.

«Манастын керээзи» жана «Каныкейдин кошогунун» башатын оозеки чыгармалар жана руникалык жазма эстеликтер түзөт. Бул жанр дүйнөдөн кеткен адамдын ишмердүүлүгүн, анын образын ачып берет. Эпосто Каныкейдин кошоктору, Манаска айтылган жоктоолор элдик үлгүлөрдүн типологиясында берилгенин байкайбыз. Манастагы кошоктор Кежилиг-Хобудагы эстеликтеги керээз менен окшоштугу бар. Бул өз кезегинде кыргыз элинин байыркы мезгилде Саян-Алтай аймактарын мекендеп тургандыгынан жана башка түркий элдер менен тыгыз карым-катнашта болгондугунан кабар берет.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

“Манас” эпосунун сюжеттик туруктуулугу жана көп вариантуулук проблемасына арналган изилдөөбүздө манасчылык өнөрдүн табияты, эпостун варианттарындагы жалпылык жана айырмачылыктар, окуялардын системалык иреттүүлүгүнүн сакталышы, сюжеттик окуялардагы образдар жана алардын типтери, эпостогу көркөм-поэтиканын ээлеген орду, композициялык белгилерине тиешелүү маселелер көтөрүлдү.

“Манас” эпосунун варианттарындагы өзгөчөлүктөдү аныктоого негизделген изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй корутундуларды чыгарууга болот:

- “Манас” эпосунун негизин гуманисттик, мекенчилдик, патриоттук идеялар түзөт;
- эпостун башкы каарманы Манас баатырдын образы реалдуу тарыхый окуялар менен байланышы бар. Манастын образы аркылуу кыргыз элинин чет элдик баскынчыларга каршы күрөшүү идеясы, элдин тилеги, үмүтү чагылдырылган. Эпостогу окуялар менен тарыхый кырдаалдын ортосунда бекем логикалык байланыш бар;
- Манастын образы, эпостогу окуялар аркылуу кыргыз элинин тарыхый эстутуму калыбына келтирилет жана анын фундаменталдык маанисин ачып берилет;
- эпостогу маанилүү фактор катары Манастын керээзи эсептелинет. Анда эли-жерин коргоо, кыргыз урууларынын башын бириктирүү, Каныкейдин көзөмөлүндө Семетейди Букарда чоңойтуу жана аны баатырдык касиеттерге ээ кылуу жана келечекте журт башчылыгына даярдоо идеясы турган;
- “Манас” эпосунда Манастын образында тышкы душмандар менен күрөшүү мотиви өзгөчө орунда турат;
- эпосто Манастын жана анын чоролорунун образдары, алардын адамдык сапаттары, касиеттери жогорку даражадагы көркөм ыкмалар аркылуу ачып берилет. Манасчылар көркөм сөз каражаттары аркылуу персонаждардын

образдарын баяндашкан, алардын мүнөздөмөлөрү, эпитет, салыштыруу, метафора, монолог, диалог, апыртуулар, мифтик негиздер аркылуу чагылдырылган;

- оозеки чыгармалардын теориялык маселелерин иликтөө учурунда башка элдердин, анын ичинде орус элинин эпикалык сюжеттери менен кыргыз эпосунун кандайдыр бир жалпылыгы бар экени аныкталды;
- «Манас» эпосунун сюжеттик курулушу баатырдын төрөлүшү менен башталып, анын өлүшү менен аяктайт. Эпостун сюжетинин системалуулугу, ырааттуу биримдиги узак, татаал, көп стадиялуу тарыхый өнүгүү жолун өзүнө камтыйт;
- эпостун варианттарында манасчылар жашаган замандагы окуялар жана идеология чагылдырылган. Ар бир замандын манасчысы белгилүү бир тарыхый окуяларды, идеологиялык мотивдерди өзүнүн дүйө-таанымы жана чыгармачылык дараметине жараша эпосто берген;
- манасчылардын варианттарында байыртадан эле айтылып келаткан жана алардын баарына бирдей сакталган жалпы сюжеттик негиз бар экендиги аныкталды. Ошол сюжеттик негиз төмөнкү окуяларда чагылдырылган: Жакып, Чыйырды жана Каныкейдин түштөрү, каармандардын туулушу; алардын балалык чагы; баатырдын алгачкы эрдиктери, Манастын элди коргоо үчүн жасалган жүрүштөрү; Көкөтөйдүн ашы, Чоң-Казат, Манастын керээзи, Манаска күмбөз салдыруу ж.б.;
- эпостун көпчүлүк варианттарында баатырлардын өмүр баяны, алардын ишмердүүлүктөрү, кыргыз элинин Алтайдан Теңир-Тоого көчүүсү “Көкөтөйдүн ашы", “Чоң казат" сыяктуу эпизоддордо камтылган;
- эпос өзүнүн өнүгүүсүндө мифтик, диний сюжеттерди (шаманизм, теңирчилик, ислам), андан сырткары жомоктору, санжыраларды, тарыхый окуяларды (уруулар, элдер, өлкөлөр) өзүнө сиңирген. Анын негизинде кыргыз урууларынын башын кошуп, бирдиктүү мамлекет түзүү идеясы жатат;

- манасчылардын варианттарындагы айырмачылыктар алардын даярдыгынан, талантынан, өздөрү жашаган тарыхый доордон көз каранды болгон. Оозеки варианттарда салтка жасаган туруктуулугу бекемирээк сакталса, жазма варианттарда чакан микросюжеттер көп кездешет;
- эпостун сюжетинде байыркы тарыхый мезгилде түзүлгөн жана түрк тилдүү элдердин эпосторунун башатын түзгөн универсалдуу фонд бар экенин байкоого болот;
- «Манас» эпосунун сюжеттери бири-бири менен тыгыз байланышы бар жана андагы салттык эпизоддордогу архаикалык катмарлар жаңы мотивдер менен жуурулуша баштаган;
- “Манастын ата-бабаларынын генеологиясы, баатырдын төрөлүшү, андагы түрдүү мифтик мотивдер – түш көрүү, ат коюу, алгачкы эрдиктери, Манастын хан шайланышы, анын кол астында ар башка уруулардын топтолушу ж.б. ар бир манасчыда өзгөчө бир стилде берилген;
- Манастын ата бабалары, байыркы кыргыз эли мекендеген жерлердин аттары да эпостун варианттарда ар түрдүү берилет. Эгерде Сагымбайда кыргыздар Алтай, Арал, Аксы, Күчөр, Иле аймактарында жашагандыгы айтылса, Жусуп Мамайда Сары Арканы калмактар ээлеп калганы, Жакыптын Балыкарт, Барсконду жердегени берилет. Эпостогу тарыхый-географиялык аталыштардын түрдүүчө берилиши манасчылардын ар түрдүү аймактарда, тарыхый дооорлордо жашагандыгын жана алардын өздөрүнө ган тиешелүү салттык мотивдердин болгондугунан кабар берет;
- Манастын алгачкы эрдиктери да манасчыларда түрдүүчө берилет. Бул сюжеттик окуя бир топ синкреттик, мифологиялык мотивдер менен толукталат. Манас жолдоштору менен кырк чилтенге, сыйкырдуу олуяларга жолукканы эпостун алгачкы сюжетинде кеңири баяндалат. Ушул мотив эпостун сюжетинин байыркы катмарынын негизин түзөт;
- Манаста исламдык мотивдер көп учурайт. Мисалы, С.Каралаевде Манас намаз окуп жаткан мезгилде жаралгандыгы, Алманбеттин ислам динин жайылтуудагы орду айтылса, С. Орозбаковдо Манас Семетейге той берген

соң Алмамбет, Сыргак, Токотойлор менен бирге ажылыкка баргандыгы баяндалат;

- “Чоң казат” окуясынын негизин Манастын душмандага каршы күрөшү, Бээжинди ээлеп алуусу, кыргыз элинин эркиндиги, чачыранды урууларды бириктирүү идеясы түзөт. Мында кеңири салыштыруулардын негизинде Манас жана анын чоролорунун эрдиктери баяндалат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст] / Э. Абдылдаев, З. Мамытбеков. – Фрунзе: КыргызССР ИА басмасы, 1966. – 214 б.
2. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 265 б.
3. Абдылдаев, Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 95 б.
4. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун историзми [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 157 б.
5. “Манас” эпосунун сөздүгү. “Манастын” 1000 жылдыгына карата [Текст] / Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, А. Акматалиев, Б. Садыков; С. Мусаевдин жалпы ред. менен. – Бишкек: [Б-сыз], 1995. – 172 б.
6. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун эпикалык формулалары [Текст] / Э. Абдылдаев. – Бишкек: Шам, 1997. – 111 б.
7. Абдылдаев, Э. «Манастын» тарыхый-баатырдык эпос катарында калыптануу жана өнүгүү этаптары [Текст]: моногр. / Э. Абдылдаев. – Бишкек: Манастаануу ж-а корком маданиятынын улуттук борбору, 1999. – 62 б.
8. Абдылдаев, Э. Мамбет Чокморов [Текст] / Э. Абдылдаев // Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2002. – Т. 2. – 430-441 б.
9. Абдымомунова, Г. А. “Манас” эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери [Текст] / Г. А. Абдумомунова. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 111 б.
10. Абдынасырова, А. Т. О значимости национального фольклора в условиях суверенитета [Текст] / А. Т. Абдынасырова, М. С. Усупбеков // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. молодых ученых. – Бишкек, 2001. – Вып. 2. – С. 79-83.

11. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]. – Фрунзе: Мектеп, 1987. – 120 б.

12. Айтматов, Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст] / Ч. Айтматов // “Манас”. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Фрунзе, 1978. – 7-13 б.

13. Акматалиев, А. “Манастын жети осуяты” [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1998. – Т. 2. – 424 б.

14. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: “AVRASYA SAYINCILIK”, 2010. – 940 б.

15. Акмолдоева, Ш. Б. Духовный мир древних кыргызов: (По материалам эпоса "Манас") [Текст] / Ш. Б. Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 1998. – 268 с.

16. Аттокуров, С. Кыргыз санжырасы [Текст] / С. Аттокуров. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 216 б.

17. Асаналиев, К. Көркөм нарк [Текст]: адабий-сын макалалар / К. Асаналиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 234 б.

18. Асанканов, А. Акыны и манасчы - создатели и хранители духовной культуры кыргызского народа [Текст] / А. Асанканов, Н. Бекмухамедова. – Бишкек: Мурас, 1999. – 200 с.

19. Асанканов, А. Кыргызы: рост национального самосознания [Текст] / А. Асанканов. – Бишкек: Мурас, 1997. – 228 с.

20. Ауэзов, М. Киргизская народная героическая поэма “Манас” [Текст] / М. Ауэзов // Киргизский героический эпос “Манас”. – М., 1961. – С. 15-84.

21. Ауэзов, М. О. Соображения по поводу уточнения даты "Манаса" [Текст] / М. О. Ауэзов // Отан тарыхи. – Алма-Ата, 2002. – № 2. – С. 101-103.

22. Байгазиев, С. Улуу “Манас” – улутубуздун дил жана тил бешиги ” [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Эркин Тоо, 1994. – 96 б.

23. Байгазиев, С. Манастаануу [Текст]: эл аралык «Мээрим» фондусунун «Манас» мектебинин « окуучулары, орто мектептердин окуучулары ж-а жогоркуу окуу жайларынын студентери учун окуу куралы / С. Байгазиев. – Бишкек: [Б-сыз], 2000. – 264 б.

24. Байгазиев, С. Бала Манастын инсан катарында калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: [Б-сыз], 2012. – 147 б.
25. Бакчиев, Т. А. Манасоведение [Текст]: курс лекций / Т. А. Бакчиев. – 2-е доп. изд. – Бишкек: Кут-Бер, 2012. – 176 с.
26. Бартольд, В. В. Очерки истории семиречья [Текст] / В. В. Бартольд. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1943. – 104 с.
27. Бартольд, В. В. [Текст] Улуг-Бек и его время [Текст] / В. В. Бартольд. – Пг.: Тип. Рос. АН, 1918. – 188 с.
28. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун поэтикасынын маселелери [Текст] / С. Бегалиев. – Фрунзе: [Б-сыз], 1967. – 167 б.
29. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары [Текст]: окуу куралы / С. Бегалиев. – Фрунзе: КМУ, 1989. – 78 б.
30. Бегалиев, С. «Манас» эпосу [Текст] / С. Бегалиев. – Каракол: ЫМУ, 2003. – 161 б.
31. Бегалиева, О. Существующий путь. Государственность: Великий Манас в современном мире [Текст] / О. Бегалиева // Кут билим. – 2002. – 7 марта; 29 марта.
32. Берков, П. Н. Алтайский эпос и «Манас» [Текст] / П. Н. Берков // Киргизский героический эпос “Манас”. – М., 1961. – С. 235-256.
33. Берков, П. Н. Идея родины в “Манасе” [Текст] / П. Н. Берков // «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 202.
34. Бернштам, А. Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса “Манас” [Текст] /А. Н. Бернштам // «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 148-176.
35. Бернштам, А. Н. Великое наследие кыргызского народа [Текст] /А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1997. – С. 531.
36. Бернштам, А. Н. Из истории международных и военных отношений киргизского народа [Текст] /А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1997. – С. 385.

37. Бернштам, А. Н. К происхождению имени Манас [Текст] /А. Н. Бернштам // "Манас" - героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 179.
38. Болджурова, И. С. Краткая история манасоведения [Текст]: в помощь студентам / И. С. Болджурова, И. А. Шерстюк. – Бишкек: [б.и.], 1998. – 72 с.
39. Борубашов, Б. И. Хрестоматия по истории государства и права Кыргызстан [Текст]: учеб. пособие / Б. И. Борубашов. – Бишкек: [б.и.], 2008. – Т. 1. – 657 с.
40. Богданова, М. И. Об особенностях киргизского эпоса «Манас» [Текст] / М. И. Богданова // Киргизский героический эпос “Манас”. – М., 1961. – С. 197-234.
41. Борбугулов, М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы [Текст] / М. Борбугулов. – Бишкек: [Б-сыз], 2004. – 159 б.
42. Бутанаев В. Я. История енисейских кыргызов [Текст] / В. Я. Бутанаев, Ю. С. Худяков. – Абакан: ХГУ им. Н.Ф. Катанова, 2000. – 272 с.
43. Буслаев, Ф. И. Исторические очерки русской народной словесности и искусства [Текст]: в 2 т. / Ф. И. Буслаев. – СПб.: Изд. Д.Е. Кожанчикова: тип. Товарищества «Общественная польза», 1861. – Т. 1. – 643 с.; Т. 2. – 429 с.
44. Валиханов, Ч. Ч. Очерки Джунгарии [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 38-41.
45. Валиханов, Ч. Ч. Собрание сочинений [Текст]: в 5 т. / Ч. Ч. Валиханов. – Алма-Ата: Каз. Сов. энцикл, 1984. – Т.1. – 432 с.
46. Валиханов, Ч. Ч. Заметки по истории южносибирских племен [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // Собр. соч. в 5-ти т. – Алма-Ата, 1984. – Т. 1. – С. 301.
47. 9. Валиханов, Ч. Ч. Записки о киргизах [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // Собр. соч. в 5-ти т. – Алма-Ата, 1984. – Т. 1. – С. 46-49.
48. Веселовский, А. Н. Историческая поэтика [Текст] / А. Н. Веселовский. – М.: Высш. шк., 1989. – 648 с.
49. Гацак, В. М. Типология народного эпоса ( романицед титле) [Текст] / В. М. Гацак. – М.: Наука, 1975. – 326 с.

50. Габель, М. О. Форма диалога в былине [Текст] / М. О. Габель // Наукові зап. наук-досл. катедри історіі украінськоі культури. – Харьков, 1927. – № 6. – С. 315-328.

51. Гацак, В. М. Восточно Германский героический эпос [Текст]: исследование тексты / В. М. Гацак. – М.: Наука, 1967. – 196 с.

52. Гильфердинг, А. Ф. Онежские былины. записанные А.Ф. Гильфердингом летом 1871 [Текст]: в 3 т. / А. Ф. Гильфердинг. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1949. – Т. 1: Олонецкая губерния и ее народные рапсоды. – 736 с.; Т. 2. – 1950. – 812 с.; Т. 3. – 1951. – 671 с.

53.Гумилев, Л. Н. Древние тюрки [Текст] / Л. Н. Гумилев. – М.: Клышников-Комаров и Ко, 1993. – 528 с.

54. Воропаева, В. Введение в курс истории [Текст] / В. Воропаева, Д. Джунушалиев, Г. Харченко. – Бишкек: Илим, 1997. – 166 с.

55. Фрезер, Дж. Д. Фольклор в ветхом завете [Текст] / Дж.Д. Фрезер. – М.; Л.: Политиздат, 1985. – 512 с.

56. Дононбаев, А. Д. Эпос "Манас": судьба народа в жизни эпоса и судьба эпоса в жизни народа [Текст] / А. Д. Дононбаев // Политика и о-во. – 2001. – № 3. – С. 62-77.

57. Жайнакова, А. «Манас» эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер [Текст] / А. Жайнакова. – Бишкек: Шам, 1997. – 97 б.

58. Жакишев, Ө. «Манас» үчилтиги жөнүндө [Текст] / Ө. Жакишев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 182 б.

59. Жекшелаев, К. Манас таануу [Текст]: Манас таануу сабагына кошумча материалдар / К. Жекшелаев. – Бишкек: Турар, 2011. – 128 б.

60. Жирмунский, В. М. Народный героический эпос [Текст]: сравн.-ист. очерки / В. М. Жирмунский. – М.; Л.: Гос. и зд-во худ. лит., 1962. – 435 с.

61. Жирмунский, В. М. Введение в изучение эпоса «Манас» [Текст] / В. М. Жирмунский // Киргизский героический эпос “Манас”. – М., 1961. – С.85-196.

62. Жирмунский, В. М. Тюркский героический эпос [Текст]: избр. тр. / В. М. Жирмунский. – Л.: Наука, 1974. – 725 с.

63. Исламов, Р. Ф. Тюркское “Шахнаме” (историко-типологический анализ) [Текст]: автореф.дис. ... канд. филол. наук: 10.01.03 / Р. Ф. Исламов. – Казань, 1992. – 18 с.

64. Источниковедение Кыргызстана (С древности до Х1Х в.). [Текст] / отв. ред. В. М. Плоских. – Бишкек: Илим, 1996. – 508 с.

65. Караев, Ө. «Манас» эпосунун жаралышы жана анын доору [Текст] / Ө. Караев // Кыргызстан маданияты. – 1998. – 18 авг.

66. Квятковский, А. П. Поэтический словарь [Текст] / А. П. Квятковский. – М.: Сов. энцикл., 1966. – 376 с.

67. Козин, А. С. Гесериада [Текст] / А. С. Козин. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1935. – 873 с.

68. Котлярский, А. А. Собрание сочинений. – СПб.: [б.и.], 1889. – Т.2. – 255 с.

69. Кыргыз адабияты терминдеринин сөздүгү [Текст] / ред. А. А. Акматалиев. – Бишкек: [Б-сыз], 1994. – 570 б.

70. Кыргыз адабиятынын тарыхы. “Манас” жана манасчылар: фольклористика: [Текст]: окуу куралы / башкы ред. А. Акматалиев. – Бишкек: [Б-сыз], 2002. – Т. 2. – 616 б.

71. Кыдырбаева, Р. З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Р. З. Кыдырбаева, К. Асаналиев; жоопту ред. А.А. Акматалиев. – Бишкек: [Б-сыз], 2004. – 572 б.

72. Кыдырбаева, Р. З. Манас таануу [Текст]: окуу китеби / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: [Б-сыз], 2013. – 111 б.

73. Кыдырбаева, Р. З. Мезгилдер, муундар жана манасчы [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: [Б-сыз], 2004. – 197 б.

74. Кыдырбаева, Р. З. К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Фрунзе: Илим, 1967. – 245 с.

75. Кыдырбаева, Р. З. Генезис эпоса «Манас» [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Фрунзе: Илим, 1980. – 278 с.
76. Кыдырбаева, Р. З. Сказительское мастерство манасчи [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Фрунзе: Илим, 1984. – 118 с.
77. Мусаев, С. “Манас” жана акад. В. В. Радлов [Текст]: “Манас”, манасчылар, изилдоочулор / С. Мусаев. – Бишкек: [Б-сыз], 1997. – 55 б.
78. Кыдырбаева, Р. З. Специфические особенности варианта эпоса «Манас» в сказании М.Чокморова [Текст] / Р. З. Кыдырбаева // «Манас» эпосунун варианттары. – Фрунзе, 1988. – С. 157.
79. Кыдырбаева, Р. З. Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство[Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Шам, 1996. – 404 с.
80. Кыдырбаева, Р. З. Алгы сөз [Текст] / Р. З. Кыдырбаева // «Манас» энциклопедия. – Бишкек, 1995. – Т.1. – 382 б.
81. Кебекова, Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст] / Б. Кебекова. – Фрунзе: Илим, 1982. – 157 б.
82. Кенешбекова, Б. Э. Манасоведение [Текст]: учеб.-метод. пособие для студентов / Б. Э. Кенешбекова. – Бишкек: [б.и.], 2010. – 164 с.
83. Койчуев, Т. К. Кыргызы и их предки. Нетрадиционный взгляд на историю и современность [Текст] / Т. К. Койчуев, В. П. Мокрынин, В. М. Плоских. – Бишкек: Гл. ред. Кырг. энцикл., 1994. – 126 с.
84. Юнусалиев, Б. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст] / Б. Юнусалиев. – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – 377 с.
85. Кырбашев, К. «Манас» эпосунун стили [Текст] / К. Кырбашев. – Фрунзе: Илим, 1983. – 174 б.
86. Кырбашев, К. «Манас» илим дүйнөсүндө [Текст]: илимий-попул. баян / К. Кырбашев; жооп. ред. Э. Абдылдаев. – Бишкек: [Б-сыз], 2001. – 136 б.
87. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1973. – 706 б.

88. Кыргызский национальный эпос "Манас" в международном контекст культуры [Текст]: материалы Междунар. науч. конф. посвящ. к 60-летию В.В. Радлова. – Бишкек: [б.и.], 1998. – 115 с.
89. Кудайбергенов, К. Эл дастандары жана акын [Текст]: макалалар / К. Кудайбергенов. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 76 б.
90. Майков Л. Н. О былинах Владимирова цикла [Текст]: исслед. Л. Майкова / Л. Н. Майков. – СПб.: Тип. Деп. Внеш. Торг., 1863. – 142 с.
91. Марков, А. В. Бытовые черты русских былин [Текст] / А. В. Марков // Этнограф. обозрение. – 1903. – № 4. – С. 7-9.
92. Миллер, В. Ф. Очерки русской народной словесности [Текст]: в 3 т. / В. Ф. Миллер. – М.: Тип. т-ва И.Д. Сытина, 1897. – Т. 1: Былины. – 464 с.
93. Малабаев, Дж. М. История государственности Кыргызстана [Текст] / Дж. М. Малабаев. – Бишкек: Илим, 1997. – 216 с.
94. Малов, С. Е. Памятники древнотюркской письменности [Текст]: тексты и исслед. / С. Е. Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. – 451 с.
95. Мамыров, М. Адабият башаты [Текст]: адабий сын ж-а адабият таануу / М. Мамыров. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 172 б.
96. Мамыров, М. «Семетей» эпосу «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү [Текст]: Саякбай Каралаевдин варианты боюнча / М. Мамыров. – Фрунзе: Кыргыз ССР илимдер Акад. басмасы, 1963. – 122 б.
97. Мелетинский, Е. М. Палеоазиатский мифологический эпос. Цикл Ворона [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Гл. ред. вост. лит., 1979. – 233 с.
98. Миллер, В. Ф. Очерки русской народной словесности [Текст]: в 3 т. / В. Ф. Миллер. – М.: Тип. т-ва И.Д. Сытина, 1897. – Т. 1: Былины. – 480 с.
99. «Манас» героический эпос киргизского народа [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1968. – 231 с.
100. «Манас» энциклопедиясы [Текст] / А.Карыпкулов. – Бишкек: КЭ башкы редакциясы, 1995. – Т. 1. – 440 с.
101. «Манас» энциклопедиясы [Текст] / А. Карыпкулов. – Бишкек: КЭ башкы ред., 1995. – Т. 2. – 432 с.

102. «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналган эл аралык конференциянын жыйнагы [Текст]. – Бишкек: [Б-сыз], 1995. – 196 б.

103. «Манас» [Текст]: кара сөз түрүндөгү баяндама / түз. С. Мусаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 283 б.

104. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С. Каралаевдин варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1 китеп. – 247 б.

105. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С. Каралаевдин варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 2 китеп. – 449 б.

106. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Каралаевдин варианты б-ча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1 китеп. – 446 б.

107. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1 китеп. – 296 б.

108. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 2 китеп. – 799 б.

109. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 3 китеп. – 666 б.

110. «Манас» [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4 китеп. – 366 б.

111. “Манас” [Текст]: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: С. Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 3 китеп. – 787 б.

112. Мамытбеков, З. Ч. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе "Манас" [Текст] / З. Ч. Мамытбеков. – Бишкек: Илим, 1993. – 186 с.

113. "Манас" - улуу рух [Текст]: “Манас” эпосунун 1000 ж. карата откорулгон жог. окуу жайлар аралык илим.-практ. конф. материалдары. – Бишкек: Мамл. улут. ун-ти, 1995. – 208 б.

114. Манасоведение [Текст]: учеб. пособие / К. К. Иманалиев, Р. З. Кыдырбаева, А. А. Бакиров и др. – Бишкек: КРСУ, 2011. – 184 с.

115. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1966. – 244 б.

116. Мифы народов мира [Текст]: энцикл.: в 2 т. / гл. ред. С. А. Токарев. – М.: Сов. энцикл., 1982. – Т. 1. – 671 с.; Т. 2. – 719 с.

117. Мифологический словарь [Текст] / гл. ред. Е. М. Мелетинский. – М.: Сов. энцикл., 1991. – 736 с.

118. Молдобаев, И. Эпос “Манас” как источник изучения духовной культуры кыргызского народа [Текст] / И. Молдобаев. – Фрунзе: Илим, 1989. – 148 с.

119. Мусаев, С. Эпос «Манас» [Текст]: науч.-попул. очерк / С. Мусаев. – Бишкек: Шам, 1994. – 254 с.

120. Мусаев, С. Чоң манасчы [Текст]: Саякбай Каралаевдин варианты боюнча / С. Мусаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1 китеп. – 440 б.

121. Мусаев, С. Каныкейдин образы («Манас» эпосунун элдүүлүк проблемалары) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / С. Мусаев. – Фрунзе, 1963. – 25 с.

122. Никифоров, Н. Я. Аносский сборник (Собрания сказок алтайцев с примеч. Г. Н. Потанина) [Текст] / Н. Я. Никифоров // Зап. Сиб. отд-ния РГО. – Омск, 1926. – Т. 37. – С. 255-293.

123. Никифоров, А. И. Сказка, ее бытование и носители [Текст] / А. И. Никифоров // Капица О.И. Русские народные сказки. – М.; Л., 1930. – С. 7-55.

124. Лазутин, С. Г. Поэтика русского фольклора [Текст] / С. Г. Лазутин. – М.: Высш. шк., 1989. – 208 с.

125. Литературный энциклопедический словарь [Текст] / под общ. ред. В. М. Кожевникова , П. А. Николаева. – М.: Сов. энцикл., 1987. – 750 с.

126. Лихачёв, Д. С. Поэтика древнерусской литературы [Текст] / Д. С. Лихачев. – Л.: Наука, 1967. – 372 с.

127. Лобода, А. М. Русский богатырский эпос [Текст] / А. М. Лобода. – Киев: Тип. имп. ун-та св. Владимира В.И. Завадского, 1896. – 242 с.

128. Лорд, А. Сказитель [Текст]: пер. с англ. / А. Лорд. – М.: Изд-во Вост. лит., 1994. – 368 с.

129. Окладников, А. П. История Якутской АССР [Текст]: в 3 т. / А. П. Окладников. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1955. – Т. 1: Якутия до присоединения к Русскому государству. – 432 с.

130. Омуралиев, А. Эпос "Манас" есть история кыргызов или тюркоязычных народов. Санжыра - родоподразделение кыргызов [Текст] / А. Омуралиев. – Бишкек, 1995. – 21 с.

131. Орозобекова, Ж. К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу [Текст]: моногр. / Ж. К. Орозобеков. – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 304 б.

132. Оторбаев, Б. К. Манас таануу [Текст] / Б. К. Оторбаев. – Бишкек: [Б-сыз], 2012. – 1 китеп. – 117 б.

133. Песни, собранные П. И. Киреевским [Текст]в 3 ч., 10 вып. – М.: Тип. А. Семена, 1862. – Ч. 1, вып. 4. – 441 с.

134. Плисецкий, М. М. Взаимосвязи русского и украинского героического эпоса [Текст] / М. М. Плисецкий. – М.: Изд-во АН СССР, 1963. – 446 с.

135. Поливанов, Е. Д. О принципах русского перевода эпоса «Манас» [Текст] / Е. Д. Поливанов // «Манас» - героический эпос киргизского народа.– Фрунзе, 1968. – С. 56-74.

136. Поливанов, Е. Д. Кыргызский героический эпос «Манас» [Текст]: исследование и переводы / Е. Д. Поливанов. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан, 1999. – 123 с.

137. Путилов, Б. Н. Героический эпос и действительность [Текст] / Б. Н. Путилов. – М.: Наука, 1988. – 223 с.

138. Путилов, Б. Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора [Текст] / Б. Н. Путилов. – Л.: Наука, 1976. – 184 с.

139. Пропп, В. Я. Фольклор и действительность [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 327 с.

140. Пропп, В. Я. Исторические корни волшебной сказки [Текст] / В. Я. Пропп. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1986. – 366 с.

141. Пропп, В. Я. Русский героический эпос [Текст] / В. Я. Пропп. – М.; Л.: Наука, 1955. – 552 с.
142. Радлов, В. В. Предисловие [Текст] / В. В.Радлов // «Манас» героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 14-37.
143. Радлов, В. В. Образцы народной литературы тюркских племен [Текст] / В. В. Радлов. – М.: Наука, 1985. – 244 с.
144. Рахматуллин, К. А. Великий патриот легендарный Манас [Текст] / К. А. Рахматуллин. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1943. – 79 с.
145. Рахматуллин, К. А. Творчество манасчи [Текст] / К. А. Рахматуллин //«Манас» - героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1968. – С. 93-94.
146. Радищев, А. Н. “О человеке, о его смертности и бессмертии” [Текст] / А. Н. Радищев // Человек: мыслители прошлого и настоящего о его жизни, смерти и бессмертии. Древний мир - эпоха Просвещения : сб. – М., 1991. – С. 394-410.
147. Радлов, В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен [Текст] / В. В. Радлов. – СПб.: [б.и.], 1885. – Ч. 5: Наречие дикокаменных киргизов. – 599 с.
148. Рафаева, А. В. Исследование семантических структур традиционных сюжетов и мотивов [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / А. В. Рафаева. – М., 1998. – 21 с.
149. Ромодин, В. А. “Некоторые источники по истории ферганы Кокандского ханство (XVI-XIX вв.) [Текст] / В. А. Ромодин // Сов. лит. Киргизстан. – 1960. – № 4.
150. Садыков, Б. Манасчы Мамбет Чокморов жана ал айткан вариант [Текст] / Б. Садыков // Манас (М.Чокморовдун варианты боюнча). – Бишкек, 1995. – 3-25 б.
151. Сапарбаев, А. «Манас» эпосундагы метафоралар [Текст]: автореф. дис. .... канд. филол. наук / А. Сапарбаев. – Фрунзе, 1974. – 20 с.
152. Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим,1987. – 151 б.

153. Сарыпбеков, Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим, 1977. – 174 б.

154. Сарыпбеков, Р. «Манас» - кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / Р. Сарыпбеков. – М.: Наука, 1984. – 544 б.

155. Селиванов, Ф. М. Русский эпос [Текст]: учеб. пособие для пед. ин-тов / Ф. М. Селиванов. – М.: Высш. шк., 1988. – 207 с.

156. Скафтымов, А. П. Поэтика и генезис былин [Текст]: очерки / А. П. Скафтымов. – М.; Саратов: Кн-во В.З. Яксанова, 1924. – 226 с.

157. Соколов, Б. М. Русский фольклор [Текст] / Б. М. Соколов. – М.: ЦИЗПО, 1929. – Вып. 1. – 110 с.

158. Сооронов, О. 1503-жылы жазылган “Манас” [Текст] / О. Соронов. – Бишкек: [Б-сыз], 2003. – 88 б.

159. Сооронов, О. «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүшү [Текст] / О. Сооронов. – Фрунзе, 1981. – 120 б.

160. Сокровенные сказание монголов [Текст]. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1941. – 41 с.

161. Стеблева, И. В. Поэзия тюрков VI-VIII веков [Текст] / И. В. Стеблева. – М.: Наука 1965. – 146 с.

162. Сырттан Төштүк [Текст]. ТАИФ., сер. инв. № 18 (211). – 191 б.

163. Сыдыков, А. «Манас» эпосундагы каармандык идеалдары [Текст] / А. Сыдыков. – Бишкек: [Б-сыз], 2006. – 157 б.

164. Сыдыков, А. Героические мотивы в эпосе «Манас» [Текст] / А. Сыдыков. – Фрунзе: Илим, 1982. – 134 б.

165. Суванбеков, Ж. Кыргыз элинин баатырдык эпостору [Текст] / Ж. Субанбеков. – Фрунзе: Мектеп,1987. – 260 б.

166. Судьба эпоса "Манас" после Октября [Текст]: сб. док. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 144 с.

167. Собрание историй. “Манджму-ат-товарих”. Фотографическая репродукция отрыков рукописного текста, введ., указ. [Текст] / под ред. А. Т. Тагиржанова. – Л.: ЛГУ, 1960. – 270 с. – (Иран. филология. Вып. 11).

168. Танаев, Т. Эпикалык жанрлар [Текст] / Т. Танаев. – Ош: [Б-сыз], 1999. 169 б.
169. Тоголок Молдо. Манас [Текст] / Тоголок Молдо; туз. О. Сооронов. – Бишкек: Турар, 2013. – 1 болук. – 680 б.
170. Төлөк Буркан. Асан Кайгы [Текст] / Буркан Төлөк // Жаңы Ала-Тоо. – 2012. – № 8. – 24-36.
171. Петросян, А. А. К вопросу о народности эпоса «Манас» [Текст] / А. А. Петросян // Киргизский героический эпос “Манас”. – М., 1961. – С. 5-14.
172. Пропп, В. Я. Русский героический эпос [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1958. – 398 с.
173. Убукеев, М. "Манас" [Текст]: эпическая культура кыргызов / М. Убукеев. – Бишкек: Мурас, 1998. – 130 с.
174. Усубалиев, Т. У. Эпос "Манас" - великий национальный вклад в духовную культуру человечества [Текст] / Т. У. Усубалиев. – Бишкек: [б.и.], 1999. – 49 с.
175. Энциклопедический феномен эпоса «Манас» [Текст]. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 96 с.
176. Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира [Текст]. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 207 с.
177. Фалев, П. Как строится кара-киргизская былина [Текст] / П. Фалев // “Манас” героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, 1958. – С. 50.
178. Фрейд, З. Толкование сновидений [Текст] / З. Фрейд. – СПб.: Изд. Алстейя, 1999. – 104 с.
179. Халанский, М. Великорусские былины киевского цикла [Текст] / М. Халанский. – Варшава: [б.и.], 1885. – 273 с.
180. Хангалов, М. Н. Собрание сочинений [Текст] / М. Н. Хангалов. – Улан-Уде: Бурят. кн. изд-во, 1958. – Т. 1. – 508 с.
181. Худяков, Ю. С. Кыргызы на просторах Азии [Текст] / Ю. С. Худяков. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан, 1995. – 188 с.

182. Рудов, М. А. Кыргызский национальный эпос “Манас” в Международном контексте культуры [Текст]: материалы Междунар. науч. конф. посвящ. 160-летию В.В. Радлова / М. А. Рудов. – Бишкек: КРСУ, 1998. – 115 с.
183. Юдин, Ю. Н. Героические былины [Текст]: поэтическое искусство / Ю. Н. Юдин. – М.: Наука, 1975. – 120 с.
184. Юнусалиев, Б. М. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст] / Б. М. Юнусалиев // «Манас»-героический эпос киргизского народа.– Фрунзе, 1968. – С. 212-231.
185. Юнг, К. Г. Современность и будущее [Текст] / К. Г. Юнг. – Мн.: Университетское, 1992. – 62 с.

## КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР

186. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаев варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1 китеп. – 248 б.
187. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 6 китеп. – 132 б.
188. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 2 китеп. – 145 б.
189. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча . – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 2 китеп. – 296 б.
190. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча . – Фрунзе: Кыргызстан, 1991. – 3 китеп. – 466 б.
191. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1995. – Т. 1. – 558 б.
192. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – 1-китеп Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1 китеп. – 568 б.

193. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Каралаевдин варианты боюнча . – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 2 китеп. – 435 б.
194. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу / С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 3 китеп. – 672 б.
195. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбаков уулунун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4 китеп. – 358 б.
196. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбаков уулунун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 3 китеп. – 348 б.
197. Манас [Текст]: эпос / С. Орозбаков уулунун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. – 2 китеп. – 452 б.
198. Манас эпосу жонундо [Текст]: илим. иликтоолор ж-а макалалар / Жусуп Мамай, Сакен Омур, Ырысбек Абыкан ж.б. – Бишкек: Шам, 1994. – 160 б.
199. Жусуп Мамай. Манас [Текст]: кыргыз элинин тарыхый эпосу / Жусуп Мамай. – Кытай: Шинжиан эл басмасы, 2004. – 1798 б.
200. Манас [Текст]. – Ташкент: Мехнат, 1995. – 1 китеп. – 185 б.
201. Убукеев, М. А. “Манас” – эпическая культура кыргызов [Текст]: опыт худож.-науч. культуроло. Осмысления эпоса / М. А. Убукеев; отв. ред. М. Джумалиева. – Бишкек: Мурас, 1998. – 132 с. Кадырова, С. Кыргыздын каада-салт ыралары жана аларды “Манас” эпосунан алган орду [Текст] / С. Кадырова, Р. Кыдырбаева. – Бишкек: Илим, 2000. – 188 б.
202. Миллер, В. Ф. Русская былина, ее слагатели и исполнители / В. Ф. Миллер [Текст] / В. Ф. Миллер // Рус. мысль. 1895. – № 9. – С. 143-160; 1895. – № 10. – С. 1-19.
203. Адиев, К. Н. “Манас” эпосу [Текст]: жомоктук-мифологиялык сюжеттер жана образдар / К. Н. Адиев. – Бишкек: Камилла принт, 2016. – 144 б.
204. Осмонкулов, Ж. Манас [Текст]: балдар у-н кара соз варианты / Ж. Осмонкулов; ред. Б. Маткасымова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2016. – 192 б.

205. Бакчиев, Т. А. Кыргызские эпические сказители [Текст] / Т. А. Бакчиев; отв. ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Принт-Экспресс, 2015. – 256 с.

206. Кушбакова, Г. Т. Зоонимия кыргызского языка (на материале эпоса “Манас”) [Текст]: моногр. / Г. Т. Кушбакова; отв. ред. К. Конбаев. – Бишкек: Принт-Экспресс, 2015. – 120 с.

207. Кадыралиева, К. Манас алиппеси [Текст]: окуу-усулдук колдонмо / К. Кадыралиева; ред. Н. Бийгелдиева. – Бишкек: Maxprint, 2014. – 60 б.

208. Давлатова, С. Манас таануу [Текст] / С. Давлатова, М. Исаева, А. Жолдошева; ред. Г. Жамгырчиева. – Ош: Кагаз ресурстары, 2015. – 340 б.

209. Жайнакова, А. Манасчылар [Текст]: Ш. Рысмендеев м-н А. Рысмендеевдин варианттарынын мисалында / А. Жайнакова. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2015. – 200 б.

210. Жамгырчиева, Г. Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер [Текст] / Г. Т. Жамгырчиева; ред. К. З. Зулпукаров. – Ош: Кагаз ресурстары, 2015. – 304 б.

211. “Манас” [Текст]: Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы / ред. М. Касымгелдиева. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 1416 б.

212. “Манас” эпосунун тушундурмо создугу [Текст] / туз. А. Акматалиев, А. Жайнакова, Ш. Алымбекова ж. б.; ред. М. Касымгелдиева. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 288 б.

213. Манас. Историческое наследие человечества [Текст] / сост. Т. У. Сарлыкбек, Н. Калыгулов, Г. К. Кубанычбек; ред. К. Куламшаев; пер. Т. Малдыбаев, Г. Гулмамадова. – Бишкек: Турар, 2015. – 160 с.

214. Эпос “Манас”: молодежь и современность [Текст]: сб. студ. эссе фак. Междунар. отношений КРСУ / сост. Ш. Акмолдоева. – Бишкек: КРСУ, 2015. – 93 с.

215. Айкол Манас [Текст] / кара соз турундо жазган К. Мамбетакунов; ред. Д. Андашев. – Бишкек: Кыргыз энцикл., 2015. – 184 б.

216. Айкол Манас баяны [Текст] / адаб. жаз.Б. Максутов. – Бишкек: Турар, 2015. – 1 китеп. – 220 б.; 2 китеп. – 220 б.

217. Дуйшеева, Т. С. “Манас” эпосундагы этнонимдер [Текст] / Т. С. Дуйшеева; ред. И. Абдувалиев. – Бишкек: Avrasya press, 2015. – 84 б.

218. Манас [Текст]: баатырдык эпос / Тоголок Молдо-Байымбет Абдыракман; ред. Ж. Тенирбегенова. – Бишкек: Турар, 2013. – 1 бол. – 680 б.

219. “Манас” эпосу [Текст]: Ш. Азизовдун варианты боюнча / ред. Ж. Орозбекова. – Бишкек: Кутбер, 2013. – 408 б.

220. Аалиева, Г. К. Манасоведение [Текст]: учеб. пособие / Г. Аалиева, Н. Аалиева, Ш. Аалиева; отв. ред. М. Эдилова. – Бишкек: Алтын Тамга, 2014. – 310 с.

221. Каралаев, С. Манас [Текст]: героический эпос кыргызов / С. Каралаев. – Бишкек: Максат, 2014. – 558 с.

222. Байгазиев, С. “Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу доолоттору жана педагогикалык асыл нарктары [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Алтын Тамга, 2014. – 600 б.

223. Иманалиев, С. С. “Манас” эпосунадагы адам болмушу [Текст] / С.С. Иманалиев. – Бишкек: Maxprint, 2014. – 110 б.

224. Абакиров, К. Соолубас дайралар шоокуму [Текст]: “Манас” эпосу ж-а кыргыз фольклору тууралуу макалалар / К. Абакиров. – Бишкек: Полиграф-ресурс, 2013. – 208 б.

225. Максутов, Б. “Манас” эпосу жана манасчылар [Текст] / Б. Максутов; ред. А. Максутова. – Бишкек: Максат, 2013. – 104 б.

226. “Манас” Сагымбай энциклопедиясы [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 1416 б.

227. “Манас” энциклопедиясы [Текст] / жоопту ред. А. Акматалиев, Д. Андашев. – Бишкек: Кут-Бер, 2015. – Т. 1: Аалам-Манастын музыкасы. – 704 б.

228. “Манас” эпосунун тушундурмо создугу [Текст] / туз. А. Акматалиев, А. Жайнакова, Ш. Алымбекова ж. б.; А. Акматалиевдин жалпы ред. менен. – Бишкек: Бийиктик Плюс, 2015. – 288 б.

229. Манасчылар [Текст] / туз. Т. Бакчиев; ред. Б. Романов. – Бишкек: Кут-Бер, 2012. – 152 б.

230. Улуу “Манас” жана анын фальсификаторлору [Текст]: илим.-публ. макалалар / туз. С. Алахан, К. Абакиров. – Бишкек: Турар, 2013. – 442 б.

231. Батаканова, С. Т. “Манас” таануучу – Калим Рахматуллин [Текст]: К. Рахматуллиндин 110-жыл. Арналат / С. Т. Батаканова. – Бишкек: Кут-Бер, 2013. – 72 б.

232. Анапияев, А. Эпос “Манас”, как летопись национальных видов спорта кыргызского народа=“Манас” эпосу кыргыз элинин улуттук спорт оюндарынын турлорунун жылнаамасы [Текст] / А. Анапияев. – Бишкек: Нур-Ас,2013. – 64 б.

233. Абдырахманов, Г. Манас айкелинин курулуш таржамалы жана анын генеалогиялык санжырасы [Текст] / Г. Абдырахманов. – Бишкек: [Б-сыз], 2011. – 188 б.

234. Акматалиев, А. Рух дуйносу – “Манас” жана Айтматов [Текст]: макалалар, маектер ж-а ырлар / А. Акматалиев. – Бишкек: Papirus, 2012. – 314 б.

235. Манас жана доор баяны [Текст]: илим.-практ. конф. материалдар жыйнагы / редкол. Ш. Ж. Курманкулов, А. Ш. Упенов, Н. К. Шопокова ж. б. – Бишкек: Текник, 2011. – 164 б.

236. Манастаануучулар [Текст] / туз. Н. Калыкова. – Бишкек: [Б-сыз], 2012. – 80 б.

237. Бакчиев, Т. А. Манасоведение [Текст]: курс лекций / Т. А. Бакчиев. – Бишкек: Кут-Бер, 2012. – 176 с.

238. Рысбек (Ричард Хевитт). Манас-Жоголгону табылды [Текст]: пайгамбардын кол жазмасы менен Манас эпосунун салыштырып талдоо / Рысбек (Ричард Хевитт). – Бишкек: Айат, 2012. – 226 б.

239. Рыскулова, Г. Р. “Манас” эпосунадагы сезимдин жана кебете-кешпирдин туюндурулушу [Текст]: моногр. / Г. Р. Рыскулова. – Жалал-Абад: [Б-сыз], 2012. – 133 б.

240. Аташбаев, А. М. Баткен аймагындагы топонимдердин “Манас” эпосунада чагылдырылышы [Текст] / А. М. Аташбаев // ОМУ жарчысы. – 2012. – Спец. вып. – 140-144 б.

241. Ибрагимов, К. Манас – жогорку акыл таануу [Текст] / К. Ибрагимов, Б. А. Алымбаева // ОМУ жарчысы. – 2012. – Спец. вып. – 1310137 б.

242. Капарова, Г. С. “Манас” эпосунадагы топонимикалык кайталоолор [Текст] / Г. С. Капарова, Ж. Т. Шерматова, Г. Д. Сейдалиева // ОМУ жарчысы. – 2012. – Спец. вып. – 138-139 б.

243. Осмонов, О. Ж. “Манас” эпосунун тарыхый окуялар менен байланышы жонундо [Текст] / О. Ж. Осмонов // ОМУ жарчысы. – 2012. – Спец. вып. – 101-109 б.

244. Омурзакова, Т. “Манас” эпосу жана аны изилдоонун тарыхы [Текст] / Т. Омурзакова // ОМУ жарчысы. – 2012. – Спец. вып. – 161-165 б.

245. Бекмухамедова, Н. Х. Поэтика сновидений эпоса “Манас” [Текст]: композиция, функции, архетипические образы / Н. Х. Бекмухамедова // Вестн. ОГУ. – 2012. – Спец. вып. – С. 109-112.

246. Жамгырчиева, Г. Т. Проблемы изучения архаических мотивов в эпосе “Манас” в сравнительно-историческом аспекте [Текст] / Г. Т. Жамгырчиева // Вестн. ОГУ. – 2012. – Спец. вып. – С. 113-117.

247. Шаимкулова, О. Р. Общечеловеческие ценности заветов эпоса “Манас” [Текст] / О. Р. Шаимкулова, Ж. М. Болушева // Вестн. ОГУ. – 2012. – Спец. вып. – С. 165-168.

248. Эргешова, Г. С. Эпос “Манас” как основной источник изучения истории кыргызского и тюркских народов [Текст] / Г. С. Эргешов // Вестн. ОГУ. – Спец. вып. – 2012. – С. 117-121.

249. Жумабаева, М. Д. Manas epic [Text]: cultural heritage of the kyrgys / М. Д. Жумабаева // Вестн. Юрид. ин-та КНУ. – 2012. - № 1. – С. 339-343.

250. Молдобаев, И. Б. Этнокультурные связи кыргызов в Средневековье (по данным этнографии, эпоса «Манас» и других фольклорных произведений)

[Текст]: учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений / И. Б. Молдобаева; отв. ред. Б. О. Орузбаева; ред. О. И.-Б. Когай. – Бишкек: [б.и.], 2003. – 154 с.

251. “Манас” эпосунун баатырлары=Герои эпоса Манас [Текст] / туз. ж-а кара созун жазган М. Абакиров. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 28 б.

252. “Манас” эпосу жана искусство=Эпос “Манас” и искусство (графика, кино, культурология, музыка, сказательство, скульптура) [Текст] / отв. ред. Р. А. Бакинова. – Бишкек: [б.и.], 1994. – 132 с.

253. Акмолдоева, Ш. Б. Древнекыргызская модель мира (на материалах эпоса “Манас”) [Текст] / Ш. Б. Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 1996. – 220 с.

254. Молдобаев, И. Б. “Манас” – историко-культурный памятник кыргызов [Текст]: моногр. / И. Б. Молдобаев; под ред. С. С. Даниятрова. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 312 с.

255. “Сан-Таш-140” [Текст]: материалы Междунар. конф. посвящен. первой записи эпоса “Манас” Ч. Валихановым / отв. ред. В. М. Плоских, Д. Приор, А. А. Акматалиев. – Бишкек: Илим, 1996. – 168 с.

256. Усубалиев, Т. У. Эпос “Манас” – великий национальный вклад в духовную культуру человечества [Текст] / Т. У. Усубалиев. – Бишкек: [б.и.], 1995. – 48 с.

257. Шаршенбаев, М. Основные этапы фиксации, изучая и популяризации эпоса “Манас” [Текст] / М. Шаршенбаев. – Бишкек: Госконцерн “Учкун”, 1996. – 144 с.

258. Энциклопедический феномен эпоса “Манас” [Текст]: сб. ст. / сост. С. Алиев, Р. Сарыпбеков, К. Матиев. – Бишкек: Гл. ред. КЭ, 1995. – 472 с.

259. Эпос “Манас” и эпическое наследие народов мира [Текст]: тез. Междунар. науч. симпоз. посвящен. 1000-летию эпоса “Манас”6 27-28 авг., 1995 г. / редкол. Т. К. Койчуев. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 208 с.

260. Сарыпбеков, Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст]: моногр. / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим, 1987. – 151 б.

261. Кадырбаева, Р. “Манас” эпосунун вариатттары=Варианты эпоса “Манас” [Текст] / Р. Кадырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова. – Фрунзе: Илим, 1988. – 157 б.

262. “Манас” – океан – эпос [Текст] / сост. А. Акматалиев. – Бишкек: Илим, 1994. – 92 б.

263. Мамытбеков, З. Ч. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе “Манас” [Текст] / З. Ч. Мамытбеков; отв. ред. Э. Абдылдаев. – Бишкек: Илим, 1993. – 185 с.

264. Киргизский народный эпос “Манас”. Начало “Великого похода” (Поход богатыря Манаса на Пекин Великий) [Текст] / пер. и литообработка Е. Д. Поливанова // Сов. Киргизия. – 1935. – 24 дек. – С. 4.

265. Ощакевич, Ф. Эпос “Манас” [Текст] / Ф. Ощакевич // Сов. Киргизия. – 1935. – 10 мая. – С. 4.

266. Ауэзов, М. Манас [Текст]: героическая поэма киргизского народа / М. Ауэзов // Казахст. Правда. – 1936. – 28 сент. – С. 3.

267. Мозольков, Е. Киргизский эпос “Манас” [Текст] / Е. Мозольков // Лит. газ. – 1936. – 20 нояб. – С. 3.

268. Манастын ашы [Текст]: баатырдык эпос: Т. Бакчиевдин варианты б-ча / ред. С. Дуйшонбиев, Н. Ногойбаева. – Бишкек: Турар, 2011. – 278 б.

269. Убукеев, М. А. “Манас” – эпическая культура кыргызов [Текст]: опыт худож.-науч. культурологии. Осмысления эпоса / М. А. Убукеев; отв. ред. М. Джумалиева. – Бишкек: Мурас, 1998. – 132 с.

## КР УИАНЫН КОЛ ЖАЗМА ФОНДУНУН МАТЕРИАЛДАРЫ

270. Тоголок Молдо. Манас [Текст] / Тоголок Молдо. ТАИнин кол жазмалар ф., инв. № 1071. – 479, 557, 563 б.

271. Тоголок Молдо. Манас [Текст] / Тоголок Молдо. ТАИнин кол жазмалар ф., инв. № 1073. – 569, 569, 132, 192, 199, 1192 б.

272. Тоголок Молдо. Семетей [Текст] / Тоголок Молдо. Инв. №1078. – 2-4-8, 7-10 б.

273. Каралаев, С. Манас [Текст] / С. Каралаев. ТАИнин кол жазмалар ф., инв. № 540. – 4-5 б.

274. Каралаев, С. Манас [Текст] / С. Каралаев. ТАИ. КФ., инв. № 919. – 1665, 1673 б.

275. Радлов, В. Манас [Текст] / В. Радлов. ТАИ. КФ., инв. № 1091. – 7 б.

276. Орозбаков, С. Манас [Текст] / С. Орозбаков. ТАИ. КФ., инв. № 585. – 235 б.

277. Валиханов, Ч. Ч. [Текст]. ТАИ. КФ., инв. № 5187.